# ЫЙСАНЫН ЖАШООСУ ЖАНА КЫЗМАТЫ

Др. Рэндал МакЭлвин
тарабынан дайындалган

shepherds
GLOBAL CLASSROOM

Copyright © 2017 Шеппердс Глобал Мектеби
Орус курсунун биринчи басылышынан которулган.

Бардык укуктар корголгон. Шеппердс Глобал Мектебинин уруксаты жок, тест барактарынан тышкары ушул китепти жарым-жартылай же толугу менен көбөйтүүгө, электрондук, механикалык, ксерокөчүрмө, жаздыруу же башка жол менен көчүрүүгө тыюу салынат. ШГМ англис тилиндеги ар бир сатып алынган окууту программасы, бизге алар башка тилге которуга жана машайакчы жетекчилердин арасында таркатууга мүмкүнчүлүк берет. Бул максатка курмандык чалуу үчүн ШГМ менен байланышуу үчүн төмөнкү сайтка кириңиздер: www.shepherdsglobal.org.

Бардык цитаталар Ыйык Китептен алынган. Кыргыз тилиндеги БИБЛИЯ. Кайра иштелип, экинчи басылышы 2004. copyright © 2004 Боорукерликтин өкүлдүгү "ҮМҮТ НУРУ"

# Мазмуну

Окутуучу үчүн жолдомо........................................................................................ 5

1. Кызматка даярдануу ........................................................................................ 7

2. Ыйсадай сыйынуу ..........................................................................................27

3. Ыйса сыяктуу артыңдан ээрчитүү.....................................................................45

4. Ыйсадай окутуу ..............................................................................................65

5. Ыйса сыяктуу насаат айтуу..............................................................................85

6. Ыйса жана Кудайдын Падышалыгы ...................................................................103

7. Ыйсадай сүйүү.................................................................................................135

8. Айкаш жыгач жана тирилүү ...............................................................................157

9. Мурас калтыруу ..............................................................................................183

Тиркеме: Асман Падышачылык жөнүндө Жакшы Кабар (Насаат сөз)...........................123

Колдонулган адабияттардын тизмеси ...................................................................200

Тапшырмаларды аткаруу баяндамасынын түзүлүшү ...........................................201

# Окутуучу үчүн жолдомо

Бул курста биз Ыйсанын жашоосу жана кызматы менен замандаштар үчүн үлгү катары таанышабыз. Бул Жакшы Кабарларды бардык тарабынан изилдөө эмес, анткени андан азыркы күндө кызмат кылуу үчүн сабак алуу максатында Машайактын кызматынын ар түрдүү тараптары каралат.

Эгер курсту топто изилдеп жатсаңар, сабактын материалын кезектешип окугула. Окуган нерсени  талкуулоо үчүн мезгил-мезгили менен токтоо керек. Жетекчи катары сиз талкуулоо учурунда изилдеп жаткан материалдан четтеп кетпөөгө көз салышыңыз керек. Талкуулоо убактысын чектеп коюу пайдалуу болот.

Текстте ► белгиси жолуккан сайын, андан кийин берилген суроону узатып, студенттерге жоопторду талкуулоого мүмкүнчүлүк бериңиз. Сураныч, маңыздуу талкууга убакыт бөлүңүз; ансыз студенттерге Ыйсанын кызматы жөнүндө үйрөнгөндөрүн өздөрүнүн ынанымдары менен байланыштыруу кыйын болот.

► символ Жазуудагы үзүндүнү көрсөтөт. Ыйык Китептен кыска үзүндүлөрдү класстан окугула, ал эми узунураактарын алдын ала окуп, андан кийин сабактын учурунда Жазуунун ошол үзүндүсүнө кайрылгыла.

“Жакындан кароо” деп аталган бөлүмдөр, сабактын талкулоо убагында атайын тема менен бириктирүү үчүн багытталган.

Ар бир сабак бир же эки тапшырманы камтыйт. Эгерде окуучулар Шепердс Глобал Мектебинин сертификатын алууну каалаoperса, ал класстагы сабактарга катышып, тапшырмаларды аткарышы керек. Курстун аягында аткарылган тапшырмаларды белгилөө үчүн форма берилет.

Бул курстун максаттарынын бири окуучуларды мугалим болууга даярдоо. Класс жетекчиси окуучулардын окутуу жөндөмүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк бериши керек. Мисалы, класс жетекчиси анда-санда окуучуга сабактын кыска бөлүгүн үйрөтүүгө уруксат бериши керек.

**Ыйсанын күндөрүндөгү Палестинанын картасы**[1]




PALESTINE IN THE TIME OF JESUS, 4 B.C.-30 A.D.
(INCLUDING THE PERIOD OF HEROD, 40-4 B.C.)

[1] Kent, Charles Foster. Palestine in the time of Jesus, 4 B.C. - 30 A.D.: including the period of Herod, 40 - 4 B.C. [S.l.: s.n, 1912] Map. https://www.loc.gov/item/2009579463/.

# 1-сабак
# Кызматка даярдануу

### Сабактын максаттары

Бул сабактын акырында окуучулар төмөндөгүлөрдү кылышы керек:

1. Ыйса бизге кызмат кылуунун үлгүсүн көрсөткөнүн түшүнүү.

2. Кудай чакырып алгандарды даярдоодо Кудайдын суверендүүлүгүн таануу.

3. Кудайдын чакырыгына баш ийип, Ал сиз үчүн тандап алган ролду аткарыңыз.

4. Азгырыкты жеңүүдө Ыйсанын артынан ээрчүү.

### Бул сабакка даярдык

Бул сабак болгонго чейин Матай 1-4, Лука 1-3 жана Жакан 1-бөлүмдү окугула. Силер бул бөлүмдөргө сабакты өткөн учурда кайрылып турасыңар.

### Кызмат кылуу принциби

Кудай адамдарды Өзү чакырган кызматка Өзү даярдайт.

### Киришүү

*«Ыйсанын Жашоосу Жана Кызматы»* курсунда биз бүгүнкү кызматыбыздын үлгүсү катары Теңирдин жердеги жашоосун изилдейбиз. Ыйса мындай деген: «Анткени мен силерге үлгү көрсөттүм, Мен силерге эмне кылсам, силер да ошону кылгыла» :[2] бул Анын жолдоочулары үчүн үлгү.

Пабыл бул принципти түшүнгөн. Ал Филипидеги машайакчылардын ортосундагы чыр-чатактар тууралуу укканда, Ыйсанын үлгүсүнө көңүл бурган: «Анткени силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болушу керек».[3] Машайакчылар Теңирдин үлгүсүн жолдосо, алардын момундугу жыйындагы пикир келишпестиктерди чечүүгө өбөлгө түзөрүн элчи билген.

Африкага барган учурда еврей журналист Дэвид Плотц Малави аэропортунда кыйын абалда калган. Ал жерде ал өзүн үйүнө киргизип, эки күн тамагын берип, Ыйса-Машайак тууралуу күбөлөндүргөн африкалык жыйын жетекчисине жолуккан. Кийинчерээк Дэвид Плотц мындай деп жазган: «Мен адам ишенген эч нерсеге ишенбейм, бирок анын ынанымына суктанам. Ал Машайактын Өзүндө жашап

[2] Жакан 13:15.
[3] Фил. 2:5.

жатканын сезет, ошол себептен ал бейтааныш адамды үйүнө жайгаштырып, курсагын тойгузуп, кийинтти». Бул африкалык жыйын жетекчиси биз Ыйсанын үлгүсүн жолдоого чакырылганыбызды түшүнгөн.

Бул курс Ыйсаны жашоосун бардык тарабынан изилдеп чыкпайт: биз бүгүнкү күндө анын биздин кызматыбыз үчүн үлгү болгон тараптарына көңүл бурабыз жана Анын үлгүсүн жолдойбуз.

Бул биринчи сабакта биз Ыйсанын кызматка даярдыгын көрөбүз. Ал бизге Кудай кызматка чакырып алган ар бир адамды даярдаарын билдирген принципти көрсөтөт.

### Кудайдын Өзүнүн Кызматчысын алып келүү үчүн үй-бүлө даярдайт

► Кандай үй-бүлөдө чоңойгонуңуз жана балалыгыңыз тууралуу ойлонуп көрүңүз. Кудай сиздин тажырыйбаны сизди кызматка даярдоо үчүн кандай колдонду?

Жакшы Кабарлардагы санжыралар эгедер Кудай Өзүнүн Кызматчысы үчүн жолду Анын дүйнөгө төрөлүүсүнөн жүздөгөн жылдар мурун даярдап баштаганын көрсөтөт: Машайак келгенден бир топ мурун эле Кудай ушул окуя болушу үчүн шарттарды даярдаган.

Санжыра Ыйса ким болгон деген суроого жооп берет; ал Ыбрайым менен Дөөттүн маанилүүлүгүн көрсөтөт. Ыбрайым Машайактын санжырасында маанилүү орунду ээлейт, анткени Кудай ага: «Ошондо Мен сенден улуу эл чыгарам, сага батамды берип, атыңды даңазалайм, сен аркылуу башкалар бата алышат» [4] деген убада берген: бул убада Назареттен келген Ыйса аркылуу ишке ашкан.

Дөөт санжырада маанилүү болгон себеби, Кудай анын падышалыгы түбөлүккө бекем болот деген убада берген. [5] Ыйса төрөлгөнгө чейин тактыда Дөөт падыша отургандан бери 500 жыл өткөн; Матай менен Лука Ыйса Дөөткө берилген убаданын аткарылышы экенин көрсөтөт.

### Ыйса — Дөөттүн уулу (Матай 1:1-17).

Грекче Жаңы Келишимде Матайдын Жакшы Кабарындагы алгачкы эки сөз — *biblios genesis;* бул сөз айкашы Матайдын окурмандарына Башталыш китебин эстеткен.[6] Башталыш жаратууда Кудайдын эгедерлигин көрсөткөндөй, Матайдын Жакшы Кабары Кудайдын тарыхта эң жогору турганын көрсөтөт. Матайдын Жакшы Кабарындагы санжыра, Ысрайылдын тарыхы толугу менен Машайактын төрөлүүсүнө алып келгенин көрсөтөт.

Матайдагы санжыра ар бири он төрт ысымдан турган үч топтон турат. Бул адатта еврейлер жакшы жаттап алуу үчүн колдонгон ыкма болгон: ысымдарды топторго

[4] Башт. 12:3.
[5] 2 Шем. 7:16.
[6] Башт. 2:4; 5:1.

бөлүү ысымдардын узун тизмесин жаттап алууга жардам берген. Матайдын санжырасын окугандар, ага Ыбрайымдан баштап, Жусупка чейин бардык ата-бабалар кирбегенин билишкен. Санжырадагы кимдир бирөөдөн бирөө «төрөлгөн» деген сөз ата-бабалардын кимисине болсо да тиешелүү болушу мүмкүн. Еврей санжыралары көп учурда кээ бир муундары кошпой коюшат; Матай Машайактын санжырасындагы маанилүү өкүлдөргө көңүл бурган жана башка аттарды кошкон эмес.

Матай кээ бир муундарды кошпой кеткендиктен, ал эске алган ысымдар өзгөчө кызыгууну жаратат. Элчи аларды белгилүү бир максат менен тандап алган, мисалы ал санжырага төрт аял затын кошкон.  Бул еврей санжырасында адаттан тыш көрүнүш болгон. Бул ысымдардын теги күмөндүү: Рахап менен Рут келгин болушкан; Тамар, Рахап жана Батшеба сексуалдык жаңжалга аралашкан.

Ушул сыяктуу эле бул тизмедеги башка адамдар да, абийирсиздикке дуушар болушкан: Жүйүт Тамарды уят кылган; Ысрайылдын тактысынан Жайахиндин тукуму жок болгон[7]. Белгилей кетчү нерсе, Матай Дөөттүн жетишкендиктерине эмес, анын ата экендигине көңүл бурат: «Дөөттөн Сулайман төрөлгөн, Сулаймандын энеси мурун Урийдин аялы болчу».

Бул ысымдар Ыйсаны күнөөкөр адамзатына теңейт. Кудай Өзүнүн Уулун дүйнөгө кемчиликсиз тукум аркылуу эмес, жөнөкөй күнөөкөрлөрдүн тукуму катары алып келген. Еврей башчылары Ыйсанын уятсыз төрөлүүсүн шылдыңдашып, аны татыксыз деп четке кагышкан.[8] Матай «Машайак ушундай ата-бабалардан төрөлө алган болсо, демек Ал бардык адамдар үчүн, кадыр-баркы шектүү адамдар үчүн да Куткаруучу боло алат»[9]деп күбөлөндүрөт.

► Биздин маданиятыбызда адамдын өмүр баянын көрүп, анын жөндөмдүүлүгү төмөн деп ойлошубузга, эмнеси түрткү болот?

Кудай көп учурда күтүлбөгөн жерден келген адамдарды Өзүнүн кызматына чакырат. Эч ким үй-бүлөсүнүн топтолгон тажрыйбасы үчүн, жараксыз болуп саналбайт. Адамдын өмүр баянынын, анын жөндөмдүүлүгү аз деп ойлошубузга себеп болгон нерселер, Кудай үчүн маанилүү эмес болушу мүмкүн.

**Ыйса — Адамдын уулу (Лука 3:23-38).**

Матай «Жүйүт падышасынын» санжырасын Ыбрайымга чейин алып барат; Лука — Адамга чейин жазат. Бул факт Луканын Жакшы Кабарындагы Ыйсага «Адам Уулу» катары басым кылганы менен дал келет. Лука санжырасында Ыйсанын адамдыгын баса белгилейт. Жакшы кабарчы санжыраны Машайакты азгыруу окуясынын алдына

---

[7] Мат. 1:12; Жер.  22:30.
[8] Жакан  8:41, 48.
[9] Craig L. Blomberg, *Jesus and the Gospels* (Nashville: Broadman & Holman, 1997), p. 199.

жайгаштырат; бул Ыйса – экинчи Адам, биринчи Адам ийгиликсиз болгон жерде ийгиликтүү болгонун окурмандын эсине салат.

**Кененирээк карайбыз: Матай менен Луканын санжырасы**

Матай 1-бөлүм жана Лука 3-бөлүм Ыйсанын санжырасын ар башка түрдө көргөзөт. Матай Ыбрайымдан падыша Сулайманга чейин, андан кийин Жусупка чейин; ал эми Лука санжыраны Жусуптан Натан (Дөөттүн дагы бир уулу) аркылуу Адамга чейин жазган.

Ыбрайымдан Дөөткө чейин санжыралар бирдей, бирок Дөөттөн Жусупка чейин эки башка санжыра көрсөтүлөт.  Муну Матай Жусуптун санжырасын, ал эми Лука Мариямдын санжырасын жазганы менен түшүндүрүүгө болсо керек.[10]

Матайдын Жакшы Кабарындагы Жусуптун санжырасы — бул Сулайман аркылуу чагылдырылган «падышалык» санжыра, бул андагы Ыйсанын Падыша катары сүрөттөлүшүнө дал келет. Бул Ыйсанын Жусуп аркылуу мыйзамдуу төрөлүшү.

Лукадагы Мариямдын санжырасы — бул «денелик» санжыра, ал Дөөттүн уулу Натан аркылуу жазылып, Луканын Жакшы Кабарында Ыйсага «Адам Уулу» катары кылынган басымга дал келет. Ушуну көрсөтүү үчүн Лука Ыйсанын денелик санжырасын Мариям аркылуу жазат. Ал дагы эле «Жусуптун уулу» деген сөз менен баштайт, анткени жүйүттөрдүн генеалогияларында аялдын тукумун аныктоодо да эркектин аты колдонулган.

Мариямдын санжырасы Дөөт менен денелик байланышты камсыз кылат; Жусуптуку – Сулайман аркылуу тактыга укукту камсыз кылат.

**Ыйса — Кудайдын Уулу (Жакан 1:1-18).**

Жакандын Жакшы Кабары кудайлык санжырадан башталат; Ыйса Кудайдын Уулу болгон. Машайактын өмүрү… төрөлгөн күндөн башталган эмес: Ал мурун кандай абалда болсо, ошол абалда белгилүү бир миссияны аткаруу үчүн келген.[11]

Байыркы Келишимде Кудайдын даңкы *shekinah* Ысрайылдын арасында жыйын чатырында байырлаган; эми Ал Ыйса Машайактын инсандыгында камтылган:[12] Кудайдын даңкы денеде келген.

Сөз түбөлүктүү болгон: «Эң башында Сөз бар болгон, Сөз Кудайда болгон жана Сөз Кудай болгон» [13]. Ата менен Уулу түбөлүктүү баарлашууда болгон.[14] Эмне үчүн Ыйса

---

[10] Башка түшүндүрмөлөрдү кийинки сайттан караңыз http://www.gotquestions.org/Jesus-genealogy.html
[11] J. Dwight Pentecost, *The Words and Works of Jesus Christ* (Grand Rapids: Zondervan, 1981), p. 28.
[12] Жакан  1:14.
[13] Жакан  1:1.
[14] Жакан  1:3 Ыйса жаратылган жандык болгон деген Жахабанын күбөлөрүнүн билдирүүсүн четке кагат. Машайак жаратууга катышкан: «Бардыгы Ал аркылуу башталган, эмне башталса да, Ансыз башталган эмес».

биздин дүйнөгө келген? Атаны көрсөтүү үчүн. Баарынан Жогорку Кудайды эч ким көргөн эмес, бирок Ыйса бизге Аны «көрсөттү»;[15] биз Машайакты көргөндө, Атаны көрөбүз.

Бүгүнкү күндө көптөгөн адамдар Ыйсаны сүйүүчү дос, ал эми Атаны катаал сот катары сүрөттөшөт. Бирок  Жакан 1-бөлүмдөн  биз Ыйсанын мүнөзү Атасынын мүнөзү менен бирдей экенин билебиз: Биз Машайакты көргөндө, Атаны көрөбүз.

### Кудай Өз Кызматчысын Кереметтүү төрөлүү аркылуу даярдаган

Ыйса (Жүйүт жери) Бейт-Лехемде б.з.ч. V к. төрөлгөн.[16] Жусуп менен Марийам Бейт-Лехемге Рим тарабынан уюштурулган эл каттоого барышкан. Эл каттоонун максаты Римдин көзөмөлүнүн алдындагы аймактарда салык эсебин жүргүзүү болгон.

Рим бул максатын ишке ашыруу үчүн колдонгон кадимки ыкма – адамдарды алар жашап жана иштеген шаарларда каттоо болгон. Ошого карабастан, козголоң чыгарышы мүмкүн болгон еврей эли менен тынчтыкта болуу үчүн римдик бийлик Жүйүт аймагында каттоону төрөлгөн жерде өткөргөн еврей ыкмасын колдонууга уруксат берген.  Натыйжада Жусуп менен Марийам Назареттен Бейт-Лехемге чейин 100 километр жерди басып өтүшкөн. Үй-бүлөнүн башчысы гана каттоодон өтүшү керек болсо да, Жусуп Марийамды өзү менен кошо ала келген; ал Марийамды Назарет деген кичинекей айылда ушакташкан коңшулары менен таштап кетүүнү каалабаса керек.

Бир караганда, салыкка тиешелүү каттоо Римдин демилгеси болгон. Ошого карабастан, ал аркылуу Кудай Өзүнүн Кызматчысы үчүн жол даярдаган. Кудай Өзүнүн максатын ишке ашыруу үчүн дүйнөдө болуп жаткан окуяларды колдонот. Кудай эгедерлиги менен Өзүнүн максатын ишке ашыруу үчүн бутпарас императоруна еврей каттоосун «тандатып» койгон. «Падышанын жүрөгү Теңирдин колунда: Ал аны агын суудай, каалаган жагына бурат».[17] Кудай Падышалыгынын кызматкерлери катары бул бизге, бардыгы мыйзамсыздардын көзөмөлүндө болгондой сезилгенде да, Кудай Өзүнүн максаттарына жетерине толук ишеним бериши керек.

Салыкка тиешелүү бул каттоо — Кудай Ыйсанын төрөлүүсүнө дүйнөнү кантип даярдаганын көрсөткөн мисалдын бири. Кудай биздин дүйнөнү Машайактын келишине даярдоо үчүн Грек империясынын маданий тамырлары, Рим империясынын укуктук системасы жана еврейлердин ишениминин диний принциптери аркылуу бардыгын уюштурган. Ошол убактагы тарыхый кырдаалды изилдөө үчүн Шеппердс

---

[15] Жакан  1:18.
[16] Григориан календары 1582-ж. чейин иштелип чыккан эмес, ошол себептен ал так эмес, бир топ болжолдуу. Улуу Ирод болжол менен б.з.ч.  IV к. өлгөн. Ушул датанын негизинде Ыйсанын төрөлүүсү болжол менен IV – V к. туура келет.
[17] Накыл Сөздөр 21:1.

Глобал Мектебинин 1-курсунун «*Жаңы Келишим дүйнөсү*» деген сабагына кайрылыңыз.

**Койчулардын келиши (Лука 2:8-20).**

Ыйсанын төрөлүүсү тууралуу кабарды биринчилерден болуп Бейт-Лехемдин тегерегиндеги койчулар уккан. Бул таң калыштуу нерсе, анткени биринчи кылымдагы еврейлердин көпчүлүгү алардан четтеп турган: алардын коомдук мартабасы ушунчалык төмөн болгондуктан, алардын күбөлөндүрүүлөрү еврей сотторунда кабыл алынган эмес. Койчуларга көңүл буруу менен Лука алар Кудайдын Падышалыгында кабыл алынса, ал жакка *каалаган* адам бара аларын көрсөткүсү келген! Периште койчуларга мындай деп жарыялаган: «Коркпогула! Мен силерге <u>бардык адамдарды</u> сүйүнтө турган чоң кубанычты жарыялайм...».[18]

Жакшы Кабар бир улут (Ысрайыл) же бир коомдук топ менен чектелбейт; Кубанычтуу кабар бардык адамдарга арналган. Бул тема Луканын Жакшы Кабарында кездешет. Жакшы кабарчы Ыйсанын аялдарга, самариялыктарга жана мисалы Закай сыяктуу четке кагылган адамдарга кылган кызматына өзгөчө көңүл бурат.

**Даанышмандардын келиши (Мат. 2:1-12).**

Матайдын Жакшы Кабары биринчи кезекте жүйүт угуучуларына арналган. Лука Машайактын бардык адамдарга багышталган кабарына көңүл бурса, Матайдын Жакшы Кабарындагы  негизги кабар – Ыйсанын Асман Падышалыгы тууралуу кабары. Матай койчулардын келүүсүн эмес, акылман даанышмандардын келүүсүн сүрөттөйт. Алар Ыйсанын үй-бүлөсү болжол менен Ал төрөлгөндөн бир нече айдан кийин туруктуу жашай баштаган үйгө барышкан.[19] Бул болжол Ироддун эки жашка чейинки бардык эркек ымыркайларды өлтүрүү буйругунан келип чыккан.

Даанышмандар асманды изилдеп, адаттан тыш көрүнүштөргө байкоо жүргүзүшкөн. Саякат коркунучтуу болгонуна карабастан, алар асмандан көргөн таң калычтуу белгини изилдөө үчүн алыс жол басып өтүшкөн.

Даанышмандар алгач жүйүт падышасын табуу үчүн туура келген жерге — Иерусалимге келишкен. Иродго мүмкүн болгон атаандаш тууралуу кабар жеткенде «...тынчы кетти, аны менен бирге бүт Иерусалим эли да дүрбөлөңгө түштү».[20] «Бүт Иерусалим» деген сөздөр Иерусалимдеги диний башчылар кийинчерээк Ыйсаны четке кагарын алдын ала айтат.

Даанышмандардын келүүсү бутпарастарга Машайакты биринчи жолу тааныштыруу болгон. Иерусалимде «дүрбөлөңгө» түшкөндөрдөн айырмаланып, даанышмандар

---

[18] Лука 2:10.
[19] Мат. 2:11.
[20] Мат. 2:3.

Машайактын төрөлүүсүнө ишеним менен жооп беришкен. Ыйса жүйүттөрдүн падышасы катары эле эмес, бардык элдердин падышасы катары келген.

Матай Ыйсага табынуу үчүн канча даанышман келгенин айтпайт; кеп «үч акылман» тууралуу болуп жатат деген салт Матай 2:11деги үч белекке негизделген, алардын ар бири Ыйсанын кызматынын кайсы бир тармагынын символу болгон.

- Алтын падыша үчүн белек, бирок Ыйса тактыдан эмес, айкаш жыгачтан падышалык кылат.
- Ладан — ыйык кызмат кылуучуга белек. Курмандык чалуу убагында аны жыпар жыттуу зат катары колдонушкан. Ыйса адамдарга Кудайдын катышуусуна кирүүгө жол берген Ыйык кызмат кылуучу катары келген.
- Мирра өлгөндөрдү майлоо үчүн колдонулган. Ыйса бардык адамзаты үчүн өлүү максатында төрөлгөн.

## Кудай Өзүнүн Кызматчысын сактайт

Ыйса төрөлөрдүн алдында Жусупка Кудайдын планын ачып берүү үчүн, периште анын түшүнө кирип, аны менен сүйлөшкөн. Даанышмандар келип кеткенден кийин периште Жусупка Мисирге качуу керектигин эскерткен; анын үй-бүлөсү Ирод өлгөнгө чейин ошол жерде болгон (болжол менен б.з.ч. 4-ж.).

Улуу Ирод көп жагынан жакшы башкаруучу болгон. Ал жүйүт элин сыйлаган, атүгүл өзү башкарган элди урматтоо катары жүйүттөрдүн тамаш-ашка тиешелүү мыйзамдарын аткарган. Ал ийбадаткананы оңдоо иштерин баштаган, алар Ыйсанын өмүрү өткөнчө уланган. Б.з.ч. 25-ж. ачарчылыктын убагында ал Жүйүт аймагындагы ачка адамдарды азык-түлүк менен камсыз кылуу үчүн өзүнүн жеке акчасын колдонгон.

Бирок Ирод ашыкча параноик болгон. Ал өзүнүн аялдарынын бири Мариамна менен анын энеси Александраны кутумчулукта шектелди деп өлтүрткөн, ошондой эле үч уулу анын падышалыгына коркунуч туудурган куракка жеткенде аларды да өлүм жазасына тарткан. Ирод сыяктуу параноик үчүн өзүнүн кызмат ордун сактап калуу максатында ондогон наристелерди жок кылуу кичинекей эле бир ыңгайсыздык болгон. Бейт-Лехемде наристелерди өлтүрүү күтүлбөгөн чечим болгон эмес.

Ироддун зөөкүрлүгү аны өмүр бою коштоп жүргөн. Өлүм алдында жатканда, ал Иерусалимдин эң атактуу адамдарын камакка алып, өзү өлгөн күнү аларды өлтүрүүгө буйрук кылган. Ал ушундай кылсам, өлгөн күнүм аза күткөн күн болоруна кепилдик болот деп ойлогон (бирок анын жесири камактагыларды бошотуп жиберген, бул түгөл Палестинада салтанат курууга алып келген).

Ирод өлгөндөн кийин ал падышачылык кылган аймак анын үч уулуна бөлүнүп берилген. Ирод Антипа Галилея жана Перияны башкарып калган; Филипп Палестинанын түндүк-чыгыш тарабындагы бийликти мурастаган; Архелай Жүйүт

аймагынын, Идумеянын жана Самариянын башкаруучусу болуп калган. Байыркы тарыхчылар Архелай атасынын бардык алсыздыктарына ээ болгонун, бирок бир да жакшы жагын тартпаганын айтышкан. Жүйүттөрдүн баары аны жек көрүшкөн, ошентип ал б.з. 6-ж. жүйүттөр Рим императоруна арыздангандыктан тактыдан түшүрүлгөн.  Ошондон кийин Жүйүт аймагын Понтий Пилат сыяктуу прокураторлор башкарган.

Ирод көз жумгандан кийин Ысрайылга кайтып келүү боюнча көрсөтмөлөрдү берүү үчүн Жусуптун түшүнө кайрадан периште кирген. Бирок, Архелай Улуу Ирод сыяктуу эле коркунучтуу болгондуктан, Жусуп Бейт-Лехемге кайтып келбей, өзүнүн үй-бүлөсүн Назаретке алып барган.

► Бала кезинде Джон Уэсли кереметтүү жол менен күйүп жаткан үйдөн куткарылып аман калган. Ал Кудай аны өзгөчө максат менен сактап калганына ишенген. Уэсли анын «оттон калган эн-тамгасы» бар экенин айткан. Класстагы шакирттериңерге Кудай аларды кызматы үчүн, же кереметтүү коргоосу, же Кудайдын алдын ала кам көрүүсү аркылуу кантип сактап калгандыгы тууралуу окуялар менен бөлүшүүнү сунуштаңыз.

**Тагыраак карайбыз: Матай 2:23**

Матайдын Жакшы Кабары Машайактын кызматы байыркы келишимдик пайгамбарлыктардын аткарылуусу болгонун Машайактын өмүрүн сүрөттөгөн башка жазууларга караганда көбүрөөк көрсөтөт. Еврей угуучуларына кайрылуу менен Матай аларга Ыйса убадаланган Машайак экенин көрсөтө алган:

- Ыйсанын Кыздан төрөлүүсү (Мат. 1:22-23) — Ышайа 7:14төгү пайгамбарлыктын аткарылышы.
- Ыйсанын Бейт-Лехемде төрөлүүсү (Мат. 2:5-6) — Михей 5:2.
- Мисирге качуу (Мат. 2:14-15) — Ошуя 11:1.
- Бейт-Лехемде наристелерди өлтүртүү (Мат. 2:16-18) — Жеремия 31:15.
- Иерусалимге салтанат менен кирүү (Мат. 21:1-5) — Захария 9:9.

Пайгамбарлыктын аткарылуусу тууралуу кыйынчылык жараткан мисалдардын бири Матайдын Жакшы Кабары 2:23. Матай мындай деп жазат: «Ал жерге келип, Назарет деген шаарга жайланышты. Пайгамбарлар аркылуу «Ал “назареттик” деп аталат» деп айтылган сөздүн аткарылышы үчүн ушундай болду».

Байыркы Келишимде Машайак «“назареттик” деп аталат» деген жазуу жок болгону кыйынчылык жаратат. Бул аят эки ойду камтышы мүмкүн:

1. Ыйсанын убагында Назарет чакан айыл болгон (Жакан 1:46). Еврей эли Машайак Галилеянын соода сатык аймагынан эмес, Жүйүт жеринен келет деп күтүшкөн (Жакан 7:41, 52). Ыйса Назарет сыяктуу жек көрүндү аймактан келип

чыкканы тууралуу факт, Ышайа 49:7 жана 53:3 сыяктуу пайгамбарлыктардын аткарылуусун тастыктайт.

2. Ышайа (Ышайа 11:1), Машайак «бутак» экени айтылат. Еврей тилинде «бутак» (*netzer*) деген сөз «Назарет» деген сөзгө аябай окшош. Матайдын Жакшы Кабарынын окурмандары бул сөз оюнун түшүнүшмөк.

### Өзүнүн Кызматчысы үчүн жол даярдоо: Андан мурун болгон адам

Чөмүлдүрүүчү Жакан Ыйсанын аталаш бир тууганы болгон. Пайгамбардын окуясы анын атасы Захария ийбадатканада жыпар жыттуу зат түтөтүп, ал эми эл сыртта сыйынып жатканда башталган; бул ыйык кызмат кылуучу үчүн эң урматтуу милдеттердин бири болгон.[21]

Захария бул ыйык милдетин аткаргандан кийин, жыпар жыттуу зат түтөтүүчү курмандык чалуучу жайдын оң тарабынан периште пайда болгон. Еврей салтында бул тартуу алып келип жатканда, Кудай турган жер болгон. Жебреил периште анын уул тууралуу сыйынуулары угулганын айткан.

Элизабета төрөт курагынан бир топ эле өтүп кеткендиктен, Захария периште айтып келген кабарга ишенбей койгон, ошол себептен ал Жакан төрөлгөнгө чейин дудук болуп калган. Ыйык кызмат кылуучу катары Захария Байыркы Келишимдеги Анна жана Рахел тууралуу билчү жана Кудай кереметтүү жол менен Элизабетаны кош бойлоуу кыларына ишениши керек эле.

Отуз жылдан кийин Жакан өзүнүн кызматын баштаган. Иерусалимде ыйык кызмат кылуучу болуп кызмат кылуунун ордуна, ал чөлдө пайгамбар болгон. Жакан Машайакка жол даярдоочу болуп жиберилген. Ал насаат айткан кезде, адамдар андан: «Сен Машайаксыңбы?» – деп сурашканда, – ал: «…мен Анын бут кийиминин боосун чечүүгө да татыксызмын», – деп жооп берген.[22] Кулдун эң кемсинтүүчү милдеттеринин бири кожоюнунун бут кийимине кам көрүү болгон, бирок Жакан мындай деген: «...менден Күчтүү келет, мен Анын бут кийиминин боосун чечүүгө да татыксызмын». Жакандын жашоосу аркылуу биз момун кызматтын үлгүсүн көрө алабыз.

Кудай башка кимдир бирөө үчүн жол даярдоо максатында Жазууда баштан аяк адамдарды колдонгон. Варнава менен Пабылдын мисалын карагыла. Шабыл машайакчыларды куугунтуктаган кезде Варнава жыйындын кадыр-барктуу жетекчиси болгон. Машайакчылардын аз гана бөлүгү бул жыйынды куугунтуктоочуга ишеним артмак эмес, бирок Барнаба Пабылга кепилдик берди.

[21] Лука 1:9.
[22] Лука 3:16.

Алар биринчи миссионерлик саякатын баштаганда, Элчилердин иштеринде «Барнаба жана Шабыл» [23] деген шериктер тууралуу айтылат. Бир аздан кийин алар «Пабыл жана Барнаба»[24] деп белгилүү болуп калышкан; Барнаба Пабылдан «мурун» болгон, бирок ал Пабылга жетекчи болууга мүмкүнчүлүк берүүгө даяр эле.

Кээде сиздин миссия Чөмүлдүрүүчү Жакан же Барнаба сыяктуу башка бирөө үчүн жол даярдоо болушу мүмкүн. Сиз «башкы каарман» эмес, андан «мурун» болгон адам болууга даярсызбы? Кудай сизди колдонууну каалаган жерде, сизден көз каранды болгон бардык нерсени кылыңыз. Эгер Кудай сизге жардамчынын ролун берсе, бул кызматты четке какпаңыз: Кудай сизди эң таасирдүү колдонушу үчүн Ага ишеним артсаңыз болот.

Чөмүлдүрүүчү Жакан өзүнүн жолдоочуларына Ыйсаны көрсөткөндө биз анын момундугун көрөбүз[25]. Раббинин максаты, өз устатын ээрчий турган жана сыйлай турган шакирттерди утуп алуу болгон. Бирок Чөмүлдүрүүчү Жакан өзүнүн жолдоочуларына Улуу Устатты көрсөткөн. Ал анын иши өзүнөн чоң адамды көрсөтүү экенин түшүнгөн. Жакан өзүнүн жолдоочуларынын Ыйсаны ээрчүү үчүн кетип жатканын көргөн. Анын максаты жеке даңкы эмес, Кудайдын Падышалыгы болгон. Машайкчы жетекчилер катары биздин максат – жеке ийгиликке көңүл буруу эмес, адамдарга Ыйсаны көрсөтүү экенин унутпашыбыз керек.

### Тагыраак карайбыз: Тобо кылуу деген эмне?

► Матай 3:1-6ны окугула.

Жакан тобо кылуу тууралуу кабарды айткан; «тобо кылуу» - деген  ой жүгүртүүңдү гана өзгөртүү деп айтышат. Өздөрүн машайакчы атаган көп адамдар өзгөрүлгөн жашоонун аз эле белгилерин көрсөтүшөт.

Бирок «тобо кылуу» деген жөн гана акыл-эстик чечимден алда канча чоң нерсени билдирет. Жаңы Келишимдин авторлору бул сөздү так эле жүйүт пайгамбарлары колдонгон сыяктуу колдонушкан; ал толугу менен «жашоонун өзгөрүүсүн» билдирген. Жаңы Келишимде «тобо кылуу» деген:

- ойлорду жана ишенимдерди өзгөрдүү **жана**
- иш аракеттерди жана жашоо образын өзгөртүү.

Жакында мен АКШдагы  күнөөкөр жашоо образы менен белгилүү болгон поп-ырчысы тууралуу окудум.  Бир күнү ал мындай деп жарыялаган: «Мен машайакчы болуп калдым жана Рухка толдум. Мен мурункудай эле жашап жатам, бирок эми ишенүүчүмүн. Мен өлсөм бейишке барам». Бул адамдын «тобо кылуусу» анын жашоо

[23] Элчилердин иштери  13:2.
[24] Элчилердин иштери  13:43 жана кийинки бөлүмдөр.
[25] Жакан 1:35-37.

образына эч кандай өзгөрүүлөрдү алып келген эмес; анын тобо кылуусу чыныгы эмес.

Жакан тобо кылуу биздин жашоо образды өзгөртөт деп үйрөткөн. Пайгамбар чөмүлдүрүүгө келгендер тобо кылууга ылайык келген жемиштерди алып келүүсүн талап кылган.[26] Башкача айтканда, ал мындай суроо берген: «Жашооңордун өзгөргөнүнө кандай далилдерди алып келе аласыңар?» Чөмүлдүрүү «Мен ишенем, ошондуктан мени чөмүлдүргүлө» деген куру жөрөлгө болуп калбашы керек, ал чыныгы тобо кылуунун жана өзгөрүлгөн жашоонун күбөлүгү болушу керек.

## Сыноолор аркылуу Кудайдын Кызматчысын даярдоо

Ыйсанын азгырыкты жеңгени биз азгырыкка туш болгондо, биз үчүн үлгү болот. «Ошондон кийин Ыйса шайтан тарабынан сыналуу үчүн, Рух аркылуу чөлгө алынып барылды. Ал кырк күн, кырк түн орозо кармап, акырында ачка болду».[27] Ыйса эл арасындагы кызматты баштаардын так алдында азгырыкка туш болгон. Башкаларды үйрөткөндөн мурун Машайак Атасынын эркине толук баш ийүүсүн көрсөткөн.

Матай азгырылуу тууралуу окуяны дароо Ыйсанын чөмүлдүрүүсүнөн кийин жайгаштырган. Биздин чоң азгырылуулар көп учурда биздин руханий жеңиштин алдында келет. Илиястын Кармел тоосундагы ийгилигинен кийин ал дароо өмүрү үчүн күрөшкөндө үмүтүн үзүү жана шектенүү азгырыгына туш болот.[28]

Лука азгырылуу тууралуу окуяны Ыйсанын Адамга чейинки санжырасын карап чыккандан кийин жайгаштырат. Жакшы кабарчы Адам ийгиликсиз болгон жерде, Адам Уулу Ыйса жеңишке жеткенин көрсөтөт.[29] Машайак өзүн адамзатына окшоштурду жана жөнөкөй машайакчылар кантип жеңе аларын көрсөтүп берди.

### Азгырыктар.

#### *Таштарды нанга айлантуу азгырыгы*.

Шайтан Ыйсаны кудайлык күчүн колдонтуп, таштарды нанга айлантууга азгырган. Бул **көз карандысыздыкты** сыноо болгон: шайтан Машайак Өз күчүн Өз пайдасы үчүн колдонуп, Атасына таянбашы үчүн азгырган. Ыйса Атасына Өзүнүн тамакка «укугун» берген.

> Биз: «Мен өз укугумду коргоп, күчүмдү далилдейм» дегендерге кол чабабыз. Бирок жеткилең Адам Кудайдын эркин аткаруу үчүн адамдын эркинен баш тартуу чыныгы күч экенин көрсөткөн.»
> Дж. Кэмбелл Моргандын чыгармасынан

Тыюу салынган жемишке туш болгондо, биринчи адам Кудайга баш ийген эмес; ал эми экинчи Адам тыюу

---

[26] Лука 3:8.
[27] Мат. 4:1.
[28] 3 Царств 18-19.
[29] Лука 3:38.

салынган нан тууралуу кеп болгондо ишенимдүү бойдон калган.

***Ийбадаткананын төбөсүнөн секирүү азгырыгы.***

Шайтан Ыйсаны ийбадатканын төбөсүнөн секирүүгө азгырган (Кедрон түздүгүнөн 91 метр жогору); бул адамдарды аң-таң кылмак жана Атанын коргоо тууралуу убадасын сынап көрмөк.

Шайтан Ыйсаны Атасынын убадасын сынатып көрүү үчүн Забур 90:11-12деги убаданы келтирген. Мындай кыла турган болсо, Ыйса Атасын Өзүнүн талаптарынан жана күтүүлөрүнөн көз каранды болгон *Өзүнүн* кызматчысы кылып коймок. Бул **менменсинүүнү** сыноо болгон.

Ыйса Забур 90догу бул абалга тиешелүү эмес убаданы колдонуудан баш тарткан. Ал «Кудай-Теңириңерди... сынабагыла», – деп айтылган Мыйзам Кайталоо 6:16ны келтирген. Биз Кудайдын уулдары катары Асмандагы Атабызды сынай албайбыз.

**Тагыраак карайбыз: Ишенимби же менменсинүүбү?**

Кээ бир машайакчылар: «Мен Ыйык Китептеги бардык убадаларга ээмин», – дешет. Жазуунун бардык убадалары чындык болсо да, биз дайыма: «Бул убада азыркы абалга туура келеби?» – деп сурашыбыз керек. Ыйса Забур 90догу убада чөлдө Өзү туш болгон абалга карата Кудайдын эрки эмес экенин билген. Биз жалган болжолдорго жетектелбей, чыныгы ишенимде Кудайдын убадасына таянып жатканыбызды кантип текшерсек болот?

**1. Биз Кудайдын Сөзүн билишибиз керек.**

Мен библиялык убада менен байланыштуу кырдаалдарды жана шарттарды канчалык жакшы билсем, аны өзүмдүн абалымда кандай колдонуу керектигин жакшыраак түшүнө алам.

Кээ бир убадалар айрым адамдарга белгилүү бир шарттарда берилген. Байыркы Келишимде Ысрайыл келишимге ишенимдүү болсо, Кудай аларга материалдык дүйнөдө баталарды убада кылган. Алардын жерлери көп түшүм алып келмек, камапалары жана сарайлары толуп турмак жана алар согуштарда жеңишке жетишмек. Жаңы Келишимдин убадалары көбүрөөк руханий мүнөзгө ээ. Кээ бир адамдар бул тууралуу билгенде көңүлү калат, бирок биз кубанышыбыз керек. Материалдык бакубаттуулук убактылуу баалуулукка ээ; руханий өсүп-өнүгүү түбөлүк баалуулукка ээ. Менменсинүү Кудайдын убадаларын библиялык кырдаалдан сууруп алып, жеке каалоолорго колдонуудан көрүнөт; ишеним Кудай Өзүнүн убадаларын Өзү каалагандай аткарарына ишеним артат.

**2. Биз так жана жалпы убадалардын ортосундагы айырманы түшүнүшүбүз керек**.

Биз жалпы убада тууралуу окуганда, Кудай аны «Менин абалыма тиешелүү берип жатабы?» деген суроо беришибиз керек: кээ бир убадалар жалпы, бирок ар тараптуу эмес.

Забур 102:3 «бардык ооруларды айыктырган» Кудайды даңктайт. Кээ бир машайакчылар аны Кудай бардык ишенүүчүлөрдүн ар бир оорусун айыктырат деген ар тараптуу убада катары кабыл алышат. Бирок Жазуу бардык эле денелик оорулар айыкпаганын көрсөтөт. Пабыл айыгуу үчүн сыйынганда, Кудай «Жок» деген жооп берген.[30] Кээде Кудай Өзүнүн балдарын оорулардан бошотууну чечет; ал эми башка абалда Ал орууну көтөрүү үчүн ырайымын бергиси келет.

Биз үч жаш еврей сыяктуу жооп кайтарышыбыз керек. Небухаданасар падыша аларды мешке ыргытам деп коркутканда, алар мындай деген: «Биз кызмат кылып жаткан Кудайыбыз бизди жалындап күйүп турган мештен куткара алат, падыша, Ал сенин колуңдан да куткарат. **Андай болбогон учурда да**, падыша, сага маалым болсун, биз сенин кудайларыңа кызмат кылбайбыз, сен орноткон алтын бурканга табынбайбыз».[31] Алар Кудай аларды бошотуу үчүн жетиштүү күчкө ээ экенин билишкен; бирок Кудай башка жолду тандаса, Ага ишенимдүү кызмат кылууга даяр болушкан.

Кудай Өзүнүн балдарын бошото *алат*, бирок дайыма эле ошондой кыла бербейт. Кудай библиялык убада дал сизге тиешелүү экенин көрсөтмөйүн, Ага ишеним артып, Ал тандаганды кылыңыз. Элчи Жакан мындай убада берген: «Анын алдында кандай кайраттуулукка ээбиз: Анын эрки боюнча эмнени сурасак да, Ал бизди угат. Эмнени сурасак да, Ал бизди угарын билсек, Андан сураганыбызды аларыбызды да билебиз».[32]

Менменсинүү ар бир библиялык убада менин белгилүү бир абалыма тиешелүү деп болжолдойт; ишеним: «Мен Анын эрки кандай экенин сурайм» дейт. Мен ар бир батаны жеке катары кабыл алсам, менменсинген болом; анын ордуна мен кайсы бир убада менин абалыма тиешелүүбү деп сурашым керек.

**3. Биз «Ыйсанын ысымынан» сыйынышыбыз керек.**

Ыйса мындай деп убада берген: «Атасы Уулу аркылуу даңкталышы үчүн, Атамдан Менин ысымым урматына эмнени сурасаңар да, Мен аны аткарам».[33] «Ыйсанын ысымынан» сыйынуу — Анын эркине жана мүнөзүнө ылайык сыйынуу; демек бул

---

[30] 2 Кор. 12:7.
[31] Дан. 3:17-18.
[32] 1 Жакан 5:14-15.
[33] Жакан 14:13.

«Ата даңкталышы үчүн» сыйынууну билдирет. Менменсинүү жеке өзүнүн эркин издейт; ишеним Кудайдын даңкын издейт.

«Ата даңкталышы үчүн» сыйынуу, биз Кудайдын биздин жашообуздагы жогорку максаттарына баш ийерибизди билдирет. Кудай Ысрайылга мындай убада берген: «Анткени Өзүмдүн силер жөнүндө ойлогон оюмду Өзүм гана билем, – дейт Теңир, – ал ой – силерге келечек, үмүт бериш үчүн, жаман ой эмес, жакшы ой».[34] Биз бул убада Ысрайыл эли Бабылондо жетимиш жылдык туткунга дуушар болгондо берилгенин эстен чыгарбашыбыз керек. Керек болсо кулчулук да Кудайдын элине пайда алып келет; ал өзүнүн кайгысында Кудайга кайрылат жана Кудай аларды угат.

Бул убада бүгүнкү күндө бизге тиешелүүбү? Ооба! Кудайдын мүнөзү өзгөргөн жок; Ал Өзүнүн балдарына жакшылык алып келет. Болуп жаткан бардык нерселер эле жакшы болбошу мүмкүн, бирок биз ишенимдүү түрдө «Ыйсанын ысымынан» деп сыйына берсек болот, анткени Кудай биздин жашообузда болуп жаткан бардык нерселерде Өзүнүн максаттарына жетерин билебиз.

## Сыноолор аркылуу Кудайдын Кызматчысын даярдоо (уланды)

### *Дүйнөдөгү падышалыктардын баарын сунуш кылуу*

Шайтандын акыркы азгырыгы **тил табышуу** болгон:  бул Ыйсанын келечектеги айкаш жыгачсыз падышалык кылуусуна жетүү аракети болгон.  Машайак шайтанга таазим кылса, өлүмдүн азабынан кутула алмак; Теңир ага Мыйзам Кайталоо 6:13төгү: «Кудай-Теңириңден корккун, Ага [гана] кызмат кыл...» деген сөздөр менен жооп берген.

### Ыйсанын азгырыкты жеңүүсү

Азгырыкка туш болгондо, Ыйса колдонгон ыкманы колдонуу үчүн, биз Машайак толугу менен адам болгонун эстен чыгарбашыбыз керек; «Ал биз сыяктуу бардык жагынан сыналган, бирок күнөө кылган эмес».

► 1 Кор. 10:13 жана Эвр. 4:15ти окугула. Жазуунун бул үзүндүлөрү азгырылуу тууралуу эмнени үйрөтөт?

1 Жакан 2:16да элчи азгырылуунун жолун баса белгилейт: «дене кумары, көз кумары жана турмуш-тиричиликтеги текебердик». Ыйса бул  тармактын ар биринде азгырылууга туш болгон.

- Ыйса нанды эңсеп турганда, шайтан дененин каалоолорун колдонууга аракет кылган.

[34] Жер.  29:11.

- Шайтан Машайакка дүйнөнүн падышалыктарын көрсөтүү менен, көз кумары аркылуу азгырууга аракет кылган.
- Шайтан Ыйсаны элди аң-таң кыла турган укмуштуу иш-аракет кылууга азгырып, турмуш тиричиликтеги текебердикке кайрылган.

Ыйсанын азгырылуусунун үстүнөн жеңиши Анын кудайлык күчү менен ишке ашкан эмес: Машайак толугу менен адам болгон жана азгырыкты адамдык денеде жеңген. Анын жеңиши бизге азгырыктар келген учурда жүрүм-турум үлгүсүн камсыз кылат. Ыйса азгырыкты жеңүү үчүн колдонгон үч куралга көңүл бургула.

### *Рухтун күчү*

Ыйса Ыйык Рухтун жетегинде иш аракет кылган: Ал Рух Ага буйруганды кылган. «Ыйса Ыйык Рухка толуп, Иордандан кайтып келгенден кийин, Рух тарабынан чөлгө алынып барылды».[35]

Машайак жердеги кызматында баштан-аяк Ыйык Рухтун күчүндө иш аракет кылган. Ал жиндерди Рухтун күчү менен кууп чыккан;[36] «Кудай назареттик Ыйсаны Ыйык Рухка жана күчкө кандайча толтурганын, Ошол Ыйса эл аралап, жакшы иштерди жасап, шайтандын бийлиги астында кыйналып жүргөндөрдүн бардыгын айыктырганын билесиңер. Анткени Кудай Аны менен болчу».[37]

Ыйса Өзүнүн жердеги кызматын Ыйык Рухтун күчү менен алып барган. Биз азгырылууга туш болгондо, күчтүү болгубуз келсе, Ыйык Рухтун күчүндө жашашыбыз керек.

### *Сыйынуунун күчү*

Ыйса кырк күн кырк түн орозо кармап, сыйынгандан кийин азгырылган. Сыйынуу Аны руханий салгылашууга даярдаган. Кийинки сабакта биз Машайактын жашоосунда жана кызматында сыйынуунун борбордук ролун карап чыгабыз. Ыйса сыйынууга таянган болсо, анан кантип биз ансыз руханий жеңиштерге жетүүнү самайбыз?

Шайтан көп учурда биз сыйынуу жашообузга көңүл бурбай калганда кол салат. Эгер биз өтө маанилүү болгон сыйынуу жашообузду туруктуу улантпасак, азгырыктарга туш болгондо алсыз болорубузду ал билет.

### *Сөздүн күчү*

Ыйса бардык азгырыктарга Ыйык Китептеги сөздөр менен жооп берген. Ал Жазуудагы бул үзүндүлөрдү кайдан билген? Еврей балдары Тооратты жатташкан, бул алар алган

---

[35] Лука 4:1.
[36] Мат. 12:28.
[37] Элчилердин иштери 10:38.

билимдин бир бөлүгү болгон. Машайак азгырыкка туш болгондо, Анын эсине дароо Жазуунун сөздөрү келген.

Биз машайакчы катары жүрөктөрүбүздө Кудайдын Сөзүн орнотушубуз керек. Сыноолорго туш болгондо, Жазуу бизге азгырыкка каршы турууга күч берет.

Азгырыкка туш болгондо, Ыйса бизге да жеткиликтүү болгон куралдарды колдонгон. Биз аны Ыйсадай: Рухтун, сыйынуунун жана Сөздүн күчү менен тосуп алышыбыз керек. Бул куралсыз биз шайтандын чабуулуна туш болобуз.

**Тагыраак карайбыз: Адам болуу**

Алгачкы машайакчылар Ыйса – Кудай экенине дайыма макул болушкан. Арий сыяктуу жалган окутуучулар Машайактын кудайлыгын четке какса да, ортодоксал машайакчылар Ал Кудай деп окутушкан.

Ортодоксалдык машайакчылык ошондой эле Ыйса толугу менен адам болгонун окуткан. Жалган окутуучулар көп учурда бул окутууну четке кагышкан. Ал түгүл бүгүн да көптөгөн жакшы кабар машайакчылары Ыйсанын адамдыгын олуттуу кабыл алышпайт. Көпчүлүк ишенүүчүлөр Машайактын кудайлыгын кабыл алышат, бирок анын адамдыгын реалдуу болгон эмес деп, четке кагышат: алар Машайак адамдык денени жөн гана «убактылуу алып турган», бирок толугу менен адам болгон эмес деген.

Насааттарда келтирилген кээ бир иллюстрациялар ушул жалган ойду бекемдөө үчүн колдонулат. Насаатчылардын айрымдары өзүн дыйкан кылып көрсөтүп жер кыдырган падыша тууралуу уламышты айтып беришет, бирок Ыйса Өзүн адамдай көрсөткөн Кудай болгон эмес; Ал биздин арабыздагы адамдардын бири болуп калган.

Ыйсанын адамдыгы тууралуу окутуу машайакчылар катары биз үчүн өтө маанилүү. Эгер Машайак толугу менен адам болбосо, Анын жашоосу биз жашообузда колдоно алган реалдуу үлгү боло албайт. Теологдордун бири мындай деген экен: «Эгер Ыйса чынында биздей болгон эмес болсо, анда биз Андай болбогонубуз кечиримдүү».[38]

Көп адамдар биз атайлап күнөөгө кулашыбыз керек деп эсептешет. Ыйса Өзүнүн адамдыгы аркылуу катардагы машайакчылар күнөөнүн үстүнөн жеңишке Ыйык Рухтун күчү менен жете аларын көрсөткөн.

Эгер Машайак күнөөгө кулаган адамзатынын бир бөлүгү болгон болсо жана биздин Рухтун күчүнө муктаждыгыбызды сезсе, ошондой эле биз сыяктуу азгырылган болсо, Анын азгырыкты жеңгени, бизге күнүмдүк жашоодо кантип жеңишке жетүүнү көрсөтөт. Ыйык Рух аркылуу биз жеңиштүү өмүр сүрө алабыз.

[38] Cherith Fee Nordling, “Open Question” in *Christianity Today,* April 2015, 26-27.

► Сизге кайсынысын түшүнүү кыйын: Ыйсанын кудайлыгы тууралуу окутуунубу же Анын адамдыгы тууралуу окутуунубу? Бул окутуулардын ар бири биздин машайакчылык жашообуз жана кызматыбыз үчүн канчалык маанилүү экенин талкуулагыла.

**Жыйынтыктоо: Кудай Өзүнүн кызматчыларын даярдайт.**

Бул сабакта биз Кудай Ыйсанын кызматы үчүн кантип жол даярдаганын карап чыктык. Анын келип чыгуусу, Рим империясынын бийлиги, кереметтүү төрөлүү, Чөмүлдүрүүчү Жакандын кызматы, а түгүл азгырык аркылуу Кудай Машайак үчүн жол даярдаган.

Биз бул чындыкты Ыйык китептен кайра-кайра көрөбүз. Пабылдын үлгүсүн карайлы. Ал Римдин Тарс шаарында өсүп чоңойгон. Бала кезинен аны бутпарас достору курчап турган; көбүнчө еврейлерден айырмаланып, Пабыл өзүн алар менен ыңгайлуу сезген.

Пабылдын атасы Рим жараны болгон, ошондуктан төрөлгөндөн баштап элчи ушундай баалуу мартабага ээ болгон. Анын энеси жүйүт болгон, ошол себептен Пабыл бала кезинен Байыркы Келишимдин Жазууларын изилдеген. Ал укмуштуудай акылга ээ болгон жана теологияны улуу рабби Гамалиилден үйрөнгөн. Теги римдик болгондуктан, ал грек тилин жана грек философторунун окутууларын изилдеген.

Ушуну эске алганда, Кудай Пабылды бутпарастар үчүн миссионер кылып тандап алганы таң калыштуу деле эмес. Кудай Пабылды төрөлгөндөн баштап эле ушуга даярдаган. Кудай бул кызмат үчүн камсыз кылган даярдык тууралуу ойлонуп көргүлө:

- Пабылдын римдик жарандыгы ага эркин саякаттоого мүмкүнчүлүк берген.
- Пабылдын еврей жана грек тилдерин билгени ага Жаңы Келишимдеги эң терең китептерди жазууга куралдарды берген.
- Пабылдын грек философиясын изилдегени ага Афин сыяктуу жерлерде грек ойчулдары менен сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк берген.

Сиз мындай дешиңиз мүмкүн: «Кудай мага Пабылдыкындай жакшы билим берген эмес, мен тектүү үй-бүлөдөн эмесмин». Эч нерсе эмес! Биринчи кылымдагы жыйындын башка жетекчисин карайлы.

Шымон бала кезинен балык улоо менен алектенген. Анда Пабылдын билими же суктандырган акылмандуулугу болгон эмес. Мындан сырткары, Петир кийинчерээк Пабыл түшүнүүгө кыйын болгон кээ бир нерселерди жазганын айткан,[39] бирок Кудай Петирди абдан күчтүү жол менен колдонгон. Пабылдын сөздөрү аркылуу берилген

---

[39] 2 Петра 3:15-16.

терең чындыктарды камтый албаган адамдар, Петирдин жөнөкөй насааттарын түшүнө алышкан.

Кудай сизди сиз кызмат кылган жерге даярдаган. Сиз Кудайга өзүңүздүн окууңузду, билимиңизди жана Ал сизге берген бардык нерсени арнасаңыз, Ал сизди Өзүнүн максатын ишке ашыруу үчүн колдонот. Кудай адамдарды Өзү чакырып алган кызматка Өзү даярдайт.

**1-Сабактын тапшырмасы**

1. Бул сабакта биз Ыйсанын азгырыкты жеңген үлгүсүн карап чыктык. Ыйык Китептен азгырыкты жеңип чыккан адамдардын үч мисалын келтириңиз. Аларга азгырыкка каршы турууга күч берген бир нерсеге көңүл буруңуз.

| Азгырыкты жеңүүнүн мисалы | Үзүндү | Жеңишти эмне алып келген? |
|---|---|---|
| Мисал: Жусуп жана Потипардын аялы | Башт. 39 | Кудайга көңүл буруу (Башт. 39:9). |
| | | |
| | | |
| | | |

Ыйык Китептен азгырыкка берилген үч адамдын мисалын келтириңиз. Ар бир учурда аларды кулоого алып келген бир себепти аныктаңыз.

| Кулоонун мисалдары | Үзүндү | Жеңилүүгө эмне алып келген? |
|---|---|---|
| Мисал: Ыйсанын сотудагы Петир | Лука 22:54-62 | Өзүнө өтө ишенип алуу (Лука22:31-34). |
| | | |
| | | |
| | | |

2. Жогоруда келтирилген мисалдарга таянып, азгырык тууралуу насаат же библиялык сабак даярдаңыз. Ыйсанын үлгүсүн кошуңуз, ошондой эле өзүңүздүн таблицада жазгандарыңызды колдонуңуз.

# 2-сабак
# Ыйсадай сыйынуу

## Сабактын максаттары

Бул сабактын акырында окуучулар төмөндөгүлөрдү кылышы керек:

1. Ыйсанын жашоосундагы жана кызматындагы сыйынуунун маанилүүлүгүн түшүнүү.
2. Ыйсанын окутуусунан сыйынуунун принциптерин үйрөнүү.
3. Бүгүнкү күндө биздин кызматыбызда сыйынуунун маанилүүлүгүн түшүнүү.
4. Сыйынуучу адам болуу үчүн тажрыйбалык кадамдарды кылууну үйрөнүү.

## Кызматтын принциби

Эгер биз Ыйсадай кызмат кылгыбыз келсе, Ал сыяктуу сыйынышыбыз керек.

## Киришүү

Профессор Говард Хендрикс сыйынуу тууралуу сөздөрүндө мындай күчтүү билдирүү кылган:

> «Шайтан сиз Ыйык Китепти окуганда каршы болбойт, *сыйынбасаңыз эле болду*, анткени ошондо Жазуу  сиздин жашооңузду эч качан өзгөртпөйт. Бул ал түгүл олуттуу руханий текеберликке алып келиши мүмкүн, анткени сиз Кудайдын Сөзүн абдан жакшы билип каласыз.
>
> Шайтан ишенимиңиз менен бөлүшкөнүңүзгө каршы эмес, *сыйынбасыңыз эле болду*, анткени ал адамдар менен Кудай жөнүндө сүйлөшкөнгө караганда, Кудайга адамдар тууралуу айтып берген маанилүү экенин билет.
>
> Шайтан сиз жергиликтүү жыйындын кызматына катышканыңызга каршы болбойт, *сыйынбасаңыз эле болду*, анткени сиз ошондо бош эмес болосуз, бирок чынында көп нерсеге деле жетише албайсыз».[40]

«Сыйынуу – жан дүйнөнүн машыгуу залы.»
Сэмюэл Звемер,
«Ислам дүйнөсүнө жиберилген кабарчы».

Сыйынуу Ыйсанын жердеги кызматынын негизи болгон: башка эч нерсе мындай артыкчылыкка ээ болгон эмес. Кудай Уулунун кызматы сыйынуу жана тыгыз баарлашуу аркылуу  Анын Асмандагы Атасы менен мамилесине негизделген.

---

[40] Howard G. Hendricks, "Prayer – the Christian's Secret Weapon." Reprinted in *Veritas*, January 2004. Ушул чыгармадан алынып, башка сөздөр менен өзгөртүлүп берилген.

► Бул сабакты изилдөөдөн мурун, жашооңузда жана кызматыңызда сыйынуунун ролун баалаңыз.  Өзүңүзгө мындай суроолорду бериңиз:

- Менин сыйынуу жашоом туруктуубу?
- Мен акыркы жолу качан сыйынууга так жооп алгам?
- Менин сыйынуу жашоомо баарынан көп эмне тоскоолдук кылат?
- Мен сыйынуу жашоомдо өсүп жатамбы?

## Ыйса – сыйынуунун үлгүсү

Оор учурларда Ыйса кызматынын убагында баштан-аяк Асмандагы Атасына кайрылып турганын көрөбүз. Жакшы Кабарлар Машайак сыйынган белгилүү он беш учур жөнүндө айтат; сыйынуу Ал үчүн эч качан экинчи орунда турган эмес: сыйынуу Анын жашоосунда борбордук орунда турган.

Башка жакшы кабарчыларга караганда, Лука Ыйсанын кызматындагы сыйынуунун маанилүүлүгүнө көбүрөөк басым кылат. Лука гана бизге Ыйса он эки шакиртти тандоонун алдында түнү менен сыйынганын  айтып берет;[41] Лука гана Ыйса Петирди, Жакыпты жана Жаканды тоого сыйынуу үчүн ээрчитип барганда толук өзгөрүлүү болгонун айтып берет.[42] Бул басым Лука алгачкы жыйындын жашоосунда сыйынуунун ролу тууралуу Элчилердин иштеринде отуз беш жолу айтканда уланат.

### Ыйсанын күнүмдүк кызматындагы сыйынуу.

► Марк 1:32-39ду окугула.

Ыйсанын иш аракетинин башталышы тууралуу бул окуя сыйынуу менен кызмат кандай байланышта экенин көрсөтөт. Бул баяндагы окуялардын өнүгүүсүнө көңүл буруңуз. Мурунку күнү кечинде адамдар Машайак жашаган үйдүн жанына чогулушкан, Ал алардын көбүн айыктырган.

Эртең менен эрте Машайак сыйынуу үчүн «ээн жерге» кеткен; Шымон Петир Анын артынан барган, анткени Аны бардыгы издеп жаткан. Ыйса мындай деп жооп берген: «Жакын жердеги башка кыштактарга, шаарларга баралы. Мен ошол жерлерде да Жакшы Кабар айтышым керек. Анткени Мен ошон үчүн келгем». Ыйсанын кызматынын модели *кызмат менен коштолгон сыйынуу* болгон.

Бул кызмат үчүн үлгү болушу керек; сыйынуусуз ал руханий чарчатуучу нерсе болуп калат. Кызматсыз биздин сыйынуу өзүмчүл болуп калат; биз айланабыздагы адамдардын муктаждыктарын канааттандырууга аракет кылбай калабыз. Ыйса сыйынуу жана кызмат ажырагыс байланышта болушу керектигин көрсөтөт.

[41] Лука 6:12.
[42] Лука 9:28.

**Чечимдерди чыгаруу учурундагы сыйынуу.**

► Лука 6:12-16ду окугула.

Ыйсанын кызматындагы эң маанилүү чечимдердин бири он эки элчини тандоо болгон. Анын насаатын уккан миңдеген адамдардын ичинен көптөр Ыйсага Анын шакирти деп аталгыдай жакын болушкан.[43] Жетимиш эки адам аларды экиден жакшы кабар таратууга жибергидей Ыйсага жакын болушкан,[44] бирок Машайак элчи катары он эки адамды гана тандаган.

Бул Он эки Машайак менен көп убакыт өткөрүшкөн. Алар Ыйсанын жердеги кызматынын акырында Аны менен бирге болушкан. Ыйса көтөрүлүп кеткенден кийин он бир элчи алгачкы жыйындын жетекчиси болуп калган. Он экини тандоо чечүүчү мааниге ээ болгон: Ыйса эч кандай китептерди жазган эмес жана эч кандай мектептерди негиздеген эмес; Анын мурасы ушул адамдарга тиешелүү болгон.

Машайак Он экини тандоо үчүн эмне кылган? Ал сыйынган. Өтө маанилүү чечим чыгаруунун алдында Ыйса түнү менен сыйынып чыккан. Кудайдын Уулу ушундай тырышчаактык менен сыйынган болсо, биздин чечим чыгаруу процессинде сыйынуу канчалык маанилүү ролду ойношу керек!

**Азап-кайгынын алдында сыйынуу.**

► Матай 26:36-46ны окугула.

Камакка алынууга бир нече саат калганда Ыйса Гетсеманияга сыйынуу үчүн барган. Ал сыйынуу менен азап тартууга даярданган. Машайак адамдык табиятындагы азап тартуулардан бошонуу үчүн эч качан кудайлыгын колдонгон эмес; анын ордуна ал азаптарга туруштук берүү үчүн Өзүнө күч бере алган сыйынууга таянган.

Ыйсанын Гетсеманиядагы сыйынуусу — бул бүгүнкү күндө биз үчүн үлгү. Ал жасалма болгон эмес; Машайак чыныгы азапка туш болгон. Ыйса адам катары азапты сезгенин түшүнүү сизди шыктандырабы? Ал жардам сурап сыйынган…

> «Ал: «О, Теңир, Сени Мени Өзүңдүн Ысымың үчүн азап тартууга тандаганың үчүн рахмат», – деп сыйынган эмес. Мындай болгон эмес, Ал тескерисинче кайгы, коркунуч, жалгыздык, а түгүл үмүтсүздүккө жакын сезимдерди башынан өткөргөн. Ошого карабастан, Ал туруштук бере алган, анткени Ааламдын борборунда жагдайлар кандай болсо да, Ал ишеним арта алган сүйүүнүн Кудайы – Өзүнүн Атасы бар экенин билген».[45]

---

[43] Жакан 6:60, 66.
[44] Лука 10:1.
[45] Philip Yancey, *The Jesus I Never Knew* (Grand Rapids: Zondervan, 1995), 161.

Азаптарга туш болгондо, өзүбүздү чынында кандай болсок, ошондон күчтүүрөөк көрсөтүүнүн кереги жок. Биз Аюп сыяктуу ооруну сезгенде ыйласак болот. Адам катары Ыйса да так эле ошондой кылган! Бирок Машайак сыяктуу биз ишенимдүү бойдон кала алабыз, анткени бизди сүйүүчү Асмандагы Атабыз бардыгын көзөмөлдөп турат.

Биз сыйынуу аркылуу Атабыздын эркин кабыл ала алабыз. Азап-кайгынын алдында Ыйсанын сыйынуусунун ачкычы жана биздин азаптардагы сыйынуунун ачкычы – бул Атанын эркине баш ийүү: «…Сенин эркиң болсун».

## Ыйсанын сыйынуу жөнүндө окутуусу

Ыйса сыйынуунун маанилүүлүгүн Өзүнүн үлгүсү менен гана көрсөткөн эмес, Ал Өзүнүн окутуусунун көп бөлүгүн сыйынууга арнаган. Машайак Өзүнүн жолдоочуларынын руханий жашоосу сыйынуу жашоосун талап кыларын билген, ошол себептен Өзүнүн шакирттерин сыйынууга үйрөткөн.

### Тоодогу насаатта Ыйсанын окутуусу

► Матай 6:1-18ди окугула.

Тоодогу насаатта Ыйса руханий иш аракеттин үч тармагы тууралуу окуткан: жакырларга кайыр берүү, сыйынуу жана орозо. Анын окутуусунан көрүнүп тургандай, Машайак Өзүнүн жолдоочуларынын жашоосунда бул нерселер кадыресе көрүнүш болорун күткөн. Ыйса: «Эгер силер жакырларга берсеңер», — же: «эгер силер сыйынсаңар же орозо кармасаңар» деген эмес; Ал Өзүнүн жолдоочулары берешен, сыйынуучу жана өзүн тарбиялай билген шакирттерден болорун күткөн.

Ыйса жакшы иштер пайда көрүү ниети менен кылынса, маанисиз болушу мүмкүн экенин көрсөткөн. Байыркы дүйнөдө пьесада ар түрдүү ролдорду ойноо үчүн ар түрдүү маскаларды кийген актёр «эки жүздүү» деп аталган; адам башкалардын алдында «диний ролду ойношу» мүмкүн.

- Адамдарды берешендиги менен таң калтыруу үчүн жакырларга кайыр таратса болот; Ыйса «алар… өзүнүн сыйлыгын алып жатышат» деген.
- Көрүүчүлөрдү кооз сөздөр менен таасирлентүү үчүн сыйынса болот; Машайак «…алар өз сыйлыгын алышты» деген.
- Башкаларды такыбалык жана өзүн-өзү тарбиялоо менен таасирлентүү үчүн орозо кармаса болот. Теңир: «…алар сыйлыгын алып жатышат» деген.

Бул руханий аракеттердин ниети Асмандагы Атабызды кубантышы керек. Жакырларга кайыр таратабызбы, сыйынабызбы же орозо кармайбызбы биздин сыйлык – Кудай Өзү. Биз дүйнөлүк кол чабуулар үчүн руханий иштерди кылбашыбыз керек, тескерисинче аларды Кудайдын каалоосун кылуу ниетибиз тереңдегендиктен кылышыбыз керек.

Ыйса Өзүнүн шакирттерине жөнөкөй сыйынууну үйрөткөн:

> «Силер болсо мындай сыйынгыла:
>
> Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун.
>
> Сенин Падышачылыгың келсин.
>
> Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын.
>
> Бизге күнүмдүк наныбызды бер.
>
> Бизге жамандык кылгандарды кечиргенибиздей, Сен да биздин күнөөлөрүбүздү кечире көр.
>
> Азгырылышыбызга жол бербе, бизди жамандыктан сакта.».[46]

Бул сыйынууну Ыйса Матайдын Жакшы Кабары 6:7-8де ашкерелеген «куру сөздөр» сыяктуу ойлонбой туруп кайталай бербеш керек; ал биздин сыйынуулар жетектеши керек болгон ички маанайды көрсөтөт.

***Өз-ара мамилелер.***

«Атабыз» деген сөз биздин Кудай менен өз-ара тыгыз мамилени көрсөтөт. Биз аны алыс турган колдоочу деп эсептебейбиз, биз Аны Өзүнүн балдарына жакшы белектерди бергенди жакшы көргөн Ата катары тааныйбыз.[47] Бул сөздөр («Атабыз») жакындыкты, ошондой эле бийликти («асмандагы») билдирет: Кудай улуу жана ошол эле учурда жакын.

***Урматтоо.***

«…Сенин ысымың ыйык тутулсун» — бул биз менен биздин «асмандагы» Атабыздын ортосундагы аралыкты билдирет. Кудай – сүйүктүү Ата, ошол эле учурда ал ыйык.[48] Акылман Насаатчы айткандай, биз адамды ыйык Кудайдан бөлүп турган аралыкка көңүл бурбай койбошубуз керек;[49] биз Анын алдына урматтоо жана ыйбаа кылуу сезими менен келебиз.

***Баш ийүү*.**

«…Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын…» деген Анын бийлигине баш ийүүбүздүн символу. Кудайдын асмандагы эрки жеткилең болгондуктан, биз ал жерде аткарылсын деп сыйынышыбыз керек.

---

[46] Мат. 6:9-13.
[47] Мат. 7:11.
[48] «Ыйык тутулсун» деген сөз «ыйык» же «бөлүнгөн» дегенди билдирет.
[49] Нас. 5:2.

***Камсыздоо.***

«…Бизге күнүмдүк наныбызды бер…». Бул сөздөр дүйнөдө электр жарыгы жана муздаткыч пайда болгонго чейин өзгөчө мааниге ээ болгон. Тамак-аш бир күн сакталган.  Бул сөздөр биздин Атабызга болгон күнүмдүк таянуубузду көрсөтүп турат; Анын балдары катары биз Ал биздин муктаждыктарыбызга кам көрөрүнө ишеним артабыз.

***Күнөөнү ачык айтуу***.

«…Бизге жамандык кылгандарды кечиргенибиздей, Сен да биздин күнөөлөрүбүздү кечире көр…». Лука 11:2-4тө бул сыйынуу мындай берилген: «Бизге карыз болгондордун ар бирин кечиргенибиздей, биздин күнөөлөрүбүздү да кечире көр». Биздин күнөөлөр – Кудайдын алдында «карыз» болгондуктан Матай жана Лукада бул сөздүн мааниси бирдей.[50]

Кудайдан келген кечиримди башкаларды кечирүү менен байланыштыруу менен Ыйса биз кечиримди «эмгек сиңирип» аларыбызды үйрөткөн эмес: биз кечирилгенбиз, ошол себептен биз өзүбүздү таарынткандарды ыктыярдуу түрдө кечиребиз. Ыйсанын кечирүүчү кул тууралуу үлгү насаат аңгемеси биздин кечирим алуубуз менен башкаларды кечирүүгө даярдыгыбыздын ортосундагы байланышты көрсөтөт.[51]

***Жеңиш***.

«…Азгырылышыбызга жол бербе, бизди жамандыктан сакта…». Бул сыйынуу азгырык менен сыноону жеңүү тууралуу сыйынуу. Кудай эч качан Өзүнүн балдарын азгырбайт,[52] бирок ар бирибиз азгырыктарга жана сыноолорго туш болобуз;[53] мындай учурларда Кудай бизге эч качан алыбыз жеткенден ашыкча азгырылууга жол бербейт.[54]

**Ыйсанын кайраттуулук менен сыйынуу тууралуу окутуусу**.

► Лука 11:1-13тү окугула.

«Асмандагы Атабыз» сыйынуусунан кийин, жакшы кабарчы Лука дароо бизди балдарына жакшы белектерди бергенди жакшы көргөн Атабызга өжөрлүк менен сыйынуу тууралуу үйрөткөн үлгү насаат аңгемени айтып берет. Жакынкы Чыгышта мейманга шарттарды түзүп берүү үчүн кошуналардан карыз алуу кадыресе көрүнүш болгон. Адам өжөрлүк менен сураса, анын кошунасы ага керектүү нерсенин баарын берген. Бул маданиятта суранычты четке кагуу оройлук катары кабыл алынган;

---

[50] Кол. 2:14.
[51] Мат. 18:21-35.
[52] Жакып 1:13.
[53] 1 Пет. 1:6-7.
[54] 1 Кор. 10:13.

кошуна өз бүлөсүнүн тынчын алгысы келбесе да, жардам сурап кайрылууну четке каккан эмес.

Андан өтүп Кудай кайраттуулук менен сураган балдарына Өзүнүн жакшы белектерин бергиси келет. Бул үлгү насаат аңгемедеги адам өжөрлүк менен сурагандай эле, биз толук ишенимдүүлүк менен Асмандагы Атабызга жакындай алабыз. Эмне үчүн? Бул Кудайга биздин сураныбызды четке кагуу ыңгайсыз болгону үчүн эмес; бизге «сураганга, издегенге жана тыкылдатканга» уруксаат берилгени үчүн жакындай алабыз.

***Тагыраак карайбыз: Еврейлердин окутуу ыкмасы***

Луканын Жакшы Кабары 11:1-13тө Ыйса үйүнө келген мейманына берүү үчүн нан сураган жакынына жардам берүүгө төшөгүнөн турууну каалабаган адам жөнүндө окуя айтып берет.

Бул үлгү насаат аңгемени түшүнүү үчүн еврейлердин «кичинеден чоң» жүйөөгө өткөн окутуу ыкмасын  изилдөө керек. Анын түзүлүшү мындай: «Эгер А (кичинекейи) туура болсо, *анда* Б (чоңураагы) *да ошончолук* чындык болушу керек». Бүгүнкү күндө биз мындай десек болот: «Эгер адам курсагы ачкан бейтааныш адамдын курсагын тойгузса (А), анда (*бир топ) көбүрөөк* сүйгөн Ата  Өзүнүн балдарынын курсагын тойгузат (Б)».

Бул үлгү насаат аңгемени окуганда: «Кудай олку-солку болгон кошунага окшош. Мен аны өзүмдүн сыйынууларыма жооп берүүгө көндүрүшүм керек», – деп ойлобоңуз. Ыйса олку-солку болгон кошунаны, дайыма жардам берүүгө даяр болгон Асмандагы Атага карама-каршы коёт. Жердеги кошуна өжөр сураныччтарга жооп берсе, Асмандагы Ата Өзүнүн балдарына андан бетер жооп берери анык!

***Намаз - бул мам иле***.

Эгер Кудай Өзүнүн балдарынын сыйынууларына жооп бергиси келсе, эмнеге Анын жообу кээде кечигет? «Сурагыла, издегиле жана тыкылдаткыла» — бул буйруктар учур чакты билдирет; биз сураганды, издегенди жана тыкылдатканды улантышыбыз керек. Эмнеге?

> «Сыйынуу деген биз каалаганды сурап жана алуу эмес; сыйынуу деген Кудайдан бизге керек нерсени сурап жана алуу.»
> Филип Янси

Мунун бир себеби, сыйынуу жөн гана өтүнүчтөрдүн тизмеси эмес; бул биздин Асмандагы Атабыз менен туруктуу мамилелер. Пабыл бизге «Үзгүлтүксүз сыйынгыла»[55] деген сыяктуу, Ыйса сурануунуу, издөөнү жана тыкылдатууну изилдөөгө шыктандырат. Ушул

[55] 1 Фес. 5:17.

Кудай менен үзгүлтүксүз баарлашуу аркылуу биздин Кудай менен мамилебиз тереңдейт. Сыйынуу – өтүнүчтөрдүн тизмеси эле эмес; сыйынуу – бул биздин мамилелер.

**Туруктуу сыйынуу тууралуу үлгү насаат аңгеме**.

Лука 17-бөлүмдө фарисейлер Асман Падышалыгы качан келерин сурашкан. Ал укмуштуу жышаандарды күтүп кереги жок экенин айтып жооп берген. Анын ордуна Ал «…Кудайдын Падышалыгы силердин ичиңерде»[56] деген; Машайактын артынан ээрчигендердин ичинде Асман Падышалыгы болгон.

Андан кийин Ыйса Өзүнүн шакирттерине кайрылып аларга Кудайдын Падышалыгы тууралуу айтып берген. Алар Машайак түздөн-түз саясий башкаруу орнотот деп ойлошкон, бирок Теңир аларды Өзүнүн өлүмүнөн кийин да Падышалыкты күтүүгө даярдап жаткан. Күтүү учурунда алар сыйынууда туруктуу болуп, көңүлдөрү чөкпөшү керек. Андан кийин Машайак ишенимдүү сыйынуу тууралуу айтып берет.

► Лука 18:1-8ди окугула.

Байыркы шаарлардын көбүндө соттор чынчыл болушкан эмес. Пара бермейинче эч ким сот отурумуна катыша алган эмес. Жесир аялдын сотко пара берүү үчүн акчасы жок болчу, ошол себептен сот анын ишин кароодон баш тарткан. Бирок бул аял өжөрлөнүп, багынуудан баш тарткан жана чегинген эмес. Ошондо адилетсиз сот: «...бул жесир аял мага тынчтык бербегендиктен, аны коргоюн. Ал келе берип, мени тажатпасын», – дейт.

Бул үлгү насаат аңгемеде,  өжөр дос тууралуу үлгү насаат аңгемедегидей эле «кичинеден чоңго» ыкмасы колдонулат; аны окуганда мындай түшүнүккө келесиз:

- Кудай адилетсиз сот эмес; Атабыз Өзүнүн тандалгандарын коргогусу келет.
- Биз жесир эмеспиз: ал чоочун болгон; ал эми биз Кудайдын балдарыбыз.
- Ал соттун алдына кире алган эмес; Ыйса аркылуу биз Кудайга кайрыла алабыз.

> «Сыйынуу деген Кудай каалабаганын кылдыруу эмес; сыйынуу деген — бул Кудайдын жардам берүүгө даярдыгы менен биригүү.»
> Мартин Лютер

Бул үлгү насаат карама-каршылыктардан курулган. Адилетсиз сот өжөр жесирге жооп берсе, Асмандагы Атабыз Өзүнүн балдарынын сыйынууларына *андан бетер* жооп берери анык!

[56] Лука 17:20-21.

**Момун сыйынуу тууралуу үлгү насаат аңгеме**.

► Лука 18:9-14тү окугула.

Ыйсанын кийинки үлгү насаат аңгемеси өздөрүн адил эсептеп, башкаларга жек көрүү менен мамиле кылган адамдарга айтылган; ал туура мамиле кылууну үйрөтөт.

Үлгү насааттын негизги ойу: «өзүн өзү көтөргөн адам басынтылат, ал эми өзүн басынткан адам көтөрүлөт». Фарисейлер биз адилбиз ошондуктан сыйынууларыбызга жооп алып жатабыз деп ойлошкон; Ыйса өзүнүн адилдигине таянбаган адамдарга Кудайдын ырайымы менен сыйынууга жооп келерин көрсөтөт. Эч ким сыйынуусуна жооп алууга татыктуу эмес; Кудай Өзүнөн эч нерсени алууга татыктуу эмес адамдардын сыйынуусуна Өзүнүн ырайымы менен гана жооп берет.

**Колдонуу: машайакчынын жашоосундагы сыйынуу.**

Машайакка окшош адамдар — бул сыйынуучу адамдар. XIX кылымда Ливерпулдун епискобу Дж. К. Райл, көрүнүктүү машайакчылардын өмүрүн изилдеген. Ал машайакчылардын айрымдары бай, башкалары – жакыр; кимдир бирөөсү билимдүү, калгандары сабатсыз; кээ бирөөлөрү кальвинисттер, башкалары арминиандар; айрымдары литургияны колдонгондор, ал эми башкалары кабыл алынган жөрөлгөлөрдөн эркин болгондор: бирок алардын бардыгы жалпы бир окшоштукка ээ болгонун: алардын бардыгы сыйынуучу адамдар экенин айтат.[57]

Жыйындын тарыхында баштан-аяк Машайакка окшогон адамдар сыйынуучу адамдар болушкан. Улуу машайакчы жетекчи Е. М. Баундс, 4:00 баштап 7:00 чейин сыйынган. Ал мындай деп жазган: «Ыйык Рух ар түрдүү ыкмалар аркылуу эмес, адамдар аркылуу иш аракет кылат. Ал кандайдыр бир машиналарга эмес, адамдарга келип түшөт. Ал пландарды эмес, адамдарды – сыйынуу адамдарын майлайт.»[58]

Джордж Мюллер миңдеген балдар үчүн балдар үйлөрүн жетектеген. Ал эч кимден жардам сурабай, сыйынууга гана таянууну чечкен. Сыйынуу аркылуу гана ал жардамга 7 миллион доллардан ашык акча  алган. Мюллер өзүнүн балдар үйлөрүн эле каржылаган эмес, ал ошондой эле башка кызматтарга миңдеген долларларды бөлүп турган. Джордж Мюллер сыйынуунун күчүн билген.

**Биз эмнеге сыйынышыбыз керек?**

***Биз Кудайга таянганыбыз үчүн сыйынабыз.***

> «Кайсы бир ишти сыйынуусуз кыла алсаңыз, аны кылып кереги барбы?»
> Д-р. Ховард Хендрикс

Адам болгондуктан Ыйса Атасы менен баарлашуу үчүн сыйынууга таянган. Сыйынуу — Кудайдан көз каранды болуу актысы; ал биз өзүбүзгө эмес, Кудайга

---

[57] Кийинки булактан келтирилген: Matt Friedeman, *The Accountability Connection* (Victor Books, 1992).

[58] Edward M. Bounds, *Power Through Prayer* (Wisconsin: Treasures Media, n.d.), p. 2.

таянганыбызды көрсөтөт.

► Матай 26:31-46ны окугула.

Шымон Петирдин кулаганы сыйынуунун маанилүүлүгүн көрсөтөт. Ыйса шакирттерине: «Ушул түнү баарыңар менден шектенесиңер», – деп эскерткен. Андан да ачык түрдө Ыйса Петирге эскертүү берип: «Шымон, Шымон! Шайтан силерди калбырдан буудай сыяктуу өткөрүүнү суранды» деген.[59] Петир эки себептин айынан кулаган.

1. **Петир менменсинген**. Ал: «Баары Сенден шектенишсе да, Мен эч качан шектенбейм», «Сени менен бирге өлүшүм керек болсо да, мен Сенден баш тартпайм»,[60]– деп ырастаган. Текебердик Петирдин өзүнө болгон ишенимди арттырган.

2. **Петир сыйынган эмес**. Ал өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө толук ишенгендиктен Кудайга таянган эмес. Петир сыйынууда Ыйсаны коштогондун ордуна уктап жаткан. Биз Кудайдан толук көз карандылыгыбызды сезгенде, чын жүрөктөн сыйынабыз. Дик Истман мындай деп жазган: «Сыйынууда гана биз толугу менен көйгөйлөрүбүздү Кудайга беребиз».[61]

***Биз Кудайды тереңирээк таанып билүү үчүн сыйынабыз.***

Заманбап жыйындын эң чоң алсыздыктарынын бири – биз Кудайды үстүртөн таанып билгенибиз. Биздин сыйынуу өтүнүчтөрүбүз өтө эле көп учурда материалдык муктаждыктардан жана жеке канааттантуу каалоолорунан турат. Көпчүлүгүбүз: «Оо, Кудай балдарымды Өзүңө окшоштуруп өстүрө көр» дегендин ордуна, көп учурда: «Оо, Кудай, балдарыма жакшы жумуш табууга жардам берчи», – деп сыйынабыз. Биз руханий айыгууга караганда, денелик айыгууга чын жүрөктөн сыйынабыз; бул биздин чыныгы сыйынуунун маанисин канчалык аз түшүнгөнүбүздөн кабар берет.

> «Биз сыйынууну өзүбүз үчүн бир нерсе алуу каражаты катары карайбыз; библиялык сыйынуу идеясы болсо биз Кудайды таанып биле алганыбызда камтылган.»
> Освальд Чемберс

Сыйынуунун негизги максаттарынын бири – Кудайды көбүрөөк таануу: биз Кудайдын жүрөгүнө ыңгайлашабыз. Сыйынуунун маңызы Кудайды өзүбүз каалаганды кылдыруу эмес; сыйынууда биз Кудайдын жүрөгүн Ал каалап жатканды билген деңгээлге чейин таанып билебиз.

Биз ошол деңгээлге жеткенде, сыйынууга жооптор келет. Ыйса мындай деген: «Ошондуктан силерге айтып коёюн, Кудайдан эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле,

[59] Лука 22:31.
[60] Мат. 26:33,35.
[61] Dick Eastman, *The Hour That Changes the World* (Grand Rapids: Baker Book House, 1995).

ошондо силерге берилет».[62] Биздин жүрөгүбүз Кудайдын жүрөгүнө тууралангандыктан, биз туура эмес ниеттен же Кудайдын эркине каршы сурабайбыз,[63] Анын жүрөгүн таанып билүү туруктуу сыйынуу аркылуу келет.

Пуритандар «биз сыйынып баштаганга чейин сыйына бериш керек» дешкен. Башкача айтканда, биз куру сөздөрдөн арылып, Кудайдын катышуусуна кирген деңгээлге жеткенге чейин жетиштүү узак убакыт жана жетиштүү чыдамкайлык менен сыйынышыбыз керек: Кудайга ырахаттана баштаган деңгээлге чейин сыйынуу керек.

► Сыйынуу сизге Кудайды жана Анын эркин терең тааныткан убакыттар жөнүндө айтып бериңиз.

**Кантип сыйынышыбыз керек?**

Ыйсанын сыйынуу үлгүсүн изилдөөдө биз таасирлүү сыйынуунун маанилүү сабактары менен таанышабыз.

***Биз чыдамкайлык менен сыйынышыбыз керек.***

Ыйса Кудайдын Уулу болчу. Анын сыйынуу жашоосу: «Ата, Менин эмне кылуумду каалайсың?» деген жөнөкөй суроодон турганын күтсөк болот эле. Ошондо жооп күттүрбөй келмек! Анын ордуна биз Ыйса он эки шакиртти тандоонун алдында түнү менен сыйынууда болгонун көрөбүз; Ал Гетсемания багында күрөштө болгон. Сыйынуу Ыйсадан да чыдамкайлыкты жана убакытты талап кылган – сыйынуу деген Кудайды күтүү.

Сыйынууда күтүүнүн маанилүүлүгү тууралуу айтып жатып, Глен Паттерсон мындай деген: «Биз күтүп жатканда, Кудай биздин ичибизде кылган нерсе, биз күтүп жаткан нерседей эле маанилүү. Күтүү – Кудай бизди Өзү каалагандай кылып жасаган жараяндын бир бөлүгү». Биз Кудайды күткөндө, Аны көбүрөөк таанып билүүнү үйрөнөбүз.

> «Адамдар биздин чакырыктарды четке кагышы мүмкүн, кабарыбызды кабыл албашы мүмкүн, биздин жүйөөлөргө каршы турушу мүмкүн, бирок алар биздин сыйынууларга каршы туруштук бере албайт.»
> Дж. Сидлоу Бакстер

Забур 36:1-9 сыйынуу тууралуу маанилүү сабак. Бул буйруктарды караңыз:

- Зулумдарга ачууланба, мыйзамсыз иш кылгандарга суктанба
- Теңирге таян
- Теңир менен кубан
- Теңирге өз жолуңду тапшыр
- Ага таян, ошондо ал ишке ашырат
- Теңирди унчукпай күт

[62] Марк 11:24.
[63] Жакып 4:3 и 1 Жакан 5:14.

- Андан үмүттөн.
- Ачууңду токтот
- атаандашпа (кайталанып айтылат!)

Бул буйруктар ар бир адам тууралуу кам көргөн жана жүрөктүн каалоосуна жооп берген Кудайга чыдамкайлык менен ишеним артууну билдирет. Чыдамкайлык менен сыйынуу аркылуу биз Кудай каалагандай, Ага ишеним артуучу адамдардан болуп калабыз.

***Өжөр сыйынуунун үлгүсү***

Машайакчылык жашоосунун башында Джордж Мюллер өзүнүн беш досу үчүн сыйынып баштаган. Көп айлардан кийин досторунан бирөө Теңирге келген; он жылдан кийин дагы экөө кайрылган; төртүнчү адам куткарылганга чейин жыйырма беш жыл өткөн.

Мюллер бешинчи досу үчүн өзү көз жумганга чейин сыйынууну уланта берген. Элүү эки жыл бою ал ушул досу Машайакты кабыл алышы үчүн сыйынуусун токтоткон эмес! Мюллер көргө коюлгандан бир нече күндөн кийин анын досу куткарылган. Мюллер өжөр сыйынууга ишенген.

***Биз момундук менен сыйынышыбыз керек.***

Ыйса мындай деп сыйынган: «…Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун» [64], — : Машайак Өзүнүн Атасынын жеткилең эркине ишеним арта аларын билген.

Сыйынуу — бул момун болуу актысы. Биз башкаларга өзүбүздүн акылмандуулугубуз менен жардам бере албагандыктан, алар үчүн сыйынабыз; биз Кудайга үмүттөнүшүбүз керек.  Биз өзүбүздүн жашообузду өз күчүбүз менен башкара албайбыз, ошол себептен өзүбүз үчүн сыйынабыз; биз Кудайга үмүттөнүшүбүз керек.

Сыйынуу биз Кудайдын жардамына муктаж экенибизди күбөлөндүрөт. Биз турмуштук көйгөйлөргө алыбыз жетерине толук ишенсек, тырышчаактык менен сыйынбасак деле керек; ал эми жашообузду көзөмөлдөй албаганыбызды түшүнгөндө, биз момундук менен сыйынабыз.

Биз «ишенимдүү момундук» менен сыйынышыбыз керек. Биз Кудайдан жооп күткөндө, толук ишенүүгө жана тынчтыкка ээ боло алабыз, анткени биз өзүбүздү сүйгөн жана балдарына эң жакшыны каалаган Асмандагы Атабызга кайрылабыз. Жашоодо жана кызматта көйгөйлөр пайда болгондо биздин момун сыйынуунун жемиши Кудайга тынч ишеним артуу болуп саналат.

---

[64] Лука  22:42.

***Биз жеке сыйынышыбыз керек.***

Ыйса Өзүнүн шакирттерин сыйынууну Кудайга жеке — «Атабыз» деп баштоону үйрөткөн. Чыныгы сыйынуу – өтө жеке нерсе. Пол Миллер: «Көп адамдарга сыйынууну үйрөнүү кыйын, анткени алар көңүлүн Кудайга эмес, сыйынуунун өзүнө бурушат» [65] деген.  Көп учурда биз Кудай менен сүйлөшпөй эле «сыйынууларды айтабыз». Бул Ыйса эскерткен негизги нерсе: «…ашык сөздөрдү айтып сыйынбагыла».[66]

Тамак иче турган дастарконго алдын ала текст даярдап жазып келген адамды элестетиңиз. Ал: «Мен үй-бүлөм менен сүйлөшкүм келет, ошол себептен сүйлөй турган сөзүмдү даярдап келдим», – дейт. Бул чыныгы сүйлөшүү болбойт! Биз ал адам дасторкондо отурган адамдарга эмес, колдоно турган сөздөрүнө көңүл бурат деп ойлойбуз.

Ушул сыяктуу эле, сыйынуу да жатталган сөздөргө эмес, Кудайга көңүл топтошу керек. Сыйынуу – кандайдыр бир система эмес; бул мамиле: ал жеке болушу керек.

**Биз кантип сыйынуучу адам боло алабыз?**

V кылымда римдик дворянка Фальтония Проба сыйынуу боюнча кеңеш сурап Августинге кайрылган: ал кантип сыйынуучу адам болууга мүмкүн экенин билгиси келген.  Августин ага акылман кеңеши менен узун кат жазган.[67] Бул бөлүктө биз анын сыйынууга тиешелүү жазган принциптерин карап чыгабыз.

***Кандай адам сыйынуучу адам боло алат?***

Биринчиден, Августин сыйынуучу адам башка булактарга таянбашы керектигин айтат; сыйынуучу адам сыйынууга гана ишеним арта алат.

Проба Римдеги эң таасирдүү жана бай адамдын жесири болгон. Анын үч уулу рим консулдары катары кызмат кылышкан. Августин Пробага кайрылган сөзүн ал өзүн бул дүйнөдө «жан дүйнөсү бош калгандай» сезиши керек деген сөздөрдөн баштаган. Биз канчалык бай, таасирдүү же ийгиликтүү болбойлу, Кудайдын алдында алсыздыгыбызды мойнубузга алышыбыз керек; антпесе, биздин сыйынууларыбыз салыкчынын сыйынуусуна эмес, фарисейдин сыйынуусуна окшош болот.

***Биз эмне үчүн сыйынышыбыз керек?***

Августин Пробага кызыктуу жооп берет. Ал: «Бактылуу өмүр сүрүү үчүн сыйынгыла», – дейт. Бул өзүмчүл угулушу мүмкүн, бирок Августин чыныгы бакыт Кудайдан гана

---

[65] Paul E. Miller, *A Praying Life: Connecting with God in a Distracting World* (NavPress, 2009).
[66] Мат. 6:7.
[67] Philip Schaff, ed. *The Confessions and Letters of St. Augustine (Nicene and Post-Nicene Fathers, First Series, Vol. 1.* (Buffalo, NY: Christian Literature Publishing Co., 1886).

келерин түшүндүрөт. Адам «каалаганын баарына жеткенде жана каалабашы керек болгон эч нерсени каалабаганда чындап бактылуу болот».

Машайакчы анын Кудайы бар болгондуктан бактылуу жана ал бактылуу болуу үчүн Кудай анда болуусун каалабаган нерсеге ээ болгусу келбейт; биз забурчу сыяктуу Кудайдын катышуусуна канааттанабыз.

> «ТЕҢИРДЕН мен бир гана нерсени сурадым, ошону гана издеп келем: өмүр бою ТЕҢИРДИН үйүндө болгум келет, ТЕҢИРДИН сулуулугун көргүм келет, Анын ийбадатканасына барып тургум келет».[68]

Эгер биз чындап эле Кудайдын катышуусун баарынан жогору кааласак, Кудай Өзүн бизге берүү менен биздин эң терең каалоону канааттандыраарын билип, бакыт жөнүндө сыйына алабыз.

***Биз кыйын учурда кантип сыйынсак болот?***

Августин биз сыйыныш керек болгон нерселер жөнүндө кантип сыйынууну билбеген убакыттар келерин Пабыл мойнуна алганын Пробанын эсине салат.[69] Биз үмүтсүздүккө туш болгондо, кантип сыйынышыбыз керек?

Августин Жазуудан үч үзүндү келтирет. Биринчиден, ал Пабыл «денесиндеги тикенек» тууралуу сыйынгандагы анын үлгүсүн келтирет. Аны ошол тикенектен бошотуунун ордуна, Кудай: «Менин сага болгон ырайымым жетиштүү. Анткени Менин күчүм алсыздыкта жеткилең болот» деген убада берет. Пабыл мындай деп күбөлөндүрөт: «Ошондуктан Машайактын күчү менден орун алат деп, өзүмдүн алсыздыгым менен артыгыраак мактанам».[70]

Экинчиден, Августин Гетсеманиядагы Ыйсанын мисалына көңүл бурат. Машайак Өзүнүн каалоолорун Кудайга берген; Ал бошонууну каалап: «Ата! Мүмкүн болсо, ушул чөйчөк Менин жанымдан кыя өтүп кетсинчи», — дейт да, бирок: «Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун», – деп бүтүрөт .[71]

Катынын акырында Августин Римдиктерге 8:26га кайрылат. Биз кантип сыйынууну билбегенде, Ыйык Рух биздин жүрөктөрүбүздү багыттайт. Рух «…алсыз болгон кезибизде бизге күч берип турат» жана «Рух Өзү тил жеткис улутунуулары менен биз үчүн арачылык кылат». Биз сөздөрдү таппай калганда, Ыйык Рух биздин сыйынууларды кабыл алган жана Өзү чакырып алгандар үчүн бардыгын жакшылыкка айландырган Атабызга алып келет.[72]

---

[68] Забур 26:4.
[69] Рим. 8:26.
[70] 2 Кор. 12:8-10.
[71] Мат. 26:39.
[72] Рим. 8:26-28.

## Жыйынтыктоо: кантип сыйынууну билбегенде

Кээде үн катпоо — сиз кыла алган эң жакшы нерсе болушу мүмкүн. [73] Сиз сыйынгыңыз келет, бирок кантип сыйынууну билбейсиз; сыйынуу келбейт. Эмне кылса болот? Мунун бир сыры бар – Машайак – биздин Улуу Ыйык кызмат кылуучу экенин түшүнүү.

Жакшы кабар машайакчылары катары, биз бардык ишенүүчүлөрдүн ыйык кызмат кылуучу экенине ишенебиз. Реформациянын улуу окутуусу ар бирибиз Кудайга кайрыла алганыбыз тууралуу билимди алып келген, бирок бул окутууну туура эмес түшүнүү руханий күрөшкө алып келиши мүмкүн. Мен күмөн саноолорго толуп: «Жетиштүү сыйындымбы? Өзүмө тиешелүү бөлүктү аткардымбы?» – дешим мүмкүн.

2013-ж. конференцияда окутуучу Алан Торранс өзүнүн күрөшү тууралуу күбөлүгүн айтып берген.

> «2008-ж. январда менин аялым Джейн рактан өлдү. Ал эң сонун машайакчы, жубай жана эне болчу. Анын денесине рак оорусу жайылып кеткенде, анын оорудан кыйналганын карап туруу; биздин балдарыбыз анын азаптарынын күбөсү болуп жатканын карап туруу өтө кыйын болду. Азап-кайгы убагында мен бүт күчүм менен кантип сыйынууну жана эмне жөнүндө сыйынууну билүүгө умтулчумун. Мен кантип сыйынууну билбей жаткам.
>
> Ошол учурда Машайактын ыйык кызмат кылуучулугу мен азыр айтып бере алгандан да чоң мааниге ээ болду. Мен Джейнди колумда кармап турганда, көтөрүлүп кеткен Ыйык кызмат кылуучу (Ыйса Машайак) биз үчүн арачылык кылган. Биз Анын катышуусунда бейпилдикте боло алабыз.
>
> Ошол учурда мен «Асмандагы Атабыз» сыйынуусун кармандым. Мен жалгыз сыйынууда ушундай мааниде жалгыз калган жокмун: Мен ошол Рухка кайрылып: «Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун. Сенин Падышачылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын», – дедим.
>
> Машаяктын тынымсыз ыйык кызмат кылуучулугунун маанисин түшүнүү жашообуздун жана сыйынуубуздун ар бир бөлүгүн өзгөртө тургандай кылып өзүбүз үчүн жакшы кабарды ачууну билдирет.

Биз Атага өзүбүздүн руханий күчүбүз менен жетишибиз керектигин айтканда, ишенүүчүлөрдүн ыйык кызмат кылуучу экенин туура эмес түшүнөбүз. Бул жаңылыштык. Ишенүүчүлөрдүн ыйык кызмат кылуучу экени бизге *Машайактан башка арачы* кереги жоктугун билдирет. Ал биздин сыйынууга ийгиликсиз аракеттерибизди кабыл алып, Атага аларды кабыл алынууга татыктуу курмандык кылып тартуулап,

[73] Marc Cortez, *Everyday Theology*. http://marccortez.com/2013/01/23/priesthood-of-christ-when-you-just-cant-pray/

биз үчүн арачылык кылат. Биздин сыйынуу Рухтун күчүнө ээ, ал эми Ыйса Машайак – Ыйык кызмат кылуучу – биздин арачыбыз.

Кантип сыйынууну билбей жатканда, үмүтүңүздү үзбөңүз: биз үчүн сыйынып жаткан Бирөө бар, ал биз менен чогуу тизелеп турат, Атабыздын алдында биз үчүн арачылык кылып, биз айта албаганды Ага айтат.

## 2-Сабактын тапшырмасы

1. «Симфонияны» же Ыйык Китепте издөө программасын колдонуп, андагы сыйынуунун үч мисалын табыңыз. Алардын ар бирин «Асмандагы Атабыз» сыйынуусу менен салыштырыңыз. Анын кайсы элементтерин башка библиялык сыйынуулардан тапсак болот? Белгилөө үчүн кийинки беттеги диаграмманы колдонуңуз.

2. Бир ай бою сыйынуу күндөлүгүн жүргүзүңүз. Көңүлүңүздү калтырган нерселерди, сыйынуудагы жеңиштериңизди жана сыйынууга Кудайдын жоопторун жазыңыз. Ал күндөлүктү сыйынуу жашооңуздун өсүп өнүгүүсү үчүн колдонуңуз.

| **Библиялык сыйынуу** | **Үзүндү** | **Сыйынуудагы элементтер** |
|---|---|---|
| Некемиянын сыйынуусу | Нек. 1:5-11 | • Өз ара мамилелер: «Оо, Теңир …Өзүнүн келишимин бек сактаган…»<br>• Урматтоо: «…асмандагы Кудай.., улуу жана коркунучтуу Кудай!».<br>• Баш ийүү: «Өзүңдүн кулуңдун» сыйынуусу.<br>• Камсыздоо: «Өз кулуңду колдой көр…»<br>• Күнөөнү моюнга алуу: «Ысрайыл уулунун кылган күнөөсү тууралуу…сыйынам». |
| | | |
| | | |
| | | |

# 3-сабак
# Ыйса сыяктуу артыңдан ээрчитүү

## Сабактын максаттары

Бул сабактын акырында окуучулар төмөндөгүлөрдү кылышы керек:

1. Ыйсаны улуу жетекчи кылган сапаттарды түшүнүү.

2. Кудай берген миссияга жана чакырыкка күнүмдүк артыкчылыктарды аныктоого жол берүү.

3. Келечектеги жетекчилерди окутуу боюнча жана кызмат кылуу тобун түзүү үчүн план иштеп чыгуу.

4. Жетектеген адамдарга кызмат кылуу миссиясын баалоо.

## Кызмат кылуу принциби

жетекчилер башкаларга кызмат кылганда баарынан көп Ыйсага окшош болушат.

## Киришүү

Жетекчилик — күчтүү сезимдерди пайда кылган сөз. Дүйнөлүк адамдар аны укканда бийлик менен коомдогу орду тууралуу ойлонушат. Жетекчи болуу — «босс» болууну билдирет. Өзүнө сыймыктанган жетекчилер «тепкич менен жогору көтөрүлүп» эң сыйлуу наамга ээ болгусу келет. Жыйындын койчумандары да ушундай ой жүгүртүүгө жетелениши мүмкүн: алар чоңураак жыйындарды башкарууга, жогорураак кызмат орундарга жана көбүрөөк урмат сыйга ээ болууга умтулушу мүмкүн.

Жетекчиликке дүйнөлүк көз карашты эске алганда, кээ бир машайакчылар андан баш тартууну туура көрүшөт. Бир күнү койчуман мага: «Мен жыйынымда жетекчи болгум келбейт; жөн гана кызмат кылгым келет», – деди. Бирок анын сөздөрү абдан момун адамдын сөздөрү сыяктуу угулганы менен анын жыйынынын так багыты жана максаты жок эле. Бардык уюмдар, анын ичинде жыйындар да, жетекчилерге муктаж.

Койчумандар койчуман деген сөздүн уңгусу – «койчу» экенин унутпашы керек. Койчумандын жумушу өтө деле таасирдүү жана кадыр-барктуу эмес! Ал өзүнүн күнүн жаман жыттанган койлор менен өткөрөт. Анын иши зериктирген милдеттерди камтыйт: жайыт жана суу издөө, козулардын артынан чуркоо жана жараланган койлорго кам көрүү.

Бирок койчу абдан маанилүү: ал көп жупуну тапшырмаларды аткарат, бирок ошол эле учурда ал кой короонун коопсуздугу үчүн чоң жоопкерчиликке ээ. Койлор өздөрүнүн жетекчиси болгон койчудан көз каранды.

Ыйса чыныгы жетекчинин идеалдуу үлгүсүн камсыз кылган. Ал кичи пейилдик менен кызмат кылган, бирок максатын терең түшүнгөн койчуман болгон. Ал күчтүү, бирок боорукер болгон. Ал кызмат ордуна умтулган эмес, бирок миссиясына толук ишенген. Анын иш аракеттеринен жана мамилесинен жетекчи-кызматчылар үчүн үлгүнү көрсөк болот.

► Сиз жеке тааныган ийгиликтүү жетекчи тууралуу ойлонуп көрүңүз. Ал адамды жакшы жетекчи кылган үч-төрт мүнөздөмөнү санап чыгыңыз. Сиз ошол мүнөздөмөлөрдү Ыйсанын кызматынан көрдүңүз беле? Алар сиздин кызматыңыздан да көрүнөбү?

Машайак чыныгы жетекчилик момун кызмат менен коштолорун көрсөтөт. Момундук алсыздыкты же чечкинсиздикти билдирбейт: Ыйса бийликке ээ болгон, муну Жакшы Кабарлар кайра-кайра көрсөтөт,[74] бирок Машайак урмат-сыйды талап кылган үчүн эмес, кызмат кылган үчүн бийликке ээ болгон. Шакирттер Падышалыктагы кызмат ордулары тууралуу талакашканда Машайак:

> «Элдерге падышалар үстөмдүк кылышат, элдердин үстүнөн бийлик жүргүзүүчүлөр "Жакшылык кылуучулар" деп аталышат. Силер болсо андай болбогула. Тескерисинче, араңарда ким улуу болсо, ал кичүүдөй болсун; ким башчы болсо, ал кызматчыдай болсун. Анткени кимиси чоң: дасторкондо отурган адамбы же кызмат кылган адамбы? Албетте, дасторкондо отурган адам чоң. Мен болсо силердин араңарда кызмат кылган адам сыяктуумун» деген.[75]

Бул сабакта биз Ыйсаны улуу жетекчи кылган мүнөздөмөлөрдү карап чыгабыз. Биз Машайактын үлгүсүн ээрчүү менен таасирдүүрөөк жетекчи боло алабыз.

### Таасирдүү машайакчы жетекчи өзүнүн миссиясын түшүнөт

Улуу жетекчилердин миссиясы толук түшүнүктүү, ал толугу менен көңүлүн миссиясына топтойт. Ыйса эмнеге келгенин билген; бул тууралуу Марк 10:45те: «Анткени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген», – деген.

Эл алдындагы биринчи насаатында Машайак өзүнүн угуучуларына, Ышайа алдын ала айткан миссиясын аткаруу үчүн келгенин түшүндүргөн:

> «Теңирдин Руху Менде, анткени Ал Мени жакырларга Жакшы Кабар таратууга дайындады. Мени жүрөгү жаралууларды айыктырууга, туткундарга боштондук

[74] Мат. 7:28-29, Марк 1:22-28, Лука 4:32-36, Лука 20:1-8.
[75] Лука 22:25-27.

> жарыялоого, сокурлардын көзүн ачууга, кыйналгандарды эркиндикке чыгарууга, Теңирдин ырайым кылуу жылын жарыя кылууга жиберди».[76]

Ыйсанын аткара турган тапшырмасы Ага күнүмдүк жашоодо багыт берип турган. Ал Жүйүт жеринен Галилеяга жол жүргөндө, Анын миссиясы Ага багыт берип турган. Еврей раббилери самариялыктардан булганып калбоо үчүн көп учурда Иордан дарыясынын чыгыш жээги менен жол жүрүшкөн, бирок Ыйсанын ниети башка болгон: Ал самариялык аялга Теңирдин ырайымы жөнүндө кабарды жеткириши керек болгон. Ошол себептен Ал «*Самария аймагы аркылуу өтүүгө тийиш эле»:*[77] сиздин миссияңыз сиздин күнүмдүк чечимдериңизге багыт бериши керек.

Жетекчи катары сиздин аткара алгандан көп жумуштарыңыз болушу мүмкүн. Сиз артыкчылыктарыңызды кантип аныктайсыз? Сиз бардыгын кыла албайсыз, бирок сиз бардыгын *кылууга милдеттүү да эмессиз*. Сиз миссияңыз менен өзүңүздүн жеке мүмкүнчүлүктөрүңүздү таразалашыңыз керек. Ар бир жетекчинин эки тизмеси болушу керек: кыла турган иштердин жана кылбай турган иштердин тизмеги. «Иштер» деген тизме сиз кылыш керек болгон иштерди камтыйт: «кылбаш керек болгон иштер» сизди миссияңыздан алаксыткан иш аракеттердин тизмегинен турат. Алардын баарын кылууга кимдир бирөө чакырылышы мүмкүн, бирок ал сиз эмессиз; сиздин миссия сиздин күнүмдүк артыкчылыктарды аныкташы керек.

Элчи Пабыл — өзүнүн аткара турган тапшырмасын билген жетекчинин үлгүсү. Пабыл Рим империясынын маанилүү шаарларында жыйындарды негиздөөгө чакырылган. Ал башка бирөөнүн пайдубалына кургусу келген эмес, ал жакшы кабарды уга электердин арасында таратууга аракет кылган.[78] Пабылдын миссиясына жараша анын саякаттары түзүлгөн, ошондой эле ал барган жерлерде болуу убактысы жөнгө салынган, ал түгүл насааттары аныкталган: Пабылдын миссиясы анын ар бир чечимин аныктаган.

► Кийинки суроолорду талкуулаңыздар:

- Кудай сизге кандай миссияны тапшырган? Ал тууралуу кыскача айтып бериңиз.
- Сиз менен бирге кызмат кылгандарга өзүңүздүн миссияңыз тууралуу кабар бердиңиз беле?
- Сиздин күнүмдүк чечимдериңизге аткара турган тапшырмаңыз багыт береби?

### Таасирдүү жетекчи-машайакчы башка жетекчилерди даярдайт

Кызматынын башынан баштап эле Ыйса өзүнүн кызматы үчүн Атасына кайтып кеткенден кийин Анын кызматын уланта турган шакирттердин тобун кылдаттык менен

[76] Лука 4:18-19, Ыш. 61:1-3кө кайрылат.
[77] Жакан 4:4.
[78] Рим. 15:20.

тандап аларды даярдаган. Бул шакирттер Андан үйрөнүшкөн, Аны менен бирге убакыт өткөрүшкөн, Аны менен бирге кызмат кылышкан жана бүт дүйнөдө Анын кабарын таратышкан. Ыйса Аларга Өзүнүн бейнесин таандык кылып, андан кийин Өзүнүн жыйынын куруу үчүн аларды колдонгон.

Лука кызматтагы чыңалган абал тууралуу жазган. «Ушул арада миңдеген киши жыйналып, кысылыша турушту. Ыйса адегенде Өзүнүн шакирттерине сүйлөй баштады...».[79] Миңдеген адамдарга кызмат кылуу таасирдүү болсо да, Ыйса шакирттерине кызмат кылуудан алаксый алган эмес; Ал Падышалыкты орнотуу үчүн Өзүнүн шакирттерин жыйынды жетектөөнү үйрөтүшү керек экенин билген. Шакирттерге насаатчылык кылуу менен, биз кийинки муун үчүн жетекчилерди даярдайбыз.

> «Ыйса эч качан китеп жазган эмес; анын ордуна Ал Өзүнүн кабарын адамдарга – элчилерге жазган.»
> Вильям Барклай

Пабыл да ушул эле түзүлүштү колдонгон. Ал миңдеген адамдарга насаат айткан, бирок ар бир шаарда бир нече жетекчи даярдоого көңүл бурган. Бул бүгүнкү күндүн жетекчилери үчүн үлгү катары кызмат кылат. Пабыл койчумандарды «ыйыктарды кызмат кылууга жөндөмдүү кылуу үчүн...» чакырган[80] Койчуман жыйындын бардык жумушун кылууга жоопкерчиликтүү эмес; ал жыйындын иштерин аткаруу үчүн анын мүчөлөрүн окутууга жана даярдоого жоопкерчиликтүү. Натыйжалуу лидерлер башка лидерлерди окутат.

## Шакирттерге насаатчылык кылууда Ыйсанын үлгүсү

### Насаатчы шакирттерин кылдаттык менен тандашы керек.[81]

► Жакан 1:35-51; Жакан 2:1-11; Матай 4:18-22; Лука 5:1-11; Лука 6:12-16ны окугула.

Жазуунун бул үзүндүлөрүн окуганда, бул жараян (процесс) экенин байкайсызбы? Эл арасында кызматынын биринчи жумасында Ыйса Андрей менен Жаканды чакырып алган. Андрей Шымон Петирди Ыйсага алып келген. Ыйса Натанаилди таап келген Филипти чакырган:[82] бул биринчи кадам болгон. Алар Ыйсаны кабыл алышкан, бирок Анын туруктуу жолдоочусу боло элек болчу; кийинчерээк Машайак аларды шакиртчиликке чакырган.

Жакан 2-бөлүмдөгү окуя маанилүү этап болуп калган: Каанадагы үйлөнүү тоюнда Ыйса шакирттерине Өзүнүн даңкын көргөзгөн. Башка меймандар керемет тууралуу билишкен эмес; бул жышаан Машайактын жолдоочуларына арналган. Ыйса

[79] Лука 12:1.
[80] Эф. 4:12.
[81] Robert Coleman, *The Master Plan of Evangelism* (Grand Rapids: Baker Book House, 1963) чыгармасынан алынып, башка сөздөр менен берилген.
[82] Жакан 1:35-51.

шакирттер Ага ишеним арта алышы үчүн Өзүн ачып берген: «Ошондо шакирттери Ага ишенип калышты».[83]

Матай 4:18-22де Ыйса Назареттен чыгып, Капернаумга келип насаат айта баштаган эпизодду сүрөттөйт.[84] Галилей көлүнүн жээги менен бара жатып Машайак Шымонду, Андрейди, Жакыпты жана Жакынды Өзүн ээрчүүгө чакырган. «Алар ошол замат торлорун таштап, анын артынан ээрчип жөнөштү».[85] Жакандын 1-бөлүмүндө шакирттер биринчи жолу чакырылганга чейин алар балык улоочу катары жумушун улантып келишкен; Ыйса аларды кызматка: «Коркпо, мындан ары адамдарды кармайсың» ,[86] – деп чакырган.

Бул жараяндагы кийинки этапта Ыйса он эки элчини тандаган. Көптөгөн жолдоочулардын ичинен (алар Жакан 6-бөлүмдө шакирттер деп аталган) Ыйса кийинчерээк Өзүнүн эң жакын кызматташтары болуп калган он эки адамды тандап алган.

Ыйса Он экини тандаганда, шашкан эмес. Бул жараян кыязы бир нече айга созулган. Бул Машайакка алардын ар бири менен убакыт өткөргөнгө мүмкүнчүлүк берген. Өтө көп учурда жетекчи кайсы бир адамды жакшы таанып билгенге убакыт бөлбөй туруп, орун басарын тандап алат. Акылман жетекчи адамдын жетекчилик сапаттарын колдонгонго мүмкүнчүлүк берген тапшырмаларды белгилейт.

**Насаатчы шакирттери менен убакыт өткөрүшү керек.**

► Кайсынысы кызыктуураак: көптөргө жетүүбү же бир нече адамды үйрөтүүбү? Узак убакыттык көз караш менен караганда, эмне маанилүү? Эмне үчүн Ыйса он эки адамга ушунчалык көп күч жумшаган?

Ыйса убактысынын көп бөлүгүн он экиге арнаган. Ыйса **Өзү менен бирге боло алгандарды**, андан кийин жакшы кабар таратууга барып, жиндерди кубалоо бийлигине ээ боло тургандарды[87] тандап алган (аларды элчилер деп атаган). Алгач Ыйса аларга Өзүнүн ыкмаларын үйрөтүү үчүн, алар менен бирге убакыт өткөргөн; ошондон кийин гана алар кызматка даяр болушкан.

Марк Ыйсанын Галилея аркылуу саякаттарынын бири тууралуу жазат: «Ыйса муну кимдир бирөө билүүсүн каалаган жок. Анткени Ал шакирттерине…».[88] Машайактын биринчи кезектеги маселеси, көптөгөн адамдарга жетүү программасын өнүктүрүү эмес, жыйынды жетектей турган адамдарга салым кылуу болгон.

---

[83] Жакан 2:11.
[84] Мат. 4:12-17.
[85] Мат. 4:20.
[86] Лука 5:10.
[87] Марк 3:14-15.
[88] Марк 9:30-31.

Ыйса миңдеген адамдарга насаат айткан, бирок анын эң жогорку артыкчылыгы келечектеги кызматка бир нече адамды окутуп даярдоо болгон. Окутуу анча чоң эме топто өтсө таасирдүүрөөк болорун Машайак билген. Роберт Колман мындай деп эскертет: «Кызматыңыз канчалык өскөн сайын, шакирттер үчүн убакыт бөлүү ошончолук **кыйын** болот, бирок кызматыңыз канчалык кеңейген сайын шакирттер үчүн  убакыт табуу ошончолук **маанилүү** болот».

Жакшы кабарларды окуганда, Ыйса жанында жок дегенде үч шакирти болбосо, сейрек кызмат кылганы айтылат. Ыйса окутуу үчүн шакирттери менен көп учурда ээн жерлерге кетип турган. Жердеги кызматы акырына чыгып калганда, Ал шакирттери менен көбүрөөк убакыт өткөрө баштаган. Иерусалимдеги акыркы жумада Ыйса шакирттерин чанда гана көз алдынан кетирчү: бул адамдарды окутуу анын эң маанилүү милдеттеринин бири болгон.

Еврей макалында мындай деп айтылат: «Шакирт — устатынын чаңы болуп калган адам». Шакирт устатына ушунчалык жакын болгондуктан, анын буттары абага көтөргөн чаңды жуткан. Шакирт устаты жегенди жеген, устаты барган жерге барган; шакирт устатынын окутуусуна жана үлгүсүнө өзүн арнаган. Ыйсанын жолдоочулары Өзүнүн Устатынын мүнөзүнө окшошконго чейин, Аны менен убакыт өткөрүшкөн. Кийинчерээк алар машайакчы катары белгилүү болушат; алар өздөрүнүн Устатындай болуп калышкан.

Так эле ушул сыяктуу Пабылдын да жолдоочулары болгон, мисалы Тиметей, Тит, Лука жана Тихик. Пабыл алар менен убакыт өткөрүп, аларга кызмат кылууну үйрөткөн.

Ыйсанын жана Пабылдын жашоо образына байкоо жүргүзгүндө, биз өзүбүздүн кызматыбыз үчүн үлгү таба алабыз. Кызматыңызды алып барып жатып, сиз тобуңуздун жаш мүчөлөрүн кызмат кылууну үйрөнүү үчүн сиздин артыңыздан ээрчүгө шыктандырсаңыз болот. Ийгиликтүү жыйын жетекчилеринин бири: «Мен кызмат боюнча бир жакка барганда, кичүү кызматчыны жаныма алмайынча эч качан барбайм. Келечектеги жыйын жетекчилерин тарбиялоо мен үчүн кылып жаткан кызматымдай эле маанилүү» деген. Ал койчуман таасирдүү жетекчилер кийинки муундун жетекчилерин даярдаарын түшүнөт.

**Насаатчы кызматчылары үчүн кызмат кылуунун үлгүсү болушу керек.**

Шакирттеринин бутун жуугандан кийин, Ыйса мындай деген: «Анткени Мен силерге үлгү көрсөттүм, Мен силерге эмне кылсам, силер да ошону кылгыла».[89] Машайак жеке Өзүнүн иш аракеттери аркылуу үйрөткөн: Ал: «Мындай кыл», – деп айтып коюу жетишсиз экенин билген. Биз муну *кантип* кыла аларыбызды көрсөтүшүбүз керек. Ыйса Өзү түзмө-түз шакирттерине үлгү көрсөтпөй туруп, шакирттеринен бир нерсе кылууну суранган эмес.

[89] Жакан  13:15.

Шакирттер Ыйса кантип сыйынып жатканын көрүшкөн, анан: «Теңир бизге сыйынганды үйрөтчү»,[90] – деп сыйынган. Машайак жөн гана «сыйынуу сабагын» өтүп койгон эмес; Ал сыйынган. Ал кантип сыйынганына байкоо жүргүзгөн шакирттер сыйынуунун маңызын түшүнүүнү эңсей баштаган. Студенттер окугусу келгенде, жакшыраак окушат!

Шакирттер Ыйса насаатында Жазууну кандай колдонгонун угушкан. Машайак Байыркы Келишимге алтымыштан ашык жолу кайрылган. Ал насааттарын Ыйык Китептен түзгөн. Шакирттер бул сабакты өздөштүргөнбү? Толугу менен! Петир насаат айтканда (Элчилердин иштери 2-бөлүмдө), Жоел, Забур 15 жана Забур 109га кайрылган. Петир Ыйык Китептен насаат түзгөндү Ыйсадан үйрөнгөн. Элчилердин иштеринде жазылган ар бир насаат Байыркы Келишимге таянат.

Пабыл да ушул эле ыкманы колдонгон. Ал кайра-кайра: «Силер менин үлгүмдү көрдүңөр. Менден үлгү алгыла»,[91] – деп айткан. Элчи жеке өзүнүн үлгүсү аркылуу үйрөткөн; Тит жана Тиметей өздөрүнүн насаатчысы Пабылдын үлгүсүн жолдоо аркылуу койчуман болууну үйрөнүшкөн.

Бүгүнкү күндө биз өзүбүз үйрөтүп жаткандарга кызматтын үлгүсүн көрсөтүшүбүз керек, бул биздин алсыздыгыбызды көрсөтүшү мүмкүн. Шакирттер биздин ийгиликсиздигибизди байкайт, бирок алар ошондой эле биз алсыздыгыбызды мойнубузга алганыбызды көрүшөт; алар биздин мүдүрүлгөнүбүзгө күбө болушат, бирок биз жеңилүүдөн баш тартканыбызды түшүнүшөт. Шакирттер биздин үлгүгө байкоо жүргүзүү менен чыныгы кызматты изилдешет.

**Насаатчы жоопкерчиликтерди өзүнүн шакирттерине бөлүштүрүп бериши керек.**

► Матай 10:5-11:1ди окугула.

Башынан баштап эле Ыйсанын максаты шакирттерди кызматка даярдоо болгон. Ал шакирттерди «адам кармоочу» кылуу үчүн Өзүн ээрчүүгө чакырган.[92]

Ыйса менен чогуу жүргөн биринчи жылдын көп бөлүгүндө шакирттер Ыйсанын кызматына көз салышкан; алар Анын үлгүсүнөн үйрөнүшкөн. Жетиштүү билим алгандан кийин алар кызматка жиберилген. Матай 10-бөлүмдө Ыйса аларга жоопкерчиликти бөлүштүрүп берген.

***Машайак шакирттерге бийлик берген (Мат. 10:1).***

Шакирттерин миссия менен жиберүүдөн мурун, Ыйса аларга ыйгарым укуктарды берген. Кээде жетекчилер өздөрүнүн жардамчыларына бийликти берүүдөн коркушат.

---

[90] Лука 11:1.
[91] 1 Кор. 11:1; Фил. 3:17; Фил. 4:9.
[92] Мат. 4:19.

**Бирок ыйгарым укуксуз жоопкерчилик сиз үйрөтүп жаткандарды жараксыз кылат**. Биз жардамчыларыбызга кайсы бир милдеттерди аткаруу үчүн жетиштүү ыйгарым укуктарды бербей туруп, аларга жоопкерчиликти жүктөбөшүбүз керек.

***Ыйса так көрсөтмөлөрдү берген (Мат. 10:5-42).***

Ыйса өзүнүн шакирттерине Падышалыкты жарыялоо тууралуу так көрсөтмө берген. Алардын тапшырмасы так жана түшүнүктүү болгон: алар Машайак алардан эмнени күткөнүн так билишкен.

Ыйса шакирттер кимге кызмат кылышы керектигин айткан, алар «Ысрайыл элинин жоголгон койлоруна» кызмат кылышы керек болчу. Кийинчерээк элчилер бутпарастарга жакшы кабар айтышат, бирок алар кызматты өз үйүнөн башташы керек болчу. Биз студенттер ийгиликке жетиши үчүн колдон келгендин бардыгын кылышыбыз керек; аткарууга оңой болгон тапшырмадан баштаңыз. Машайак акыл эстүү, жете турган максаттарды койгон.

Машайак шакирттерине куугунтук болушу мүмкүн экенин эскерткен; алар кызматта ийгиликсиз болгон үчүн келбейт: Ыйса Өзүнүн жолдоочулары менен Аны четке каккандардын ортосунда бөлүнүүнү алып келген.

***Ыйса шакирттерин топтор менен жиберген (Марка 6:7).***

Ыйса кызматта топтун маанилүүлүгүн баса белгилеген. Ал шакирттерин экиден топторго бөлүп жиберген. Бир нече айдан кийин Машайак жетимиш шакиртин экиден бөлүп жиберген. Бул алгачкы жыйын үчүн кызмат кылуунун үлгүсү болуп калган: Петир жана Жакан чогуу кызмат кылышкан, Барнаба жана Пабыл чогуу саякатташкан, Пабыл жана Сылас кызматташ болушкан.

**Насаатчы шакирттерин жетектеши керек.**

Шакирттер кайтып келгенден кийин эмне кылганы жана үйрөткөнү тууралуу Ыйсага айтып беришкен.[93] Андан аркы иш аракеттер окутуунун маанилүү бөлүгү болгон. Жоопкерчиликти бөлүштүрүп коюу жетишсиз; таасирдүү жетекчи шакиртинин ишине баа берет. Баа берүүсүз жоопкерчиликти берүү төмөн натыйжага алып келет.

► Матай 17:14-21ни окугула.

Говард Хендрикс ийгиликсиздик окутуу жараянынын маанилүү бөлүгү экенин үйрөткөн. Шакирттер «Эмнеге биз аны кубалай алган жокпуз?» – деп сураганда, Ыйса аларга ишеним жөнүндө айтып берүү менен жооп берген. Кызматтын башында ушундай ийгиликсиздикке туш болуу, Теңир асманга кеткенден кийин аларга туш болгонго караганда алда канча жакшы болгон!

---

[93] Марк 6:30.

Шакиртке натыйжалуу кам көрүү баалоону камтышы керек; ал тапшырманы аткара албаса, аны топтон кууп салышпайт; анын ордуна биз ийгиликсиздиктин себебин изилдеп чыгып, келечектеги ийгиликтерди пландашыбыз керек.

Ыйса бул моделди Лука 9-бөлүмдө көрсөткөн.

- 9:1-6: Ыйса он эки шакиртин жиберет.
- 9:10: шакирттер Машайакка өздөрүнүн сапары жөнүндө айтып беришет.
- 9:37-43: шакирттер жинди кубалай албай коюшкан.
- 9:46-48: Ыйса Кудайдын Падышалыгындагы улуулук тууралуу окутат.
- 9:49-50: Машайак Жаканды туура эмес кызматтык чечими үчүн ашкерелеген.
- 9:52: Ыйса шакирттерин Самариядагы айыл жерине барууга жол даярдоо үчүн жиберет.
- 9:54-55: Ыйса Өзүнүн рухуна туура келбеген Жакып менен Жакандын түшүнүгүн оңдойт.
- 10:1: Ыйса кызматка чоң топту (жетимиш шакиртти) жиберет.

Ыйса окутууда жоопкерчиликти бөлүштүрүүнү жана баа берүүнү кезектештирип турган. Ал шакирттери ийгиликсиз болгондо да алардан көңүлү калган эмес;  анын ордуна ал жеңилүүнү окутуу мүмкүнчүлүгү катары колдонгон.

Кийинчерээк Пабыл да ушундай түзүлүштү колдонгон. Ал Крит аралындагы жыйында Титти башчы кылып, ал эми Тиметейди Эфесте койчуман кылып дайындаган. Андан кийин ал андан аркы насыяттарды берүү үчүн каттарды жазган. Биринчи миссионерлик саякатынын учурунда жыйындарды негиздегенден кийин Пабыл жыйындардын жашоосуна жеке көз салуу үчүн аларга экинчи саякатынын убагында барган.[94]

Окутуунун мындай үлгүсү дагы деле таасирдүү. Көп жетекчилер жаш кызматчыны туруктуу көз салбастан, ишинин натыйжасын текшербестен кызматка жиберишет, анан ал ийгиликсиз болуп калганда таң калышат.  Биз: «Мен алар баарын туура кылышы үчүн бардык билимди өткөрүп бердим», – деп ойлонбошубуз керек. Насаатчы болуу — бул үзгүлтүксүз жараян. Эгер жетекчилерди даярдагыңыз келсе, аларга көз салуу үчүн убакыт бөлүшүңүз керек.

Ховард Хендрикс жаңы кызматчыларды даярдоодо төрт этапты санап өткөн:

1. **Айтып берүү**: мазмунду түшүндүрүңүз. Ыйса шакирттерине Падышалык тууралуу кабарды жарыялаган.

[94] Элчилердин иштери  15:36.

2. **Көрсөтүү**: кызматтын үлгүсүн тартуулоо. Ыйса Өзүнүн шакирттерине кантип туура кызмат кылууну көрсөткөн.

3. **Тажрыйбалоо**: түзмө-түз жекечиликтин алдында кызмат кылуу. Ыйса шакирттерин кызматка жиберген, андан кийин алардын тажрыйбаларын баалаган.

4. **Аткаруу**: түзмө-түз көз салуусуз кызмат кылуу. Элүүнчү күндөн кийин шакирттер Ыйсанын жетекчилиги жок кызмат кылган.

► Сиз шакирттерди жетекчиликке даярдоо үчүн кандай иш аракеттерди кылып жатасыз? Каралып жаткан кадамдардын кайсыларын сиз таасирдүү түрдө кылып жатасыз? Кайсыл этаптарды жакшыртуу зарыл? Келечектеги жетекчилерди кантип таасирдүү даярдай аларыңарды топто талкуулагыла. Бул талкуулоо сиздин кызматыңызда лидерлерди иштеп чыгуу планы болмоюнча улантылышы керек.

**Биздин шакирттер башка шакирттерди көбөйтүшү керек**.

Ыйса Өзүнүн шакирттерине: «Силер Мени тандаган жоксуңар, Мен силерди тандап алдым. Барып, жемиш берсин деп, жемишиңер туруктуу болсун деп, силерди дайындадым»[95] деген. Машайак Өзүнүн шакирттерин өздөрүнө окшош шакирттерди көбөйтүүнү үйрөткөн.

► Матай 13:31-32ни окугула.

Сары кычы тууралуу үлгү насаат аңгемесинде Ыйса Асман Падышалыгы өзүнүн алгачкы көлөмүнөн алда канча чоң болуп жайылып өсөрүн көрсөткөн. Кичинекей сары кычы даны андан күткөнгө караганда чоң өсүмдүк болуп өсүп чыга алган сыяктуу эле, жыйын да бирөөнүн күткөнүнөн алда канча чоң болуп өсө алат. Байыркы Келишимде даракта жашаган куштар көптөгөн элдерди камтыган улуу падышалыктын символу болгон.[96] Ыйса шакирттер көбөйгөндө жыйын алгачкы көлөмүнө караганда алда канча көбөйүп, бардык элдерге жетерин убада кылган.

Доктор Роберт Коулман биздин кызматыбыздын акыркы баасы тапшыруу берүдөн деп жазган. «Акыры, ушул жерден биз жашообуз кантип көбөйүп жатканын баалашыбыз керек. Бизге аманат катары берилген бул адамдар Улуу Тапшырманын көрүнүшүн түшүнүп, өз кезегинде аны башкаларды үйрөтө турган ишенимдүү кызматчыларга өткөрүп берет болду бекен? Биздин кызматыбыз алардын колуна тийе турган убакыт тез эле келип калат.[97]

[95] Жакан 15:16.
[96] Дан. 4:9, Жезек. 31:6.
[97] Robert E. Coleman, “The Jesus Way to Win the World: Living the Great Commission Every Day.” Evangelical Theological Society, 2003.

## Тагыраак карайбыз: Ыйсанын Ыйык кызмат кылуучу катары кызматы

Ыйсанын ыйык кызмат кылуучу катары сыйынуусунун ортосу элчилерге арналган; [98] ал шакирттерге насаатчылык кылуунун ыкмалары тууралуу маанилүү сабактарды камтыйт.[99]

**1. Алгач биз үйрөткөн адамдарды коргойбуз.**

Ыйса мындай деп сыйынган: «Дүйнөдөн тандап, Мага берген адамдарыңа Мен Сенин ысымыңды ачып бердим. Алар Сеники болчу, Мага бердиң, алар Сенин сөзүңдү кабыл алышты». Ыйса Жакшы Кабарда жыйырма жолу шакирттерине коркунучтар жөнүндө эскертет жана каталардан коргойт. Шакирттерди үйрөтүү менен биз аларды дүйнө тараптан келген коркунучтардан коргошубуз керек; ошондой эле окутуубуз тажрыйбалык болушу керек.

► Сиздин маданиятта жаш кызматчылар кандай коркунучтарга туш болот? Насаатчы катары сиз аларды ошол кыйынчылыктарга кантип даярдап жатасыз?

**2. Үйрөнүп жаткандар жетилип баралына жеткенде, биз аларга ишеним арта баштайбыз.**

Ыйса: «Мен Сенден аларды бул дүйнөдөн алып кетүүңдү өтүнбөйм, шайтандан сактооңду өтүнөм», – деп сыйынган. Теңир шакирттер азгырыктарга туш болорун билген, бирок Ал үйрөтүп жаткан адамдарына толук ишенген. Биз жаш жетекчилерге ишеним артканды үйрөнүшүбүз керек, ал эми бул бизден үстөмдүк кылуучу жетекчиликтен баш тартууну жана башкаларга маанилүү чечимдерди кабыл алууда башкаларга  ишеним артууну билдирет.

Аджит Фернандо боюнча жетекчилер өздөрүнүн жолдоочуларын эки көз караш менен караса болот.

- Алсыз жетекчилер өз жолдоочуларынын алсыздыктарына көңүл топтошот.
- Таасирдүү жетекчилер өз шакирттеринин алсыз тараптарынын үстүнөн иштөөнү улантуу менен күчтүү тараптарына көңүл топтошот. Таасирдүү жетекчилер башкаларды «үмүттүн көздөрү» менен карашат.

**3. Окутуудан кийин биз шакирттерибизди дүйнөгө кызмат кылуу үчүн жиберебиз.**

Ыйса: «Сен Мени бул дүйнөгө жибергендей эле, Мен да аларды бул дүйнөгө жибердим», – деп сыйынган. Элүүнчү күндөн кийин шакирттер Машайак аларды даярдаган улуу миссияны аткарууга бел байлашкан. Биз шакирттер өз учуру келгенде муктаж дүйнөгө жакшы кабарды жеткириши үчүн аларды даярдайбыз.

---

[98] Жакан  17:6-19.

[99] Из Ajith Fernando, *Jesus Driven Ministry* (Wheaton, Illinois: Crossway Books, 2002), 172-173.

Ыйса: «…Мен алар аркылуу даңкталдым» деген. Үйрөнүп жаткан адамдарды жиберип жатып биз булардын баары Кудайдын даңкы үчүн кылынып жатканын тастыкташыбыз керек. Биз үйрөткөн адамдардан даңкка ээ болуу же башкаларды окутуу жөндөмдүүлүгүбүз аркылуу азгырыкка туш болушубуз мүмкүн. Бирок биз тескерисинче жалгыз Кудайга гана даңк берилишин издешибиз керек.

**Колдонуу: топто кызмат кылуунун баалуулугу**

Ыйсанын үлгүсү топтун маанилүүлүгүн көрсөтөт. Топтук кызмат жаш кызматчыларга насаатчылык кылууну, ошондой эле башка койчумандар менен мамиле түзүүнү камтыйт. Биз башка адамдар менен мамилелешүү үчүн жаралганбыз. Бул эмне үчүн маанилүү?

**Топ тең салмактуулукту камсыздайт.**

Ыйса адамдарды бири-биринен айырмаланган ар түрдүү коомдук катмарлардан тандаган. Петир жана Жакан дайыма атаандашып турушкан, Матай Римге иштеген, ал эми Шымон Зилот Жүйүт жеринен бардык римдиктерди кууп чыгаргысы келген. Бул адамдар бири-бирине карама-каршы келген адамдар болушкан; Ыйса топтун кызматчылары катары бири-биринен таптакыр башкача адамдарды тандаган.

Биз көп учурда топто мындай ар түрдүү адамдардын болгону кыйынчылыктарды жаратарын көрөбүз, ошого карабастан алардын ар түрдүүлүгүнөн келип чыккан артыкчылыктарды көз жаздымда калтырбоо керек.  Мисалы Петир өтө күчтүү билдирүүлөрдү жасаган. Аны Томас жана Андрей сыяктуу кылдат элчилер тең салмактап турган; алгачкы жыйын жетекчилиги ар түрдүү инсандардан турганынан пайда тапкан.

Акылман жетекчилер топтун мүчөлөрүн коомдун ар башка катмарларынан табат. Күчтүү топ жыйындын жетекчилигине бир катар артыкчылыктарды алып келет. Топтун бир мүчөсү каржы маселелерин жакшы түшүнүшү мүмкүн; башкасы – жеке өз ара мамилелерди курууну; үчүнчүсү – Ыйык Китепти терең түшүнүүсү мүмкүн. Бардыгы жыйындын тең салмактуу жетекчилигин камсыз кылуу үчүн чогулган.

**Топ акылман чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздайт.**

Шакирттерди окутуп жатып, Ыйса жыйын үчүн негиз салып жатканын билген. Элүүнчү күндөн кийин алгачкы жыйын чече турган көптөгөн татаал суроолор пайда болмок. Машайак шакирттер чечим чыгаруу зарылчылыгына туш болгондо бири-бирине муктаж болорун билген.

Жыйын туш болгон алгачкы суроолордун бири: «Бутпарас ишенүүчүлөр жыйынга кантип кошулуп, анын бир бөлүгү боло алат? Алар жүйүт мыйзамынын бардык аспектилерин аткарышы керекпи?» Бул биз үчүн оңой сезилиши мүмкүн, ал учурда бул татаал маселе болгон. Суроо жеке каалоолор тууралуу эмес болчу; тамак-ашка жана сүннөткө отургузууга тиешелүү мыйзамдар Байыркы Келишимге негизделген.

Бул чечим узак мөөнөттүү кесепеттерге алып келген; ал бүгүнкү күндө сизге жана мага да таасирин тийгизет; Иерусалим собору башка чечим чыгарса, машайакчы-бутпарастар бүгүнкү күндө да еврей мыйзамдарын аткарышы керек болмок.

Элчилердин иштери 15-бөлүм алгачкы жыйын бул маанилүү көйгөйгө кандай мамиле кылганын көрсөтөт.  Алар ар түрдүү ой пикирлерди уккандан кийин, чечим чыгарышкан. Бутпарас жыйынга кат жазганда элчилер: «Анткени Ыйык Рух жана биз…»[100] деген кооз сөздөрдү колдонушкан. Рух жыйын жетекчилерин бириктирип, аларга жеке пикирлери менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берип жетектеген, андан кийин топту туура чечим чыгарууга багыттаган.

Накыл Сөздөрдүн автору чечим кабыл алууда бир нече көз караштын маанилүүлүгүн баса белгилейт.

- «Акылсыз адамга өзүнүн жолу түз көрүнөт, ал эми кеңеш уккан адам акылдуу».[101]
- «…кеңешчилер көп болсо, эл куткарылат».[102]
- «Ошондуктан согушту ойлонуп жүргүз. Көп кеңеш ийгиликке жеткирет».[103]

Бул жыйын жетекчилери үчүн маанилүү принцип болуп эсептелет: сиз башкаларга кулак салбасаңыз акылсыз адамсыз: Накыл Сөздөр ушундай дейт. Акылсыз адам дайыма меники туура деп ойлойт, бирок акылдуу адам башкаларга кулак салууга даяр.

Эгер топтун максаты акылман кеңеш түзүү болсо, бизге башка пикирге ээ болгон адамдар керек; топту кураганда биз өзүбүздүн көчүрмөбүздү издебегенибизге ынанышыбыз керек, бизге жөн гана биз менен макул боло берген адамдардын кереги жок.

**Топ шыктандырууну камсыздайт.**

Насаатчы топтун пайдалуулугун мындай сүрөттөйт: «Жалгыз болгонго караганда, экөө болгон жакшы, анткени алар өздөрүнүн эмгеги үчүн жакшы сыйлык алышат. Анткени бирөө жыгылса, экинчиси тургузат. Бирок жыгылса тургузары жок жалгыз адамга кайгы».[104]

Жыйын каршылыкка туш болгондо, элчилер бири-бирин шыктандырып турушкан. Лука алгачкы жыйында өз-ара колдоону сүрөттөө үчүн «чогуу» деген сөздү колдонот.

---

[100] Элчилердин иштери  15:28.
[101] Накыл 12:15.
[102] Накыл 11:14.
[103] Накыл 24:6.
[104] Нас. 4:9-10.

Улуу миссионер Хадсон Тейлордун жашоосунан алынган эпизод ушул принципти көрсөтөт. Ал кызматка шыктанып, миссия менен Кытайга жөнөгөн, бирок көп өтпөй көңүлү чөккөн. Анын демөөрчүлөрүнүн айрымдары ага каржылык жардамын токтотуп коюшкан, аймактык миссионерлер аны сындашкан, а түгүл британ өкмөтү да анын ишине каршы чыккан. Анын Англиядагы сүйлөшкөн кызы миссионерге турмушка чыккысы келгенине толук ишене албай жатканын жазган. Тейлор эмне кыларын билбей калган; ал үйүнө кайтып барууга даяр эле.

Ушул мезгилдин ичинде Уильям Бернс аттуу картайган шотландиялык миссионер жети ай бою Хадсон Тейлор менен Кытайдын алыскы жерлерине жакшы кабарлык саякатка барат. Эки адам чогуу жол жүргөн, чогуу сыйынган, чогуу жакшы кабар тараткан. Ушул саякаттын убагында Тейлор өзүнүн Кытайга тиешелүү көрүнүшүн калыбына келтирген. Джон Поллок: «Уильям Бернс, Хадсон Тейлорду өзүнөн сактап калган», – деп айткан.

Хадсон Тейлор кийинчерээк Кытай миссиясын негиздеген жана ал азыркы замандын эң улуу миссионерлеринин бири катары белгилүү болуп калган; Уильям Бернс дээрлик белгисиз болгон; ошого карабастан, ал Кытай миссиясы аркылуу ишенимге кайрылган миңдеген жаңы кайрылгандар үчүн таанылууга татыктуу. Бернс маанилүү учурда Хадсон Тейлорго дем берген; топто кызмат кылган адам колдоону камсыздайт.

**Топ бирөөнүн алдында жооптуу болууну камсыздайт.**

Ар бирөөбүздүн «сокур тармактарыбыз» бар: биз кызматка өсүп чыккан үй-бүлөбүздөн, машайакчы  боло электеги жашоодон жана өзүбүздөн чыккан алсыздыктарды алып келебиз. Алар биздин кызматка таасирин тийгизет.

Биз өзүбүздөгү бул сокур тармактарды көрбөгөндө, топтун башка мүчөлөрү бизге алар тууралуу айтып коюшат, антпесе бул биздин кызматты талкалап коюшу мүмкүн. Эврейлерге катынын автору машайакчыларды бири-бирин сүйүүгө жана жакшы иштерге шыктандырууга үндөгөн.[105] *«Шыктандыруу»* деген кимдир бирөөнү «түртүүнү» билдирет. Кээде бул өтө жагымсыз нерсе: бетке айтылган чындыкты угуу эч кимге жакпайт, бирок бирөөнүн алдында жооптуу болуу маанилүү. Ар бир жетекчи-машайакчыга «Бул эстүү иш аракет эмес. Сен аны кайра карап чыгышың керек», – деп айта алган жок дегенде бир адам керек.

Орто кылымдардагы монастырлардан жана Уэслинин чогулуштарынан баштап, «Убадаларды Сактоо» сыяктуу азыркы заманбап топторго чейин, машайакчы жетекчилер бирөөгө жооптуу болуу салтын сактап келишет. Бүгүнкү күндө жумалык отчеттуулуктан машайкчы жыйын пайда табышат. Тажрыйбада муну бир нече ыкма менен кылса болот, мисалы, бетме-бет жолугушууда, анча чоң эмес топтордо же

[105] Эв.10:24.

телефон менен деле сүйлөшүүдө; бирөөгө жооптуу болуу биз өтө алыстап кете электе, бизди руханий коркунучтан сактап калат.

Толугу менен жооптуу болуу бул жараянга катышкан ар бир өнөктөштөн толук чынчылдыкты жана адамдардын ортосунда купуялуулукту талап кылат. Сиз көптөгөн үлгүлөрдү таба аласыз, мисалы, төмөндө берилген тизмени колдонсоңуз болот:

- Жума бою Кудай менен туруктуу убакыт өткөрдүңбү?
- Болуп өткөн окуялардын ичинен чынчыл адам катары аброюңа доо кетирген кандай окуя болду?
- Сенин ойлоруң таза болдубу?
- Өткөн жумада жыныстык күнөө кылдыңбы?
- Аялың үчүн эмне кылдың?
- Ишенбегендер менен ишенимиңди бөлүштүңбү?
- Бул суроолордун баарына чын жооп бердиңби?

Азгырыктар учурунда топтун бирөөгө жооптуу болгону маанилүү. Жаш койчуманга жазган катында Пабыл узак мөөнөттүү кызматты кантип куруу боюнча кеңеш берген. Элчи Тиметейди мындай деп эскерткен: «Жаштыктын кумарларынан кач, *Теңирди чын жүрөктөн чакыруучулар менен бирге* адилеттикти, ишенимди, сүйүүнү жана тынчтыкты сактоого умтул».[106] Пабыл Тиметейдин рухий жашоосу «Теңирди чын жүрөктөн чакыруучу» Кудайдын башка жолдоочулары менен биригүүдөн пайда табарын билген.

► Эгер кызматчылардын тобунда болсоңуз, топто болуудан тапкан артыкчылыктардын айрымдары менен бөлүшүңүз. Кызмат тобунун бир бөлүгү катары кандай көйгөйлөр пайда болот?

**Топ менен иштөөдө.**

Ыйса ар түрдүү адамдардан топ түзгөн жана аларды ынтымактуу өнөктөштөр кылып бириктирген. Машайак алардын ар биринин айырмачылыгын эске алып, Петирдин кайраттуу жетекчилигине жана Филиптин момун рухуна муктаж болгон алгачкы жыйынды жетектей алган топту түзгөн. Жетекчинин эң маанилүү маселелеринин бири — жолдоочулардан топ түзүү («чаптап бириктирүү»).

Аджит Фернандо — Шри-Ланкадагы жетекчи — команда түзүүнүн көйгөйлөрүн жакшы түшүнөт. Ал мындай деп жазат:

[106] 2 Тим. 2:22.

> «Балким, жакшы кабар жыйынын трагедиясы биз кандай чечимдерди чыгарганыбызды жана иш аракеттерди кылганыбызды аныктоодо эң негизги ролду теология эмес, сезимдер ойногону болсо керек. Чыныгы машайакчы мындай дейт: «Бул адамга карата сезимдерим кандай гана болбосун, мен аны кабыл алам, анткени Кудай менин ошондой кылышымды каалайт, мен аны менен шайкештикте кызматташа алышым үчүн Кудайдан мага ырайым төгүшүн суранам». Биздин  теология биздин сезимдерибиз башканы айтып жатса да, биздин аракеттерибиз ийгиликтүү болорун айтат. Биздин теология бизди ушул мамилелердин үстүнөн тырышчаактык менен иштетет. Биз адам жана аны менен өз-ара мамиле үчүн сыйынабыз; биз аны менен туруктуу жолугабыз жана анын жеке бакубаттуулугу үчүн бардыгын кылып, ага машайакчылык сүйүүнү көрсөтүүгө умтулабыз; биз адамдын дараметин жана ал топтун жардамы менен эмнеге жетише аларын көрүүгө аракет кылабыз».[107]

1 Корунттуктарга үйрөткөндөй Машайактын денесинде биз адамдар бизге жакпаганы үчүн эле аларды четке какканга укугубуз жок. Эгер жыйын курсаңыз, коомчулукта сиз жактырбаган мүчөлөр болушу мүмкүн. Машайакчы катары сиз: «Менин жеке сезимдерим кандай болбосун, мен бул адамды кабыл алам, анткени Кудай мага ага кам көрүүнү тапшырган. Мен аны менен кызматташуу үчүн Кудайдын ырайымын суранам жана ал кызматында ийгиликтүү болушу үчүн Кудайдан ага бата берүүсүн суранам», – дешиңиз керең.

### Таасирдүү машайакчы жетекчи – кызматчы

Бир күнү мен келечектеги жыйын жетекчисинен: «Эмнеге койчуман болгуңуз келет?» – деп сурагам.  Ал жигит: «Мен аэропорттон койчумандын чемоданын көтөрүп бара жаткан адамды көргөм. Мен кимдир бирөө менин чемоданымды көтөрүп жүрүшүн каалайм!» – деп жооп берген.

Ыйсанын көз карашы жогоруда айтылгандан өтө айырмаланган! Менин таанышым кимдир бирөөнүн кызматын көөрүүнү каалаган; Ыйса Өзү кызмат кылган. «Анткени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген», – деди».[108] Машайак чыныгы жетекчилик кызматты билдирерин көрсөтөт: Ыйса «кул кейпин кийип» басынган.[109]

► Жакан 13:1-20ны окугула.

Жакшы Кабарларда биз Ыйсанын жетекчилигинин үлгүсүн изилдегей алган үзүндүлөр көп, бирок алардын эң көрүнүктүүсүнүн бири шакирттеринин бутун жууган Теңирибиз жөнүндөгү окуя. Бул көрүнүштө Ыйса кызматчы болуу деген эмнени билдирерин көрсөтөт.

---

[107] Ajith Fernando, *Jesus Driven Ministry* (Wheaton, Illinois: Crossway Books, 2002), 133.
[108] Марк  10:45.
[109] Фил. 2:7.

Кээ бир жыйындар Ыйсанын Жашыруун кечеде кылган иш аракеттерин кайра көрсөтүү үчүн «бут жуу» расмисин өткөрүшөт. Бул эң сонун кызмат болушу мүмкүн, бирок Ыйса анда өзгөчө жөрөлгө өткөрбөгөнүн түшүнүү андан да маанилүү; анын ордуна Ал жөн гана кылуу керек болгон ишти аткарган.

Иерусалимдин чаң көчөлүрүнүн айынан жалданган кул тамакка чакырылган адамдардын бутун жуушу керекболгон. Бул кемсинтүүчү милдет болгон, ал эң төмөнкү катмардагы кулдарга жүктөлгөн. Машайак Пасахты майрамдоо үчүн шакирттери менен кошулганда, ал бөлмөдө кулдар жок болгон. Шакирттердин эч кимиси бул милдетти аткаргысы келген эмес; алар Кудайдын Падышалыгында жогорку кызмат орундарын ээлөөнү көздөп жатышкан. Машайак тизелеп эң төмөнкү катмардагы кулдун ишин аткара баштаган.

Бул көрүнүш Ыйса жетекчиликтин маңызын түшүнгөнүн көрсөткөн. Адамдар кызматка жана бийликке ээ болуу үчүн ага умтулушат; алардын максаты уюмдун эң жогорку кызмат ордуна жетүү болгон. Ыйса буга чейин эле эң жогорку орунда эле; Ал Улуу Устат болчу, бирок ал өз ыктыяры менен эң төмөнкү абалга түшүүгө макул болгон.

Машайакка окшош жетекчи болуу деген ушул; ал эч ким кылгысы келбеген ишти кылууга бел байлайт. Машайакка окшош жетекчи башкаларды буйруктарды берүү жөндөмү менен эмес, өзүнүн момун кызматы менен шыктандырат.

> «Дасторкондун төрүндөгү орундарды Кудай элинин арасындагы жетекчиликтин символу катары сүлгү менен чылапчын ээлеген… Сүлгүнү  кайра ордуна илүү маалы келди.»
> Джин Вилкес

Бир убакта кимдир бирөө кызматчынын рухун текшерүү үчүн суроо: «Мага кулдай мамиле кылганда, мен эмне кылам?» деген суроо экенин айткан. Ыйсанын үлгүсүн жолдогон жетекчи ушундай болгондо, таарынбайт; Ыйсага өмүр бою кулга кылгандай мамиле кылынган, бирок ал буга ызырынуу менен жооп кайтаруудан баш тарткан. Машайак башка шакирттер менен Жүйүттүн бутун да жууганын унутпаңыз. Сиз өзүңүзгө чыккынчылык кылууга чечим чыгарып койгон адамдын бутун момундук менен жууган кандай экенин элестете аласызбы?

Ыйса шакирттеринин бутун жууп бүткөндө, жогорку кызматтарды эңсеген ушул адамдарга мындай деген: «Анткени Мен силерге үлгү көрсөттүм, Мен силерге эмне кылсам, силер да ошону кылгыла»[110]. Отуз жылдан кийин Шымон Петир: «…Бардыгыңар бири-бириңерге баш ийип, момун болгула...» [111], – деп жазганда Ыйсанын момундугун эстесе керек. Машайак шакирттерине кызмат кылуу үчүн белине сүлгү  байлаган сыяктуу, биз да башкаларга кызмат кылуу үчүн момундукту кийишибиз керек.

---

[110] Жакан  13:15.
[111] 1 Петир 5:5.

Жетекчи-машайакчы катары биз кызмат кылуу мүмкүнчүлүгүнө эмес, бийлик абалына умтулуу азгырыгына берилишибиз мүмкүн; Ыйса машайакчылык жетекчилик – кызмат экенин көрсөткөн.

## Жыйынтыктоо: башка машайакчыларга насаатчылык кылуунун маанилүүлүгү

Жашообуздун акырында насаатчы катары Машайактын денесиндеги өнөктөштөргө таасир тийгизүү, сиздин кызматыңыздын улуу мурасы болуп калышы мүмкүн. Сиз кызмат кылган мезгилде он эки гана башка кызматчыны даярдасаңыз, сиздин таасириңиз бул он эки адамга жана алар даярдаган башка бардык адамдарга көбөйгөн болот.

Тилекке каршы көбүнчө машайакчылар насаатчылыктын маанилүүлүгү тууралуу билсе да, алардын айрымдары гана ага убактысын арнашат. Эмнеге биз кызматтын ушул тармагын көз жаздымда калтырабыз?

Мунун себептеринин бири насаатчылыктын **баасы**. Насаатчылык асыл убакытты талап кылат. Биз көп учурда жаш жетекчилерге салым кылынган убакыт чоң топторго кызмат кылууда таасирдүүрөөк болот деп эсептейбиз.

Дагы башка себеби — насаатчылыкты коштогон **көңүл калуу**. «Мен жетекчилердин кийинки муунун даярдап жатам», – деген таасирдүү угулат, бирок иш жүзүнө келгенде бул анчалык кызыктуу эмес.

Ыйса көп жолу шакирттеринин ийгиликке жай жеткенине капаланса керек. Машайак менен үч жыл чогуу жүргөндөн кийин Филип: «Теңир, бизге Атаңды көрсөт, бизге ошол жетиштүү болот»,[112] – деген. Ыйса беш миң адамды тойгузгандан бир нече жумадан кийин төрт миң адамды тойгузуу маселеси жаралган. Ошондо шакирттер: «Бул ээн жерде алар тойгудай нанды кайдан тапмак элек?»,[113]– деп сурашкан.

Элчи Пабыл да башынан ушундай эле көңүл калууларды көп өткөргөн. Жакан Марк аны биринчи миссионерлик саякаттын убагында таштап кетип калган;[114] Демасты бир нече ай үйрөткөндөн кийин Пабыл жалгыз бөлмө абакта жатып: «Анткени Демас бул дүйнөнү сүйүп, мени таштап Тесалоникага кетип калды»,[115] – деп жазган.

Насаатчылык кымбат турат жана көңүл калууга алып келиши мүмкүн, бирок бул жетекчинин ишинин маанилүү бир бөлүгү. Ар бир жетилген жетекчи-машайакчы келечектеги жетекчилерге устат болушу керек, ошол эле учурда ал өзү күрөш убагында колдоо көрсөтө турган насаатчыга муктаж.

[112] Жакан 14:8.
[113] Марк 8:4.
[114] Элчилердин иштери 13:13.
[115] 2 Тим. 4:10.

Говард Хендрикс ар бир адамга жашоодо үч адам керек экенин айтат:

1. Пабыл: бизге кийинки өсүүгө чакырык таштаган насаатчы болгон.
2. Барнаба: сенин алсыздыктарыңа чынчыл мамиле кылуу үчүн сени абдан сүйгөн дос.
3. Тиметей: Окутуу жана насааттоо керек болгон жашыраак адам.

► Бул сабакты өзүңүзгө төмөнкү суроолорду берүү менен бүтүрүңүз:

«Менин Пабылым ким?»
«Менин Барнабам ким?»
«Менин Тиметейим ким?»

## 3-Сабактын тапшырмасы

1. Шакирттер Ыйсанын кызматына байкоо жүргүзө алган төрт мисалды жазыңыз. Шакирттер тажырыйбада эмнени үйрөнгөнүнө көңүл буруңуз.

| Мисал | Үзүндү | Шакирттер үчүн сабак |
|---|---|---|
| Ыйса жин оорулуу баланы айыктырат | Мат. 17:14-21 | Ишенимдин күчү |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

2. Келечектеги кызмат үчүн сиз насааттай алган эки же үч адамды атаңыз. Төмөнкү эки суроого жооп берүү менен кыскача ой жүгүртүү (1 абзац) жазыңыз:

- Мен үйрөткөн адамдан кандай сапаттарды көргүм келет?
- Мен үйрөткөн адамда Кудай эмне кылышын каалайм? (Так болуңуз).

Сиз жазып жаткан адамдарга карата насаатчы катары кадамдарды кылууну баштаңыз. Кудайдан аларды кызматка даярдоо үчүн эмне кылуу керектигин көрсөтүүсүн сураңыз.

# 4-сабак
# Ыйсадай окутуу

## Сабактын максаттары

Сабактын акырында студенттер:

1. Ыйсаны улуу окутуучу кылган сапаттарды көрө алышы керек.

2. Эң жакшы окутуучу болуу үчүн тажрыйбалык ыкмаларды үйрөнүшү керек.

3. Студенттин сабакка даярдыгын жакшыртуу үчүн тапшырмаларды плашдаштырышы керек.

## Кызматтын принциби

Студенттер жетиштүү үйрөнгөндөн кийин өзүнүн окутуучусуна окшош болот.

## Киришүү

*Бул сабактын аягында тапшырма камтылбайт. Тескерисинче, «Сабакты тажрыйбада колдонуубуз» деген теманын алдында сабактын жүрүшүндө чакан тапшырмалар камтылат. Тапшырмалардын айрымдары жазуу же практикалык иш-аракеттерди талап кылат. Башка тамшырмаларды ой жүгүртүп же талкууласа болот.*

Доктринанын күчү жөнүндөгү эң терең сөздөрдүн бири Ыйса тарабынан жарыяланган: «Шакирт өз устатынан жогору болбойт, бирок үйрөнгөндөн кийин, ар бир шакирт өз устатындай болот»[116]. Машайак шакирттерин үйрөткөндөн кийин алар Анын мүнөзүн чагылдырарын билген, ошондуктан Ал Он экини үйрөтүү үчүн көп күч жумшаган.

Айрым жыйындарда окутуучунун ролуна көп көңүл бурулбай келет. Тажрыйбасы жок жекшемби балдар кызматчылары, кыска эле даярдыктан өтөт же таптакыр эле өтпөйт; жаңы ишенгендерди же кичине балдарды окутууга көп деле күч жумшалбайт.

Жыйындын жетекчилери катары биз окутууну Ыйса сыяктуу биринчи орунга коюшубуз керек. Шакирттер «устатына окшош болсо», окутуу иши чоң мааниге ээ болот. Биз окутуучуларды Улуу Устат – Ыйсанын үлгүсүн жолдоого үйрөтүшүбүз керек.

► Машайактын окутуу ыкмасы тууралуу буга чейин билгениңизди жазыңыз. Аны улуу Окутуучу кылган үч же төрт мүнөздөмөнү атаңыз.  Эми кайсы бир убакта сизди үйрөткөн эң жакшы окутуучу тууралуу ойлонуп көрүңүз. Ал адамды эң жакшы

[116] Лука  6:40.

окутуучу кылган үч-төрт мүнөздөмөнү атаңыз. Бул эки тизмедеги кайсы мүнөздөмөлөр дал келет?

## Окутуучунун жүрөгү: мүнөзү

Ыйсанын окутуусунун мазмуну Устаттын мүнөзүнө негизделген: Теңирдин жүрөгү анын пайдубалы катары кызмат кылган. Ал кандай

### Ыйса – Улуу Устат – Өзүнүн шакирттеринин муктаждыктарын билген.

► Лука 4:16-21ди окугула.

Мектеп мугалимдери сабактардын пландарын ар бир боло турган сабак үчүн даярдашат. План мугалим эмне кыларын көрсөтөт жана кийинки аспектилерди камтыйт:

- Максат: бөлчөктөрдү кошконду үйрөнүү.
- Иш аракет: Окуу дептеринин 89-бетиндеги 1-20 көнүгүүлөр.

Мен Шеппердс Глобал мектеби үчүн бул курсту даярдаганда, ар бир сабакта эмнеге жетким келгенин кыскача жазып чыккан сабактардын планын түздүм. Ыйсада кызматы үчүн «сабактын планы» болгон, бирок анда иш дептери жана көнүгүүлөр болгон эмес, ал план шакирттердин муктаждыктарына көңүл топтогон. Ыйса Өзүн угуп жаткандарга Ал төмөнкүлөрдү кылуу үчүн жиберилгенин айтат:

- жакырларга жакшы кабар таратуу;
- туткундарга эркиндик жарыялоо;
- сокурлардын көзүн ачуу;
- азап чеккендерге боштондук жарыялоо;
- Теңирдин ырайым кылуу жылын жарыя кылуу .[117]

Ыйсанын максаттары Анын шакирттеринин муктаждыктарына дал келген, алар Иерусалимде ийбадаткананы көзөмөлдөгөн жана синедриондо саясий бийликке ээ болгон саддукейлер эмес эле: Анын жолдоочулары римдиктердин кысымына калган катардагы еврейлер болгон; алардын кээ бири сокур же аксак, көптөрү оор салыктардан залал тарткан жакыр адамдар болушкан.

Ыйсанын сабагынын планы жөнөкөй: ал Ыйсанын шакирттеринин муктаждыктарына жооп болот. Ал туткундарды бошотот. Ал сокур адамдардын көзүн ачат. Жүйүт календарында ырайым жылы майрамдоо мезгили болгон. Карыздар жоюлган; жерлер алгачкы ээлеринин үй-бүлөлөрүнө кайрылып берилген; кулдар эркиндикке чыгарылган. Ыйса кысымчылыкка алынгандар үчүн  ырайым жылын жарыялоо үчүн келгенин айтат.

---

[117] Лука  4:18-19.

Машайак жердеги кызматында баштан-аяк шакирттеринин муктаждыктарын канааттандырган. Ал адамдар каалаганды дайыма эле аларга бере берген эмес, бирок дайыма аларга керек болгонду берген. Самариялык аял сууну каалаган, бирок ал кун төлөп куткарууга муктаж болчу;[118] Петир балык улагысы келген, бирок ага миссия керек болгон.[119] Ар бир учурда Ыйса шакиртинин терең муктаждыгын толтурган.

Мен жакында унаа сатып алышым керек болду. Көп сатуучулар: «Бул эң сонун унаа. Мына мындай себептер менен сиз аны сатып алышыңыз керек» деген сөздөрдөн башташат. Мен башкалардан өтө айырмаланган бир сатуучуга жолуктум. Ал суроолорду бере баштады. «Сиз күнүнө канча жол жүрөсүз?» «Сиз унаа алууга канча каражат бөлө аласыз?» «Сиз үчүн ыңгайлуулук маанилүүлүбү – же белгилүү бир көлөмдөгү күйүүчү майды иштетип, узак жол жүргөн унаа маанилүүлүбү?» Мен анын суроолоруна жооп берип бүткөндөн кийин, сатуучу: «Сиздин муктаждыктарыңызга мына бул унаа эң туура келет», – деди.  Мен аны угуп жатып мындай түшүнүккө келдим: «Ыйса окутканда мына ушундай кылган экен да; Ал шакирттеринин муктаждыктарын «угуудан» баштаган».

► Марк 10:17-22ни окугула.

Ыйсага келген бай жигит жөнүндө окуяны айтып берген аңгемечи: «Ыйса аны карап жакшы көрө мындай деди…», – деп баяндайт. Бу аяттагы аны «карап» деген сөз жөн эле карап коюуну билдирбейт; ал «жакшылап кароо жана так билүү» дегенди билдирет: Ыйса бул жигиттин жүрөгүн көрө алган. Башкалар бай жигитти гана көрө алган; Машайак болсо суусаган жүрөктү көргөн.

► Марк 16:1-8ди окугула.

Петир Ыйсаны четке каккандан кийин кандай уят болгонун элестетиңиз. Ал короздун кыйкырганын эстегенде, тирилүү кубанычы да өчүп калган. Болуп өткөн окуяны эске алуу менен периште Машайактын денесин майлоо үчүн келген аялдарга: «Баргыла да, Анын шакирттери менен **Петирге** Ал силерди Галилеядан тосуп алат. Силерге Өзү айткандай, Аны ошол жактан көрөсүңөр», – деген. Ыйса шакирттердин ичинен баарынан да Петирди көбүрөөк шыктандыруу керектигин билген. Бардыгы окутуучусун четке каккан коркокту көрүшкөн; Ыйса болсо калыбына келүүгө муктаж болгон кулап калган шакиртти көргөн.

Машайак биз окуучуларыбызды түшүнбөсөк, аларды үйрөтө албаарыбызды түшүнгөн. Балыкчылардын мындай сөзү бар: «Эгер балыкты кармагың келсе, балыктай ойлон». Эгер шакирттин жүрөгүн утуп алгыңыз келсе, ал кандай ойлонсо ошондой ойлонушуңуз керек; сиз үйрөткөн адамдардын жүрөгүн түшүнүшүңүз керек. Окутуучу катары сиз сабакты изилдешиңиз керек, бирок андан да көбүрөөк шакирттерди

---

[118] Жакан  4:7-42.
[119] Мат. 4:18-22.

изилдеп, алардын муктаждыктарын түшүнүшүңүз керек.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Сиз (формалдуу же формалдуу эмес түрдө) окуткан бирөөлөр тууралуу ойлонуп көрүңүз.  Кыйынчылыкка туш болгон студенке көңүл буруңуз. Анын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн тажрыйбада кыла алган иштердин тизмесин түзүңүз.

**Ыйса — Улуу Устат — чыдамдуу болгон.**

***Машайак Өзүнөн тескери бурулгандарга чыдамкайлык менен мамиле кылган.***

► Жакан 6:41-71ди окугула.

Бул окуя Ыйсанын кызматынын маанилүү өтмөк мезгилдеринин убагында болот. Өткөн жылдын ичинде Машайак абдан белгилүү болгон. Адамдар Анын кереметтерине суктанган жана Теңир көбөйткөн тамак менен курсагын тойгузушкан. Эми Ыйса: «Мен нанмын», – деп жарыялады. Анын айткан сөздөрү адамдардын башын айландырган. «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Адам Уулунун Денесин жеп, Канын ичпесеңер, өмүргө ээ болбойсуңар». «Ушул сөздөрдөн кийин шакирттеринин көбү Ыйсадан четтеп, Аны ээрчибей калышты».

Ыйса Анын окутуусун көптөр кабыл албаарын билсе да миңдеген адамдарды окуткан; Ал Он экинин «бирөө – шайтан» экенин билсе да аларды үйрөткөн. Ал чыдамдуу окутуучу болгон.

***Ыйса Өзүн түшүнбөгөндөргө чыдамдуулук менен мамиле кылган.***

► Марк 8:27-33тү окугула.

Ыйса окууга умтулбаган окуучуларга чыдамдуулук менен мамиле кылган. Машайак шактирттердин шектенүүсү жана сокурлугу тууралуу канча жолу айтканына көңүл буруңуз. Петир Ыйсанын Машайак экенин айтканда, бул кандай мааниге ээ экенин түшүнгөн эмес. Бир нече аяттан кийин Ыйса Петирди туура эмес идеялары үчүн жемелейт.

► Жакан 3:1-21ди окугула.

Ыйса Өзүнүн окутуусун түшүнбөгөн фарисейге чыдамдуу мамиле кылган. Ыйса таң калуу менен Никедимден: «Ысрайыл элинин окутуучусу болуп туруп, ушуну билбейсиңби?» – деп сураган. Жезекиел Ысрайыл эли суудан жана Рухтан төрөлүшү керек болгон күндү алдын ала айтканын Никедим билиши керек эле. Ыйса эч нерсе

түшүнбөгөн окуучуга чыдамкайлык менен сабакты түшүндүргөн.[120]

Мына менин окутуучулук чыдамкайлыгымды текшерүү үчүн суроо: «Мен бир иш чараны таштаардан мурун канча жолу сабакты түшүндүрүүгө даярмын?» Ыйса чыдамкайлык менен шакирттерин окутууну уланткан. Ал эч качан: «Мен бул тууралуу айтпадым беле. Эгер укпай калган болсоңор эми өтө кеч болуп калды», – деп айткан эмес. Эгер Ал окуучулар ачык экенин көрсө, окутууну уланткан. Устат – Ыйса – чыдамкай болгон.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Окуучуларыңыз ийгиликке жай жеткени үчүн баарын таштап салууга жакынсызбы? Алар сиздин окутууңузга жооп кайтарбаганына капа болосузбу? Сиз Устаттын чыдамкайлыгын өзүңүз үйрөтүп жаткан адамдарга кантип ачып бере аласыз?

**Ыйса – Улуу Устат – шакирттерин сүйгөн.**

► Марк 6:30-34тү окугула.

Ыйса тынымсыз келген калың элдин кысымынан жана кызматтан эс алууга мүмкүн болгон ээн жер табуу үчүн шакирттерин Галилей көлүнүн наркы өйүзүнө ээрчитип барган. Миңдеген адамдар Анын кайда баратканын көргөн жана Аны менен жолугуу үчүн жээкти бойлой шашыла жөнөшкөн. Машайак жээкке түшкөндө аялдар менен балдарды эсептебегенде беш миң эркектен турган калың элди көргөн. Ал: «...көп элди көрүп, аларга боору ооруду. Анткени алар койчусу жок койлордой эле. Ыйса аларга көп нерсени үйрөтө баштады».[121]  Ыйса — Улуу Устат — Өзүнүн шакирттерин сүйгөндүктөн адамдарга салым кылган.

Бул сабакта мындан мурун биз Машайактын артынан ээрчүүнүн баасын төлөгүсү келбеген үчүн «көңүлү чөккөн бойдон кетип калган» бай жаш жигит жөнүндө окуганбыз.[122] «Ыйса аны **жакшы көрө** караган…»;[123] Улуу Устат кетип калган окуучусун да сүйгөн.

Ыйса көптөгөн адамдарга, а түгүл Өзүн четке каккан адамдарга да боорукердик менен караган. Насаатчылардын бири Жүйүт жөнүндө айткан экен, анын насааты «Ыйса сүйгөн шакирт» деп аталган. Ыйса Жүйүт Ага чыккынчылык кыларын билсе да, ага сүйүү көргөзгөн; Ыйса Өзүнүн шакиртин акырына чейин сүйгөн.

Сабакка убагында келип, тапшырмалардын баарын аткарып, билим алууга умтулган окуучуну сүйгөн оңой; сага чыккынчылык кылган Жүйүттү, сени таштап кеткен бай

---

[120] Жакан  3:5 Жезекиел 36:25-27теги убадага кайрылат. Пайгамбар Кудайдын эли суу менен жууна турган күн келерин көргөн (бул булганычтан жана буркандардан тазалайт) жана жаңы Рухка ээ болот (бул Кудайдын мыйзамын аткарууга каалоо берет).

[121] Марк  6:34.

[122] Марк  10:17-22.

[123] Марк  10:21.

жигитти жана сенин сөзүңүдү өзү каалагандай чечмелеп алган Петирди сүйгөн кыйын. Ыйса — Улуу Устат — биз кыйын окутуучуларды да сүйүшүбүз керектигин көрсөтөт.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Сүйүүгө кыйын болгон окуучу жөнүндө ойлонуп көрүңүз. Балким ал сиздин жетекчилигиңизге каршы чыккан жумушчу, же сизди көп сындаган жыйындын мүчөсү. Мындай деп сыйынып баштаңыз: «Кудайым, мага бул адамды сүйүү кыйын, бирок Сен аны сүйөрүңдү билем. Мага аны Сенин көзүң менен кароого жардам берчи. Мага аны Ыйса Өзүнүн шакирттерин сүйгөндөй сүйгөнгө жардам берчи».

## Окутуучунун колдору: ыкмалары

«Окутуучунун жүрөгү» деген бөлүктө биз Ыйсанын мүнөзүн карап чыктык. Машайак үйрөткөн нерсенин баары Анын мүнөзүнө негизделген. «Окутуучунун колдору» деген бөлүктө биз  Ыйса колдонгон ыкмаларды көрөбүз. Биз Ал сыяктуу үйрөткүбүз келсе, Анын ыкмаларын колдонушубуз керек.

### Улуу Устат – Ыйса шакирттерине Өзүнүн максаттарын жеткирген.

► Лука 5:1-11ди окугула.

Ыйса Галилей көлүнүн жээгинде элди окутканда, эл аны кыскандыктан Ал Шымон Петирдин балык уулаган кайыгына түшүп кеткен.[124] Бүткөндөн кийин, Ыйса Шымонго кайрылып: «Көлдүн терең жерине сүзүп барып, торлоруңарды салгыла» деген.

Шымон тажрыйбалуу балыкчы болгон, ал түнү менен ийгиликсиз балык улаган.  Ал кайра балык кармоого аракет кылуу пайдасыз экенин билген, бирок ал Ыйса айткандай кылган. Петирди таң калтырган балыкчылар укмуштуудай көп балык кармап келишкен. Ыйса Шымонго: «Коркпо, мындан ары адамдарды кармайсың», – деген.

Ыйса, бардык жакшы окутуучулардай эле, шакирттер үчүн Өзүнүн максаттары жөнүндө айткан. Элүүнчү күнү Петир Ыйса ага тапшырган максаттарга жетүүгө даяр экенин көрсөткөн.

Таасирдүү окутуучулар өздөрүнүн максаттарын жеткиришет. Алар окуучуларына: «Мына бүгүн силер бул нерселерди үйрөнөсүңөр», – дейт. Ал эми сабактын акырында: «Бүгүн эмнени үйрөндүңөр?» — деп сурашат. Алар окуучулар сабактын максатына жеткенин көргөнүнө ынангысы келет.

[124] Лука «Геннисарет көлү», Жакан «Тивериад көлү», Матай менен Марк «Галилея көлү» жана Муса «Киннерет көлү» деп атаган көлдөр (Сан. 34:11) — Ыйсанын кызматында маанилүү орун болгон бир эле көлдү билдирет. Машайактын айрым шакирттери ушул көлдө балык уулашкан, анын кызматынын маанилүү бөлүгү Галилея көлүнүн жээгинде өткөн.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Кийинки сабакты изилдөөдө студенттер көрө алгыдай кылып максатты тактага жазыңыз. Максат түшүнүү үчүн так жана жөнөкөй экенин тастыктаңыз; аны сабактын башында тартууланыз, ал эми сабактын акырында студенттерден: «Максатка жеттикпи?» – деп сураңыз.

**Улуу Устат – Ыйса, көзөмөл алдында тажрыйба алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган**.

Таасирдүү окутуу — лекциядан чоң; чыныгы окутуу таржыйбаны талап кылат.

► Лука 10:1-24тү окугула.

Шакирттер толугу менен окутуудан өтө элек болчу, бирок Ыйса аларга үйрөткөн сабактарды тажрыйбалоого мүмкүнчүлүк берген. Алар кайтып келгенде Машайакка өздөрүнүн тажрыйбасы жөнүндө айтып берген. Ал шакирттери сабактарды түшүнбөгөнүн көрүп, аларга көбүрөөк көрсөтмөлөрдү берген. Ошондой эле Ыйса аларды: «Силер көргөн нерселерди көрүп турган көздөр бактылуу!» – деп шыктандырган. Ыйса алардын иш-аракетин жетектеген.

Бирок үйрөнгөн нерсени тажрыйбада колдонууга мүмкүнчүлүк берүү жетиштүү эмес; тажрыйбалык иш аракеттерди баалап, андан кийин окутууну улантуу керек. Белгилүү макалда: «Машыгуу кемчиликсиз чебер кылат», – деп айтылат. Муну толук чындык деп айтууга болбойт. Туура эмес колдонуу жакшыраак өндүрүшкө алып келбейт. Андан көрө: «**Көзөмөл алдында** машыгуу кемчиликсиз чебер кылат», – деп айтуу тууpapaaк болот. Таасирдүү окутуучу окуп жаткандарга машыгууга мүмкүнчүлүк берет, окуучулар менен натыйжаларды баалайт, андан кийин аларды шыктандырат жана аларга багыт берет.

Бир күнү мен гольф үйрөнүүгө аракет кылдым. Мен көп жолу топту чаап жаттым жана көп саат машыктым, бирок натыйжа жакшырган жок. Эмен үчүн? Мен машыгуучу аянтчада жалгыз болчумун, мени багыттай турган эч ким жок эле. Топ туура эмес учканда, эч ким мага мен эмнени туура эмес кылганымды айткан жок, ал менден алыс эмес жерге учканда, жанымда: «Клюшканы мындай карма», – дей турган адам болгон жок. Мен машыгып жаттым, бирок менин машыгуум пайдасыз болду.

Пабыл көзөмөл астында машыгуунун баалуулугун билген. Ал Тиметей менен Титти үйрөткөн, андан кийин аларды кызмат орундарына дайындаган. Ал Тиметей менен Титке кийинки көрсөтмөлөрдү берүү үчүн койчумандык каттарын жазган. Шакирттер элчи үйрөткөн кызмат принциптерин тажрыйбада колдонушканда Пабыл аларды жетектеген.

Мен бир күнү Түштүк Африкадагы машайакчылык мектепке барып көргөм. Класстагы ар бир окуучу 1 Корунттуктарга 13-бөлүмдү жатка айтып беришти. Бир окуучу бул тапшырма менен бир нече жума күрөшкөн экен. Ал жакшы жаттай албай, башка

шакирттерден аябай уялган. Мен келген күнү ошол окуучу акыры класста бүт бөлүмдү айтып бере алды.

Ал айтып бүткөндө, калган окуучулар ордунан туруп, ага кол чабышты. Эмнеге? Бул бөлүм сүйүүгө арналган, ал эми алардын мугалими окуучуларды сүйүү башкаларды шыктандырат деп үйрөткөн. Алар өзүнүн классташын шыктандырганда, 1 Корунттуктарга 13-бөлүмдү тажрыйбада колдонуп жатышкан! Таасирдүү окутуучулар шакирттерин үйрөнүп жаткан принциптерди колдонууга шыктандырат.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Окуучуларыңызга изилдеп жаткан нерсесин тажрыйбада колдонууга мүмкүнчүлүк бериңиз. Эгер жаш койчумандарды үйрөтүп жатсаңыз, аларга насаат айтууга, оорулууларга барууга же ишенбегендерге жакшы кабар менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз. Тапшырма аткарылгандан кийин, алардын кызматын баалап, жакшыртуу сунуштарын киргизип, алар ийгиликтүү болгон тармактарды белгилеп шыктандырыңыз.

**Улуу Устат — Ыйса — ийкемдүү болгон.**

Машайак окуткан көп жерлер жана абалдар тууралуу ойлонуп көрүңүз. Ал мындай окуткан:

- көл жээгинде (Лука 5);
- бороон убагында (Лука 8:22-25);
- шакиртке кыйынчылыктардан өтүүгө жол бергенден кийин (Мат. 14:25-33);
- Ал сабак өтүп жатканда бирөөлөр келип калганда (Мат. 12:46-50);
- ийбадатканага барганда (Мат. 24);
- Анын классынын чатырын бирөө бузганда (Лука 5:18-26).

Луканын Жакшы Кабары 5:18–26да кереметтен кийин кайтып келген «шакирттерди» элестетиңиз. Алар Ыйсанын күчү тууралуу бул сабакты унуткус болушкан! Лука мындай деп жазат: «Ошондо баары айран-таң калып, Кудайды даңкташты. Үрөйлөрү учкан алар: «Бүгүн биз кереметтүү иштерди көрдүк», – дешти».[125]

Ыйса такшалган окутуучу катары шакирттер окууга даяр болгондо окутууга учур табуу үчүн жетишээрлик ийкемдүү  болгон. Лука ушул принциптин мисалын көрсөткөн: «Ыйса бир жерде сыйынып жатты. Сыйынып бүткөндөн кийин, шакирттеринин бири Ага: "Теңир, бизге да сыйынууну үйрөтчү", - деди.[126] Машайак ошол учурду сыйынууну үйрөтүү үчүн колдонгон.

Сегиз жаштагы Сабрина фортепианодо ойноо сабагына келип: «Бүгүн эртең менен менин мышыгым өлүп калды!» – деп ыйлап жиберди. Сабринаны ыргактар же аспапта

[125] Лука  5:26.
[126] Лука  11:1.

ойноо кызыктарган жок, бирок мен ага «Менин сүйүктүү мышыгым» деген чыгарманы ойноп бергенде, ал: «Мен бул обонду мышыгымды эстеп жүрүү үчүн үйрөнгүм келет!» – деди.

Окутуучу катары биз шакирттерибизге кулак салып, алардын жагдайларына көңүл бурушубуз керек. Улуу Устат – Машайак сыяктуу биз окутууда ийкемдүү болушубуз керек, ошондой эле сабакты окуучулардын муктаждыктарына ыңгайлаштырууга даяр болуу керек.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Сиз башкаларды окутканда ийкемдүү болосузбу? Сабакты өтүүнүн жок дегенде эки ыкмасын пландаңыз. Эгер көбүнчөсү лекция окусаңыз, мындай ыкманы колдонбогон сабакты пландаңыз. Эгер көп учурда компьютердик презентацияларды же башка технологияларды колдонсоңуз, бул каражаттарды колдонбой сабак даярдаңыз. Эгер бөлмөнүн ичинде сабак өтүп жүрсөңүз, таза абада сабак өтүп көрүңүз жана сабагыңызга жаратылыштан бир нерселерди кошуңуз.

**Улуу Окутуучу — Ыйса — маалыматты чыгармачылык менен жеткирген.**

Машайак эч качан: «Бүгүн биз китептен 212-бетти окуйбуз. Петир, сен биринчи абзацты оку», – деп сабак өткөн эмес: анын ордуна Ал маалыматты жеткирүүнүн улам жаңы ыкмаларын тапкан.

► Ыйсанын чыгармачыл сабак өтүүсүнүн ар бир мисалын карап чыгыңыз.

- **Лука 6:39-42***.* Бир сокур экинчи сокурду жетелеп бараткандагы иронияны элестетип көрүңүз. Көзүндө дөңгөч бар адам башка адамдын көзүндөгү кыпынды чыгарууга аракет кылып жатканын элестетиңиз.
- **Лука 18:18-30***.* Кудайдын Падышалыгына кирүү үчүн жердеги байлыктарды колдонсо болобу? Ийненин көзүнөн төөнү өткөрүп жатканыңызды элестете аласызбы?
- **Лука 9:46-48***.* Ыйса момундук тууралуу сабакты өтүүдө наристени тирүү көрсөтмө курал катары колдоногон.
- **Лука 15:1-7**. Кудай жоголгон жандын үйгө кайтып келүүсүнө кандай мамиле кылат? Ыйса кожоюн үчүн бир койдун баалуулугун көрсөткөн.
- **Лука 15:11-32**. Атанын бийлиги таанылган патриархалдык коомчулукта, Ыйса угуучуларды нес кылган үлгү насаат аңгемени айтып берет: ата козголоңчул уулун чуркап тосуп чыгат.

Ыйса суроого сейрек учурда түз жооп берген; анын ордуна Ал окуя айтып берген же башка суроо берген. Луканын Жакшы Кабары 10-бөлүмдө мыйзам окутуучу Ыйсадан:

«Устат, түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн эмне кылышым керек?» – деп сураган. Ыйса боорукер самариялык адам жөнүндө үлгү насаат аңгемени айтып берген.[127]

Машайак өтө терең суроолорду бере алган, Ал «ооба» же «жок» деп жооп берип койууга мүмкүн болгон суроолорду өтө сейрек берген; анын ордуна Ал угуучуларга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү көрсөткөн суроолорду колдонгон.

► Кийинки мисалдарды окугула:

- **Лука 7:36-50**. Ыйса Өзүн сындаган фарисейге мындай суроо берген: «Айтчы, алардын кимиси аны көбүрөөк жакшы көрөт?»
- **Марк 8:36**. Шакиртчиликке үйрөтүп жатып Ыйса: «Анткени адам бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок өз жанына зыян келтирсе, андан ага кандай пайда?» – деп сураган.
- **Лука 6:46**. Баш ийгиси келбеген адамдарга Машайак: «Эмнеге силер Мени: “Теңир! Теңир!” деп чакырасыңар да, айтканымды кылбайсыңар?» – деген.

Бул суроолордун бирине да жөнөкөй жооп берүү мүмкүн эмес: алардын ар бири Теңирдин окутуусу тууралуу терең ойлонтот.

Окутуучулар суроолорду туура эмес колдонгондун эки жолу бар.

1. Биз «ооба» же «жок» деген жоопторду бере турган суроолорго ыраазы болуп өтө жөнөкөй суроолорду беребиз. Эгер биз окуучуларыбыз бир нерсе тууралуу терең ойлонуусун кааласак, китептеги жооптун чегинен чыгып жооп бере алгыдай суроолорду беришибиз керек.
2. Биз жоопту берүүгө керектүү убакыт күтүп турбайбыз. Изилдөөчүлөр окутуучулардын көбү кийинки окуучуга өткөнгө чейин бир секунддан аз күтөрүн айтышкан. Окуучуга суроону түшүнүп жооптуу түзүү үчүн үч секунддай убакыт керек. Суроолор аркылуу окутуу тажрыйбасын жакшыртуу үчүн кийинки окуучуга өткөнгө чейин дайыма жетиге чейин санаңыз.

### Сабакты тажрыйбада колдонобуз

► Сиз окутууда чыгармачылсызбы? Галаттыктарга 6:7-8 боюнча сабак даярдаңыз. Окуучуларга себүү жана оруу принциби тууралуу терең ойлонууга мүмкүнчүлүк берген суроолорду түзүңүз; андан кийин сиз бере алган кошумча суроолорду көрүү үчүн төмөндөгү шилтемеге кайрылыңыз.[128]

---

[127] Лука 10:25-37.

[128] Галатиялыктарга 6:7-8де себүү жана ооруу принциптери тууралуу суроолор.
Кайсы табигый көрүнүштөрдүн же коомдук процесстердин мисалдары себүү жана оруу принциптерин көрсөтөт?
Библиялык каармандардын кимиси ушул принципти көрсөтөт?

**Тагыраак карайбыз: Үлгү насааттарды чечмелөө**

Үлгү насаат аңгеме — Ыйса жакшы көргөн ыкмалардын бири. Бирөө ага «асмандын сабагы менен жердин баяны» деген аныктама берген. Машайактын үлгү насаат аңгемелеринде шакирттердин кызыкчылыгы менен байланышты жоготпоо үчүн тааныш жагдайлар колдонулган (дыйкандар, койчулар жана койлор), бардыгына белгилүү адамдардын түрлөрү (самариялыктар, ыйык кызмат кылуучулар, салыкчылар жана фарисейлер) жана тааныш абалдар (жоголгон кой, жоготуп алган тыйын жана качып кеткен уул).

*«Ыйык Китепти чечмелөөнүн принциби»* деген Шеппердс Глобал Мектебинин курсу үлгү насаат аңгемени чечмелөө боюнча бөлүктү камтыйт. Анда үйрөтүлгөн принциптердин корутундусу мындай. Үлгү насаат аңгемени изилдеп жатып биз мындай суроо беребиз:

**1. Ыйса бул үлгү насаат аңгемени айтып бергенине кайсы суроо же абал себеп болду?**

Боорукер самариялык адам тууралуу үлгү насаат аңгеме мыйзам окутуучунун: «Менин жакыным ким?» деген суроосуна жооп болгон. Ыйса аңгемесинде бизге жолуккан ар бир муктаж адам биздин жоопкерчилигибиздин тармагына кирип калган биздин жакыныбыз экенин айтат.[129]

Машайак Анын күнөөкөрлөр менен достугун сындаган диний жетекчилерге адашкан уул жөнүндө үлгү насаат аңгемени айтып берген. «Салыкчылар менен күнөөкөрлөрдүн баары Ыйсанын сөзүн угуш үчүн, Ага жакын келишти. Фарисейлер менен мыйзам окутуучулар болсо: «Ал күнөөкөрлөрдү кабыл алып, алар менен бирге тамактанат», – деп күңкүлдөштү. Ошондо Ыйса аларга төмөнкү үлгү-насаат аңгемени айтып берди: …»[130]

- Койчу коюн жоготуп алган. Аны таап алганда, ал сүйүндү!
- Аял тыйынын жоготуп ийген. Аны тапканда, ал абдан кубанды!
- Ата уулунан айрылып калган. Анын уулу кайтып келгенде, ал аябай чоң кубанычты сезген!

Ыйса кийинкини айткысы келген: «Мен күнөөкөрлөр менен тамактанганда, аң таң калбагыла. Жок дегенде бир күнөөкөр тобо кылса, асманда кубаныч болот!»

---

Сиз бул принцип иш аракет кылган жеке мисалдарды айтып бере аласызбы?
Жеке жашооңузда кийин оргуңуз келбеген үрөндөрдү сээп жатасызбы?

[129] Лука 10:36-37.
[130] Лука 15:1-3.

Эгерде биздин чечмелөө суроого жооп бербесе же Ыйсанын окуясына түрткү берген жагдайга кайрылбаса, анда биз үлгү насаат аңгеменин маанисин түшүнбөй калганбыз.

### 2. Үлгү насаат аңгеменин негизги мааниси кандай? Бул үлгү насаат аңгемеден кошумча кандай сабактарды алса болот?

Үлгү насаат аңгеме көп учурда окуядагы ар бир башкы каарман үчүн бир маанилүү корутундуну камтыйт. Үлгү насаат аңгеменин негизги сабагы Ыйсаны аны айтууга шыктандырган суроо же абал менен түзмө-түз байланышта болот. Башка сабактар окуядагы башка каармандардан  келет.

Адашкан уул тууралуу окуяда үч каарман бар. Биз анын негизги сабагы – тобо кылган күнөөкөр жөнүндө асмандагы кубаныч экенин көрдүк: бул Ыйсага ушул окуяны айтып берүүгө себеп болгон абалга жооп. Үйлгү насааттын ар бир каарманы окуянын негизги кабары менен байланыштуу сабактарды бериши мүмкүн. Окуядагы ат Асмандагы Атабыздын таң калычтуу сүйүүсү жөнүндө, адашкан уул – күнөөнүн баасы жөнүндө да, тобо кылуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө да, улуу бир тууган «жакшы уул» сезилсе да атанын сүйүүсүнүн артыкчылыктарын жоготуп алышыбыз мүмкүн экенин эскертет.

### 3. Үлгү насаат аңгеме үчүн кандай маданий деталдар маанилүү?

Ыйсанын үлгү насаат аңгемелери көп учурда Анын айлана чөйрөсүндөгү маданияттын чен өлчөмдөрүнө карама-каршы келген. Ушул нерсе аларды унутулгус кылган: ата козголоңчул уулун тосуп алуу үчүн чуркайт, самариялык адам – баатыр адам; алсыз жесир күчтүү сотту жеңет. Биз маданий шарттарды канчалык жакшы түшүнгөн сайын, Машайактын кабарын ошончолук жакшы түшүнөбүз.

## Колдонуу: Окутуучунун жети мыйзамы

Доктор Говард Хендрикс Далластагы теологиялык семинарияда алтымыш жылдан ашык кызмат кылган.[131] Ал эмгек жолунда 10 000 ашык студентти окуткан. Анын эң таасирдүү эмгектеринин бири – Ыйсанын окутуу ыкмасына негизделген, анын көз караштарын «окутуучунун жети мыйзамы» менен кыскача баяндаган чакан китеп. Бул принциптерди колдонуу менен сиз көбүрөөк таасирдүү болосуз.

### Окутуучунун мыйзамы

*Окутуучунун мыйзамы*: эгер бүгүн өсүүнү токтотсоңуз, эртең окутканды токтотосуз.

Доктор Хендрикс мындай деп сурайт: «Сиз кайсы суудан ичет элеңиз: токтоп калган саздын суусунанбы же агып жаткан булактын суусунанбы?» Токтоп турган жагымсыз сууга караганда, булактан аккан таза суу жакшы.

---

[131] Бул материал Howard Hendricks, *Teaching to Change Lives* (Multnomah Books, 1987) китебинен алынган.

Кээ бир окутуучулар өзүнүн сабагы боюнча жаңы китептерди жылдап окушпайт же жаңы идеяларга ээ болушпайт. Алардын сабак өтүүсү сол жактагы көлчүктөй болуп калат; ал токтоп калган жана жаңы эмес. Окутуучу катары биз өз тармагыбызда өсүүнү улантышыбыз керек, ушул сыяктуу эле койчумандар Кудайдын Сөзү тууралуу жаңы түшүнүк алыш үчүн дайыма окуп турушу керек.

**Сабактын материалын колдонобуз**

► Окуучу сизге: «Агай, акыркы убакытта Ыйык Китептен эмнени үйрөндүңүз?» деген суроо бергенин элестетиңиз. Сиздин жообуңуз бул жуманын, же өткөн айдын, жылдын же андан да мурунку убакыттын ачылышына негизделеби? Сиз Кудайдын Сөзүн таанып билүүдө күн сайын өсүп жатасызбы?

**Билим алуу мыйзамы**

*Билим алуу мыйзамы*: адамдардын кандай окуганы алардын кандай окутканын аныктайт.

Ыйса койчумандарга койлор; балыкчыларга «адам кармоо»; кудуктун жанындагы аялга суу жөнүндө окуяларды айтып берүү менен үйрөткөн: Машайак таасирдүү окутуучу ар бир окуучунун муктаждыгына ылайыкташарын билген.

Доктор Хендрикс окутууну футбол машыгуучусунун иши менен салыштырат: ал түзмө-түз оюнга катышпайт, бирок оюнчуларды шыктандырат жана багыттайт. Ушул сыяктуу эле таланттуу окутуучу бардык жумушту лекциялар аркылуу эле аткарбайт, ал окуучу таасирдүү билим ала алышы үчүн алардын ар бирин шыктандырат.

> «Окутуунун сапатын текшерүүнүн негизги жолу, сиз эмнени жана канчалык жакшы кылып жатканыңыз эмес, сиздин окуучуңуз эмнени жана канчалык жакшы кылганы болуп эсептелет.»
> Доктор Говард Хендрикс

Моррис менин библиялык классымдагы окуучу болчу. Мен окуучулар сынакка жакшы даярдануу үчүн кылдаттык менен сабактарды жазып аларын күтөм. Моррис жазууларды кылууну каалабады. Анын ордуна мен сабак өтүп жатканда ал блокнотуна сүрөттөрдү тартып отурчу. Окутуучу катары мен Моррис мени укпай эле окшойт деп коркчумун. Мен бир нече жолу «Моррис, сүрөттөрдү тартканды токтотчу. Мен үйрөтүп жатканды жазып алчы», – деп айттым.  Ал мен айтканды кылууга аракет кылды, бирок аябай наааразы болду.

Андан кийин мен окутуу жөнүндө доктора Хендрикстин айтканын эстедим.  Мен: «Моррис, кел мындай кылып көрөбүз. Эгер менин класста айткандарымды эстеп калганыңды далилдей алсаң, сүрөт тарта берсең болот», – дедим. Эксперимент ийгиликтүү болду. Моррис сөздөрдү сүрөткө айлантканга үйрөндү, мен болсо күтүүлөрүмдү өзгөрткөндү үйрөндүм, анткени «адамдардын кандай окуганы сиздин кандай окутканыңызды аныктайт».

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Классыңызда өзүн башкалардан өзгөчө алып жүргөн окуучу барбы? Сиз ага сабакты таасирдүүрөөк өздөштүрүү үчүн эмне кыласыз?

**Иш аракет мыйзамы**

*Иш аракет мыйзамы*: болушунча катышуу болушунча өздөштүрүүгө алып келет.

> Ыйса Анын шакирттери Ал аларга үйрөткөн сабактарды иш үзүндө колдонушу керектигин билген. Ыйса аларды кызмат боюнча башка шаарларга жиберген; калың элге нан жана балык таратууну тапшырган; аларды сыйынуу үчүн ээн жерге алып барган; окутууну иш жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк берген. Натыйжа кандай болгон? Элчилер «дүйнөнү астын-үстүн кылган» адамдар катары белгилүү болуп калышкан.[132]

«Мен угам… анан унутуп калам.
Мен көрөм… анан эстеп калам.
Мен кылам… ошондо түшүнөм.»
- Кытай ибараты

Психологдор биз укканыбыздын 10%ын, көргөнүбүздүн жана укканыбыздын 50%дан азын, көргөнүбүздүн, укканыбыздын жана кылганыбыздын 90%ын эстеп каларыбызды айтышат. Жигердүү катышуу окутууну бир топ күчөтөт.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Кийинки сабакка даярданууда, сиз үйрөтүп жаткан принципти студенттерге колдонууга мүмкүнчүлүк берген көнүгүү даярдаңыз.

**Коммуникация мыйзамы**

*Коммуникация мыйзамы*: чынында окутуу үчүн биз окуучу менен көпүрө курушубуз керек.

Окутуучулар жана койчумандар катары биз баарлашууну куруу менен алек болобуз. Биздин ишибиз жөн гана маалымат тартуулоодон алда канча кенен; анын максаты угуучуларыбызга чындыкты жеткирүү. «Коммуникация» «жалпы» дегенди билдирген *communis* деген латын тилиндеги сөздөн алынган. Коммуникация биздин окуучулар менен жалпы абалды табууну жана көпүрөнү курууну талап кылат.

Ыйса шакирттер менен көпүрө курuунун үлгүсүн көрсөткөн. Самариялык аялга баруу үчүн Ал расалык, диний жана коомдук тоскоолдуктардан өткөн. Ыйса жүйүт; аял самариялык болгон; Машайак эркек; ал аял болгон; Ыйса кадыр-барктуу рабби эле, аялдын мурунку жашоосу адеп-ахлаксыз болгон. Ыйса кантип бул тоскоолдуктардан

[132] Элчилердин иштери 17:6.

өтүп, көпүрө сала алмак? Ал экөөнү тең кызыктырган нерсени тапты; экөө тең суусап жаткан; денелик талап жашоону өзгөртө турган көпүрөнү камсыз кылган.[133]

Доктор Хендрикс коммуникация үч деңгээлди камтышы керектигин айтат:

1. **Билим** — мен билген нерсе. Бул коммуникациянын эң жөнөкөй деңгээли.
2. **Ынтаалуулук** — мен сезген нерсе. Бул коммуникациянын тереңирээк деңгээли.
3. **Иш аракет** — мен кылган нерсе. Коммуникациянын бул деңгээли биздин окуучуларды өзгөртөт.

Мен Африкадагы семинариянын администратору бай демөөрчү менен көрүнүшүн бөлүшкөнүн көргөм.  Ал демөөрчүдөн мен элестете алгандан да көп акча сурады! Мени таң калтырганы жардам берешен болду. Эмнеге? Семинариянын администратору үч деңгээлде баарлашкан:

1. **Билим**: ал Африкада семинариялык окутуунун зарылдыгын билген.
2. **Ынтаалуулук**: ал Африкадагы жыйын жетекчилерин окутууга кызыккан.
3. **Иш аракет**: ал өмүрүн Африкада өткөргөн жана жыйын жетекчилерин окутуу үчүн көп курмандук алып келген. Администратор өзүнүн күч жумшаганы жана иш аракеттери тууралуу маалыматты жеткире алган.

Таасирдүү окутуу үчүн биз үйрөтө турган сабагыбызга күйүп-жанып кызыгышыбыз керек. Жыйында балдар үчүн жекшембилик мектепте мындай сүйлөшүү болгонун элестетиңиз:

> Окутуучу: «Бүгүн биз Жакан 6-бөлүмдө Ыйса 5000 адамды тойгузганын изилдейбиз».
>
> Окуучу: «Менин бир суроом бар. Ыйык Китеп алар эркектерди гана санаганын айтат. Эмнеге?»
>
> Окутуучу: «Мен билбейм. Бул маанилүү эмес. Жөн эле сабакты уга берчи».

Күтүлбөгөн жерден библиялык окуя зериктирген окуяга айланат. Балдар Ыйса кантип бир нече нан жана балык менен 20 000 адамды тойгузганын абдан билгиси келген. Биз аны кантип зериктирген окуя кылып коё алабыз? Мындай окутуучу билимди өткөрүп бербейт; ал жүйүт жазуучулары эмне себептен эркектерди гана санагынын түшүнүү үчүн тарыхый кырдаалды изилдеген эмес. Окутуучу бул толкундантуучу окуяга ынтызарлыкты сезбейт. Бул сабак аркылуу окутуучунун жашоосу өзгөргөндүктөн, эми ал окуучунун жашоосун өзгөртө аларына мүмкүнчүлүк аз.

---

[133] Жакан  4:1-42.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Сабакка даярданып жатып, сиздин дүйнөңүз менен окуучуларыңыздын дүйнөсүнүн ортосундагы аралык тууралуу ойлонуп көрүңүз. Ортоңордо көпүрө салууга убакыт арнаңыз; сабакты окуучуларыңыздын кызыкчылыгы менен байланыштыруу жолун табыңыз.

**Жүрөк мыйзамы**

*Жүрөк мыйзамы*: Таасирдүү окутуу акылдан акылга эмес, жүрөктөн жүрөккө берилет.

Ыйса Тоодогу насаатын бүткөндө, «...эл Анын окутуусуна таң калды. Анткени Ал мыйзам окутуучулардай эмес, бийлиги бар адамдай окутту».[134] Ыйсанын окутуусу Анын жүрөгүнөн чыккан жана Анын угуучуларынын жүрөгүнө тийген.

Жакшы Кабарлар Ыйсанын адамдарга боор ооругандыгын кайра-кайра көрсөтөт. Ал адамдарга таасирин тийгизген; Анын жүрөгү алардын жүрөгүнө жеткен. Говард Хендрикс таасирдүү окутуунун элементтерин көрсөтөт.

***Окутуучунун МҮНӨЗҮ окутуучуда өзүнө бекем ишенүүнү өстүрөт***.

Окуучу окутуучунун мүнөзүнө ишеним артса, ага үйрөтүп жаткан нерсеге толук ишенет. Койчуман жана окутуучу катары биз ушул ишеним артууну талкалабашыбыз керек, анткени аны калыбына келтирүү баарынан кыйын. Акылман машайакчы жетекчилер адеп-ахлактык жана этикалык ийгиликсиздикке алып келген бардык нерселерден качышат. Сиздин мүнөз окуучуларыңызда өзүнө бекем ишенүүнү өстүрүшү керек.

***Окутуучунун БООР ТАРТУУСУ окуучуда түрткү жаратат.***

Окуучу окутуучунун боор тартуусун сезгенде, окууга түрткү алат. Шакирттер Ыйса аларды сүйгөнүн билгендиктен, Анын артынан ээрчиген. Эгер шакирттериңерди сүйбөсөңөр, алардын сизден үйрөнүүгө мотивациясы аз болот.

Кичинекей балдарды окуткан окутуучулар менен сүйлөшкөндө доктор Хендрикс мындай деген: «Эгер Джоан жаңы бут кийим кийип келсе, сиз аны сөзсүз байкашыңыз керек, антпесе ал эч качан сиздин жаңы сабагыңызды укпайт!» Окуучуга (сүйүү менен) кызыгуу көрсөткөндөн кийин, алар сиз үйрөткөн сабакты өздөштүрүүгө даяр болот.

---

[134] Мат. 7:28-29.

***КЫЛДАТТЫК МЕНЕН ТАНДАЛГАН МАТЕРИАЛ жана окутуучунун даярдыгы окуучуларга сабакты түшүнүүгө жардам берет***.

Окуучу окууга кызыккандан кийин, сиз сабактын мазмунун үйрөтүүгө даяр болосуз; алардын ишеним артуусуна ээ болгондон кийин; сиз окуучуңуз менен чын жүрөктөн сүйлөшө аласыз.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Сиз окуучуларыңызды сүйөсүзбү? Андан да маанилүүсү **алар** бул тууралуу **билеби**? Кудай сизге жиберген окуучуларга жүрөгүңүздөгүнү кантип жеткире аласыз?

**Шыктандыруу мыйзамы**

*Шыктандыруу мыйзамы*: окуучуга туура түрткү берилгенде окутуу ошончолук таасирдүү болот.

«Түрткү» дегенде, көп окутуучулар момпосуйлар, сертификаттар жана окутуучуларды шыктандыруучу башка ыкмалар жөнүндө ойлонушат. Бул сырткы түрткү берүүчүлөр. Алар сырттан келишет. Сырткы түрткү берүүчүлөр сыйлыктарды («100 аят жаттасаң, белек аласың») же өзүн күнөөлүү сездирүүнү камтыйт («эгер библиялык аяттарды жаттабасаң, анда сен өтө жакшы машайакчы эмессиң»). Көп окутуучулар дээрлик толугу менен сырткы түрткүлөргө таянат.

Сырткы түрткү берүүчүлөр таасирдүү болушу мүмкүн, бирок алар убактылуу. Эгер окуучу Ыйык Китептен аятты белек алуу үчүн *гана* жаттаса, ал бир күнү бул деңгээлден өтүп чоңоёт. Сертификат мындан ары талыкпаган эмгекке шыктандыргандай таасирдүү болбойт. Эгер окуучу күнөөлүү сезимдин айынан окуса, ал натыйжада өз күчүн жоготот. Алар: «Мен эс тутумумду чыңалтып бул кошумча ишти кылбай эле машайакчы боло алам», – деп чечишет.

Ички түрткү берүүчүлөр алда канча терең болот; алар ичтен келет. Доктор Хендрикс кээ бир ички түрткү берүүчүлөрдү санап өтөт:

- **Тиешелүүлүк**. «Бул менин жыйыным. Мен ага өсүүгө жардам берүү үчүн адамдарды чакырам».
- **Муктаждык**. «Азгырыкты жеңүү үчүн мага Кудайдын Сөзү керек, ошол себептен мен Жазууну жаттайм».
- **Шыктандыруу**. «Мен окутуучумду сүйөм жана ага жаккым келет, ошондуктан мен сабакты окуйм».

Мындай ички түрткү берүүчүлөр момпосуй жана бааларга караганда узагыраак таасир берет; аларды курал катары колдонуу менен биз окуучуларыбызды узак мөөнөттүү окууга шыктандырабыз.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Окуучуларыңыз үчүн түрткү берүүчүлөрдүн тизмесин түзүңүз. Алардын кайсынысы сырткы, ал эми кайсынысы ички?

**Даярдык мыйзамы**

*Даярдык мыйзамы*: окуучу да, окутуучу да жетиштүү даяр болгондо окутуу эң таасирдүү болот.

Сиздин жыйындагы жекшембилик мектептин сабагы адатта ушундайбы?

> Окутуучу: «Бүгүн биз Эфестиктерге 5-бөлүмдү изилдейбиз. Ыйык Китептериңерди ачкылачы».
>
> Окуучулар: «Бизге Эфестиктерге 5-бөлүмдү изилдеп эмне кереги бар?» – деп ойлошот.

Окутуучу бир саат бою Эфестиктерге 5-бөлүмдү окутат. Ал жакшы окутуучу. Сабак аяктап калганда окуучулар Пабылдын катына шыктанышат. Сабак бүтүп, окуучулар үйлөрүнө кетишет. Кийинки жумада биз кийинки сөздөрдү угушубуз мүмкүн:

> Окутуучу: «Бүгүн биз Эфестиктерге 6-бөлүмдү изилдейбиз. Ыйык Китептериңерди ачкылачы».
>
> Окуучулар: «Бизге Эфестиктерге 6-бөлүмдү изилдеп эмне кереги бар?» – деп ойлошот.

Окуучулар Эфестиктерге 6-бөлүмдү алдын ала изилдесе канчалык жакшы болмок! Окуучулар сабакка суроолордун тизмеси менен келсе алда канча жакшы натыйжага жетсе болот беле? Албетте! Сиз муну кантип кыла аласыз? Профессор Хендрикс студенттерди сабакка даярдай турган тапшырмаларды берүүнү сунуш кылат. Мисалы:

- Окуучуну кийинки жумада өтүлө турган сабак тууралуу ойлонто турган тапшырмаларды бериңиз. «Пабыл Эфестеги жыйынды кантип негиздегенин билүү үчүн Элчилердин иштери 19-бөлүмдү окуп келгиле».
- Сабактардын негизин камсыздай турган тапшырмаларды бериңиз. «Кийинки жекшемби күнгө чейин библиялык сөздүктөн Эфестеги Артемиданын ийбадатканасы тууралуу окуп келгиле. Бул Пабылдын Эфестиктерге 6:10-20да руханий согушка басым кылганын түшүндүрүүгө жардам берет».
- Окуучуларга өз алдынча билимин өстүрүүчү жөндөмдөрдү өнүктүргөн тапшырмаларды бериңиз. «Бул жумада Эфестиктерге 6-бөлүмдү күн сайын

окугула. Окуп жатканда, пайда болгон бир суроону жазгыла.  Кийинки жумада силерде пайда болгон суроолорду талкуулайбыз».

### Сабакты тажрыйбада колдонобуз

► Окуучуларды өтө турган кийинки сабакка даярдоо үчүн бул жолку сабакты өтүп жатканда окуучуларга тапшырма бериңиз. Тапшырма аларды сабактын материалын жакшыраак түшүнүүгө даярдаарын ырастаңыз.

### Жыйынтыктоо: Окутуучунун мүнөзүнүн маанилүүлүгү

Ыйса «Шакирт устатынан өйдө болбос. Бирок жетилсе, устатындай боло алат»[135] экенин билген. Анын шакирттери бул принципти көрсөтүшөт. Элчи Пабыл жеткилең сүйүүнүн үлгүсү боюнча үйрөнгөн, «чагылгандай чартылдаган» Жакан – «сүйүүнүн элчиси» болуп калган. Томас ишеним үлгүсү боюнча үйрөтүлгөн, ошондуктан «ишенбеген Томас» «Индия үчүн элчи» болуп калган. Шакирттер толугу менен даярдалып окутуудан өткөндөн кийин Устатындай болуп калышкан.

Окутуучунун биринчи кадамы — *окуучуларыңыздын кандай адам болуусун кааласаңыз, өзүңүз ошондой адам болуңуз.* Ыйса Өзү туруктуулуктун үлгүсү болбосо, туруксуз Петирди «аскага» айланта алмак эмес; биз окуучуларыбыздын кандай адам болуусун кааласак, өзүбүз ошондой адам болушубуз керек.

Пабыл бул принципти түшүнгөн. Ал корунттуктарга: «Мен Машайактан үлгү алгандай эле, силер да менден үлгү алгыла»[136] деген. Кандай чечкиндүү сөздөр! Балким Пабыл: «Туура жашагыңар келсе, менден үлгү алгыла», – дегиси келсе керек. Пабыл Машайактын артынан ээрчигендиктен корунттуктар анын артынан коопсуз ээрчий алган.

Эгер менин  шакирттерим мендей боло турган болсо, мен өзүмө: «Менин окуучуларым менден көчүрүп алса, мен уяла турган мүнөздүн сапаттарын көрсөтөмбү?» Эгер мен окуучуларыма ачуулануу жана чыдамсыздык менен жооп берсем, алар окутуудан толук өткөндөн кийин башкаларга ачуулануу жана чыдамсыздык көрсөтсө таң калбашым керек.

Окутуучу үчүн мүнөз негизги нерсе болуп эсептелет. Сиз жашооңузда көрсөтө албаган мүнөздүн сапаттарын окуучуларыңызда өрчүтө албайсыз; мыкты билимге караганда, окутуучуга такыба мүнөздү көрсөтүү маанилүү. Биз окуучуларыбыздын ким болуусун кааласак, өзүбүз ошондой болушубуз керек.

[135] Лука  6:40.
[136] 1 Кор. 11:1.

**Сабакты тажрыйбада колдонобуз**

► Ыйса колдонгон окутуу ыкмаларына тиешелүү бул сабакты бүтүрүп жатып, Кудайдан сиздеги окуучуларыңыз үлгү алышын каалабаган мүнөздүн сапаттары бар бекен көрсөтчү деп сураңыз. Окуучуларыңар «толук окутуудан» өткөндөн кийин, сиз алардын жашоосунда чагылдырылган Кудайдын кулк-мүнөзүн көрө алышыңыз үчүн керектүү өзгөрүүлөрдү кылуу максатында Кудайдын ырайымын сураңыз.

## 4-Сабактын тапшырмасы

Бул сабактын тапшырмалары сабакты өтүү учурунда аткарылып жатты. Эгер ошол тапшырмаларды аткарсаңыз, кошумча тапшырмалар жок.

# 5-сабак
# Ыйса сыяктуу насаат айтуу

## Сабактын максаттары

Бул сабактын акырында окуучулар төмөндөгүлөрдү кылышы керек:

1. Ыйсаны таасирдүү насаатчы кылган сапаттарды түшүнүү.

2. Таасирдүү насааттагы Ыйык Рухтун ролун баалоо.

3. Өздөрүн койчу – койчуман катары ишенимдүү болууга арноо.

4. Ыйсанын үлгүсү боюнча насаат даярдоону үйрөнүү.

## Кызматтын принциби

Таасирдүү насаат — бул адамдык аракеттин натыйжасы эле эмес; таасирдүү насаат Ыйык Рухтун күчүнө ээ.

## Киришүү

Ыйсанын насааттарына калың элдин кайтарган жообу.

- «Ыйса бул сөздөрдү айтып бүткөндө, эл Анын окутуусуна таң калды».[137]
- «…анткени бүт эл Анын окутуусуна таң калар эле».[138]
- «Ошондо көп эл Аны берилүү менен укту».[139]

Машайактын насааты күч менен коштолгон; Аны угуу үчүн миңдеген адамдар чогулушкан. Албетте Анын насаатынын стили бүгүнкү күндө биз үчүн үлгү болушу керек. Ыйса жерде адам денесинде кызмат кылганы эсиңизде болсун. «Албетте, Ыйса кудуреттүү насаатчы болгон, Ал Кудай болгон да», – деп ойлонбош керек; анын ордуна: «Ыйса адам катары кабарды күч жана бийлик менен жеткире алгыдай насаат айткан. Анын насааты угуучуларды чындыкка бурган. Мен жакшы кабарды таасирдүү насааттап айтыш үчүн Машайактан эмнени үйрөнө алам?» – деп ойлонууга аракет кылыңыз.

► Б.з. 30-жж. төрөлүп, Ыйсанын насаатын укканыңызды элестетиңиз. Сиз эмнени көрүүнү жана угууну күтөт элеңиз?

---

[137] Мат. 7:28-29.
[138] Марк 11:18.
[139] Марк 12:37.

## Бийлик менен насаат айтуу

► 2 Корунттуктарга 4:1-6ны окугула.

Машайак Капернаумда насаат айтканда, «Эл Анын окутуусуна таӊ калды, анткени Ал аларды мыйзам окутуучулардай эмес,  Ал бийлиги бар адамдай сүйлөчү»,[140]– деп жазылат. Тоодогу насаатты айткандан кийин «…эл Анын окутуусуна таӊ калды».[141] Китеп көчүрүүчүлөр өздөрүнүн теорияларын колдоо үчүн башка раббилердин сөздөрүн келтирген, бирок Ыйса бийлик менен насаат айткан.

Койчуман катары биз да насаатты ошондой айтышыбыз керек. Биздин кадыр-баркыбыз Ыйсаныкынан айырмаланат: Анын кадыр-баркы Өзүндө болгон; биздин бийлик бизге Машайактын өкүлдөрү катары берилет: биздин кадыр-баркыбыз биз айткан кабардан келип чыгат.

**Биз Ыйса Машайактын өкүлдөрү катары бийлик менен насаат айтабыз**.

Ыйса: «…асмандагы менен жер үстүндөгү бардык бийлик мага берилди» деген. Кийинки аяттарда Ал Өзүнүн жолдоочуларына: «Баргыла да, бардык элдерди Мага шакирт кылгыла... Бул дүйнөнүн акырына чейин, бардык убакта Мен силер менен болом»[142]деген. Биздин бийлигибиз биз Машайактын өкүлдөрү болуп дайындалганыбызга негизделген.

1783-ж. Кошмо Штаттарынын жана король Георг IIIтүн өкүлдөрү көз карандысыздык үчүн америкалык согушту токтотуу тууралуу Париж келишимин түзүү үчүн жолугушкан. Король Георг III келишимге кол коюу үчүн Парижге бармак эмес; Джордж Вашингтон келишимге кол койгон эмес: ар бир өлкөнүн өкүлдөрү өз башкаруучусунун атынан келишимге кол коюуга укугу бар болгон.

Биз да так ушул сыяктуу эле Ыйса Машайактын өкүлдөрү катары насаат айтабыз. Пабыл: «Биз өзүбүздү жарыялап жаткан жокпуз. Машайак Ыйсаны Теӊир деп, өзүбүздү болсо Ыйса үчүн силердин кулдарыӊарбыз деп жарыялап жатабыз»,[143] – деп жазган. Пабылдын бийлиги өзүнө тиешелүү болгон эмес; ал «кул» болгон, бирок ошондой эле «Теӊир Ыйса Машайактын» өкүлү болгон.

**Биз өзүбүзгө берилген кабар аркылуу бийлик менен насаат айтабыз**.

Биздин бийлик биз жарыялаган Жазууга негизделген. Пабыл: «Жашыруун жана ыпылас иштерди кылуудан качабыз, кууланбайбыз, Кудай Сөзүн бурмалабайбыз. Тескерисинче, чындыкты ачык жарыялап, Кудай алдында өзүбүздү ар бир адамдын

---

[140] Лука  4:32.
[141] Мат. 7:28.
[142] Мат. 28:18-20.
[143] 2 Кор. 4:5.

абийирине коёбуз»,[144]– деп жазган. Пабыл чынчыл эмес жүрүм-турум кылуудан жана Кудайдын Сөзүнүн кабарын алсырата турган кандайдыр бир иштерди жасоодон баш тарткан.

Америкада көптөгөн койчумандар Жазуунун кадыр-барктуу экенине ишенимин жоготкон. Алардын кээ бири элиталык университеттерде окуган, бирок алар эми бийлик менен насаат айта албайт. Алар тескерисинче шектенүүлөргө толгон. Алар Ыйык Китептин кадыр-баркына шектенишет; алар адамдык акылмандуулукка гана таянышат. Кудайдын кызматчылары катары биздин бийлик  Кудайдын Сөзүнө негизделген.

Мен бир күнү либерал койчуман Ыйсанын суунун үстүнөн басканы жөнүндө окуяны айтып бергенин уккам.[145] Марк шакирттер Аны көрүп, коркуп кетишкенин айтат! Бул койчуман Ыйса суунун үстүнөн басканына ишенбейт экен; ал Машайак жээкти бойлоп тайыз жерден басканын айтты.

Койчуман мындай деди: «Марк 6-бөлүм — кереметтин окуясы эмес; бул жөн гана Ыйса шакирттерин таң калтырганын көрсөткөн жакшы окуя.  Кызмат бүткөндөн кийин мен бир адамдын: «Анда эмнеге адамдар коркуп кетишкен? Машайак жөн эле жээкте сейилдеп жүргөн экен го! Бул таң калыштуу деле эмес да!» – дегенин уктум.

Бул койчуман Ыйык Китепке ишеним арткан эмес; ал Жазуунун кадыр-баркына толук ишенбейт болчу. Эгер Кудайдын Сөзүнүн кабарына ишенбесеңер аны жарыялап кереги жок: биз Кудайдын Сөзүнүн кабарына ишеним артканда гана бийлик менен сүйлөй алабыз.

Бизге бийлик Ыйса тараптан берилгенин жана ал биз жарыялаган кабардан келип чыгарын түшүнүү койчумандар туш болушу мүмкүн болгон эки коркунучтан качууга жардам берет.

**1. Биринчиси — бул көөдөнүн көтөрүү**, ал мындай деп жарыялайт: «Мен койчуманмын. Мен боссмун! Мага эч ким суроолорду бербеши керек».

Мындай абал адамдарды жакшы кабардан тескери бурат. Пабыл: «Биз өзүбүздү эмес, Ыйса Машайакты жарыялайбыз», – деген. Биздин бийликтин булагы – Ыйса жана Кудайдын Сөзү.

Биз өзүбүздүн туура эмес кылганыбызды моюнга алуу үчүн момун болушубуз керек. Бир күнү койчуман мага: «Мен эч качан жыйындын алдында өзүмдүн катамды мойнума албайм; алар менин бийлигиме ишенимин жоготот», – деди. Бул койчуман биздин бийлик жеке кемчиликсиздигибизге негизделбегенин унутуп калган; ал Кудайдын Сөзүнөн келип чыгат. Биз коомчулугубузга Кудайдын Сөзүнүн эң жогорку

[144] 2 Кор. 4:2.
[145] Марк  6:45-52.

кадыр-барктуулугун көрсөтүшүбүз керек. Менин сөздөрүм маанилүү эмес; Кудайдын Сөзү баарынан маанилүү.

**2. Экинчи коркунуч — жалган момундук**, ал мындай дейт: «Мен жөн эле койчуманмын. Менин ыйгарым укуктарым жок. Адис кеңешчилер психология тууралуу билишет; окумуштуулар Жердин пайда болуусу тууралуу билишет; социологдор адамдын жыныстык каалоолору тууралуу билишет. Мен эмоционалдык муктаждыктар, чыгармачылык же адеп-ахлактуулук тууралуу сүйлөй албайм, анткени мен адис эмесмин».

Пабыл биз кулдар экенибизди, бирок бизде Ыйса Машайактын өкүлдөрү катары бийлик бар экенин айткан. Кулдар катары биз момундукта жашашыбыз керек, бирок Ыйса Машайактын өкүлдөрү катары биз ишенимдүү түрдө Сөздү жарыялашыбыз керек: биз Ааламдын Падышасынын бийлиги менен кызмат кылабыз.

### Ыйсанын насаат сөздөрү муктаж болгондорго «Жакшы Кабар» алып келген

Ыйса угуучуларынын муктаждыктарына кылдаттык менен мамиле кылган. Ал Галилеяда «Падышалыктын жакшы кабарын таратып» жүргөндө, калың элге боору ооруган, анткени алар «жүдөп, мүңкүрөп калышкан эле».[146] Еврейлер Римдин кулчулугунда болушкан; кедейлердин жакырчылыктан чыгабыз деген үмүтү аз болгон;  пес оорулуулар четтетилген; салык жыйноочулар – коомчулук тарабынан четке кагылган, Ыйса алардын ар бирине үмүт берген.

Сиз адамдын муктаждыктарын байкаганда, алардын көңүлүн өзүңүзгө бурасыз. Чөлдө жашаган мага сиз: «Бүгүн мен  өмүр суусу тууралуу насаат айтам», — десеңиз, мен кунт коюп угам! Карыган жана алсыз мага сиз: «Бүгүн мен силерге бүркүттүкүндөй күч берген Кудай жөнүндө насаат айтам», – десеңиз, мен кулак салып угам!

Ыйса жакшы кабар «жагымдуу кабар» экенин дайыма эстеп жүргөн. Ал шыктандырууга муктаж болгондорго жакшы жаңылык алып келүү үчүн келген. Таасирдүү насаат угуучуларга үмүт алып келиши керек. Ыйса сыяктуу биз өзүбүзгө: «Мен кимге насаат айтып жатам? Алардын муктаждыктары кандай?» – деген суроо беришибиз керек.

Сиз унаа кырсыгына кабылып кансырап калуу коркунучуна кабылганыңызды элестетиңиз. Ооруканада дарыгер сизге унаас кырсыгынын эсеби көрсөтүлгөн түстүү таблицаны көрсөтүп, стетоскоптордун тарыхта кандай өнүккөнүн түшүндүрүп, андан кийин унааны этиятсыз айдоонун коркунучу тууралуу эскертет.

> Насаатчы адамдардын кычышкан жерин тырмаш керек.

Дарыгер айтып жаткан нерсенин бардыгы – чындык, бирок алардын сиздин муктаждыктарыңызга тиешеси жок! Сизге

[146] Мат. 9:35-36.

жараттарыңызды таңып, ооруну басаңдатуучу дары берүү керек. Насаат фактыларды көрсөтүү менен гана чектелбестен, алда канча чоң ишти аткарышы керек; ал угуучулардын муктаждыктарына багытталышы керек.

Күнөөгө жеңилген дүйнөнүн «жаман кабарларын» көрүү оңой.  Жакшы кабарчы муну менен чектелбейт; ал талкаланып бара жаткан дүйнөгө үмүт берет. Машайак дайыма мындай кылган: Ал угуучуларына  үмүт алып келген, бирок Ал эч качан чындыкка коркунуч жараткан эмес, биз дагы тил табышууга барбашыбыз керек. Ыйса болсо туура жарыяланган чындык үмүт алып келерин билген. Картайган насаатчы: «Насаатчы адамдардын кычышкан жерин тырмаш керек», – деген сөздөрдү айткан: сиз жетүүгө аракет кылып жаткан адамдардын муктаждыктары тууралуу айтуу керек.

## Машайактын насаатындагы ашкерелөө

Ыйса угуучулардын муктаждыктарынан баштаган, бирок анын максаты алардын жараттарын убактылуу таңып койгондон алда канча терең болгон: Машайактын насааты  алардын абийирин ашкерелеген жана алардын жашоолорун өзгөрткөн.

Ыйса Өзүнүн угуучуларын күнөөсү үчүн сот тууралуу айтып ашкерелегенден корккон эмес. Ал ойноштук кылып кармалган аялга: «Мен да сени айыптабайм» деген, бирок Ал ошондой эле: «Бара бер, мындан ары күнөө кылба», – деп айткан.[147]

Машайактын кызматындагы мага аябай жакан окуялардын бири – Бетезда көлмөсүндөгү шал оорулуу жөнүндөгү окуя. Аны айыктыргандан кийин Ыйса мындай деген: «Мына, сен айыктың, абалың мурункудан да жаман болбош үчүн, мындан ары күнөө кылба»;[148] Ал күнөөнү ашкерелөөдөн корккон эмес.

Машайак насаат айтканда, анын угуучулары ашкереленген. Көпчүлүк заманбап насаатчылардан айырмаланып, Ыйса адил жашоо керектигин айткан. Машайак эч бир жерде: «Менин Атам сен Анын осуяттарын аткарарыңды күтпөйт», – деп жарыялаган эмес. — Биз мындай деп окуйбуз: «Силерге айтып коёюн, эгерде силер мыйзам окутуучулар менен фарисейлерден да адилеттүү болбосоңор, анда Асман Падышачылыгына кирбейсиңер».[149] Ыйса замандаш диний жетекчилерден *көбүрөөктү* талап кылган; Анын насааттары аларды уккан ар бир адамды ашкерелеген.

## Ыйсанын насааттары аркылуу жашоолордун өзгөрүлүүсү

АКШда жарандык согуштун учурунда президент Авраам Линкольн доктор Финеас Герли койчуман болгон жыйынга барган. Табынуу кызматы бүткөндөн кийин Линкольндун досу: «Насаат жөнүндө кандай ойдосуң?» – деп сурайт. Линкольн: «Насаат жакшы айтылды жана мыкты ойлорду камтыйт экен», – деп жооп берет.

[147] Жакан  8:11.
[148] Жакан  5:14.
[149] Мат. 5:20.

Досу андан: «Деги сага жактыбы?», – деп сурайт.  Линкольн мырза бир аз тартынгансып, андан кийин: «Жок, мен бүгүн кечинде Герли ийгиликсиз насаат айтты деп ойлойм», – дейт. Анын досу аң-таң калып: «Эмнеге андай деп жатасың?» – деп сурайт. Президент Линкольн насаат жооп кайтарууну талап кылышы жана жашоону өзгөртүшү керек деп ойлогон.

«Ыйык Китеп биздин билимибизди кеңейтүү үчүн эле эмес, жашообузду өзгөртүү үчүн берилген.»
Д.Л. Мудинин чыгармаларынан

► Матай 18-бөлүмдү окугула.

Ыйса жашоолорду өзгөртүү үчүн насаат насаат айткан: Анын насааттары тажрыйбалык болгон. Матай 18-бөлүмдө Ыйсанын «Асман Падышалыгында мамилелер» аттуу насааты жазылган. Ал төмөнкүлөргө үйрөтөт:

- момундуктун маанилүүлүгү тууралуу (18:2-6);
- азгырыкка кандай жооп кайтаруу керектиги тууралуу (18:7-9);
- жоголгон жандарга мамиле тууралуу (18:10-14);
- сизге каршы күнөө кетиргендер тууралуу (18:15-20);
- кечиримдин керектиги тууралуу (18:21-35).

Бул күнүмдүк жашоонун тажрыйбалык суроолору. Ыйса Өзүнүн угуучуларынын чыныгы муктаждыктары тууралуу айткан; Ал жашоолор өзгөрүшү үчүн насаат айткан.

Ыйса тубаса сокур адамды айыктырган, андан кийин анын жашоосун түбөлүктүүлүк үчүн өзгөрткөн нерсени айткан.

> Аны ийбадатканадан кууп чыгышканын Ыйса укканда, аны таап:
>
> Ыйса: «Сен Кудай Уулуна ишенесиңби?» – деген суроо берди.
>
> Ал адам: «Мырза, Ал Ким? Мен Ага ишенейин?» – деп сурады.
>
> Ыйса ага мындай деди: «Сен Аны көрдүң. Ал азыр сени менен сүйлөшүп жатат».
>
> Ошондо ал: «Ишенем, Теңир!» – деп, Ага таазим кылды[150]

Ачка болгон адамдарга Ыйса нан берген, андан кийин түбөлүктүүлүк үчүн алардын жашоосун өзгөрткөн чындыкты айтып берген. «Мен өмүр берүүчү нанмын. Мага келген адам ачка болбойт, Мага ишенген адам эч качан суусабайт».[151]

Жашоолорду өзгөрткөн насаат Кудай Сөзүнүн чындыгын жана адамдардын муктаждыгын бириктирет; таасирдүү насаат адамдардын муктаждыгы үчүн Кудайдын чындыгын жарыялайт.

---

[150] Жакан  9:35-38.
[151] Жакан  6:35.

Ыйсанын насааты адамдын акылына, сезимдерине жана эркине кайрылган: алардын баары чыныгы өзгөрүүгө катышат.

**Ыйса акылга кайрылган**.

Жакан «Сөз» деген терминди Ыйса менен теңдештирип караган. «Сөз» — акылмандуулукту жана кыраакылыкты билдирген грекче термин. Сиз Матай 18-бөлүмдөгү Машайактын насаатын окуганда, буга чейин берилген мамилер тууралуу окутуунун эң акылман окутуусун окуйсуз. Кечирим кадимки нерсе катары кабыл алынган, бири-бирине момундук менен мамиле кылган коомчулукту элестетиңиз. Ыйса угуучуларынын акылына акылмандуулукту жеткирген.

**Ыйса сезимдерге кайрылган**.

Жакшы кабар отуз төрт жолу Ыйсанын угуучуларынын арасында «аң-таң калуу» жана «таң калуу» болгону тууралуу айтат. Эммауска бара жаткан жолдо шакирттер мындай суроо беришкен: «Ал жолдо бизге сүйлөп келе жатканда, бизге Ыйык Жазууну түшүндүрүп берип жатканда, жүрөгүбүз күйүп-жанбады беле?»[152] Машайакты уккандар Анын ырайым сөздөрүнөн, күнөөлөрүнүн айынан кайгыдан жана баарынан алгач келекчекке тиешелүү үмүттөн кубаныч сезишкен.

**Ыйсанын насааты адамдын эркине кайрылган**.

Ыйса эч качан адамдардын угуучу гана болуусуна макул болгон эмес; Ал жолдоочуларды чакырган. Теңир эч качан сырткы өзгөрүүгө гана көңүл бурган эмес; Ал жүрөктөрдүн жана жашоолордун толугу менен өзгөрүлүүсүнө чакырган. Бул күнөөкөр самариялык аял болобу, мыйзамды кылдаттык менен аткарган бай жигит болобу, Ыйса угуучуларын жашоосун Кудайдын эркине багындырууга үндөгөн. Биз насаат айтканда, Машайак сыяктуу адамдарды жаңы жашоо образына чакырабыз.

**Тагыраак карайбыз: Сиз жакшы кабарды жарыялайсызбы?**

Койчуман Римдиктерге 1-бөлүмдөн бачабаздык тууралуу насаат айтып жаткан, анын насааты Жазууга ылайык келген. Бирок бир нерсе жетишпей жатты… Менин жанымда окшош жыныстагы адамдарга тартылуусу менен күрөшкөн жигит отурган. Ал бачабаздык күнөө экенин билген жана бошонуу тууралуу сыйынып баштаган. Ал өзүнүн күнөөсү тууралуу чындыкты билет; ал Кудай азгырыктын үстүнөн жеңиш берери тууралуу Жагымдуу кабарды (жакшы кабарды) угууга муктаж.

Койчуман Ыйсанын ажырашууга тиешелүү эскертүүсүн келтирди. Ал ажырашууну жеңилдеткен мыйзамдар тууралуу кейиди. Ал чындыкты жарыялады. Бирок бир нерсе жетишпей жатты… Бул жумада эки кичинекей баласы бар жаш жубайлар алардын үй-бүлөсүн талкалап жаткан өз-ара келишпестиктерди чечише албагандыктан ажырашуу иштери менен алек болгон жактоочуга келишкен. Алар ажырашуу күнөө экенин

[152] Лука 24:32.

билишет, бирок алар Ыйса жүрөктү ооруткан үй-бүлөлүк мамилелерди айыктыра алат деген Жагымдуу кабарды (жакшы кабарды) угууга муктаж.

Койчуман үнүн катуу чыгарып: «Аборт күнөөсүз наристени өлтүрөт», – деп кыйкырды. Ал чындыкты жарыялап жатты. Бирок бир нерсе жетишпей жатты. Анын жамаатында өспүрүм кезинде ооруканага аборт кылуу үчүн барган орто жаштагы аял ыйлап жатты. Жыйырма жыл өтсө деле ал Кудай анын күнөөлөрүн кечиргенине шектенет. Ал аборт — күнөө экенин билет; ал Кудай анын мурунку жашоосу үчүн кечиримди сунуш кылары жөнүндө Жагымдуу кабарды (жакшы кабарды) угууга муктаж.

Ыйса эч качан чындыкты жумшарткан эмес, ошол эле учурда ал дайыма үмүт алып келүүнү эске алган. Ал жакшы кабар жашоону өзгөртөрүн билген. Машайак окшош жыныстагы адамдарга тартылуу менен күрөшкөн жигитке: «Сага азгырыктын үстүнөн жеңиш берүү үчүн менин ырайымым жетиштүү», – демек. Ажырашуу коркунучуна туш болгон жубайларга ал: «Мен ушунчалык жагымсыз сезилген жубайыңа карата сүйгөн жүрөктү калыбына келтире алам», – деп айта алмак.  Төрөлбөй калган баласына каршы күнөө кылган аялга, Машайак: «Мен аборт кылуу күнөөсүн башка күнөөлөрдү кечиргендей эле кечирем. Бар да, мындан ары күнөө кылба», – деп айтмак.

Жакшы кабар  күнөөнүн соту жөнүндөгү тууралуу кабарды камтыйт. Биз сотту бийлик менен жарыялашыбыз керек, бирок Ыйсадай насаат айтуу үчүн биз жашоолорду өзгөрткөн ырайымдын күчү тууралуу унутпашыбыз керек: биз талкаланган дүйнөгө Кудайдын ырайымы тууралуу мээримдүү кабарды жеткиришибиз зарыл.

Жакшы кабар дайыма эки жагымдуу кабарды камтыйт. Биринчиден, ал бизге Кудай биз үчүн кылганды айтат;  бул үмүтсүздүккө толгон адамга үмүт берет.

Андан кийин жакшы кабар биз Ыйык Рухтун күчү аркылуу ким боло аларыбызды айтат; ал эч качан бизди  мурунку бойдон калтырбайт; ал бизди Кудай менен тереңирээк мамилеге чакырат.

**Ыйсанын насаат сөздөрү жөнөкөй жана алардын эсте каларлык болгон.**

Ыйса эч качан адамдарды чындык менен чарчаткан эмес. Ал дайыма жөнөкөй жана түз насаат айтканды билген.  Анын насааттары терең болгон, бирок аны ар бир угуучу түшүнө алган.  Ал негизги чындыктарды жарыялаган, бирок угуучулардын арасындагы таптакыр билимсиз адамдын кызыгуусун жараткан.

Таасирдүү насаатчынын максаты — угуучуларды терең билими менен таң калтыруу эмес; ал Кудайдын Сөзүн жөнөкөй түрдө жана бийлик менен жеткирүү жана Ыйык Рухка угуучуларын Кудай сөзүнүн чындыгы менен ашкерелөөгө жол берүү.

Машайак кантип Өзүнүн насааттарын жөнөкөй жана кызыктуу кылган?

**Ыйса окуяларды айтып берген**.

Машайактын насааттарын уккандар көп учурда: «Мен силерге үлгү насаат аңгемесин айтып берем» деген сөздөрүн уккан. Анын окуялары угуучуларды өзүнө тарткан жана аларды Анын кабарына кулак салдырган.

Көпчүлүгүбүз үч жободон турган планга караганда окуяны жакшы эстеп калабыз. Жакшы аңгемелер бизге насааттын негизги маанисин эстеп калууга таасирин тийгизип жардам берет: насааттын иллюстрациясы жеткириш керек болгон кабарды корутундулайт.

► Насаатта уккан акыркы окуяны талкуулагыла. Ал кабарды таасирдүү жеткирүүгө кол кабыш кылдыбы? Ал окуянын максаты сиздин эсиңиздеби?  Насаат ал окуясыз ушундай эле таасирдүү жана эсте каларлык болот беле?

**Ыйса жөнөкөй тилди колдонгон.**

Мен фортепианодо ойноону үйрөткөндөр үчүн сабактарды өтөм. Сабактын бир бөлүгү катары мен ар бир мугалимдин жаш пианистке белгилүү бир түшүнүктү берүүсүн суранам. Мугалим аны канчалык жакшы түшүнсө, окуучуга ошончолук жеңил түшүндүрүп бере алат. Мугалим үйрөтүү үчүн татаал сөздөрдү колдонгондо, көп учурда өзүнүн түшүнбөй калган нерселерин жашырат. Кайсы бир нерсени канчалык жакшы түшүнсөңүз, аны ошончолук жөнөкөйлөтүп жеткире аласыз.

Ыйса чындыкты угуучуларынын тилине кантип алмаштыруу керектигин билген. Ал дыйкандарга үрөн себүү тууралуу, койчуларга койлор тууралуу, балыкчыларга балыктар тууралуу айтып берген. Көптөр Ыйсанын кабарын четке кагышкан, бирок эч ким Анын насаатынан тажаган эмес.

Машайактын кабары балыкчыларга, дыйкандарга жана үй кожойкелерине түшүнүктүү болгон, бирок окумуштууларга, диний башчыларга жана саясий ишмерлерге катуу тийген. Анын насааты калктын бардык катмарынын өкүлдөрүнө багытталган. Жөнөкөй болуу маанисиз дегенди билдирбейт; биздин насааттарыбыз жакшы кабардын улуу чындыктарын так жана жөнөкөй кылып жеткириши керек.

**Ыйса кайталоонуу колдонгон**.

Бир күнү мен жыйынынан көңүлү калган койчуманга бардым. Ал: «Алар билиши керек эле да, мен бул тууралуу эки жыл мурун айткам», – деди. Мен ага Ыйса шакирттери Аны түшүнгөнгө чейин бир эле кабарды көп жолу жарыялаганын эстеттим.

> Мен ал койчуманга мындай суроо бердим: «Кандай деп ойлойсуз, сиздин насааттарыңыз Ыйсаныкынан жакшыбы?»
>
> «Албетте андай эмес!»
>
> «Кандай деп ойлойсуз сиздин  жыйындын мүчөлөрү шакирттерден акылдууракпы?»

«Жок!»

«Анда сиз да Ыйсадай болуп чындыктарды кайталашыңыз керек».

Машайак окшош эле кабарларды улам кайталап айтып берген. Ал кайра-кайра шакирттерине Өзүнүн өлүмү жана тирилүүсү жөнүндө айткан, көп жолу Падышалык жөнүндө түшүндүргөн. Ыйса бул чындыктар өтө маанилүү экенин билген, ошондуктан аларды угуучуларына жеткирүү үчүн алар жөнүндө канча жолу айтыш керек болсо, ошончо жолу айткан.

### Тагыраак карайбыз: Угуучулар сиздин насаатты түшүнөбү?

Бул насаатты окугула.

وَلَمَّا رَأَى الْجُمُوعَ صَعِدَ إِلَى الْجَبَلِ فَلَمَّا جَلَسَ تَقَدَّمَ إِلَيْهِ تَلاَمِيذُهُ.
فَعَلَّمَهُمْ قَائِلاً:
«طُوبَى لِلْمَسَاكِينِ بِالرُّوحِ لأَنَّ لَهُمْ مَلَكُوتَ السَّمَاوَاتِ.
طُوبَى لِلْحَزَانَى لأَنَّهُمْ يَتَعَزَّوْنَ.
طُوبَى لِلْوُدَعَاءِ لأَنَّهُمْ يَرِثُونَ الأَرْضَ.
طُوبَى لِلْجِيَاعِ وَالْعِطَاشِ إِلَى الْبِرِّ لأَنَّهُمْ يُشْبَعُونَ.
طُوبَى لِلرُّحَمَاءِ لأَنَّهُمْ يُرْحَمُونَ.
طُوبَى لِلأَنْقِيَاءِ الْقَلْبِ لأَنَّهُمْ يُعَايِنُونَ اللَّهَ.
طُوبَى لِصَانِعِي السَّلاَمِ لأَنَّهُمْ أَبْنَاءَ اللَّهِ يُدْعَوْنَ.
طُوبَى لِلْمَطْرُودِينَ مِنْ أَجْلِ الْبِرِّ لأَنَّ لَهُمْ مَلَكُوتَ السَّمَاوَاتِ.
طُوبَى لَكُمْ إِذَا عَيَّرُوكُمْ وَطَرَدُوكُمْ وَقَالُوا عَلَيْكُمْ كُلَّ كَلِمَةٍ شِرِّيرَةٍ مِنْ أَجْلِي كَاذِبِينَ.
افْرَحُوا وَتَهَلَّلُوا لأَنَّ أَجْرَكُمْ عَظِيمٌ فِي السَّمَاوَاتِ فَإِنَّهُمْ هَكَذَا طَرَدُوا.

Бул Ыйсанын Тоодогу насаатынын алгачкы 12 аяты. Бул абдан күчтүү насаат, бирок сиз арабча билбесеңиз аны окугандан эч кандай пайда көрбөйсүз. Эмне себептен? Ал сиздин тилге которулган эмес. Биз чындыкты биздин угуучуларыбызга түшүнүксүз кылып, жөнөкөй тилге которбой айтып беришибиз мүмкүн. Кабарды Ыйса жеткиргендей жеткирүү үчүн биз аны жөнөкөй жана эсте каларлык жол менен жарыялашыбыз керек.

### Ыйсанын насааттарындагы чындык

Ыйсанын насааттары чындык болгон; Анын жашоосу Ал адамдарга айтып берген кабарга туура келген. Машайак такыба жашоо жөнүндө жөн эле айтып берген эмес; ал ошондой өмүр сүргөн. Эч ким Ыйсанын кабары менен Анын жашоосунун ортосундагы карама-каршылыкты көрсөтө алга эмес: Ал кандай насаат айтса, ошондой жашаган.

Унаа айдаганды үйрөнүүнү каалаганыңызды элестетиңиз. Сиз унаа айдоону үйрөтүүнү сунуш кылган эки окутуучуну табасыз. Бир окутуучу эч качан унаа айдап көргөн эмес, бирок унаа айдоо тууралуу көп китептерди окуган; башка окутуучу узак мөөнөт бою он жылдап кырсыксыз жана коопсуз унаа айдап жүргөн. Сиз окутуучу катары кимди тандайт элеңиз?

«Ыйса эч качан: «Аларды кызматынын ийгилигин көрүп тааныйсыңар » деген эмес. Ал: «Аларды жемишинен таанышыңар» деген — бул алардын Атага баш ийүүсүн билдирген»
Крейг Кинер

Эми кантип машайакчылык өмүр сүрүү тууралуу билгиңиз келгенин элестетиңиз. Сиз эки койчуманды табасыз. Койчумандардын бири күнөөкөр өмүр сүрөт, бирок жакшы насааттарды айтат, ал эми башкасы Кудай менен жакын мамилесин көрсөтөт. Сиз кайсы койчуманды тандайт элеңиз?

Биздин насаат чындык болушу керек. Биз өзүбүз жарыялап жаткан жашоо менен жашашыбыз керек. Айрым насаатчылар кайсы бир убакытка ыймандуу болуп көрүнүп койсо болот деп ойлошкон. Адамдар чынчылдык жөнүндө айтып жатып, тартуулардан акча уурдаган насаатчыга алданышы мүмкүн; адеп-ахлактуулук тууралуу айтып жатып, бузуку мамилелерди жашырган насаатчы адамдарды адаштырып коюшу мүмкүн; өзүнүн аялын сабап жүрүп, сүйүү тууралуу айтып жүргөн насаатчы адамдардын башын айлантып коюшу мүмкүн, бирок акыры бардыгы ачыкка чыгат. Көңдөй жүрөк руханий күчкө ээ болбогон кызматка алып келет. Биз Кудайга *өзүбүздө* иштөөгө жол бергенде, Ал *биз* аркылуу иштейт.

Насааттын сырткы жалтырагына күнөөкөр жашоону жашырып коюуга эч качан жол бербеңиз; таасирдүү насаат Кудайды билген жүрөктөн башталат.

**Колдонуу: койчумандар койчу катары**

► Марк 6:30-34тү окугула.

Койчумандардын эң жакшы образдарынын бири – койчу. «Элди көрүп, Ыйсанын боору ооруду. Анткени алар койчусу жок койлор сыяктуу жүдөп, мүңкүрөп калышкан эле». Машайак калдың элди карап, койчуманга муктаж болгон койлорду көргөн.

► 5000 адамдан турган калың элдин арасында кимдер болушу мүмкүн экенин элестетип көрүңүз (Марк 6-бөлүм). Алардын тизмесин түзүңүз.

- Сиздин тизмеңизде адамдарды алдаган салык жыйноочулар барбы? Алар ошол жерде болушкан. Бул алдамчы салыкчыларды кыйкырып ашкерелесе болот болчу, бирок Ыйса куткарууга муктаж болгон жоголгон койлорду көргөн.
- Сиздин тизмеңизде Ыйсаны тузакка түшүрүүгө аракет кылган фарисейлер барбы? Алар ошол жерде болушкан. Ыйсага аларды калың элдин алдында уят кылуу оңой болгон, бирок Ал туура жолго муктаж болгон көк бет койлорду көргөн.

- Сиздин тизмеңизде аялынын көзүнө чөп салганы үчүн жүрөгүндө өзүн айыптаган күйөө барбы? Ал ошол жерде болгон. Ыйса оңдоого, андан кийин айыктырууга муктаж болгон күнөөгө жеңилген койду көргөн.
- Тизмеңизде ата-энесине каршы козголоң чыгарган жана калың элдин арасында табылбай калыш үчүн мектептен качып келген өспүрүмдөр барбы? Алар ошол жерде болушкан. Ыйса алар туура жолдон чыгып кете электе аларды туура жолго салуу керек болгон жоголгон койлорду көргөн.

Сиз насаат айтып жатканда, кимди көрөсүз? Сиздин көңүлүңүз жамааттын кемчиликтерине гана бурулабы же сиз койлоруңуздун терең муктаждыктарын байкайсызбы? Башкаруу тобунун ачууланган мүчөсүнөн башкалардын жүрөгүн ооруткан жараланган койду көрө алдыңызбы? Сиз ишенимден четтеген адамды гана көрүп жатасызбы же күнөөнүн айынан азап чегип жаткан койду көрүп жатасызбы? Ыйса муктаж болгон койлорду көргөн.

► Жакан 10:1-18ди окугула

Койчумандар катары биз койчу болууга чакырылганбыз. Койчу койлору жөнүндө кантип кам көрө алат? Жакан 10-бөлүм кызмат кылуунун үлгүсүн сунуш кылат.

**Койчуман койлорун жетектейт.**

Эгер койчуга байкоо жүргүзсөңүз, ал койлорун камчы менен айдабайт, бирок ал баары бир койлорун туура багытта жетелейт. Ыйса мындай деген: «Кароолчу ага эшикти ачып берет. Койлор анын үнүн угушат, ал өзүнүн койлорун атынан чакырат, аларды тышка чыгарат. Ал өзүнүн койлорун тышка чыгаргандан кийин, алардын алдында басат, ал эми койлору анын артынан ээрчишет, анткени алар анын үнүн таанышат».[153]

Жакшы кабарларды окуп жатканда, көп учурда Ыйса Петирди, Жакан же Томасты камчы менен чаап жиберчүдөй сезилет! Алар кайра-кайра жагымсыз абалдарга туш болушкан, бирок Ыйса бул күрөшүп жаткан алсыз шакирттерин тургузуп аларды туура жолго салуу үчүн камчынын ордуна таяк колдонот.

Койчуман катары сиз Кудай жыйыныңызга алып келген койлорго багыт берип жатасызбы же аларды күчкө салып сүйрөп баратасызбы? Сиз койлорду **жетектеген** койчумансызбы же аларга баш ийүүгө **буйрук берген** койчумансызбы?

**Койчуман койлору жөнүндө кам көрөт**.

Сиз кээде: «Менин жумушум 9:00дон 17:00 чейин, дем алыш күндөрү менен  жана 17:00 кийин телефон чалуулар жок болушун каалайт элем» – деп ойлойсузбу?  Бул кээде аябай сонун угулат! Бирок койчумандын жашоосу мындай эмес.

[153] Жакан  10:3-4.

Койчу «жумуш убактысы» болбосо да, койлоруна алар жардамга муктаж болгондо кам көрөт. Койчуман жараланган козуга: «Мен кызматыма 9:00до келгенге чейин ошол жерде күтүп тур деп айта албайт»; ал түн болсо да козусун куткаруу үчүн ага жөнөйт.

Ушул сыяктуу эле койчуман да койлору жардамга муктаж болгондо, аларга кам көрөт. Рухий койлорго кам көрүү насаат айтып коюудан алда канча чоң. Албетте насаат айтуу милдеттүү шарт, бирок андан сырткары кеңеш берүү, үйүнө баруу, сыйынуу, ал эми кээде жөн эле кыйналып жаткан козунун жанында болуу.

Албетте койчумандар сиздер өзүңүздөргө кам көрүшүңүздөр керек. Эгер сиз өзүңүздү физикалык, эмоционалдык жана руханий жактан чарчатсаңыз, натыйжалуу боло албайсыз. Ыйса жалгыз болууга убакыт бөлгөн, сиз да ошондой кылышыңыз керек, бирок Машайак койлору үчүн кам көрүү максатында Өзүнүн ыңгайлуулугун курмандыкка алып келе алган.

Кызмат менен эс алуунун ортосунда тең салмактуулукту сактоо кыйын болушу мүмкүн. Акылман койчуман-койчу катары сиз Ыйык Рухтун жетегине жана айланаңыздагы акылдуу кеңештерге сезимтал болушуңуз керек. Рухтун: «Эс алууга жана жаңылануууга убакыт келди» деген үнүн тыңшаңыз.  Жубайыңыздын же өнөктөшүңүздүн: «Бир аз эс алышыңыз керек» деген үнүнө кулак салыңыз. Жаңылануу убагынан Кудай сизге ишенип тапшырган койлор жөнүндө кам көрүүгө жаңы ынтаалуулук менен кайтып келиңиз.

**Койчуман койлорун коргойт**.

Ыйса коркунучка кабылганда качып кеткен жалчы менен өмүрүн тобокелге салса да койлорун коргогон жакшы койчумандын карама-каршылыгын көрсөтөт. Жалчы «койлорго кайдыгер мамиле кылат», бирок койчуман алар үчүн өмүрүн берет.[154]

Акыркы сааттарда да Ыйса шакирттери тууралуу кам көргөн. Кечик Тамак убагында Ыйса аларды алар туш боло турган сыноолорго даярдаган. Гетсемания багында Ал Петирди, Жакыпты жана Жаканды окутууну уланткан. Айкаш жыгачта ал Мариямды Жакандын камкордугуна тапшырган. Акырына чейин жакшы Койчуман Өзүнүн койлору жөнүндө кам көрөт.

Пабыл Эфестеги жыйын аксакалдарына жыйында койчуман катары кызмат кылууну тапшырган. Алар Машайак канын төгүп сатып алган кой короо тууралуу кам көрүшү керек болчу.  Кийинки аятта элчи кой короого кол салган «жырткыч карышкырлар» тууралуу эскертет; койчумандар аны коргоого жоопкерчиликтүү.[155]

Койчуман-койчу катары Кудай сиздин жыйынга жиберген койду доктриналдык окутуулардан, алардын никесине жана үй-бүлөсүнө кол салуулардан же дагы башка

[154] Жакан  10:13, 15.
[155] Элчилердин иштери  20:28-31.

кол салуулардан коргойсузбу? Сиз койчумансызбы же жалчысызбы?

Кийинки жекшембиде насаат айтуудан мурун, Кудайдан койлоруңуздун муктаждыктарын көрсөтүүсүн сураңыз; кой короосуңузда адамдардын жараланган жүрөктөрүн көрсөтүүсүн сураңыз. Насаат айтканда, эзилген жана алсыз, ошондой эле такыба койчумандын сүйүүсүнө муктаж болгон койлорду көрө алгыдай болуңуз.

## Тагыраак карайбыз: «Кайгы!»

► Матай 23:1-39ду окугула.

Ыйса Өзүн четке каккан шаарларга кайрылганда «силерге кайгы» деген сөздөрдү колдонгон,[156] аны адамдарды туура эмес багытта алып бараткан фарисейлер менен китеп көчүрүүчүлөргө,[157] ошондой эле Өзүнө чыккынчылык кылган Жүйүткө карата колдонгон[158]. Кээде биз Ыйса Өзүн четке каккандарды да сүйгөнүн унутуп калып, «кайгы» деген сөздү каарданган үн менен окуйбуз.

«Кайгы» деген сөздө айыптоо эле эмес, кайгыруу да бар. «Кайгы» деген сотту да, ошол эле учурда сотко кабылгандарга карата кайгырууну жана өкүнүүнү камтыйт. Ал өзүнүн чыныгы аянычтуу абалын баамдай билбеген адамдарга карата Ыйсанын кайгыруусун көрсөтөт.[159] «Кайгы» эскертүү менен бирге терең кайгырууну билдирет.

Ыйса Өзү сүйгөн шаардын тагдыры үчүн кайгыруу менен, диний жетекчилердин үстүнөн сотту жарыялоону акырына чыгарат. «Иерусалим! Пайгамбарларды өлтүргөн, өзүңө жиберилгендерди таш бараңга алган Иерусалим! Канаттуу өз балапандарын канатынын астына чогулткандай, Мен да канча ирет сенин балдарыңды чогултууну кааладым, бирок сен каалаган жоксуң».[160] Ыйса Аны жакында айкаш жыгачка кадап турган шаардын тагдырына ыйлап жиберди.

Бул биз сот тууралуу насаат айтканда, биз үчүн үлгү болушу керек; ал күнөө жөнүндө эскертүүнү жана тобо кылуудан баш тарткандарга сот жөнүндө кабарды камтышы керек, бирок биздин кабар күнөөкөргө каршы каарданууну эмес, күнөө үчүн кайгырууну көрсөтүшү керек.

Козголоң чыгарып жүргөн өспүрүм тозок жөнүндө насааттан кийин үйүнө келди. Анын атасы: «Балам, насаат кандай болду деп ойлосуң?» – деп сурады.  Ал: «Мага насаат жаккан жок. Ал менин ачуума тийди», – деп жооп берди. Кийинки жумада ал насаатчынын тозок жөнүндө насаатын дагы укту. Анын атасы бул жолу да андан: «Насаат кандай болду деп ойлойсуң?» – деп сурады. Уулу: «Мен Ыйсага кызмат

[156] Мат. 11:21.
[157] Мат. 23:13-29.
[158] Марк  14:21.
[159] Martin H. Manser, *Dictionary of Bible Themes* (London: Martin Manser, 2009). Ошондой эле караңыз Joel B. Green жана Scot McKnight, *Dictionary of Jesus and the Gospels* (Westmont, Illinois: InterVarsity Press, 1992).
[160] Мат. 23:37 жана Лука 19:41.

кылышым керек экен. Мен ал үрөйдү учурган жерге баргым келбейт!» – деп жооп берди.

Атасы таң калды. «Өткөн жумада тозок жөнүндө насаат сени ачуулантты эле, бул жумада ал сени тобо кылууга алып келди. Айырмасы эмнеде?» Бала: «Бул жолку насаатчы мени тозок тууралуу эскерткенде ыйлап жиберди», – деп жооп берди.

Сот тууралуу айтып бергенде ыйлайсызбы? Тозок тууралуу насаат даярдагандачы? Сот тууралуу эскертүү кылыш керек болсо да, койлорун сүйгөн койчумансызбы?

**Жыйынтыктоо. Насааттагы Ыйык Рухтун ролу.**

Биз насаатчылар катары угуучуларыбызды ынандыруу үчүн Ыйык Рухтун күчүнө таянабыз. Биз эмоционалдык таасирди жаратуу үчүн адамдык ыкмаларды гана колдонсок, тез эле жыйынтыгын көрө алабыз, бирок руханий жемиштер жок болот: Ыйык Рух гана угуучуларда узак мөөнөттүү өзгөрүүлөрдү кыла алат.

► 1 Корунттуктарга 2:1-16.

Пабыл  руханий өзгөрүүлөр Ыйык Рухтун күчү аркылуу гана болорун түшүнгөн. Ал Афинадагы Ареопагда философтор менен талкуу жүргүзгөндөн кийин, Коруntка келген.[161] Ал жерде ал «күбөлөндүрүүсүн чечендик же адамдык акылмандык менен жарыялаган» эмес, бирок «Ыйса Машайактан башка эч нерсе айтпай эле коёюн деп чечкен»; ал «Кудайдын Рухуна жана күчүнө таянган».[162]

Пабыл  Рух руханий чындыктарды рухий адамдарга чечмелеп берерин билген.[163] Элчи билимди баалаган; ал улуу окутуучу болгон. Ал улуу грек ораторлорун изилдегендиктен, элдин алдында кантип таасирдүү сөз сүйлөнүү жана логикалык далилдерди келтиргенди билген. Римдиктерге жазылган кат – логикалык түзүлүштүн шедеври, бирок Пабыл  Ыйык Рухтун күчүн баалаган; ал чыныгы ынаным Рух аркылуу гана келерин билген.

[161] Элчилердин иштери  17:16-18:1.
[162] 1 Кор. 2:1-5.
[163] 1 Кор. 2:13.

Пабыл Корунттуктарга: «Бирок кудуреттүү күч биздики эмес, Кудайдыкы болуп эсептелиш үчүн, ушул кенчти биз чопо идиштерде сактап жүрөбүз»[164]деген. Идиш өзү казына эмес! Биз кызматтын жетекчилери катары – чоподон жасалган сынган идиштербиз, бирок бизде эң сонун артыкчылык бар: казынаны – жакшы кабарды – биз кызмат кылгандарга жеткирүү.

Бул кызматтын жетекчилери үчүн күчтүү эскертүү. «Казынага» көңүл бургандын ордуна, «идишке» көңүл топтоп алуу оңой. Биз кабардын өзүнө караганда, аны тартуулоонун түрүнө; казынага караганда, идишке көбүрөөк көңүл бурушубуз мүмкүн. Пабыл күч бизге эмес, Кудайга тиешелүү экенин көрсөтүү үчүн атайын чопо идишти колдонорун эсибизге салат.  Биз Кудайдын күчү иштегенине тоскоолдук кылып, жалгыз Ага тиешелүү даңкты өзүбүзгө тиешелүү кылбашыбыз керек; биз Рухтун күчү менен насаат айтышыбыз керек.

[164] 2 Кор. 4:7.

## 5- Сабактын тапшырмасы

1. Матайдын Жакшы Кабары негизги беш насаатты камтыйт. Алардын ар бирин окуп чыгып, аны таасирдүү кылган бир мүнөздөмөнү аныктаңыз. Туура же туура эмес жооптор жок. Өзүңүзгө: «Ыйса мени кантип ашкерелейт же Анын кабарын эстеп жана колдонууга кантип шыктандырат?» – деген суроо бериңиз.

| Насаат | Мүнөздөмө |
|---|---|
| Тоодогу насаат<br>Мат. 5-7 | |
| Элчилер дүйнөгө жиберилди<br>Мат. 10 | |
| Падышалар тууралуу үлгү насаат аңгемелер<br>Мат. 13 | |
| Падышалыктагы өмүр<br>Мат. 18 | |
| Зайтун тоосундагы насаат<br>Мат. 24-25 | |

2. Кийинки насаатка даярданып жатып, Ыйсанын насааттарынан тапкан өзгөчөлүктөрдү карап чыгыңыз. Анын насааттарын чындыкты таасирдүү жеткирүү үчүн үлгү катары колдонуңуз. Эмгегиңиз менен класстагы башка окуучулар менен бөлүшүңүз. «Менин насаатым Ыйса берген үлгүгө туура келеби?” деген суроого жооп берүү менен насаатты баалаңыз.

# 6-сабак
# Ыйса жана Кудайдын Падышалыгы

## Сабактын максаттары

Сабактын акырында студенттер:

1. Жакшы Кабарлардагы Кудай Падышалыгынын маанисин түшүнүшү керек.

2. Кудай Падышалыгынын азыркы жана келерки аспектилерин түшүнүшү керек.

3. Падышалыкта жашоо үчүн Ыйсанын Тоодогу насаатындагы принциптерин колдонушу керек.

4. Машайактын Падышалык тууралуу үлгү насаат аңгемелерин туура талкуулаганды үйрөнүшү керек.

5. Шакиртчиликте Ыйсанын артынан ээрчүү үчүн Ыйсанын шарттарын кабыл алышы керек.

## Кызматтын принциби

Кудай Падышалыгынын өкүлдөрү катары машайакчылар Анын дүйнөдөгү бийлигин таратат жана өрчүтөт.

## Киришүү

Кудай Падышалыгы — Жаңы Келишимдеги негизги тема. [165] «Падышалык» деген термин Матайда элүү төрт жолу,  Маркта — он төрт жолу,  Лукада — отуз тогуз жолу жана Жаканда — беш жолу колдонулган.[166]

Ыйсанын үлгү насаат аңгемелеринин дээрлик жарымы Кудай Падышалыгы тууралуу үйрөтөт. Ал Падышалык тууралуу насаат айтат. Ал Падышалыктын күчүн көрсөтүү үчүн оорулууларду айыктырат жана жиндерди кууп чыгарат. Көтөрүлүп кеткенден кийин алгачкы жыйын Падышалык тууралуу кабарды таратууну уланткан.[167]

---

[165] Бул бөлүмдө колдонулган булактар:
+ D. Matthew Allen, "The Kingdom in Matthew" at http://www.bible.org, 1999.
+ Darrell L. Bock, *Luke*, Baker Exegetical Commentary on the New Testament (Grand Rapids: Baker Books, 1994-1996).
+ J. Dwight Pentecost, *The Words and Works of Jesus Christ* (Grand Rapids: Zondervan, 1981).
+ Martyn Lloyd-Jones, *Studies in the Sermon on the Mount* (Grand Rapids: Eerdmans, 1959).

[166] Матай адатта Лука «Кудай Падышалыгы» деген жерде «Асман Падышалыгы» деген сөз айкашын колдонгон. Матайдын Жакшы Кабары жүйүттөргө арналган, ал эми алар Кудайдын ысымын атоодон качышкан жана көп учурда Кудай деген сөздүн ордуна эвфемизм катары «асман» деген сөздү колдонушкан. Матай көп учурда «Кудай Падышалыгын» «Асман Падышалыгы» менен алмаштырган. Бул сабакта Матайдын Жакшы Кабарынан аяттар келтирилген учурдан сырткары «Кудай Падышалыгы» деген термин колдонулат.

[167] Элчилердин иштери  8:12; 28:23.

Бул сабакта биз Ыйсанын кызматында Кудай Падышалыгын жана анын бүгүнкү күндө таасирин  изилдейбиз. Сабактын акырына мен Нигерияда айтылган Кудайдын Падышалыгы тууралуу насаатты жайгаштырдым; ал Падышалык тууралуу кабар биздин дүйнөдөгү кызматка кандай таасир тийгизерин көрсөтөт.

## Кудай Падышалыгы

Кудай Падышалыгы тууралуу темага киришүү болгон эки суроону карап чыгалы.[168]

1. Кудай Падышалыгы деген эмне?
2. Кудай Падышалыгы качан орнойт?

### Кудай Падышалыгы деген эмне?

► Элчилердин иштери 1:1-8ди окугула.

Тирилгенден кийин Ыйса шакирттерине кырк күн ичинде көрүнүп, «Кудай Падышалыгы жөнүндө айткан». Анын көтөрүлүп кетүүсүнүн алдында шакирттер: «Теңир, Сен Ысрайыл элинин падышачылыгын ушул убакытта калыбына келтиресиңби?» – деп сурашкан.  Шакирттер төмөнкүлөрдү күтүшкөн:

1. **Падышалыктын дароо орношун**: «ушу убакытта». Алар Ыйса муну дароо кылат деп ойлошкон;

2. **Саясий жана географиялык падышалык**: «калыбына келтиресиңби?» Алар Машайак римдик бийликти  кулатып, Ысрайылдын саясий бийлигин калыбына келтирерин күтүшкөн;

3. **Улуттук падышалыкты**: «Ысрайыл падышалыгы». Шакирттердин түшүнүгүндө Ыйса Байыркы Келишимдеги Дөөттүн тукумундагы падышалар сыяктуу бийлик кылган.[169]

Ыйса мындай деп жооп берген: «Атанын Өз бийлиги менен белгилеген убакыттарын, мөөнөттөрүн билүүнүн силерге кереги жок. Бирок үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин, күч аласыңар да, Иерусалимде, бүт Жүйүт аймагында, Самарияда, атүгүл, бүт дүйнө жүзүндө Менин күбөлөрүм болосуңар».

Машайактын жообу Анын падышалыгы төмөнкүдөй экенин айткан:

1. **чексиз**: «Атанын Өз бийлиги менен белгилеген убакыттарын, мөөнөттөрүн...» Машайактын Падышалыгы Атанын мөөнөттөрүнөн гана көз каранды болгон.

2. **адаттан тыш**: «…үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин...». Ыйсанын Падышалыгы саясий бийликке эмес, Ыйык Рухтун күчүнө негизделген.

---

[168] Кудайдын Падышалыгы тууралуу видео сабакты кийинки шилтеме боюнча таба аласыз: Scot McKnight, “What and Where is the Kingdom of God?” на http://www.seedbed.com/where-is-the-kingdom-of-god/
[169] John Stott*, The Message of Acts* (Westmont, Illinois: InterVarsity Press, 1990), 41.

3. **универсалдуу**: «…бүт дүйнө жүзүндө...» Машайактын падышалыгы бардык элдерге тараган; ал Ысрайыл менен чектелген эмес.

Ыйса шакирттерге аларга убакыттар менен мөөнөттөрдү билип кереги жок экенин, анын ордуна эки нерсе тууралуу кам көрүшү керектигин айткан: Ыйык Рухка ээ болуу жана «бүт дүйнө жүзүндө» Машайактын күбөлөрү болуу.

**Кудайдын Падышалыгы качан орнойт?**

«Падышалык келди; Падышалык орнотулду; Падышалык келет.» -Мартин Ллойд-Джонс

Теологдор Кудай Падышалыгына карата үч негизги көз карашты карманышат.

***Падышалык келет.***

Айрым теологдор Ыйса айтылган миң жылдыкта бийлик жүргүзгөндө акыркы убакыттын падышалыгы орнойт деп эсептешет. Алар падышалыктын саясий жана аймактык аспектилерине басым кылынган Матай 24–25-бөлүмдөргө негизделет.

***Падышалык келген.***

Башка теологдор Машайактын падышалыгы Ал жерде жүргөндө орнотулган деп үйрөтүшөт. Алар Ыйсанын «Асман Падышачылыгы жакындап калды» жана «Кудайдын Падышачылыгы келди»[170] деген билдирүүсүнө таянып ушундай дешет. Падышалыкка карата мындай көз караш анын руханий табиятына жана ишенүүчүлөрдүн жүрөгүндө Кудайдын эгедерлигине көңүл топтойт.

***Падышалык келген, бирок алиге чейин толугу менен орной элек.***

Көптөгөн теологдор Асман Падышалыгы деген түшүнүк анын азыркы да, келерки да аспектилерин камтыйт дешет. Бул көз карашка ылайык Кудай Падышалыгы Ыйсанын жердеги кызматынын убагында келген, ал жыйындын иши аркылуу азыр уланып таралып жатат жана Машайак бийлик кылуу үчүн келгенде толугу менен акырына чыгарылат. Ыйса кайра келгенде: «Машайак бардык бийликти, үстөмдүк кылуучулукту жана күчтү жоюп, Падышачылыкты Кудай Атага өткөрүп бергенден кийин, баарынын акыры келет».[171] Бул Кудай Падышалыгынын толугу менен иш жүзүнө ашышы.

► Сиз падышалыкка карата бул көз караштын кайсынысын кармanасыз? Ар бир көз караштын кызматка тажрыйбалык таасири кандай?

Бул сабакта биз азыр Падышалыктын иш-аракет кылып жаткан  жана аткарыла турган аспектилерин карап чыгабыз. Падышалык төмөнкүлөрдү камтыйт:

---

[170] Мат. 4:17 жана Лука  11:20.
[171] 1 Кор. 15:24.

- **Падышаны**: Ыйса төрөлгөндө таазим кылып келген даанышмандардан баштап, айкаш жыгачтагы жазууга чейин Ыйса Өзүн Падыша катары көрсөткөн.
- **Бийликти**: Ыйса Өзүнүн бийлигин кереметтер жана өлүмдүн үстүнөн жеңиш аркылуу көрсөткөн.
- **Мыйзамды**: Машайак Тоодогу насаатта Падышалыктын мыйзамдарын кыскача баяндаган.
- **Аймакты**: Ыйса Анын падышалыгы бүт дүйнө жүзүнө жетет жана ар башка элдердин арасында  тарайт деген.
- **Адамдарды**: Падыша тарабынан кун төлөп куткарылгандар жана Ал бийлик кылгандар Ыйсанын Падышалыгынын жарандары болуп эсептелет.

## Падышалыкты убада кылуу

► Матай 3:1-12ни окугула.

Жаңы Келишимде Кудай Падышалыгы тууралуу биринчи жолу Чөмүлдүрүүчү Жакандын насаатында айтылат. Жакан Байыркы Келишимдин акыркы пайгамбары катары ысрайыл элинин диний жетекчилеринин эки жүздүүлүгүн айыптаган; Жаңы Келишимдин кабарчысы катары ал жаңы Падыша үчүн жол даярдаган. «Тобо кылгыла! Анткени Асман Падышачылыгы жакындап калды».[172] «Жакындап калды» деген сөз айкашы ал тез жакындап келе жатканын болжолдойт; ал азырынча келе элек, бирок аябай жакындаган. Жакан Ысрайылды жаңы Падышалыкты жарыялай турган Машайактын келишине даярдаган.

Жакандын камакка алынганынан көп өтпөй Ыйса коомдук кызматын баштаган; Ал Падышалыктын жакшы кабары жарыялап, Галилеяда саякаттаган. Чөмүлдүрүүчү Жакан сыяктуу эле Ыйса: «…тобо кылгыла, анткени Асман Падышачылыгы жакындап калды», – деп жарыялаган.[173]

► Матай 10:5-42ни окугула.

Ыйса он эки шакиртин «Ысрайылдын жоголгон койлоруна» Падышалык жөнүндө кабар таратуу үчүн жиберген.  Жакан Чөмүлдүрүүчү да, Ыйса да, экөө тең: «Асман Падышалыгы жакындап калды» дешкен.[174]

Шакирттердин кызматы алардын Устатынын кызматынын үлгүсү боюнча курулган. Ыйса сыяктуу алар Падышалыкты жарыялап жана адамдардын денелик муктаждыктарына кам көрүшү керек болчу; Машайак сыяктуу эле алар шайтандын ээлигине Кудай Падышалыгы кирип келгенинин белгиси катары оорулууларды

---

[172] Мат. 3:2.
[173] Мат. 4:17.
[174] Мат. 10:5-7.

айыктырышкан жана жиндерди кубалашкан. Ыйса Өзүнүн өкүлдөрүн оорулууларды айыктырууга, өлгөндөрдү тирилтүүгө, пес оорулууларды тазалоого жана жиндерди кубалоого жиберген.[175]

## Падышалыктын келүүсү

► Матай 12:22-32ни окугула.

Падышалыкты убада кылуу жаңы нерсе болгон эмес; байыркы келишимдик пайгамбарлар ал тууралуу айтышкан. Ошентсе да Ыйса бул жөн гана келечектеги үмүт эмес, айкын реалдуулук экенин жарыялаган. Машайак Кудай Падышалыгынын келиши тууралуу айткан: Ал барган жердин баарында Падышалык орногон.

Жиндердин үстүнөн өзүнүн бийлиги менен Ыйса шайтандын падышалыгын жеңген Падышанын бийлигин көрсөткөн. Машайак жин оорулуу адамды айыктыргандан кийин  фарисейлер: «Жиндерди Ал жиндердин башчысы Белзебулдун күчү менен кууп чыгарып жатат» дешкен. Ыйса шайтандын падышалыгын Кудайдын күчү менен жеңгенин айткан: «Эгерде Мен жиндерди Кудайдын Руху менен кууп чыгарып жаткан болсом, анда силерге Кудайдын Падышачылыгы келди»;[176] Машайак амалкөйдүн падышалыгына кирип келген.

► Матай 11:1-24ди окугула.

Ыйсанын кереметтери Анын Падышалыгынын келүүсүнүн жышааны болгон; алар тууралуу айтып жатып Жакандын Жакшы Кабары «жышаандар» деген терминди колдонот: кереметтер Машайактын кудайлыгынын жышаандары жана жаңы Падышалыктын күбөлүгү болгон.

Чөмүлдүрүүчү Жакан: «…Асман Падышалыгы жакындады», – деп жарыялаган. Ал саясий падышалык Ысрайылга эркиндик алып келерин күткөн, бирок өзү түрмөгө камалып өлүм алдында турган! Ал шакирттерин Ыйсага: «Келиши керек болгон Сенсиңби же башканы күтөлүбү?» – деп суроо үчүн жиберген. Жердеги падышалыкты орното турган саясий машайак катары Ыйсанын кызматы Жакандын күтүүсүнө туура келген эмес.

Ыйса Өзүнүн кызматында кылып жаткан нерселерди көрсөтүү менен жооп берген.

> «Сокурлар көрүп, майыптар басып, пес оорулуулар айыгып, дүлөйлөр угуп, өлгөндөр тирилип, жакырларга Жакшы Кабар айтылып жатат. Менден шектенбеген адам бактылуу».

Машайак Жаканды ачылып берилген Кудайдын планына чыдамдуу болууну үйрөткөн.

Ыйса Жакандын күчүн жана эрктигин балаган. Ал:«Асман

---

[175] Мат. 10:8.
[176] Мат. 12:24, 28.

Падышачылыгындагылардын эң кичинеси андан чоң», – деп жарыялаган. Эмне үчүн? Ыйса Падышалыктын бардык артыкчылыктары менен жаңы келишим түзүү үчүн келген. Жаңы Келишимде эң кичине адам, байыркы келишимдик ыйык эч качан көрбөгөн артыкчылыктарга ээ болгон. Жаңы Келишимдин ишенүүчүлөрү Байыркы Келишимдин убадаларынын аткарылуусун көрүшкөн; убадаланган падышалык күчүнө кирип жаткан.

**Падышалыктагы жашоо: Тоодогу насаат**

Жакшы Кабарларда жазылган эң узун насаат – бул Ыйсанын тоодогу насааты. Кудай Падышалыгы бул насааттын бириктирүүчү темасы. Аны төмөнкүдөн көрсө болот:

- Бактылуулук осуяттарынын биринчиси «руху жакырлар»   Асман Падышалыгына ээ деп үйрөтөт. Ал эми акыркысы — Асман Падышалыгы «чындык үчүн куугунтукталгандарга»  тиешелүү экенин айтат. Бул эки осуят калган башка осуяттардын айланасында кабыкча болуп, Тоодогу насааттын борбору Асман Падышалыгы экенин көрсөтөт.
- Ыйса мыйзамды кайра чечмелөө бийлигин жарыялайт.[177] Бул Өзүнүн Падышалыгынын мыйзамдарын чечмелөөгө жана талкуулоого укугу бар Падышанын иш-аракети.
- Ыйса шакирттерин: «Сенин Падышачылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын…»,[178]– деп сыйынууга үйрөткөн. Кудай эли Тоодогу насаатка ылайык жашаганда, падышалык кеңейет жана Кудайдын бийлиги падышалыктын жаңы жарандарына тарайт. Биз Кудай Падышалыгынын жерде жайылуусу үчүн сыйынууга чакырылганбыз.
- Насаатынын акырында Ыйса «Асман Падышалыгына кирүү» үчүн «жакшы иштер» жетишсиз экенин айтан: ага Асмандагы Атасынын эркин аткарган адам гана кире алат.

    ➧ Тоодогу насаатты окуунун принциптери.

Биз Тоодогу насаатты окуганда үч принципти эсибизге алышыбыз керек.

- (1) Тоодогу насааттын осуяттарына баш ийүү бизди Падышалыктын жарандары кылбайт.
- «Ушундай жашасаң машайакчы болуп каласың», – деп ойлонбош керек. Анын ордуна биз бул насаатты Падышалыктын жараны үчүн колдонмо катары «Машайакчы болгондуктан ушундай жаша», – деп кабыл алышыбыз керек. Биз ырайым аркылуу гана куткарылганбыз; Кудай Падышалыгынын мүчөлөрү катары

[177] Мат. 5:21-48.
[178] Мат. 6:9-13.

биз Анын осуяттарына баш ийебиз.

- (2) Тоодогу насаат ишенбегендерге эмес, шакирттерге арналган.
- ал бир мамлекеттин конституциясы эмес. Сиздин ишенбеген кошуналарыңыз мындай принциптер менен жашоодон баш тартканда, таң калбай эле коюңуз. Бул жашоонун адамдардын падышалыгында эмес, Кудай падышалыгындагы сүрөттөмөсү.
- (3) Тоодогу насаат *ар бир* ишенүүчүгө тиешелүү.
- Көп адамдар анын принциптери жөнөкөй ишенүүчүлөргө тиешелүү эмес деп, анын талаптарынан качууга аракет кылышкан. Айрымдар мындай дешет: «Бул мыйзам келерки миң жылдык падышалыкка тиешелүү»; башкалары: «Бул чакан ыйыктар тобу үчүн; машайакчылардын көбү бул осуяттарды аткара албайт», – дешет. «Бул насаат биз эч качан Кудайдын осуяттарын аткара албаарыбызды көрсөтөт. Биз Кудайдын талаптарын аткара албаарыбызды түшүнгөндө ырайымга гана таянып калабыз» деген адамдар бар.

Бирок алгачкы жыйын Тоодогу насаатты ар бир ишенүүчү үчүн колдонмо катары кабыл алган. Жакыптын жана Петирдин биринчи каты осуяттардын көбүн кайталайт. Ыйса Кудайдын ыйыктыгынын чен-өлчөмдөрүн төмөндөтүүдөн баш тарткан. Фарисейлерден айырмаланып, Ал жолдоочуларын *бийигирээк* чен-өлчөмгө жекетеген: «…Силерге айтып коёюн, эгерде силер мыйзам окутуучулар менен фарисейлерден да адилеттүү болбосоңор, анда Асман Падышачылыгына кирбейсиңер».[179]

➡ Кудай Падышалыгындагы жашоо.

► Матай 5–7-бөлүмдөрдү окугула.

Ыйса жердеги жашоосунун убагында Падышалыкты алып келген болсо, биз анда жашап жатабыз. Тоодогу насаат анын жаранынын мүнөзүн сүрөттөйт. Насааттын кыскача баяндамасы мындай.

---

[179] Мат. 5:20.

- (1) Кудай Падышалыгынын баалуулуктары бул дүйнөнүкүнө карама-каршы келет.
- Жердеги бир дагы башкаруучу жакыр болуу, ыйлоо, өз укуктарынан баш тартуу же куугунтукка кабылуу бакыт экенин айтпайт. Бактылуулуктар Ыйсанын күндөрүндөгү Рим империясынын жана бүгүнкү күндөгү биздин дүйнөнүн баалуулуктарына толук карама-каршы нерселерди билдирет: Кудай Падышалыгы адамдын падышалыгынан айырмаланат.
- (2) Кудай Падышалыгынын жарандары айланадагы дүйнөгө таасир тийгизиши керек.
- Ыйсанын күндөрүндө ессейлер адил адамдар коомдон кетип, өзүнө Кудай Падышалыгын орнотушу керектигин айтышкан. Ыйса муну башкача караган: биз дүйнөбүздү сактаган жана ага даам берип турган туз; Асмандагы Атабызга даңк алып келген жарык болушубуз керек. Кудай Падышалыгы биринчи кезекте руханий болгонуна карабай, биздин дүйнө Падышалыктын жарандарынын катышуусунан саясий экономикалык жана социалдык пайда табышы керек.
- Биз светтик коомдо жарык жана туз болгон көп машайакчылардын мисалдарын келтире алабыз. Уильям Уилберфорс Британия империясында парламентти кулдарды сатууну жоюга мажбурлаган; методисттик ойгонуу англиялык коомдун бардык деңгээлдерин коомдук реформага алып келген; Уильям Кэри Индияда мыйзамдаштырылган бала өлтүрүү жана *сати* (өлгөн күйөөсүнүн денесинин жанында жесир аялды өрттөп өлтүрүү) менен күрөшкөн. Машайакчылар көптөгөн өлкөлөрдө сабаттуулукту тараткан, ооруканаларды негиздеген, жакырларга жана муктаждарга кызмат кылган.

> *Жүрөгү тазалар өздөрү Кудайды эле көрбөстөн, алар аркылуу коомчулук Кудайды көргөн кат болуп калышат.*
> Леон Хинсон

- (3) Кудай Падышалыгынын жарандары Атанын сүйүүсүн көрсөтүү үчүн Мыйзамдын эң кичинекей талаптарынын чегинен чыгышат.
- Ыйса мыйзамды алмаштыруу үчүн келген эмес, аны «аткаруу» үчүн келген. «Мени мыйзамды же пайгамбарлардын сөзүн жокко чыгаруу үчүн келди деп ойлобогула. Жокко чыгаруу үчүн эмес, аткаруу үчүн келдим». Бир нерсени аткаруу — «аны акырына чыгарууну» билдирет. Машайак мыйзамды жоюу үчүн эмес, Мыйзамдын артында турган рухту ачып берүү үчүн келген. Алты мисалдан турган жыйнакта Машайак Падышалыктын жарандары адилдик жагынан «окутуучулар менен фарисейлерден да» жогору болушу керектигин көрсөтөт.
    - Мыйзам өлтүрүүгө тыюу салат; Падышалык – ниеттин тамыры – ачууланууу менен иш алып барат.
    - Мыйзам ойноштукка тыюу салат; Падышалыктын жарандары аялды кумарланып карабайт.

- Мыйзам «ажырашуу катын» талап кылат; Падышалыктын жарандары никени бузуу үчүн себеп издебейт, аны сактап калуу жолдорун издешет.
- Мыйзам жалган ант берүүлөргө тыюу салат; Падышалыктын жараны үчүн «ооба» же «жок» деп айтуу жетиштүү болот.
- Мыйзам өч алууну чектейт («көзгө көз»); Падышалыктын жарандары өч алуу үчүн эмес, сүйгөн үчүн иш аракет кылышат.
- Мыйзам жакынына сүйүү талап кылат; Падышалыктын жарандары душмандарын да сүйүшөт:[180] алар Асмандагы Атасынын сүйүүсүн жана ырайымын көрсөтүшөт.[181]

* (4) Падышалыктын жарандары башкаларга эмес, Кудайга жагуу тууралуу көбүрөөк ойлонушат.
* Фарисейлер адамдарга өздөрүнүн берешендигин көрсөткүсү келген; Падышалыктын жарандары бардыгын жашыруун кылышат. Эки жүздүүлөр башкаларга таасирдүү сыйынууларын угузууну каалаган; Падышалыктын жарандары жөнөкөй түрдө жана чын жүрөк менен сыйынышат. Фарисейлер башкалардан узак орозо кармаганы үчүн кадыр-баркты көрүүнү каалаган; Падышалыктын жарандары Атанын сыйлыгынын алуу үчүн гана орозо кармашат.
* (5) Падышалыктын жарандары байлыктарына таянбайт жана өздөрүнүн муктаждыктары үчүн түйшүккө батышпайт.
* анын ордуна алар өздөрүнүн Асмандагы Атасынын камсыздоосуна ишеним артышат.
* (6) Падышалыктын жарандары башкаларды айыпташпайт.
* Ошого карабастан алар жалган окутуучулардын жаман жемиштерин айырмалап билүүгө аракет кылышат.
* (7) Падышалыктын жарандары сыйынуу аркалуу ишенимдүү болушат.
* Падышалыктын жарандары толук ишеним менен сыйынышат, анткени алар Асмандагы Ата сурагандарга жакшылыктарды берерин билишет!

*Тоодогу насаат — өзүнүн пайдасы үчүн эптеп-септеп сүйүүгө же чыныгы адилдикти эңсөөнү барк албоого каршы эскертүү берет. Чынында бул Кудайдыкындай кечирим, берешендик, ыраазы болууну билген жана боор ооруган сүйүүнү көрсөтүү чакырыгы.*
Даррелл Бок

[180] Байыркы Келишим Ысрайылга «душманын жек көрүүгө» буйрук берген эмес. Бул кеңири тараган жаңылыштык.
[181] Лука 6:36.

- (8) Падышалыктын  жарандары эки жол гана бар экенин түшүнүшөт.
- Падышалыктын  жарандары эки жол гана бар экенин түшүнүшөт:   кенен жол жана тар жол; жакшы дарак жана жаман дарак бар; акылман жана акылсыз куруучу бар: Падышалыктын  жарандары айырмалай билүүгө ээ.

**Падышалык принциптерине боюнча жашоо**

Биз Тоодогу насааттын принциптери боюнча кантип жашай алабыз? Бул суроонун ачкычы Матай 5:48де бар.  Падышалыктын жарандары Асмандагы Атабызга окшош болушу керек.  Ыйсанын окутуусу бир эле учурда жөнөкөй жана татаал; ырайым гана ага ылайык жашаганга жардам берет. Өзүбүздүн күчүбүз менен биз эч качан Тоодогу насааттын талаптарына жооп бере албайбыз: Рух гана Падышалыктын мыйзамдарына ылайык жашоого мүмкүнчүлүк берет.

Биз Тоодогу насаат боюнча сөз айтканда ушул принципти түшүнүшүбүз керек. Эгер биз аны мыйзам катары гана тартууласак адамдарды көңүлү калган жана капаланган бойдон калтырабыз; биз аны Уулдун курмандыгы менен кун төлөнүп куткарылган жана Ыйык Рух тарабынан ыйгарым укуктуу кылган Кудайдын ырайымы аркылуу мүмкүн болгон Падышалыкта жашоонун үлгүсү катары жарыялаганда гана ал чыныгы жакшы кабар – жагымдуу кабар болот.

► Тоодогу насаатты окуп чыгып жана изилдегенден кийин төмөнкүлөрдү талкуулаңыздар:

- Насааттагы кайсы окутуулар сиздин коомчулуктагы машайакчылар үчүн эң кыйын болуп эсептелет?
- Тоодогу насааттын кайсы окутуусу жетекчи-машайакчы катары сиз үчүн эң кыйын болуп эсептелет?

**Падышалыктын сыры: Падышалык тууралуу үлгү насаат аңгемелери**

Еврей окутуучулары окуялар жөн гана иреттелип түзүлгөн ойлорго караганда жакшыраак эсте калаарын билген, ошол себептен раббилер үлгү насаат аңгемелерди окутуунун ыкмасы катары колдонушкан. Ыйса Кудай Падышалыгы тууралуу терең чындыктарды түшүндүрүү үчүн үлгү насаат аңгемелерге кайрылган.

Кызматынын башында үлгү насаат аңгемелерди колдонуу Ыйсага душмандары менен түзмө-түз кагылышпай, шакирттерин окутууга мүмкүнчүлүк берген. Кийинчерээк Машайак Иерусалимде диний жетекчилер менен бетме-бет сүйлөшкөн, бирок алгачкы жылдарда Ал шакирттерине көңүл бурган.

Көп адамдар үлгү насаат аңгемелерди угушкан, бирок уккандарын түшүнүшкөн эмес: алар кулактары менен угушкан, бирок жүрөктөрү менен түшүнүшкөн эмес; алар көрүшкөн, бирок кабыл алышкан эмес. Эмне себептен? Анткени алар жүрөктөрүн катытып алган. Ыйша мындай деп пайгамбарлык кылган:

> «Анткени бул элдин көкүрөгү сокур болуп калган, кулагын жаап, көзүн жуумп алган, ошондуктан алардын көздөрү көрбөйт, кулактары укпайт, түшүнүшпөйт жана айыгыш үчүн Мага кайрылышпайт».[182]

Үлгү насаат аңгемелер аркылуу Ыйса кулактары ачык адамдарды үйрөтө алган.

Матай 13-бөлүм «Асман Падышалыгынын сырлары» жөнүндө бир нече  үлгү насаат аңгемени тартуулайт.[183] Алар Кудай Падышалыгынын сырларын Ыйсанын окутуусунун көп бөлүгүн ишенбеген жетекчилерден жашырып Анын жолдоочуларына ачып берген.

► Матай 13:1-52ни окугула. ► Ар бир насаатты изилдеп чыгып, анын негизги темасын бир-эки сүйлөм менен кыскача  жазыңыз жана бүгүнкү күндөгү кызматка аны кандай колдонсо болорун табыңыз. Төмөндө мисал катары биринчи үлгү насаат аңгеменин үлгүсү берилген.

[182] Мат. 13:15, Ыш. 6:9дан келтирилген.
[183] Мат. 13:11.

| ***Падышалык тууралуу үлгү насаат аңгеме*** | | |
|---|---|---|
| **Үлгү насаат аңгеме** | **Тема** | **Бүгүнкү күндө кызмат кылуу үчүн сабак** |
| **Себүүчү** | Биздин үрөнгө кылган мамилебиз анын түшүмдүүлүгүн аныктайт. | Мен насаат айтканда жана окутканда натыйжасын Кудайга ишенип тапшырышым керек: мен түшүм үчүн эмес, ишенимдүү түрдө үрөн себүү үчүн жоопкерчиликтүүмүн. |
| **Отоо чөптөр** | | |
| **Сары кычы даны** | | |
| **Ачыткы** | | |
| **Катылган казына** | | |
| **Кымбат баалуу бермет** | | |
| **Тор** | | |
| **Үй ээси** | | |
| **Он мина** | | |

- Себүүчү тууралуу үлгү насаат аңгеме (Мат. 13:3-9, 18-23; Лука 8:5-18).

Падышалык тууралуу үлгү насаат аңгемелердин бул топтому, биздин үрөнгө кылган мамилебиз анын түшүмдүүлүгүн аныктайт деп үйрөтөт. Асман Падышалыгында кээ бирөөлөр ишенишет жана түшүм алып келишет, ал эми башкалары ишенимден баш тартышат жана алгачкы тандоодон кийин ишенимден четтешет.

Бул аңгемени жер жөнүндө үлгү насаат аңгеме деп аттого болмок, анткени ал ар түрдүү себүүчүлөр жөнүндө эмес, ар түрдүү жер жөнүндө айтат. Ар бир мисалда үрөндөр да, себүүчүлөр да бирдей, айырма жерде болгон. Биз Падышалыктын кабарын жарыялаганда, кээ бир угуучулар башкаларына караганда ага анча деле кулак салышпайт; көңүлүңүз чөкпөсүн. Ыйса кээ бир угуучулар түшүмдүү жер болорун, ал эми башкалары Сөзгө каршы жүрөктөрүн катытышарын айткан.

Луканын себүүчү жөнүндө үлгү насаат аңгемени жыйынтыктаганы, бул үлгү насаат аңгеме чындыкты угуу жөнүндө экенин көрсөтөт. «Ошондуктан кандай угуп жатканыңарга көңүл бөлгүлө! Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет, ал эми кимде жок болсо, бар деп ойлогону да тартылып алынат».[184] Адам чындыкка ачылганда, ага көбүрөөк ээ болот. Насаатында дагы башка үлгү насаат аңгемелерди айтып берерден мурун, Ыйса угуучуларын түшүмдүү жер болууга мүмкүн экенин үйрөткөн.

- Отоо чөптөр тууралуу үлгү насаат аңгеме (Мат. 13:24-30, 36-43).

Еврей эли Кудай Падышалыгы мыйзамсыз адамдарга дароо сотту алып келерин күтүшкөн. Ыйса шакирттерин ишенүүчүлөр да, ишенбегендер да, тынчтыкта жашай турган ортодогу мезгилге даярдаган. Бул окуяда «талаа – дүйнө».[185] Кылымдын акырында гана periштелер отоо чөптөрүн чогултат жана өрттөп жиберет. Кудай Падышалыгы адам белгилеген убакыт менен эмес, Кудай аныктаган убакыт боюнча иш аракет кылат.

- Сары кычы жөнүндө үлгү насаат аңгеме (Мат. 13:31-32).

Ыйсанын жердеги кызматына көз салган бир да адам жыйын бүт дүйнөгө тараарын алдын ала айта алмак эмес. Шакирттер сабатсыз, кедей жана корккон адамдар болушкан. Аларга демилгелүүлүк, социалдык мартаба жана саясий бийлик жетишкен эмес; алар кичинекей «сары кычы данына» окшош болушкан, бирок кичинекей сары кычы данынан чоң дарак же бадал өсүп чыккан сыяктуу, Кудай Падышалыгы бүт дүйнөнү кучагына алган.

Ыйсанын угуучулары Машайак Кудай Падышалыгын сары кычы даны менен салыштырганын угуп, аябай таң калышкан. Еврей раббилери Асман Падышалыгы

---

[184] Лука 8:18.
[185] Мат. 13:38.

бийликке жана даңкка алып келерин күтүшкөн. Алар күнөөкөрлөрдүн соттолорун, Рим бийлигинин кулоосун жана коомдук толкундоолорду жана ошондой эле Жүйүт падышалыгы качан орноорун күтүшкөн. Анын ордуна Ыйса Өзүнүн шакирттерин Падышалыктын өтө деле таасирдүү эмес башталышына даярдаган.

Жаңы Келишимди окуп жатканда, биз Жүйүт жеринин биринчи кылымдагы алсыздыгы тууралуу унутуп калышыбыз мүмкүн. Жүйүт жери — Жаңы Келишимдин жүрөгү, бирок ал биринчи кылымдын дүйнөсүнүн борборунан алыс жайгашкан. Өз өлкөңүздүн борбор шаары тууралуу ойлонуп көрүңүз. Жүйүт жери биринчи кылымда олуттуу мартабага ээ боло алган эмес; бул рол Римге тиешелүү болгон.  Эң сонун университеттери жана билим берүү системасы бар шаар жөнүндө ойлонуп көрүңүз. Бул биринчи кылымдагы Жүйүт жери болмок эмес; ал көбүрөөк Афин же Александрияга окшош болмок.

Жүйүт жери саясий да, экономикалык мааниде да маанилүү болгон эмес; ал социалдык жаатта да маанилүү эмес эле. Сиздин өлкөдөгү эң маанисиз шаар жөнүндө ойлонуп көрүңүз; Рим империясындагы Жүйүт жери ошондой жер болгон.

Сары кычы жөнүндө үлгү насаат аңгеме Кудай Падышалыгынын Рим империясынын алыскы аймагындагы чакан адамдардын тобунан бардык элдерге жеткен дарак болуп өсүп чыкканын көрсөткөн.[186] Жүйүт раббилери Кудай Падышалыгы жүйүттөр үчүн гана болорун үйрөткөн; Ыйса Кудай Падышалыгы бүт дүйнөгө жетет деп окуткан.

- Ачыткы жөнүндө үлгү насаат аңгеме (Мат. 13:33).

Ачыткы тууралуу үлгү насаат аңгеме да Падышалыктын адаттан тыш өсүүсүн көрсөтөт. Жазууда ачыткы тууралуу адатта  терс мааниде айтылат,[187] бирок Ыйса аны Падышалыктын символу катары колдонгон. Ачыткынын үч ченеми жүз адамга нан жасоого жетет; башында кичинекей болуп башталса да, Падышалык кудуреттүү күчкө ээ болуп өсөт.

Ачыткы тууралуу үлгү насаат аңгеме Падышалыктын туруктуу өсүүсүн көрсөтөт. Ачыткы таасирдүү эмес, ал динамит сыяктуу жарылбайт, ал камырдын ичинде акырындан өсөт.  Жүйүт раббилери Кудай Падышалыгы бүт дүйнө жүзүндө жышаандар менен коштолот деп үйрөтүшкөн; Ыйса Падышалык бүт дүйнөгө жетмейинче жай түрдө, бирок токтобостон өсө берерин айткан.

- Жашырылган казына жана кымбат баалуу бермет жөнүндө үлгү насаат аңгемелер (Мат. 13:44-46).

Бул эки үлгү насаат аңгеме — Падышалыктын кубанычы тууралуу. Эки учурда тең адам ушунчалык баалуу бир нерсе тапкандыктан, колунда болгондун баарын сатып,

---

[186] Даниел 4:9 жана Жезекиел 31:6да дарактарда уялаган куштар, көптөгөн элдерге жете турган улуу падышалыктын символу болгон.
[187] Мат. 16:6; 1 Кор. 5:6-7.

аны сатып алган. Үлгү насаат аңгемеде адамдын курмандыгы тууралуу эмес, аябай баалуу нерсени издөөдө анын кубанычы тууралуу айтылат; ал ушунчалык кубангандыктан барып колундагынын баарын сатып жиберет. Чыныгы шакирттер Машайактын артынан ээрчигенден кубаныч сезишет.

Бул үлгү насаат аңгемелер Падышалыктын эң жогорку баалуулугун көрсөтөт; ал биздин бүтүндөй жашообузга кылган мамилебизге таасир берет. Башка жерде Ыйса мындай деген: «Эгерде көзүң сени күнөөгө түртсө, аны оюп сал. Эки көзүң менен оттуу көлгө түшкөнүңдөн көрө, бир көзүң менен Кудайдын Падышачылыгына киргениң жакшы»;[188] Асман Падышалыгындагы орун жердеги бардык курмандыктарга татыктуу.

- Тор жүнөндө үлгү насаат аңгеме (Мат. 13:47-50).

Галилей деңизиндеги балыкчылар кайыктардан деңизге чоң торлорду ыргытышкан, аларга жегенге жараган да, жарабаган да балыктар түшкөн; жээкке кайтып келгенде балыкчылар начар балыктарды жакшы балыктардан бөлгөн.

Отоо чөптөр жөнүндөгү үлгү насаат аңгеме сыяктуу бул баян шакирттерге сот «кылымдын акырында» келерин эстеткен. Алар соттун дароо болушун күтпөстөн, Кудай өз убагы келгенде зулумдарды жана адилдерди соттоорун билип, Падышалык тууралуу кабарды таратышы керек эле: жыйынтыктоочу сот болот, анын натыйжасында жакшылык жамандыктан бөлүнөт, бирок биз анын качан болорун чечүүгө Кудайга мүмкүнчүлүк беришибиз керек.

- Үй ээси жөнүндө үлгү насаат аңгеме (Мат. 13:51-52).

Ыйса үлгү насаат аңгемелердин бул топтомун шакирттер түшүмдүү жер болушу керектиги жөнүндө окутуудан баштап, башкалар менен бөлүшүү керектигин айтып бүтүргөн. «…Асман Падышачылыгы жөнүндө насаат алган ар бир мыйзам окутуучу» казынасынан башкаларды бир нерсеге үйрөтө турган бир нерсени алып чыгышы керек. Биз өзүбүздүн пайдабыз үчүн эле окубайбыз; шакирттер башкаларды үйрөтүү үчүн даярдалган.

- Он мина жөнүндө үлгү насаат аңгеме (Лука 19:11-27).

► Лука 19:11-27ни окугула.

Бул үлгү насаат аңгеме Лукадан алынган, бирок ал Матайда да бар, ал Зайтун тоосундагы сүйлөшүү сүрөттөлгөн бөлүктө жазылган. Ыйса Иерусалимден алыс эмес жерде он мина тууралуу үлгү насаат аңгеме айтып берген, анткени алар: «Жакында Кудайдын Падышачылыгы келет», – деп ойлошкон.

Ыйса Иерусалимге жакындаган сайын, адамдар көбүрөөк энтузиазм менен саясий

---

[188] Марк 9:47.

мессияны күтүшкөн. Ыйса шакирттерин Падышалыкты күтүүдө ишенимдүү бойдон калууга үйрөтүү үчүн бул үлгү насаат аңгемени айтып берген. Алар Устаттан алганын жашырбашы керек болчу; анын ордуна алар  Падышалыкты жайылтуу үчүн өздөрүнүн булактарын колдонушу керек болчу.

## Падышалыктын толук салтанаты

► Матай 24-25-бөлүмдү окугула.

Ыйсанын алгачкы окутуусунун көпчүлүк бөлүгү Падышалыктын шашылыш келүүсүнө көңүл топтогон; Машайак жердеги кызматынын акырына жакындап калганда, акыркы убактагы Падышалыктын кульминациясы тууралуу көбүрөөк айткан. Матайдын Жакшы Кабары 24 жана 25-бөлүмдө Зайтун тоосундагы сүйлөшүү — Ыйсанын Падышалыктын убадаларынын аткарылуусу тууралуу эң кеңири окутуусу.

***Тагыраак карайбыз…***

***Ироддун ийбадатканасы***

Б.з.ч. 19-ж. Улуу Ирод ийбадатканы толугу менен оңдоп-түзөө иштерин баштаган.[189] Б.з.ч. 516-ж. Зоробабыл акырына чейин курган бул ийбадаткана, Сулаймандын биринчи ийбадатканасынан кичине жана жөнөкөй болгон. Ирод ийбадаткананын мурунку даңкын калыбына келтирүүгө ниеттенген. Ал сексен жылдай созулган курулуш иштерин баштаган.  Падыша курулушка 10 000 адис жумушчуну дайындаган жана табынуучулар келе албаган ийбадатканын орундарында иштөө үчүн 1000 лебини окуткан.

Ирод аны дүйнөдөгү эң улуу ийбадатказананы салган адам катары эстеп каларына үмүттөнгөн. Ыйса кызмат кылып баштаган учурда курулуш иштери уланып жатканына кырк алты жыл болгон.[190] Ийбадаткана комплексинин иштери б.з. 63-ж. чейин бүткөн эмес, ал эми 70-ж. Иерусалим Рим аскер башчысы Тит тарабынан курчоого алынганда ийбадатканы жети жылдан кийин гана талкаланган.

Курулуш иштери аяктап калганда «Ироддун ийбадатканасы» Сулаймандын ийбадатканасынан дээрлик эки эсе чоң болгон, анда майрамдарда Иерусалимге келген миңдеген еврей зыяратчылары жайгаша алган. Ал Рим империясынын улуу кереметтеринин бири болгон.

---

[189] "Temple Comparison" graphic, copyright Faithlife / Logos Bible Software (www.logos.com). Used by permission.
[190] Жакан  2:20.

Ыйсанын жердеги жашоосунун акыркы жумасында шакирттер Ага ийбадаткананын имаратын көрсөтүү үчүн келишкен. Ал учурда курулуш дагы деле уланып жаткандыктан, сыягы алар мурун келип кеткенден бери эмне өзгөргөнүнө көңүл бурушкан.

Ыйса ийбадаткананын талкалануусу тууралуу пайгамбарлык менен жооп берген: «Булардын баарын көрүп турасыңарбы? Силерге чындыкты айтып коёюн, бул жерде таш үстүндө таш калбайт, баары кыйратылат». Шакирттери болсо: «Сенин келер убактыңды жана дүйнөнүн акыры келип калганын кандай белгилер аркылуу билсе болот?» – деп сураган.

Шакирттердин суроосу эки бөлүктөн турган; Ыйсанын жообу — эки фрагменттен. Байыркы Келишимдин пайгамбарлыктары жакынкы жана алыскы окуяларга тиешелүү болгондуктан, Ыйсанын пайгамбарлыгы кээ бири жакынкы убакытта жана башкалары – «кылымдын акырында» боло турган эпизоддорду камтыган.

- Шакирттери: «Бул качан болот?» – деп сураган. «Булардын баары» — ийбадаткананын талкалануусу («…бул жерде таш үстүндө таш калбайт, баары кыйратылат») — б.з. 70-ж. болгон.
- Шакирттер мындай деп сураган: «Сенин келер убактыңды жана дүйнөнүн акыры келип калганын кандай белгилер аркылуу билсе болот?» Ыйса Өзүнүн кайтып келүүсү тууралуу айткан: «Ошондо асмандан Адам Уулунун жышааны көрүнөт. Жер үстүндөгү бардык элдер боздошот жана Адам Уулунун асмандагы булуттар үстүндө улуу күч жана даңк менен келе жатканын көрүшөт».[191]

Ыйса Падышалыкка бардык элдерден: еврейлерден жана бутпарастардан адамдар кирерин жана Падышалыкта ар түрдүү элдерден адамдар болору «дүйнө жаралгандан бери»[192] Кудайдын планы болгонун көрсөткөн: бул Кудайдын Өз эли үчүн түбөлүктүү планы болгон.

Зайтун тоосундагы насаатта эки үлгү насаат аңгеме биз Падышалыкты күтүп жатканда ишенимдүү болушубуз керектигин үйрөтөт. Беш акылсыз кыз да күтүп жаткан, бирок жетиштүү даяр болушкан эмес; бир таланты бар кул да күткөн, бирок акчасын туура эмес колдонгон: Падышалыктын жарандары катары биз Падышага кызмат кылууда ишенимдүүлүккө жана максатка умтулууга чакырылганбыз.

Акыркы сотто Матайдын Жакшы Кабары 13-бөлүмдө убадаланган жакшылык менен жамандыктын бөлүнүүсү болот. Негизги сабак бул качан жана кантип болору жөнүндө эмес: Ыйсанын окутуусу  Падышалыктын жарандары акыркы сотко даярданып, бүгүнкү күндө кандай жашашы керектиги жөнүндө айтат. Ошол күнү Падыша: «Силерге чындыкты айтып коёюн, Менин бул кичине бир туугандарымдын бирине

[191] Мат. 25:31.
[192] Мат. 25:34.

жакшылык кылбаганыңар, Мага кылбаганыңар». Биз Падышанын кайтып келишине дайыма даяр болуу менен жердеги жолубузду басып өтүшүбүз керек жана ал кайтып келгенде ишенимдүү деп табышылыбыз зарыл.

## Колдонуу: шакиртчиликтин баасы

► Лука 9:21-27ни окугула.

Кудай Падышалыгында жарандыкты ырайым менен гана алса болот: биз жакшы иштер аркылуу Падышалыктын жарандары болбойбуз; ошого карабастан бул шакиртчилик жашоосу бекер берилет дегенди билдирбейт.  Луканын Жакшы Кабары 9-бөлүмдө Ыйса Өзүнүн жолдоочуларына шакиртчиликтин баасы жөнүндө үйрөткөн.

Даллас Уиллард: «Ырайым аракетти жокко чыгарбайт, бирок ырайым эмгек сиңирип алууну жактырбайт»,[193]– деп жазган. Биз шакирт катары кылган аракет ырайымга каршы келбейт, ал түгүл шакиртчиликти жолдоонун жалгыз жолу – бул Кудайдын ырайымы.

Ыйсанын окутуусунун үлгүсүнө көңүл бурсаңыз: айкаш жыгач – андан кийин даңк.

- Ыйса Өзүнүн өлүмү жана тирилүүсү тууралуу пайгамбарлык кылган (Лука 9:21-22); бул бизге Падышалыкта жарандыкты камсыз кылуу үчүн Машайак төлөгөн баа.
- Ыйса Өзүнүн жолдоочуларына Анын шакирти болуу кандай бааны талап кыларын айткан (Лука 9: 23-25). «Ким Менин артымдан ээрчигиси келсе, өзүнөн баш тартсын жана күн сайын өзүнүн айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин». Ыйса Падышалыкты негиздөө үчүн айкаш жыга чка барган; биз анда жашагыбыз келсе айкаш жыгачты алышыбыз керек.
- Ыйса Кудай Падышалыгы тууралуу айткан (Лука 9:26-27). «Ким Менден жана Менин сөздөрүмдөн уялса, Адам Уулу да Өзүнүн, Атасынын жана ыйык периштелердин даңкы менен келгенде, ошол адамдан уялат».

Биз айкаш жыгачка ортоктош болбой туруп, Падышалыктын даңкына ортоктош боло албайбыз. Ыйса «Өлгөнгө чейин, айкаш жыгачта өлгөнгө чейин тил алчаак болуп, Өзүн басынтты» ошол себептен Кудай аны жогорулатты.[194]

Биз Кудайдын балдары катары Анын үлгүсүн жолдойбуз. «Бизди Машайак Ыйса аркылуу Өзүнүн түбөлүк даңкына чакырып алган жана ырайымдын булагы болгон Кудай бир аз убакыт азап тартканыңардан кийин, силерди Өзү жеткилең, бекем, кайраттуу жана туруктуу кылат».[195] Падышалыкта жашоонун формуласы ошондой:

---

[193] Dallas Willard, *The Great Omission: Reclaiming Jesus's Essential Teachings on Discipleship* (New York: HarperOne, 2006).
[194] Фил. 2:8-9.
[195] 1 Петир 5:10.

Машайак жогорулап даңкка бөлөнгөнгө чейин айкаш жыгачын көтөргөн; Анын жолдоочулары «Анын түбөлүктүү даңкына» кубана алганга чейин «айкаш жыгачын алышы керек».

Ыйса берилген шакирттерди издеген. Ал мыкты акылмандарды издеген эмес; Ал ишенимдүү жүрөктөргө муктаж болгон. Шакирт болуу кандай бааны талап кылат? «Ким Менин артымдан ээрчигиси келсе, өзүнөн баш тартсын жана күн сайын өзүнүн айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин».

- **Шакирт өзүнөн баш тартышы керек.** Өзүңө «жок» деп айтуу аябай кыйын.
- **Шакирт өзүнүн айкаш жыгачын алышы керек.** Ыйсанын жолдоочулары бул өлүмдү билдирерин түшүнгөн. Айкаш жыгач азап чегүү менен уятты билдирген, бирок алгачкы машайакчылар шакиртчилик айкаш жыгачты талап кыларын билишкен. Игнатий азап чегип өлүү үчүн Римге барганда: «Мен шакирт боло баштадым» деген. Шакиртчилик айкаш жыгачты камтыган.
- **Шакирт Ыйсанын артынан ээрчүү менен мүнөзүндө жана жүрүм-турумунда өзгөрүлүүнү *улантышы* керек.**

Шакиртчилик өзү турган баага татыктуубу? Ыйса шакирт болуу үчүн үч себепти айтат. Бул канчалык таң калыштуу угулбасын, дал ушул факторлор көп адамдар шакиртчиликтен *качуусуна* себеп болот. Эмне үчүн биз Аны жолдоонун баасын төлөшүбүз керек?

- Коопсуздук. Айкаш жыгачтан качып, өз өмүрүн сактап калууга аракет кылган адам, өлүмгө дуушар болот (Лука 9:24).
- Чыныгы байлык. Машайакка окшошуудан баш тарткан адам, бардыгын жоготот (Лука 9:25).
- Сыйлык. Машайактын артынан ээрчиген адамдар Падышалыкка чакырылат (Лука 9:26-27).

► Лука 14:25-33тү окугула.

Кийинчерээк Ыйса Өзүнүн шакиртчилик тууралуу окутуусун кеңейткен. Анын насыяты үч бөлүктү камтыйт:

- Шакиртчиликтин баасы (Лука 14:26-27).
- Чыгымдарды эсептебей туруп шакирт болуу — акылсыздык (Лука 14:28-32).
- Шакиртчиликтин баасы тууралуу эстетүү (Лука 14:33).

Эгер унаа сатып алганы жатсаңыз, сатуучу сизден анын толук баасын жашырып коюушу мүмкүн. Ал: «Бул сонун унааны карасаңыз, анын күчүн сезип көрсөңүз!» – дейт. Анан ал унаасыз жашооңузду элестете албай калгандан кийин, баасын айтат.

Ыйса эч качан Өзүнүн жолдоочуларына Падышалыкка оңой жолду сунуш кылган эмес.  Ал алгач баасын айтып баштаган: «Ким Мага келип, бирок ата-энесин, аялын, балдарын, ага-инилерин, эже-карындаштарын жана өз өмүрүн Менден артык көрсө, ал Менин шакиртим боло албайт. Ким Менин артымдан өз айкаш жыгачын көтөрбөй ээрчисе, ал Менин шакиртим боло албайт».

«Артык көрүү» — бул еврей идиомасы. Еврей тилинде «артык көрүү» — башка бир нерсеге караганда, көбүрөөк сүйүүнү билдирет. Тактап айтканда, Ыйса: «Эгер сен мени өз атаңан, энеңен, аялыңан, балдарыңан, бир туугандарыңан, ал түгүл өзүңдөн көбүрөөк сүйбөсөң Менин шакиртим боло албайсың» деген.

Шакиртчиликтин баасы эмне менен өлчөнөт? Бардыгы менен! Машайактын шакирти болуу — Машайактын убадаларынын кубанычына ортоктош болуудан алда канча чоң; ал айкаш жыгачты талап кылат.

► Жакандын Жакшы Кабары шакиртчиликтин кошумча үч шартын тартуулайт. Жакандын Жакшы Кабары 8:31, 13:35 жана 15:8ди окугула. Лукада жана Жаканда сүрөттөлгөн шарттарды эске алганда, сиз кызматыңызда шакирттерге ээ боло аласызбы?

## Жыйынтыктоо. Кудайдын Падышалыгы деген эмне?

Машайак кайра келгенге чейин биз Анын Падышалыгы тууралуу окутуунун деталдарын толугу менен түшүнө албайбыз.  Ошого карабастан, Жакшы Кабар бизге анын көп мүнөздөмөлөрүн айтып берет:

- Кудай Падышалыгы — руханий. «Анткени Кудайдын Падышачылыгы тамак же суусундук эмес, тескерисинче, Ыйык Рух берген адилеттик, тынчтык жана кубаныч».[196] Жаңы төрөлүү бизди шайтандын бийлигинен бошотот жана Кудай Падышалыгынын бир бөлүгү кылат.
- Кудай Падышалыгы убакыттын акырында физикалык саясий башкарууну камтыйт.
- Кудай Падышалыгы универсалдуу; ал еврей элине гана тиешелүү эмес.
- Кудай Падышалыгы географиялык эмес, «функционалдуу»: ал белгилүү бир жерде физикалык түрдө жайгашкан аймак эмес, ал дүйнөдө иш-аракет кылган Кудайдын күчү. Он мина тууралуу үлгү насаат аңгемеде Падышалык географиялык абалы менен эмес, бийлик менен аныкталган.[197]
- Кудай Падышалыгы адаттан тыш. Адам үрөн себет; ал аны мажбурлап өстүрө албайт; Падышалык Кудайдын күчү менен өсөт.

---

[196] Рим. 14:17.
[197] Лука 19:11. «Мина» акча бирдиги болгон. Бул жумушчунун үч айлык эмгек акысына барабар эле.

- Кудай Падышалыгы — келечекке бүдөмүк үмүт эмес; бул адамдан шашылыш тандоону талап кылган чыныгы реалдуулук.
- Кудай Падышалыгы Ыйсанын кызматы аркылуу жакындаган; Анын жиндердин үстүнөн бийлиги Кудай Падышалыгынын шайтандын падышалыгынын үстүнөн жеңишин билдирген.
- Кудай Падышалыгы жыйындын эмгеги аркылуу өсүүсүн улантат; Тоодогу насаат ишенүүчүлөр азыркы кылымда кандай жашоого чакырылганын көрсөтөт.
- Кудай Падышалыгы Машайак даңкында падышалык кылуу үчүн экинчи жолу келгенде толук орнойт. Шайтандын күчү талкаланат жана Кудай түбөлүккө падышалык кылат.

*Тиркемеде «Падышалыктын Жакшы Кабары» деген насаат сөз бар. 7-сабакты улантуудан мурун ушул насаат сөздү окуңуз.*

## 6-Сабактын тапшырмасы

Ыйсанын Тоодогу насаатына негизделген үч насааттын топтомун даярдаңыз. Сиздин насааттын темасы – «Кудай Падышалыгындагы жашоо».

Кудай Падышалыгынын жарандыгын эске алганда, биз кантип жашашыбыз керектигин көрсөтүңүз. Насаатты сөзсүз жагымдуу кабар катары түзүңүз; Кудайдын ырайымы бизге Кудай Падышалыгынын жарандары катары жашоого күч берет.

## Сабактын тиркемеси

### *Падышалыктын Жакшы Кабары* (Насааты)

**Окутуучу Дэнни МакКейндин (Университет Джос, Нигерия)**

Бир нече жыл мурун эмир Гомбе мени мейманга чакырды, ошентип мен бир нече айдан кийин эмирдин сарайына жөнөдүм. Кызматкер эмир менен жолугушууда сактай турган эрежелерди түшүндүрүп берди. Сарайга кирип барганда бут кийимди чечип кирүү керек; эмир менен кол алышууга болбойт, анткени ал жөнөкөй адамдар менен кол алышпайт; аны менен бир катарда отурууга болбойт; эмирге «Улуу Урматтуу» же «Улуу Даражалуу» деп кайрылуу керек.

Ар бир падышалык өзүнүн өзгөчөлүктөрү, эрежелери жана жетекчилери менен айырмаланат. Сиз ушул Падышалыктын бир бөлүгү болсоңуз, анын да эрежелерин түшүнүшүңүз керек. Мен насааттын негизи катары Жазуунун эки үзүндүсүнөн баштайм.

- Матай 6:9-10: *«Асмандагы Атабыз, Сенин ысымың ыйык тутулсун! Сенин Падышачылыгың келсин. Асмандагыдай эле да, жерде да Сенин эркиң аткарылсын».*

- Лука 9:1-2: *«Ыйса он эки шакиртин чакырып алып, аларга жиндерди кууп чыгууга жана оорулууларды айыктырууга күч жана бийлик берди. Аларды Кудайдын Падышачылыгын жарыялоого жана оорулууларды айыктырууга жиберип жатып...»*

Бул кабарда мен Кудай Падышалыгынын чоң сүрөтүн тартуулоону жана бул чындыкты биздин жашоодо тажрыйбада кандайча колдонууга болорун көрсөтүүнү каалайм.

**Кудай Падышалыгы: чоң сүрөт.**

Бала кезимде мындай түшүнчүмүн: «*Кудай Падышалыгы*» — ***бул Кудайдын түбөлүктүү үйү*** — бул асман. Падышалык тууралуу көп аяттар биздин түбөлүк үйүбүзгө тиешелүү.

> «Мени "Теңир! Теңир!" дегендин баары эле Асман Падышачылыгына кирбейт, асмандагы Атамдын каалоосун аткаргандар гана кирет» (Мат. 7:21).

Көбүрөөк билген сайын, мен Падышалык Кудайдын түбөлүк үйүнөн алда канча чоң экенин түшүнө баштадым. Мен ойлорумду кеңейтип, ал болжол менен **жыйынга** тең келсе керек дедим.  Тордогу балык сыяктуу үлгү насаат аңгемелер Падышалык тууралуу кээ бир окуялар асман тууралуу эмес экенин көрсөттү.

> «Асман Падышачылыгы ар кандай балыктарды кармаган чоң торго да окшош. Тор балыкка толгондо, аны жээкке тартып чыгарышат да, отуруп алып, жакшы балыктарды идиштерге салып алышат, ал эми жамандарын ыргытып жиберишет. Дүйнөнүн акырында да ушундай болот: периштелер келип, адилетсиздерди адилеттүүлөрдөн бөлүп алып, жалындап күйүп турган отко ыргытышат. Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот» (Мат. 13:47-50).

Бул үзүндүдө кыязы жыйын жөнүндө айтылып жатат. Биздин коомчулуктарда чыныгы ишенүүчүлөр жана эки жүздүүлөр бар, бирок доордун акырында Кудай аларды бөлүштүрөт: «Мени "Теңир! Теңир!" дегендин баары эле Асман Падышачылыгына кирбейт, асмандагы Атамдын каалоосун аткаргандар гана кирет» (Мат. 7:21).

Бул теманы изилдеген сайын Кудай Падышалыгы **жыйындан алда канча кенен** экенин көрсөткөн белгилерди улам көбүрөөк таап жатым.  Ыйса: «Эгерде Мен жиндерди Кудайдын Руху менен кууп чыгарып жаткан болсом, анда силерге Кудайдын Падышачылыгы келди» деген (Мат. 12:28). Эгер жыйын Элүүнчү күнү төрөлсө, ал эми Падышалык буга чейин келген болсо, анда жыйын менен Падышалык бирдей эмес.

Мына ушул ойлор мага Кудай Падышалыгын бүтүндөй көз караш менен караганда түрткү берди. Азыр мен ушуну кылгым келип турат.

**Эдем багында Кудай Падышалыгы**

Жаратуу убагында Кудай мындай деген: «Биздин бейнебиз боюнча Өзүбүзгө окшоштуруп адам жараталы. Алар деңиздеги балыктарга, асмандагы канаттууларга, малдарга, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарларга, бүт жер үстүнө бийлик кылышсын» (Башт. 1:26). Кудай адамдарды жаратканда, алардын кандайдыр бир тараптарын Өзүнө окшош кылып жараткан.

Эгер Кудай адамдарды Өзүнүн бейнеси боюнча жаратса, адамдар үчүн Өзү байырлаган жерге кандайдыр бир деңгээлде окшош болгон орунду даярдоо акылмандуулукка жатмак. Эгер бул чындык болсо, бейиш багы асмандын образы боюнча жаратылган. Ал кандай болгон?

- Ал жерде күнөө же айып болгон эмес: ал асманга окшош болгон.
- Ал жерде оору да, өлүм да, кайгы да болгон эмес; ал асманга окшош болгон.
- Ал жерде жагымсыз эч нерсе болгон эмес; ал асман сыяктуу эле жеткилеңдиктин орду болгон.
- Ал жерде башаламандык болгон эмес: бардыгы кандай жаратылган болсо, так ошондой иш алып барган; ал асманга окшош болгон.

Ошол учурда Эдем багы жердеги Кудай Падышалыгы болгон. «Кудай Өзү эмнени жаратса, ошонун бардыгы абдан жакшы экенин көрдү. Кеч кирип, таң атты: алтынчы күн өттү» (Башт. 1:31). Бул жердеги Кудай Падышалыгы тууралуу биринчи комментарий эле. Кайсы бир нерсенин жакшы болуусу, бардыгы өз ордунда жана туура иретте. Жер бетинде бардыгы Кудай каалагандай болгон. Бул Кудайдын асмандагы үйүн мүнөздөгөн ирееттүүлүк, сулуулук жана жеткилеңдикти чагылдырган. Ошол себептен жердеги  Кудай Падышалыгы кандай болорун билгиңер келсе, Эдем багын изилдегиле.

**Эдем багында Падышалыктан  айрылуу**

Кудай жердеги Кудай Падышалыгын кантип колдоо жана сактоо керектиги тууралуу так көрсөтмөлөрдү берген. Тилекке каршы адам Кудайдын ыйык ишенимин актаган эмес жана Ага каршы күнөө кылган; бул эки олуттуу кесепетти жаратат.

Биринчиден, дүйнөгө күнөө кирди жана адамдагы Кудайдын бейнесин бурмалап салды.  Экинчиден, адамдар кандайдыр бир деңгээлде Кудайдын бейнесин жоготкондуктан, кыязы Кудай байырлаган жердин образы болгон жеткилең жерде жашай албай калган; Эдем ошондон кийин адамга туура келбей калган.

Ошол себептен Кудай аларды кубалап чыккан жана эркек менен аялды каргагандай эле жерди да каргаган. Жер Кудайдын *«каргышына калып», «тикенек, отоо чөптөрдү»* өстүрүп чыгарып калды. Жер өзүнүн кооздугунун, ыңгайлуулугунун, өндүрүштүгүнүн жана коопсуздугунун чоң бөлүгүн жоготкон.   Адамдар кайсы бир

учурда ыйык «Мен» дегендин көлөкөсү болуп калгандай эле, жер да бир убакта Кудай жараткан жердин көлөкөсү болуп калган. Мындай деп айтса болот: жердеги Кудай Падышалыгы кулап калган.

• Кудай жараткан нерсе бузулган.

• Кудай сонун кылып жараткан нерсе, эми көрксүз болуп калды.

• Кудай ыңгайлуу кылып жараткан нерсе, ооруксунткан нерсе болуп калды.

• Кудай ыйык кылууну көздөгөн нерсе, күнөөкөр жана бузулган болуп калды.

• Кудай адамзаты жана жер үчүн пландаганы ишке ашпай калды.

Бирок Кудай ийгиликсиз болбойт; Ал жеңилип калышы мүмкүн эмес. *«Теңирге каршы даанышмандык да, акылмандуулук да, акыл-кеңеш да жок»* (Нак. 21:30). Шайтан Кудайды жеңүүгө аракет кылган, бирок Аны эч качан жеңе албайт.

- Кудай кылганды ким жокко чыгара алат?
- Эгер Кудай «ооба» десе, ким «жок» дей алат?
- Кудай жаратканды ким талкалай алат?

Кудай жеңилип калбайт. Кудай ойлогондой болбой калган нерсени артка кайрып, калыбына келтире алат. Кудай — жаңылоо, кун төлөп куткарууну ишке ашыруу, калыбына келтирүү, тазалоо, жараяндарды артка кайруу жана айыктырып калыбына келтирүү боюнча адис.

Кудай жерде Өзүнүн Падышалыгын калыбына келтирүү боюнча план иштеп чыккан

> «Ал Өзүнүн падышачылыгын адилеттик менен, чындык менен бүгүнкү күндөн тартып, түбөлүккө бекитиши жана бекемдеши үчүн, Дөөттүн тагында жана анын падышачылыгында Анын бийлиги жана тынчтык чексиз өсөт. Муну Себайот Теңирдин кызганычы ишке ашырат» (Ыш. 9:7).

Адам менен Обо күнөөгө азгырылганга чейин эле, Кудай жердеги Падышалыгын калыбына келтирүүнү көздөгөн. Ыйык Китептин эң маанилүү максаттарынын бири – жердеги  Падышалыктын асмандагыдай болушу үчүн калыбына келтирилишин Кудай тарабынан сүрөттөп берүү.  Бул жараян дагы деле уланып жатат; биз анын башын Башталыш 12:1-3төн көрөбүз.

**Кудай Падышалыгы жана Ыбрайым**

Бул кабарды укканда Ыбрайым  Халдей жеринин Ур шаарында болгон:

> «Өз жериңен, өз туугандарыңан, атаңдын үйүнөн бөлүнүп чыгып, Мен көрсөткөн жерге бар.

> Ошондо **Мен сенден улуу эл чыгарам**, сага батамды берип, атыңды даңазалайм, сен аркылуу башкалар бата алышат. Сага бата бергенге Мен батамды берем, сени каргаганды Мен каргайм. Жер жүзүндөгү **бүт элдер сен аркылуу бата алышат**» (Башт. 12:1-3).

Бул жерде «Падышалык» деген сөз колдонулбаса да, Кудай Өзүнүн жердеги Падышалыгын бул билдирүүдөгү эки убадага негизделип калыбына келтирип баштаган деп эсептейбиз.

***Кудай Ысрайылдан улуу эл жасоону убада кылган***.

Эл жана падышалык — бир эле нерсе эмес, бирок алар бир топ жааттарда бири-бирине дал келет. Кызыктуусу, Байыркы Келишимдин үчтөн бир бөлүгү ушул элдин жаралуусун сүрөттөөгө арналган.

Биз бул жараянда Кудай Өзүнүн долбоорлорунда колдонгон эки принципке кайрылганын көрөбүз.

- Кудай жерде эмгек кылганда, дайыма адамдар аркылуу иш аракет кылат; Кудай Өзү кылгысы келген ишин кылуу үчүн адатта Периштелерин жибербейт.
- Кудай жерде Өзүнүн эмгегин ишке ашырганда, биздин кылганыбыздан айырмаланып, жай, өсүүчү жол менен ишке ашат. Элди жаратуу көптөгөн тоскоолдуктарга туш болгон, бирок акыры ал ишке ашкан.

Мен элди түзүү жердеги Анын Кудай Падышалыгынын толук калыбына келүүсү деп ойлобойм, бирок бул ошол багытка карай кадам болгон. Падышалык Кудай материалдык дүйнөдө Өзүнүн элин башкара аларын көрсөткөн.  Тилекке каршы, адам факторуна байланыштуу бул жарым-жартылай гана мүмкүн болду.

***Кудай Ыбрайымдын тукуму жердеги бардык элдер үчүн бата болот деп убада кылган.***

«…Жер жүзүндөгү бүт элдер сен аркылуу бата алышат» (Башт. 12:3). Бул убада Ыйса келгенде ишке ашкан.

**Кудай Падышалыгы жана Ыйса**

Ыйсанын чөмүлдүрүүсүнөн жана азгырылуусунан кийин Лука Ыйса жөнүндө айтып берген биринчи окуя – Анын Назареттеги синагогага барганы жөнүндө окуя. Машайак өзүнүн аймагындагы синагогага келип, Жазууну окуу үчүн алдыга чыккан. Ошол күнкү окула турган үзүндү Ышайа 61-бөлүм болгон.

> «Теңирдин руху Менде, анткени Теңир Мени жакырларга жакшы кабар таратууга майлады. Мени жүрөгү кайгыргандарды айыктырууга, туткундарга эркиндик жарыя кылууга, камактагыларга зындандын ачылышын жарыя кылууга, Теңирдин ырайым кыла турган жылын жарыя кылууга, Кудайыбыздын өч алчу күнүн жарыя кылууга, кыйналгандардын бардыгын сооротууга,

> Сиондогу кайгыргандарга күл ордуна жасалга, ый ордуна кубаныч майын, кайгылуу рух ордуна даңктын кийими берилерин жарыя кылууга жиберди.Анан Ыйса китепти жаап, кызматчыга кайтарып берип, ордуна отурду. Синагогадагылардын бардыгынын көздөрү Ага тигилди. Ошондо Ыйса аларга: «Силер уккан ушул пайгамбарчылык бүгүн орундалды», – деди» (Лука 4:18-21).

Кызматынын биринчи күндөрү Ыйса Кудай жүздөгөн жылдар бою кылып келген жаңылоо жараянын улантуу үчүн келгенин ачык айткан.

- Күнөөгө жеңилүүнүн кесепеттеринин айынан, дүйнө руханий жаатта да, сөзмө-сөз мааниде да жакыр болуп калган, бирок Ыйса *«жакырларга жакшы кабар таратуу»* үчүн майланганын жарыялаган.
- Күнөөгө жеңилүүнүн айынан адамзаты күнөөнүн тузагына түшүп калган, бирок Машайак «*туткундарга эркиндик жарыя кылууга*» келгенин айткан.
- Күнөөгө жеңилүүнүн айынан адамзаты руханий сокур болуп калган, бул адамдар чындыкты айырмалай албай калганын, ошондой эле айрымдары физикалык жактан сокур болгонун билдирет; Ыйса *«сокурлардын көзүн ачуу үчүн»* келген.
- Күнөөгө жеңилүүнүн айынан амалкөй жана анын жардамчылары адамдарды ар түрдүү жолдор менен кысымга алышкан; Машайак *«камактагыларга зындандын ачылышын жарыя кылууга»* келген.

Машайак Анын максаты күнөөнүн натыйжасында жерге келген көптөгөн каргыштарды жокко чыгаруу экенин айткан.  Б.а. Теңир Кудай Падышалыгынын жерде курулуусунун жараянын уланткан. Башка тарабынан алганда, Ыйса бул жерге Кудайдын Ыбрайымга берген – жердеги бардык адамдар үчүн бата болуу жөнүндө экинчи убадасын аткаруу үчүн келген. «Жакан камакка алынгандан кийин, Ыйса Галилеяга келип, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө жар салып: «Убакыт келди, Кудайдын Падышачылыгы жакындап калды. Тобо кылгыла, Жакшы Кабарга ишенгиле», – деди» (Марка 1:14-15). Машайактын кызматында баштан-аяк Анын окутуусунда Падышалык борбордук орунду ээлеген.

**Кудай Падышалыгы жана жыйын.**

Кудай Байыркы Келишим мезгилинде иштеген канал, Ысрайыл эли болгон; Жаңы Келишимде бул жыйын болуп калды. Жыйын аркылуу Кудай Өзүн (бир нече себеп боюнча) дагы көбүрөөк көрсөткөн:

- Жыйынга жүйүттөр эле эмес, Жер жүзүндөгү бардык адамдар кирген.
- Жыйын ар бир адамга Ыйык Рухка ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берген, ал эми Байыркы Келишим убагында мындай артыкчылыкка руханий алптар гана ээ болгон.

- Жыйын Кудай менен жеке мамилеге жаңы басым кылган.
- Жыйындын фокусу — курмандык чалууда жана жөрөлгөлөрдү бекем карманып аткарууда эмес, *«рухта жана чындыкта»* табынуу.

**Ыйсанын жашоосунан жана Падышалык жөнүндө окутуусунан кандай сабактарды алса болот.**

Падышалык тууралуу айрым сабактарды биз Ыйсанын жашоосунан жана окутуусунан байкайбыз.

***Кудай Падышалыгынын географиялык чектери жок, ал Падыша болгон бардык жерде бар***.

- Ыйса үйлөнүү тоюна келгенде, сууну шарапка айланткан, анткени Ал ошол жерде болгону аркылуу ошол жерге Анын Падышалыгы келген.
- Ыйса оорулуу адамдарга жолукканда, аларды айыктырган, анткени Анын Падышалыгы оорулардан бoштондук берген.
- Ыйса жакыр адамдарга жолукканда, алардын курсагын тойгузган, анткени Анын Падышалыгында адамдардын негизги муктаждыктарына кам көрүлгөн.

Машайак бүгүнкү күндө анын жолдоочулары барган бардык жерлерди кошуп Өзүнүн Падышалыгын кеңейткиси келет. Падышанын эли ошол жерде болгондуктан, ал анын бир бөлүгү болуп калат. Падышалык үй-бүлөнүн бир бөлүгү катары бул биздин жоопкерчилигибиз. Биз Машайактын башкаруусу биздин белгилүү бир тармакка – биздин таасирибиз тийген дүйнөнүн бир бөлүгүнө тарап жатканына ынанышыбыз керек.

- Биз үй-бүлөлөрүбүздө Кудай Падышалыгын орнотушубуз керек.
- Биз Кудай Падышалыгын жамааттарыбызда орнотушубуз керек.
- Биз Кудай Падышалыгын  жумушубуз аркылуу жана жумуш орундарыбызда таратышыбыз керек.
- Биз Кудай Падышалыгын жергиликтүү жана улуттук бийликте орнотушубуз керек.
- Биз сөзсүз түрдө Кудай Падышалыгын жыйындарыбызда жана машайакчылык уюмдарда орнотушубуз керек.

Падышанын адамы болгон жердин баарында Падышалык орношу керек. Ошентип биздин үйлөр жана кеңселер Кудайдын Падышалыгын көрсөтөт; биздин шериктерибиз менен мамилелер Кудайдын падышалыгын көрсөтөт. Петир мындай деп жазган:

> «Сүйүктүү бир туугандар, силер бул дүйнөдө жолоочу жана келгинсиңер, ошондуктан силерден өтүнөрүм, жаныңарга каршы күрөшкөн дене кумарларынан качкыла. Бутпарастардын арасында таза жашагыла. Алар силерди жаман иштерди кылуучулар деп жамандашса да, жакшы иштериңерди көрүп, Кудай өздөрүнө келген күнү Аны даңкташсын» (1 Пет. 2:11-12).

Кудай Падышалыгынын жарандары болбогондор бизден Падышалыкты көрүүнү каалайт. Бул биз анын принциптери менен жашаганда гана мүмкүн болот. Адамдар сизден Кудай Падышалыгын көрө алабы?

***Кудай  Падышалыгы белгилүү адамдардын тобуна эмес, аны кабыл алгандардын баарына арналган***.

Машайак римдик жүз башынын (бутпарас) кулун айыктырганда:

> «Силерге айтып коёюн, чыгыш менен батыштан көптөр келип, Асман Падышачылыгында Ыбрайым, Ыскак жана Жакып менен бирге болушат» деген (Мат. 8:11).

Падышалык бардык адамдарга, расасына, тилине же этникалык тегине карабай жеткиликтүү. Ыйса коомдун бардык катмарларынан өкүлдөрдү тандап алгандыктан, биз Анын артынан ээрчиген бардык адамдарды кабыл алышыбыз керек. Расизм, этникалык белгилер жана бөлүнүүлөр Кудай  Падышалыгында болушу мүмкүн эмес.

***Кудай Падышалыгы кымбат хансарайлар жана экзотикалык кийимдер менен эмес, маңыздуу коомдук баалуулуктар менен байланыштуу***.

Биз падышалык тууралуу ойлогондо, көбүнчөсү падышанын турак жайын – өзүнүн кожоюну тууралуу бир нерсени айтып турган падыша сарайын элестетебиз.  Бирок Ыйса мындай деген: «Түлкүлөрдүн ийини бар, асмандагы канаттуулардын уясы бар. Ал эми Адам Уулунун баш калкалар жери жок» (Мат. 8:20). Машайактын Падышалыгы байлыгы, архитектуралык кооздугу, кымбат кийимдери жана экзотикалык жасалгалары менен өзгөчөлөнбөйт; ал сырткы нерселери менен эмес, өзүнө тиешелүү ички баалуулуктары менен мүнөздөлөт.

***Кудай Падышалыгы — жамандык жана манипуляция эмес, адилдик жана чындык.***

Ыйса мындай деп үйрөткөн: «Силерге айтып коёюн, эгерде силер мыйзам окутуучулар менен фарисейлерден да адилеттүү болбосоңор, анда Асман Падышачылыгына кирбейсиңер» (Мат. 5:20). Бул жерде адилдик — теологиялык түшүнүк эмес, тажрыйбалык иш. Фарисейлердин адилдиги сырткы, кабыл алынган адилдик болчу, ал адамдарга таасир тийгизүү менен алардын урмат-сыйына ээ кылуу үчүн колдонулган. Чыныгы адилдик адилеттүүлүк менен жакшылыктан алдан канча алдыга кетиши керек.  Ыйсанын Падышалыгы туура иш кылгандардан көрүнөт. Молчулук болгон жерде да, болбогон жерде да Кудай Падышалыгы  өсүп-өрчүшү

мүмкүн; анткени ал физикалык жана материалдык падышалыкка тиешелүү эмес; бул баалуулуктардын жана изгиликтин падышалыгы.

***Кудай Падышалыгы текебердик жана жөрөлгөлөр менен эмес, момундук жана кызмат менен аныкталат.***

Ыйса мындай деген: «Руху жакырлар бактылуу, анткени Асман Падышачылыгы алардыкы» (Мат. 5:3). *«Руху жакырлар»* деген момундукка тиешелүү*.* Момундук, адатта, жердеги саясий жетекчилер менен байланыштуу эме: саясатчылар эмне үчүн каршылаштарынан жакшыраак экенин айтып бериши керек.   Ошого карабастан, Машайактын падышалыгы момундук, жан аябастык жана башкаларды жогорулатуу менен өзгөчөлөнөт.

Падышаларды көбүнчө өтө эркелетип жана мактагандыктан, алар менменсинген болуп өздөрүн башкаларга караганда маанилүүрөөк сезишет. Алар өздөрүнүн мамилесинде текебер болуп калышы мүмкүн. Бирок Ыйса: «Анткени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген» деген (Мат. 20:28). Падыша кайда барбасын бул адамдарды дайыма жанында алып жүргөн жана Өзү билгендерди аларга үйрөткөн; а түгүл Ал шакирттеринин бутун жууп берүүнү каалаган. Биз бул падышалыктын табиятын татаал жана аябай өзгөчөлөнгөн нерселер аркылуу эмес, момундук жана жөнөкөйлүк аркылуу көрсөтөбүз.

***Кудай Падышалыгы төрөлүү аркылуу эмес, Ыйсанын жолдоочуларынын иш чаралары аркылуу өсөт***.

Ыйса: «Сага Асман Падышачылыгынын ачкычтарын берем. Жер үстүндө эмнени байласаң, асманда да ошол байлануу болот. Жер үстүндө эмнени чечсең, асманда да ошол чечилүү болот» деген (Мат. 16:19). Кудай жараткан падышалыкта күнөөгө жеңилүү болгондо, дүйнө караңгылыкка жана чөгүүгө баткан, Кудай жерди калыбына келтириши керек болгон. Кудай адамзатына Анын падышалыгына адамдарды тартуу жана бардык коомдук катмарларда аны куруу жоопкерчилигин берген. Кудай Өзүнүн Падышалыгын куруу үчүн периштелерди жибербейт; Ал бул эмгекти ишке ашыруу үчүн сизди жана мени колдонот. Падышалыктын бир бөлүгү болуп калган адамдар, төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү:

- Падышалыкка башка адамдарды алып келүүгө;
- Кайсы жерде болбосун Падышалыкты куруута;
- Падышалыктын  принциптерин коомдун бардык катмарында таратууга.

Бул биздин жоопкерчилик жана артыкчылык; келгиле адамдарды Кудай Падышалыгына жигердүү алып келебиз.

**Элчилердин иштеринде Падышалыктын жакшы кабарын таратуу тажрыйбасы**

Эми биз алгачкы жыйын Падышалык асманда да, жерде да орногонун көрүү үчүн Ыйсанын сыйынуусуна ылайык кандай иш аракет кылганын карайбыз. Бул мисалдарга көңүл буруңуз:

***Муктаждарга кызмат кылуу***

Кудай коомдогу муктаж адамдарга, анын ичинде жесирлерге, жетимдерге жана жакырларга дайыма өзгөчө мамиле кылган. Машайактын жолдоочулары бул жерде Кудай Падышалыгын куруу боюнча тажрыйбалык иштер менен алек болгону таң калыштуу эмес.

Элчилердин иштери 6-бөлүмдө биз алгачкы ишенүүчүлөр жесирлерге кандай кам көргөнүн көрөбүз.  Табита аттуу машайкчы «көптөгөн жакшы иштерди кылчу, жакырларга көп жардам берчү» (Элч. 9:36). Пабыл менен Барнаба Иерусалимдеги ачкадан жабыркаган машайакчыларга акча каражат жана жардам алып барышкан (Элч. 11:29). Кийинчерээк Элчилердин иштеринде Пабыл Иерусалимдеги муктаждар үчүн Македония менен Ахаядагы жыйындардын курмандыктарын кабыл алганы жөнүндө окуя жазылган  (24:17).

Биздин муктаждыктарга карата Кудай Падышалыгынын принциби Пабылдын Корунттуктарга жазган экинчи каты 8:13-15те кыскача берилген:

> «Башкаларга жеңилдик болуп, силерге оордук түшпөсүн, тескерисинче, теңдик болсун.
>
> Теңдик болуш үчүн, азыр силердин ашык нерсеңер тигилердин кем-карчын толуктоого жумшалсын, кийин тигилердин ашык нерсеси силердин кем-карчыңарды толуктоого жумшалсын. Ыйык Жазууда: «Көп жыйнаган адамдыкы ашып калган жок, аз жыйнаган адамдыкы жетпей калган жок», – деп жазылган».

Муктаждарга жардам берүүнүн көп жолу бар, мындай кылуу үчүн адаттан тыш мүмкүнчүлүктөрдүн кереги жок; биздин коомдун аянычтуу абалына жардам берүүгө аракет кылуудан мурун Кудай бизге кереметтүү түрдө каражаттарды камсыз кылып коёрун күтпөш керек.

***Адилеттүүлүктү сактоо***

Кудай Падышалыгынын бир маанилүү бөлүгү – бул адилеттүүлүк. Алгачкы жыйын коомдогу адилеттүүлүктүн көйгөйүн кантип чечкен? Петир менен Жаканга Ыйсанын атынан сүйлөөгө тыюу салынганда, аларга жакшы кабар таратууга буйрук берилгендиктен, жүйүт жетекчилерине момундук менен жарандык баш ийбестик көрсөтөрүн айтышкан. Алар: «Биринчи иретте адамдарга эмес, Кудайга баш ийүү керек» (Элч. 5:29).

Пабылды Филипиде кармап алышып, мыйзамсыз түрдө ур-токтокко алышканда, ал өзүн камакка алгандар келип, түрмөдөн чыгып кетүүсүн суранмайын чыгуудан баш тарткан. Бул жакшы кабартуу эмес болчу; ал бул адамдарды Машайакка алып келүүгө аракет кылган эмес; бул адилеттүүлүк иш аракети болгон. Пабыл өзү жолуккан жетекчилерди коомчулукта адилеттүүлүктүн принциптери менен жашаткысы келген.

Пабыл жакшы кабар таратууну жана жыйындарды негиздөөнү өзүнүн жалгыз миссиясы катары караган эмес; ал оорукчан коомчулукта жашаган жана коомдун оорусун, анын ичинде адилетсиздикти кичине болсо да дарылоо үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонгон.

### *Ден соолукту калыбына келтирүү*

Пабыл анын Устаты сыяктуу эле айрым адамдарды адатташ тыш жол менен айыктыра алган, бирок ал бул ыкманы гана колдонгон эмес. Пабыл Тиметейге: «Мындан ары суу эле иче бербе, ашказаның менен тез-тез кармаган ооруларың үчүн аз-аздан шарап да ичип тур» деген (1 Тим. 5:23). Жүзүм ширесинен жасалган шараптын курамында темир көп. Аны туура өлчөмдө колдонуу кан үчүн пайдалуу болот; Пабыл бул табигый нерсени Тиметейге оорусунан кутулуу үчүн жардам катары сунуштаган.

Ыйса Өзүнүн шакирттерин окуу боюнча сапарга жибергенде, аларга: «Өзүңөрчө бөлүнүп, ээн жерге баргыла да, бир аз эс алып алгыла» деген (Марка 6:31). Машайак бекем ден соолук үчүн эс алуу керектигин билген.

Жакып айыгуу тууралуу кызыктуу билдирүү кылган.

> «Ким ооруп жатса, ал Жыйын башчыларын чакыртсын. Алар аны Теңирдин атынан зайтун майы менен майлап, ал үчүн сыйынышсын. Ишеним менен сыйынганда, оорулуу айыгат, Теңир аны бутуна тургузат. Эгерде оорулуу күнөө кылган болсо, күнөөлөрү кечирилет.» (Жакып 5:14-15).

Грек тилинде «майлоону» билдирген эки сөз бар: *aleipho* жана *chrio*.

- *Chrio* — бул сөз жөрөлгө боюнча майлоону билдирет.
- *Aleipho* — бул медициналык жана косметикалык максат менен майларды колдонууну билдирет.

Байыркы дүйнөдө май биринчи жардам көрсөткөндө колдонулган дары болгон. Боорукер самариялык адам куралчан каракчылар жаралаган адамды таап алганда, анын жараттарын май менен майлаган. Кудай адамдын сыйынуусуна жооп катары аны адаттан тыш жол менен айыктыра алат (*chrio)*, ошого карабастан, Ал адамды табигый жолдор менен айыктырууга, мисалы медициналык жардамды колдонууга чечим чыгарышы мүмкүн (*aleipho)*.

**Жыйынтыктоо**

Кудай асмандагыдай эле, жерде да Өзүнүн Падышалыгын орноткусу келет. Падышалык принциптер менен башкарылат, ал географиялык, лингвистикалык жана саясий мүнөздөмөлөр менен аныкталбайт. Биз  Кудай Падышалыгынын принциптерине канчалык деңгээлде үйрөткөнүбүзгө жана колдонгонубузга жараша, ошол тармакта Кудай Падышалыгын жаратабыз.

# 7-сабак
# Ыйсадай сүйүү

### Сабактын максаттары

Бул сабактын акырында окуучулар төмөндөгүлөрдү кылышы керек:

1. Ыйсанын жашоосунда жана кызматында сүйүүнүн эң маанилүү ролун түшүнүү.
2. Кудайга болгон сүйүү Кудай менен мамилени, Кудайдын Сөзүн изилдөөнү жана Кудайдын эркине ишеним артууну камтыганын түшүнүү.
3. Кызмат кылууда адамдарга Ыйсаныкындай сүйүү көргөзүү.
4. Кудайга дайыма баш ийүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүү.
5. Күнүмдүк жашоодо Ыйсанын мүнөзүн көрсөтүү.

> *Кызматтын принциби*
>
> *Машайактыкындай сүйүү — бул биздин Машайактыкына окшош кызматыбыз үчүн түрткү берет*

### Киришүү

Ыйсанын жашоосуна жана кызматына толугу менен сүйүү түрткү; Ал Кудайга жана адамдарга болгон сүйүү Анын жашоосунун жана кызматынын борборунда болгонун кайра-кайра көрсөткөн. Эгер биз Машайактын үлгүсүн жолдосок, биздин жашообуздун жана кызматыбыздын негизи сүйүү болушу керек. Бул боорукер самариялык адам жөнүндө үлгү насаат аңгемеде ачык көрүнөт.

► Лука 10:25-37ни окугула.

Бул үлгү насаат аңгемени айтып берүүдөн мурун Ыйса: «Муну акылдуулардан, эстүүлөрдөн жашырып, балдарга ачып бергендигиң үчүн » [198] койгонун айтат. Бул руханий түшүнүк жөнүндө маанилүү сабак: руханий чындыкты түшүнүү акыл менен изилдөөдөн көбүрөөк нерсени талап кылат; руханий ачылыш керек. Кудайдын чындыгы наристе түшүнгүдөй жөнөкөй, бирок окумуштуу үчүн ал абдан терең.

Кантип ушундай болушу мүмкүн? Кудай чындыкты уккусу келгендерден аны жашырабы? Бул суроонун жообу эки принципке негизделет.

[198] Лука 10:21.

- **Руханий чындыкты бизге Кудай гана ачып берет.** Пабыл: «Кудайдын ойлорун  Кудайдын Рухунан башка эч ким билбейт», – деп жазат. Ушундан улам биз «Ыйык Рух аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен рухий адамдарга рухий тилде түшүндүрүшүбүз керек»[199]
- **Руханий чындык ага кулак салган угуучуларга гана ачылат.** Пабыл: «Табигый адам Кудайдын Руху ачып берген чындыктарды кабыл албайт, анткени ал муну акылсыздык деп эсептейт. Ал муну түшүнө албайт, анткени бул жөнүндө рухий ой жүгүртүү керек»,[200]– дейт.

Себүүчү жөнүндөгү үлгү насаат аңгеме, угуучунун мамилеси үрөндүн түшүмдүүлүгүн аныктаарын көрсөтөт:[201] кулак салгандар гана угуп жаткан чындыкты түшүнө алышат.

Луканын Жакшы Кабары 10:25те мыйзам окутуучу — ушул принциптин иллюстрациясы.  Ал берген суроо чындыкты билүүнү эңсегенден эмес, Ыйсаны тузакка түшүрүү каалоосунан пайда болгон; ал Ыйсаны сөздөн кармагысы келген. Машайактын жообун алганда, анын түшүмдүү жер эмес экени билинди, ошондо  ал өзүн актоо үчүн дагы бир суроо берди.

Мыйзам окутуучу өзүнүн: «Устат, түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн эмне кылышым керек?» деген суроосуна жоопту билген. Анын жообу Мыйзамда: «Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт күчүң менен, бүт акылың менен сүй, өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүй», – деп жазылган.

Ыйсанын сүйүүсү — биз үчүн үлгү. Ал сыяктуу жашап жана кызмат кылуу үчүн биз Кудайды жана жакыныбызды Машайак сүйгөндөй сүйүшүбүз керек. Машайактыкындай сүйүү болбосо, бул курстагы бир да сабак маанилүү эмес. Сыйынуу, жетекчилик, окутуу жана насаат – сүйүүсүз булардын баары эч кандай мааниге ээ эмес.

Бул өтө эле жөнөкөй сезилиши мүмкүн. Сиз: «Албетте, биз Кудайды жана адамдарды сүйүшүбүз керек. Мен муну ансыз деле билем!» дешиңиз мүмкүн. Бирок күнүмдүк кызматта биз сүйгөн жүрөгүбүздү жоготуп алышыбыз мүмкүн.  Жыйындын мүчөлөрүн сүйбөй туруп аларга кызмат кыла берсе болот; үй-бүлөлөрүбүздү сүйбөй туруп аларга кызмат кылса болот;  Кудайды сүйбөй туруп ага кызмат кылса болот; бизге Машайактыкындай сүйүү түрткү бериши керек.

---

[199] 1 Кор. 2:11,13.
[200] 1 Кор. 2:14.
[201] Мат. 13:1-23. Өзгөчө 13:12ге . Чындыкты кабыл алган адам, аны дагы көбүрөөк көлөмдө алат: «Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет, анда мол болот», —  ал эми ким аны четке какса, уккан чындыгына карата да сокур болот: «Ал эми кимде жок болсо, андан бар нерсеси да тартылып алынат».

## Кудайды Ыйсадай сүйүү

Ыйсанын адамзатына кылган кызматына Анын Атасына болгон сүйүү түрткү берген. Чарчап калууну жана көңүл чөгүүнү алдын алуу үчүн биздин адамдарга кылган кызматыбызга Кудайга болгон сүйүү шыктандырышы керек. Кудайга сүйүүсүз кызмат кылуу тез эле маанисиз жана жемишсиз болуп калат.

Ыйсанын Атасына болгон сүйүүсүнүн үч аспектиси бизге үлгү болушу керек: мамиле, билим жана ишеним артуу.

- Ыйса Атасы менен өз-ара тыгыз мамиледе болгон.

Жакшы Кабарлар Ыйсанын Атасы менен жакын мамилесин кайра-кайра төмөнкү учурларда көрсөтөт:

- Ыйса жердеги ата-энесине: «Мени эмнеге издейсиңер? Атамдын үйүндө болушум керек экендигин билген эмес белеңер?» дегенде[202]
- Машайактын жеке сыйынуусунда (Жакан 17);
- Ыйсанын: «Кудайым ай, Кудайым ай! Мени эмнеге жалгыз калтырдың?»[203]деген катуу кыйкырыгында.

Гетсемания багында Ыйса Кудайга үй-бүлөлүк тил менен: «*Абба*, Ата» [204] деп кайрылган. Бул Атасы менен мамиледе Өзүн коопсуз сезген Уулдун тили болгон.

Салттуу жүйүт сыйынууларында Кудайдын көп ысымдары колдонулган: Ыбрайымдын, Ыскактын, Жакыптын Кудайы; биздин ата-бабалардын Кудайы; Алкышка татыктуу Кудай; Кудуреттүү; Ысрайылдын кун төлөп куткаруучусу. Ыйса: «Абба», – деп жеке ысымды колдонгон: Ал Өзүнүн Атасы менен жакын мамиледе болгон.

Кеннет Бэйли көп жыл бою Жакынкы Чыгышта окуткан. Анын айтканы боюнча ал жерде: «абба» — деген балдар биринчи айткан сөз. «*Абба*» — бала атасына кайрылганда колдонгон ысым.

Пабыл биз Кудайдын уулдары катары: «Абба, Ата!» – деп чакыруу артыкчылыгына ээ экенбизди айтат[205] Биз өзүбүздөн алыс Кудайга табынбайбыз; Ыйса сыяктуу биз Атабыздын сүйүүсүндө коопсуз жана ыңгайлуу жашай алабыз.

Койчумандар катары, биз өзүбүздү кызматыбыздагы ийгилик менен баалоо азгырыгына туш болушубуз мүмкүн. Эгер биздин баалуулугубуз жыйыныбыздын көлөмүнөн, жамааттын колдоосунан же замандаштарыбыздын кабыл алуусунан көз каранды болсо, биз ийгилик үчүн чынчылдыкты курмандыкка алып келүү азгырыгына

[202] Лука 2:49.
[203] Мат. 27:46.
[204] Марк 14:36.
[205] Рим. 8:15; Гал. 4:6.

туш болобуз. Биздин аракеттер ийгиликсиз болуп калганда, көңүлүбүз калышы мүмкүн, бирок биз *Абба* Атабыз, бизди ийгиликтүү болгонубузга карабай сүйөрүнө толук ишенебиз, ошондуктан натыйжаларын Ага калтырсак болот. Анын сүйүүсү биз ишибизди аткаргандан көз каранды эмес.

- Ыйса Өзүнүн Атасынын эркин билген.

Жердеги кызматынын акырында Ыйса: «Мага тапшырган ишиңди аткарып, Мен Сени жер үстүндө даңктадым»,[206]– деп күбөлөндүргөн. Машайак Атасы Ага кандай миссияны тапшырганын билген, Ал ошого жердеги бүт өмүрүн арнаган.

Адам катары, Ыйса Атасынын эркин сыйынуу жана Сөз аркылуу таанып билген. Сыйнуу аркылуу Ыйса Атасынын эркин тапкан.

Машайак ошондой эле Атанын эркин Сөз аркылуу таанып билген. Ал Өзүнүн миссиясын Ышайанын пайгамбарлыктарынын аткарылуусу катары ачып берген.[207] Ал Чөмүлдүрүүчү Жакан жибергендерге жооп бергенде, пайгамбардын сөздөрүн Өзүнүн машайакчылык кызматынын далили катары колдонгон;[208] Машайак Сөздү билген.

Жаңы Келишимде биз машайакчылар кыйынчылыктарда Жазууга кайрылганын көрөбүз. Азап чегип өлүүнүн алдында Степандын акыркы насааты негизинен Байыркы Келишимдин Жазууларынан жана алардын Ыйса Машайакта аткарылганынан турган.[209] Жүйүт жетекчилери машайакчыларга Ыйсанын кабарын жарыялоого тыюу салганда, жыйын бирге сыйынуу үчүн чогулган. Алардын сыйынуусу Забур 2-бөлүмдөн узун үзүндүнү камтыган.[210] Алгачкы ишенүүчүлөр Жазууну билишкен; бул алардын насаат айтуу үчүн жана сыйынуу үчүн кадимки тили болгон.

> *Эч качан жакшы китептерге Ыйык Китептин ордун ээлөөгө орун бербеңиз. Сууну кудуктан ичиңиздер!*
> Эми Кармайкл

Жыйындын тарыхы бою дүйнөнү өзгөрткөн насаатчылар, Сөздүн адамдары болушкан. Мартин Лютер рейхстагдагы Вормс жолугушуусунда: «мен жазуу менен байлангам жана менин абийирим Кудай Сөзүнүн туткунунда», – деп айткан. Джон Уэсли өзүн: «Бир Китептин адамы», – деп атаган. Чарльз Сперджен насаатчылар «ичтеринен Ыйык Китептин маңызы чыгып баштамайынча» Сөз менен азыктана бериши керек деген. Хадсон Тейлор Сөзгө ушунчалык көп убакыт бөлгөндүктөн, жазуучулардын бири: «Ыйык Китеп Тейлор жашаган атмосфера болгон», – деп жазган. Бул адамдар алардын дүйнөсүн өзгөртүшкөн, анткени алар Сөздү бийлик менен айтышкан.

---

[206] Жакан 17:4.
[207] Лука 4:18-19.
[208] Мат. 11:4-5.
[209] Элчилердин иштери 7:1-53.
[210] Элчилердин иштери 4:24-30; Забур 2:1-2.

Эгер биз Ыйса, алгачкы машайакчылар же тарыхтагы улуу насаатчылар сыяктуу кызмат кылгыбыз келсе, биз да Кудайдын Сөзүн менен каныккан болушубуз керек. Пабылдын кызматы үчүн Жазуу эң жогорку кадыр-баркка ээ болгон.[211] Ыйса шакирттери кызмат үчүн ыйыкталсын же ага арналсын деп сыйынган. Буга Сөз аркылуу жетүүгө мүмкүн болот: «Аларды Өзүңдүн чындыгың аркылуу ыйыкта. Сенин сөзүң – чындык».[212] Сөз шакирттерди кызматта таасирдүү кылган; биз кызмат кылганда Сөз бизди жемиштүү кылат.

Аджит Фернандо өмүр бою Шри-Ланкада кызмат кылган. Ал Жазууга негиздебей туруп, насаатта кандайдыр бир маанилүү билдирүү кылбоо принцибин колдонгон, ошол себептен анын насааттары дайыма Сөзгө негизделген. Машайакчы катары биз Кудайды Анын Сөзү аркылуу таанып билебиз; кызматчылар катары, Кудайдын Сөзүнө негизделген кызматыбыз аркылуу күчтүү жыйындарды тургузабыз.

- Ыйса Өзүнүн Атасына ишеним арткан.

Ыйсанын жердеги кызматынын учурунда Атасы менен болгон мамилесин Гетсеманиядагы сыйынуунун сөздөрү менен билдирсе болот: «Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун»;[213] бул толук ишеним артуунун жана баш ийүүнүн сөздөрү.

Ишеним артпаган кимдир бирөөнүн эркине толук баш ийүү кыйын. Биз сыртыбыздан баш ийүүгө аргасыз болуп, жүрөгүбүздө каршылык көрсөтүшүбүз мүмкүн. Ыйса Атанын сүйүүсүнө жана жакшылыгына толук ишеним арткандыктан, Анын эркине баш ийүүгө макул болгон.

► Жакан 5:1-47ни окугула.

Ыйсанын кызматы толугу менен Атага ушундай мамилени көрсөтөт. Жүйүт жетекчилери Ыйса ишемби  күнү аксак адамды айыктыргандыктан, Ага каршы чыгышкан, ошондо Ал мындай деп жооп берген:

> «...Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Атасынын кылганын көрбөсө, Уулу Өз алдынча эч нерсе кыла албайт. Анткени Уулу Атасы кылганды кылат... Мен Өз алдымча эч нерсе кыла албайм. Атам Мага кандай айтса, ошондой соттойм. Менин сотум адилет, анткени Мен Өз каалоомду эмес, Мени жиберген Атамдын каалоосун аткарам».

Ыйса Өзүнүн Кудайлыгын жарыялап жаткан: «Атам ушул күнгө чейин иш кылып жатат, ошондуктан Мен да иш кылып жатам». Ыйса 100% Кудай болуп туруп, жердеги миссиясынын баш ийүүчү ролун Өз ыктыяры менен кабыл алган; Ал Атасы менен тең, бирок Ал Атанын эркине баш ийген.

---

[211] 2 Тим. 3:16-17.
[212] Жакан  17:17.
[213] Мат. 26:39.

Бир нече айдан кийин китеп көчүрүүчүлөр жана фарисейлер Ыйсага каршы чыкканда, Ал кайрадан Өзүнүн иш аракеттери жөнүндө Атасынын кадыр-баркына кайрылып сүйлөгөн: «…Өз атымдан эч нерсе кылбастыгымды, Атам кандай үйрөтсө, ошондой сүйлөй тургандыгымды билесиңер».[214] Машайак Атасына толук ишеним арткан, Ал Атасынын эркине ыктыярдуу баш ийе алган.

Жыйын жетекчилиги татаал тең салмактуулукту сактоону талап кылат. Көптөгөн койчумандар жана жыйын жетекчилери күчтүү жетекчилик сапаттарга ээ болот. Жетекчи катары, алар пикириге жана күчтүү мүнөзү ээ болушат. Бул жетекчи үчүн баалуу артыкчылык болушу мүмкүн, бирок ал күч Кудайга ыктыярдуу баш ийүү менен тең салмактуулукка келтирилиши керек. Эгер Кудайга ишеним артып моюн сунбасак, Кудайдыкына баш ийбей өзүбүздүн жолубузду мажбурлайбыз.

Муса Ыйык Китептеги эң жакшы мисал болушу мүмкүн. Ал: «…жер үстүндөгү бардык адамдардын ичинен эң момун адам болгон».[215] Муса жетекчи катары күчтүү жана таасирдүү болгон, бирок ошол эле учурда момун болгон. Ага Мисирдеги эң кудуреттүү адам – фараон менен күрөшүүгө туура келген; ал кежир ысрайылдыктарды чөлдө жетектеп жүргөн. Муса күчтүү жетекчи, бирок ошол эле учурда Кудайга берилген адам болгон. Жыйынды таасирдүү жетектөө, биздин табигый күчүбүздү Кудайга баш ийдирүүнү талап кылат. Бул Кудай менен ишенимде жана ишеним артып өмүр сүргөндө гана мүмкүн болот.

► Атага болгон сүйүүнүн үч аспектисинин кайсынысы (мамиле, Анын Сөзүн билүү жана ишеним артууга негизделген баш ийүү) сиз үчүн эң соң көйгөй болуп эсептелет?

***Тагыраак карайбыз…***

***Ыйса Өзүн Кудай деп жарыялаганбы?***

Мормонизм жана Жахабанын күбөлөрү сыяктуу жалган культтар, ошондой эле ислам сыяктуу машайакчы эмес диндер, Ыйса чынында Кудай болгонун четке кагышат. Алар Машайакты улуу устат же пайгамбар, биринчи жаратылган жандык же а түгүл Машайак деп таанышат, бирок Ал чыныгы Кудай болгонун четке кагышат.[216]

Мындай диндердин жолдоочулары көп учурда: «Ыйса эч качан Кудаймын деп айткан эмес. Ал ар бирибиз сыяктуу эле Кудайдын Уулу экенин айткан» дешет.

Ыйса Өзүн Кудаймын деп айтты беле? Ооба. Машайакты угуп жаткан адамдар Анын билдирүүлөрүн түшүнгөн. Ыйса Кудайды: «Менин Атам», – деп атаганда, жүйүттөр аны өлтүрүүгө аракет кылган. Эмнеге? «Ал ишемби күнүн гана бузбастан, Кудайды

[214] Жакан 8:28.
[215] Числа. 12:3.
[216] Бул жалган окутуулар жөнүндө Шеппердс Глобал Мектебинин «*Мировые религии и культы»* деген курсунан көбүрөөк билсеңиз болот.

“Атам” деп, Өзүн Кудайга теңеди», – деп, жүйүттөр Ыйсаны өлтүрүү үчүн, мурдагыдан да көбүрөөк аракет кыла башташты».[217]

Ыйса Өзүнүн кудайлыгы жөнүндө айткан ачык айкын билдирүүлөрдүн бири мындай болгон: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Мен Ыбрайымдан мурун эле бар болчумун».[218] Бул Кудай күйүп жаткан бадалдын жанында Мусага Өзүн ачып бергенде колдонгон: «Мен Бар Болуп Туруучумун (Жахабамын). Ысрайыл уулдарына: Мени силерге Бар Болуп Туруучу Өзү жиберди деп айт» деген сөздөр болчу.[219] Бул сөздөр менен Машайак Өзүнүн Мусага көрүнгөн Кудай экенин билдирген. Жүйүт жетекчилери Ыйса бул сөздөрү менен эмнени айткысы келгенин так билген. Буга жооп катары алар Ыйсаны уруш үчүн жерден «таш алышкан». Бул өзүн Кудаймын деп атап, Кудайга акарат кылган адамдын жазасы болгон.[220]

Ыйсаны соттоп жатышканда Кайапа: «Даңктуу Кудайдын Уулу, Машайак Сенсиңби?» – деп сураган. Ыйсанын жообу түшүнүктүү болгон: «Менмин! Силер Адам Уулунун кудуреттүү Кудайдын оң жагында отурганын жана асмандагы булуттар үстүндө келе жатканын көрөсүңөр». Ошентип, Ыйса Өзүнүн Кудайдын оң жагында отурганын жана Даниел алдын ала айткан дүйнөнү соттоо үчүн келе турган Адам Уулу экенин ырастаган.[221] Ыйса Өзүн Кудай деп жарыялап жатканын Кайапа билген: ал өзүнүн кийимдерин айрып: «Буга дагы кандай күбөлүктөр керек? Кудайга акарат келтиргенин өзүңөр уктуңар, силер буга эмне дейсиңер?» – деген.[222]

Сиз Машайактын билдирүүлөрүнө ишенүүдөн баш тартсаңыз болот, бирок Жакшы Кабарларды кунт коюп окуп чыкканда, Ыйса Өзүн Кудайдын Уулумун деп атаганын четке кага албайсыз. Анын угуучулары Анын билдирүүлөрүн угуп, Аны Кудай катары кабыл алууга же жалган пайгамбар жана акарат келтирүүчү катары өлтүрүшү керек болгон.

---

[217] Жакан 5:18.
[218] Жакан 8:58.
[219] Чыгуу 3:14.
[220] Леби.24:16.
[221] Забур 109:1 жана Дан. 7:13-14.
[222] Марк 14:61-64.

## Жакыныңды Ыйсадай сүйүү

Ыйса окутканда көп учурда «салыкчылардан жана күнөөкөрлөрдөн» турган угуучулар чогулган. Машайак аларды окутуп эле койбостон, алар менен бирге тамактанган. Фарисейлер Машайак күнөөкөрлөр менен бирге тамактанып жатканын көргөндө, аны сындай башташкан. Машайак аларга үч окуя менен жооп берген. Аларды окуп жатканда эки маанилүү нерсени түшүнүшүңүз керек.

1. Ыйсанын убагында адам менен чогуу тамактануу аны менен мамиле курууну билдирген.[223] Машайак күнөөкөрлөр менен тамактанганда, бул Ыйса алар менен атайылап өз-ара мамиле куруп жаткандыгын билдирген. Ыйса, Кудай адамдар Ага келгенге чейин күтпөөрүн; анын ордуна жигердүү түрдө жоголгондорду издээрин көрсөткөн.

2. Ыйсанын убагындагы жүйүттөр адил адам күнөөкөрлөр менен бардык байланыштардан качарын күтүшкөн. Раббилер Машайак келгенде кудайсыздар менен мамиле кылбайт жана адилдер менен гана тамактанат деп үйрөтүшкөн.

► Лука 15:1-32ни окугула.

Бул үч бөлүктөн турган чоң үлгү насаат аңгеме: жоголгон кой, жоголгон тыйын жана адашкан уул. Ар бир учурда үлгү насаат аңгеменин мазмуну бирдей — бул жоголгон нерсени табуудан алган кубаныч. Ыйса күнөөкөрлөр тобо кылганда асмандагы кубанычты көрсөтөт.

Раббилердин «Күнөөкөр жок кылынганда, асманда кубаныч болот» деген белгилүү лакабы болгон. Ыйса буга таптакыр башкача карайт: «Күнөөкөр тобо кылганда, асманда кубаныч болот» Ыйса менен башка раббилердин ортосунда кандай айырма бар? Сүйүү. Машайак сүйүүгө толгон жүрөк менен кызмат кылган кандай болорун көрсөттү.

> *Бул үлгү насаат аңгемелер жакшы кабар менде бардыгы жакшы деген адамдарга эмес; менин бир нерсем туура эмес деген адамдарга арналганын көрсөтөт.*
> Самуэль Ламерсон

Биз сүйүү менен жетектелип кызмат кылбаганда, мартаба менен кызмат орду адамдардан да маанилүү болуп калат, бирок кызмат сүйүүчү жүрөк менен кылынса, биз өлүмгө дуушар болгон адамдар үчүн мартабадан баш тартууга даяр болобуз. Ыйса сүйүүгө баарынан муктаж болгондор үчүн сүйүү көргөзүү максатында диний жетекчилердин сынына калууга да макул болгон.

► Эгер: «Адашкан уулга сүйүү көрсөтөт белең?» — деп сурасак, баары эле: «Ооба», – деп жооп бермек. Биз туура жоопту билебиз! Анын ордуна: «Акыркы жолу мага

[223] Бул принциптин мисалын биз Накыл Сөздөр китебинен көрөбүз. Акылмандуулук «акылсыздырга» анын дасторконунан даам татууга чакырат (Накыл 9:1-6); Акылмандуулук менен мамилелешүү аркылуу жөнөкөйлөр акылдуу болуп калышат.

жолуккан адашкан адам ким болду? Мен ал адамга кантип сүйүү көрсөттүм», – деп сураңыз.

- Ыйса  азап чеккендерге боорукердик менен сүйүү көрсөткөн.

Жакшы Кабарларды окуп жатып, башка диний жетекчилерден качып кеткен күнөөкөрлөр Ыйсага умтулганын байкайбыз. Аларга Теңирди издөөгө эмне түрткү берген?

Машайак алардын күнөөсүн көз жаздымда калтырган эмес; Ал бардык фарисейлердикинен жогорку адилеттүүлүккө ээ болууну талап кылган.[224] Күнөөкөрлөр Ыйсага умтулганынын себеби, Ыйса боор тарткан адам болгон. Ал күнөөсүн актаган эмес, бирок күнөөнүн туткунунда болгон адамга боору ооруган.

Биз муну ойноштукта кармалган аялга Ыйса айткан сөздөрдөн көрөбүз. Аялды айыптагандар кеткенде, Ыйса: «Мен да сени айыптабайм. Бара бер, мындан ары күнөө кылба» деген.[225] Машайак күнөөнү жактаган эмес; Ал бул аялдан күнөөкөр жашоодон баш тартууну талап кылган, бирок айыптоо эмес, боорукердик көрсөткөн.

Луканын Жакшы Кабарында Ыйсанын боорукердигине өзгөчө көңүл бурулган. Жакшы кабарчы башка диний жетекчилер жек көрүү менен мамиле кылган салыкчы Закай жөнүндө окуяны айтып берет; калың элди аң-таң калтырып,  Ыйса күнөөкөр адамдын үйүнө конокко барарын айткан.[226]

► Лука 5:12-16ны окугула.

Айыктыруу тууралуу айтканда, Лука адамдарды аябай катуу таң калтыра турган майда-чүйдө нерселерди айтып берет. Ыйса колун сунуп пес оорулуу адамга тийген. Байыркы дүйнөдө эч ким андай кылган эмес!  Оору жугуп калышы мүмкүн болгондуктан, медициналык көз караш менен караганда, бул коркунучтуу болгон, ал эми жүйүт адам үчүн диний эрежелер боюнча таза  эмес болуп калууну билдирген.

Эмнеге Ыйса ошондой кылган? Анын боору ооруган. «Ыйса боор ооруп, ага колун тийгизди...».[227] Бул адам денелик эле эмес, эмоционалдык айыгууга да муктаж болуп жаткан. Пес оорулуулар башка адамдардан алысыраак жүрүүгө мажбур болушкан. Адам ооруп калгандан кийин башкалардын өзүнө тийгенин сезген эмес. Ыйса бул түрү суук болуп калган адамга колун тийгизбей эле ооруну айыктырып коё алган, бирок Ал пес оорулуу бирөө ага кол тийгизгенине муктаж экенин сезген. Ыйсанын жүрөгү боорукердикке толгон.

*Адамдар сиз аларга канчалык кам көрөрүңүздү көрмөйүнчө, сиз канчалык билимге ээ экениңизге кызыкпайт.*

[224] Мат. 5:20.
[225] Жакан  8:11.
[226] Лука  19:7.
[227] Марк  1:41.

Биз Ыйсадай кызмат кылгыбыз келсе, Аныкындай боорукердикке толгон жүрөккө ээ болушубуз керек. Күнөөкөр адамдар Машайактын көзүн караганда, андан сүйүүдөн келип чыккан боорукердикти көргөн. Күнөөкөрлөр сиздин көзүңүздү караганда, эмнени көрөт?

Ыйса муктаждарга кызматы аркылуу сүйүүсүн көргөзгөн.

Муктаждарга жардам берүүнүн ордуна, «Мен муктаждарга боорум ооруйт», — деп айтып коюу оңой. Ыйса айланасындагы адамдардын муктаждыктарына кам көрүү аркылуу сүйүү көргөзгөн. Машайактын эмгеги толугу менен адамдардын муктаждыктарына кызмат кылуу болгон. Пабыл Ыйса «кул кейпин кийип… Өзүн Өзү басынтты»,[228]– деп жазат. Машайак Өзүнүн шакирттерине: «Анткени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген» деген.[229]

Ыйсанын кереметтери Анын башкаларга кызматын көрсөтөт. Алар Анын Машайак экендигинин белгиси болгон, бирок ошол эле учурда алар адамдардын муктаждыктарын канааттандыруунун каражаты эле. Кээде кереметтер аз сандагы адамдар үчүн гана кылынган; айрым учурда алар бийликке жана таасирге ээ эмес адамдарга пайда алып келген; кээде Анын кереметтери (Ишемби күнү) Аны четке кагууга алып келген.

Ыйса күчтүүлөргө жагуу үчүн кереметтерди кылган эмес; Ал кереметтерди муктаждарга кызмат кылуу үчүн кылган. Машайак эки жолу гана керемет кылууга макул болгон эмес. Фарисейлер Аны менен талашып: «асмандан жышаан көрсөтүшүн талап кылышат».[230] Ыйса мындай кылуудан баш тарткан. Андан кийин Ыйсаны соттоп жатканда Ирод «…кандайдыр бир керемет көрүүгө» үмүттөнгөн.[231] Машайак ал түгүл Иродго да жооп берүүдөн баш тарткан: Ыйса кереметтерди бирөөлөрдүн «талабы» менен же ишенбей турган угуучуларды таасирлентүү үчүн кылбайт.

Ыйса Ирод Антипа үчүн керемет кылуудан баш тартса да, көп жөнөкөй адамдарды айыктырган: ал өзүнө эч нерсе кайрып бере албаган балыкчынын кайненесин, пес оорулууларды, сокурларды жана жин оорулууларды айыктырган; Ал кийинчерээк Өзүн таштап кетүү менен жетиштүү ыраазычылык келтирбеген беш миң адамды тойгузган; ошондой эле Өзүн кармоо үчүн келген ыйык кызмат кылуучунун кулун айыктырган: Ыйса Өзүнүн кереметтери аркылуу муктаждарга кызмат кылган.

Койчумандар жана жыйын жетекчилери катары биз өзүбүзгө жардам бере алгандарга жардам берүүнү акылга сыярлык нерсе деп ойлоо оңой. Биз жакырларга караганда, байлар менен көбүрөөк убакыт өткөргөнүбүздү актап: «Ишкерлер жыйындын

[228] Фил. 2:7.
[229] Марк 10:45.
[230] Марк 8:11.
[231] Лука 23:8.

кызматын колдой алат» – дешибиз мүмкүн. Жогорку орунду ээлеген таасирдүү мамлекеттик кызматкерге баруу үчүн жесир аялга барбай калганда, өзүбүздү актап: «Ал таасирдүү жана Кудайдын ишин ишке ашырууга жардам берет», – дешибиз мүмкүн. Ыйса эч качан андай кылган эмес; биз Ал сыяктуу кызмат кылгыбыз келсе, Машайак сыяктуу кызматчы болушубуз керек. Ал сыяктуу эле биз дагы башкалардын бизге кызмат кылуусун күтпөй, кызмат кылууга умтулушубуз керек.

Пабыл  мындай деп жазган: «Биз өзүбүздү жарыялап жаткан жокпуз. Машайак Ыйсаны Теңир деп, өзүбүздү болсо Ыйса үчүн силердин кулдарыңарбыз деп жарыялап жатабыз».[232] Кызматчы деген сөздү "кул" деп которсо болот. Рим империясындагы кулдардын көпчүлүгү билимдүү адамдар болушкан; алардын айрымдары дарыгер жана мугалим болушкан, бирок кул кожоюнуна караганда билимдүүрөөк болсо да, кул бойдон кала берген. Ал кожоюнунан жогору болуп: «Мен сага кызмат кылбайм! Мен сенден жогорумун», – деп айта алмак эмес.

Кээ бир койчумандар: «Менин билимдүү адаммын. Мен жыйынымдагы дыйкандардын малайы эмесмин!» – деп ойлошу мүмкүн. Пабыл эч качан мындай кылган эмес; ал мыкты билимге ээ болгон, ал Ыйса үчүн корунттуктардын кулу болуп калган. Ал: «Менин жетишкендиктеримдин даражасын карагылачы; мен еврей адабиятын, грек философиясын жана машайакчылык теологияны изилдегем. Мен синедриондо, грек Ареопагында жана рим Сенатында сүйлөй алам», – деп айтса болот эле. Анын ордуна ал: «Теңирим Ыйса үчүн Корунттагы эң түркөй адамга кызмат кылууга даярмын» деген.

Ыйсадай кызмат кылгыбыз келсе, кызматчыдай жашоо үчүн момун болушубуз керек. Машайактай сүйгүбүз келсе, биздин жашоо образыбыз бийликке ээ адамдардыкындай болбойт, биз момун кызматчы болушубуз керек.

- Ыйса душмандарга боорукердик аркылуу сүйүү көргөзгөн.

► Матай 5:43-48ди окугула.

Ыйса Өзүнүн жолдоочуларын: «асмандагы Атаңар кандай жеткилең болсо, силер да ошондой жеткилең болгула», – деп үйрөткөн, бул Асмандагы Атабыздай сүйүүнү билдирет. Бул душмандарыңды сүйүү жана таарынткандар менен куугунтуктагандар үчүн сыйынуу жөндөмүн билдирет. Силер ушундай сүйүү көргөзгөндө, дүйнө силер «Атаңардын Уулдары» экениңерди билет.

Ыйса Тоодогу насаатын айткандан болжол менен 200 жыл мурун еврей китеп көчүрүүчүсү «*Сирахтын акылмандуулук китеби*» деген жыйнак жазган. Ал өзүнүн душмандарына кандай мамиле кылуу керектиги тууралуу эмне дегенине кулак

[232] 2 Кор. 4:5.

салыңыз:[233]

> Жакшы иш кылганда, ал кимге пайдалуу экенин билгениңизди ырастап алыңыз; ошондо кылып жаткан ишиңиз куру болбойт.
>
> Адамдарды момун кылуу үчүн жакшылык кыл, бирок кудайсыздарга эч нерсе бербе.
>
> Аларга тамак аш бербегиле, анткени алар силердин жакшылыкты силерге каршы колдонот. Мындай адамдарга кылган бардык жакшылыктар эки эсе убараны алып келет.
>
> Эң Жогорку Кудай күнөөкөрлөрдү жек көрөт жана аларды жазалайт.
>
> Боорукер адамга бер, бирок күнөөкөрлөргө жардам бербе.

Ыйсанын убагындагы еврейлер Сирахтын китебин Жазуу деп эсептеген. Ыйса: «Жакыныңды сүй, душманыңды жек көр» дегенде, ушул чыгармага кайрылган болушу мүмкүн. Сирах: «Адилеттүүлөргө гана жакшылык кыл; мыйзамсыздарга убакыт коротпо» деген. Матай 5:43–48ге кайра кайрылгыла. Ыйсанын окутуусу эмнеге баарын аң-таң калтырганын эми түшүнүп жатасыздарбы?

Байыркы Келишимде Кудай душмандарды сүйүүгө үйрөткөн. Бул жаңы нерсе эмес болчу. Байыркы Келишимдеги сабактарымда мен окуучуларыма кээде мындай «тест» сунуш кылам.

> *Сиздин кошунаңыз — жыйындын душманы. Сиз анын жанынан өткөндө, ал сизди каргайт. Ал сизди алдоого, а түгүл мал-мүлкүңүздү уурдоого аракет кылат. Бир күнү жамгыр төгүп жатканда кошунаңыздын үйү бошонуп кетип, качып бара жатканын көрүп каласыз. Сиз мындай жагдайда эмне кыласыз? Сиз бул жагдай үчүн жоопкерчиликтүүсүзбү?*

- *(1) Сиз үйдү андан ары айдап жиберүү үчүн чыбык аласызбы?*
- *Менин окуучуларым бул туура эмес жооп экенин билишет!*
- *(2) Болуп жатканга көңүл бурбай: «Бул менин көйгөйүм эмес», – дейсизби?*
- *Көп окуучулар ушул жоопту колдонушат. Алар мындай дешет: «Бул менин үйүм эмес, кошунамдыкы. Мен өз иштеримди кыла берем. Анын үстүнө кошунам мени жакшы деле көрбөйт; ал менин жардамдымды баары бир баалабайт».*
- *(3) Сиз Чыгуу 23:4түн: «Эгерде душманыңдын адашкан өгүзүн же эшегин тапсаң, аны ээсине алып барып бер» деген буйругуна баш ийесизби?*

---

[233] Сирахтын акылмандуулук китеби 12:1-7.

Ал түгүл Байыркы Келишимде да Кудайдын эли душмандарын сүйүүгө чакырылган, бирок Машайак дүйнөгө келгенге жакындап калганда, адамдар Сирах менен салыштырмалуу Чыгуу 23тү азыраак келтирип калышкан. Аларга жакынын сүйүүгө, ал эми душмандарын жек көрүүгө жол берген окуу жаккан! Ыйса силер душманыңарды сүйүшүңөр керек, анткени Асмандагы Атаңар: «...Өз күнүн жаманга да, жакшыга да тийгизип, жамгырын адилеттүүгө да, адилетсизге да жаадырат» деген. Силердин асмандагы Атаңар жамандарды да, жакшыларды да сүйөт.

Бул «реалдуу жашоодо» кандай болот? Кызматыңызда ушул сценарийди элестетиңиз:

> Биздин ынанымдарыбызга ортоктош болуп жүргөн адамдардын тобу бизге коомдо кайра-кайра каршы чыгышат. Алар сизди тузакка түшүрүү үчүн суроолорду беришет; алар жыйыныңыздын мүчөлөрүнө сиздин жалган окутуучу экениңизди айтышат, ошондой эле сиз өзүңүзгө кандайдыр бир жамандыктарды алып келген жана айланадагылардын нааразычылыгын жарата турган бир нерсени кылууңузду күтүшөт. Сиз аларга кандай мамиле кылат элеңиз?
>
> - (1) Аларды эч качан кайрылып келбеши үчүн кубалап чыгасызбы?
> - (2) Аларга алар сизге кылгандай мамиле кыласызбы?
> - (3) Алардын каталарына чынчыл болуп, сүйүү менен жооп бересизби?
>
> Фарисейлер мүмкүн болгон бардык жолдор менен Ыйсага каршылык көрсөтүүгө аракет кылышкан. Ыйса алардын жаңылыштыктары тууралуу айтканда, абдан ачык болгон; Ыйса аларды чындыкка үйрөтүүгө аракет кылган, бирок дайыма аларга сүйүү менен мамиле кылган.

Биз Ыйсадай кызмат кылгыбыз келсе, душмандарыбызды сүйүшүбүз керек. Бул эң татаал окутуулардын бири. Бизге чыккынчылык кылып, биздин кабардан тескери бурулган, бизди куугунтуктаган адамга, Ыйсанын сүйүүсү – агапэни көрсөтүшүбүз керек.[234] Мына Ыйсадай сүйүү деген ушундай баа турат.

### Колдонуу: Машайакчынын жашоосунда Ыйсанын мүнөзү

Кудайга жана жакыныбызга болгон сүйүү тууралуу жазып коюу оңой; аны күнүмдүк жашоодо көрсөтүү алда канча кыйын. Биз жашообузда Ыйсанын мүнөзүн өрчүткөндө гана биздин дүйнө менен Машайакты бөлүшүүгө даяр болобуз.

Биз Ыйсаныкындай мүнөзгө окшош кыялга ээ боло алабызбы? Жазуу Кудай Өзү кандай ой жүгүртсө Өзүнүн элине ошондой ойлонууга мүмкүнчүлүк берет деп үйрөтөт; Кудай аларга Кудай каалаганды кылуу жана Ал бизди чакыргандай өмүр

[234] *Агапе* - Жаңы Келишимде колдонулган шартсыз сүйүү үчүн грек термини. Бул 1 Жакан жана 1 Коринттуктар 13-те колдонулган термин.

сүрүү *каалоосун* берүүчү жаңы рухту бергиси келет.[235] Кудай бизде Өзүнүн Уулунун мүнөзүн өрчүткүсү келет.

Освальд Чемберс күнүмдүк кызматка ишенимдүүлүк тууралуу айтканын угуп көрүңүз:

> «Эгерде Кудайдан эч кандай көрүнүш жок болсо, жашооңузда эч кандай шыктандыруу калбай калса, сизди эч ким карабай турганда, Ага болгон берилгендигиңиздин кийинки кадамыңыз жасоо үчүн Уулу Кудайдын ырайымы керек... Кудайга жакындоо үчүн мындай кадамды кылууга Кудайдын дагы көбүрөөк ырайымы керек, жакшы кабар таратууга караганда эрктүүлүк менен дагы көбүрөөк аракет кылуу керек.
>
> Бирок Кудай үчүн жана адамдар үчүн акыры дал ушундай байкалбаган жана анча деле жагымдуу эмес иштер маанилүү. Ошондой эле дайыма Кудайга кайрылганда гана күнүмдүк түйшөктөрдүн кысымына туруштук берүүгө мүмкүн болот. Руханий көзүмдү Тирилген Машайактан алдыра көрбө деп Кудайдан  сураныңыз .[236]

Биз кызматтагы мындай ишенимдүүлүктү кантип сактай алабыз? Биз Кудайды жана жакыныбызды жума сайын, жыл сайын сүйүүнү кантип уланта алабыз? Биз күнүмдүк жашообузда Ыйсанын мүнөзүн өрчүтүүбүз керек; бул бизде Машайактын акылы болушун талап кылат.

➧ Машайактын акылын сүрөттөө.

► Филипиликтерге 2:1-16ны окугула.

Пабылдын Филипидеги жыйынга берген көрсөтмөсү Ыйса Машайактын мүнөзүнө ээ болуу деген эмнени билдирерин көрсөткөн күчтүү жол. Жеке келишпестиктердин айынан бөлүнүүлөргө дуушар болгон, жамаатка Пабыл: «Эч бир нерсени атаандаштык жана көйрөңдүк менен кылбагыла, тескерисинче, момундук менен башкаларды өзүңөрдөн жогору санагыла. Ар кимиң өзүңдү гана эмес, өзгөнү да ойло.», – деп жазган.

Алар буга кантип жете алмак? Пабылдын: «…силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болушу керек» деген көрсөтмөсүнө баш ийгенде гана жете алмак.

---

[235] Жезек. 36:26-27.
[236] Освальд Чеймберс, *Все, что могу, во славу Его*, — 6 март

Пабыл машайакчылык жашоого жат болгон төрт мүнөздөмөнү санап өтөт;[237] алар машайакчылык күбөлүккө зыян тийгизет жана кызматчынын таасирдүүлүгүн талкалайт. Пабыл  мындай деген:

- (1) **Эч бир нерсени атаандаштык менен кылбагыла (Фил. 2:3).**

Атаандаштык: «Бул иште мен үчүн эмне бар? Андан мага кандай пайда?» деген суроолорду берет. Ыйса пес оорулууну айыктыргандын же айкаш жыгачка баруунун алдында: «Мен мындан кандай пайда табам?» – деп сураганын элестете аласызбы? Албетте мындай болушу мүмкүн эмес!

Пабыл эгер биз Машайактын ой жүгүртүүсүнө ээ болсок (Машайак сыяктуу ойлонсок), эч нерсени өзүмчүл каалоолордун негизинде кылбай турганыбызды айтат; биз кулдун абалына ээ болобуз, биз: «Мага ким кандай кызмат көрсөтөт?» деген суроону эмес, – «Мен кимге кандай кызмат кыла алам?» деген суроо берип калабыз.

- (2) **Эч бир нерсени көйрөңдүк менен кылбагыла (Фил. 2:3).**

Көйрөңдүк: «Мен башкаларга кандай көрүнөм? Адамдар менден таасирленеби?» – дейт. Ыйса кудуктун жанында самариялык аял менен сүйлөшүүдөн мурун: «Мен адамдарды аябай таң калтыра аламбы?» – деп сурап жатканын элестете аласызбы? Албетте, андай болушу мүмкүн эмес!

Пабыл мындай дейт: биз Машайактын ой жүгүртүүсүнө ээ болсок жана Ал сыяктуу ойлонсок – көйрөңдүктүн негизинде эч нерсе кылбайбыз: биз мартабага ээ болууну эмес, Теңирди көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн издейбиз.

- (3) **Бардыгын наалыбастан кылгыла (Фил. 2:14).**

Наалыгандык: «Мен эң жакшысына татыктуумун!» – дейт. Сиз Ыйсанын: «Мен шакирттеримдин буттарын жууганга муктаж эмес болчумун. Мен устатмын. Бул ашыра чапкандык» дегенин элестете аласызбы?  Албетте мындай болушу мүмкүн эмес!

Пабыл мындай дейт: эгер биз Машайактыкындай ой жүгүртүүгө ээ болсок, кандай гана оор абал болбосун наалыбай кызмат кылабыз; биз эч нерсеге «татыктуу эмес» экенибизди түшүнөбүз. Биз ээ болгон бардык нерселер Кудайдын ырайымы экенин эстеп жүрүү биздин кызматтагы көйгөрлөргө көз карашыбызды өзгөртөт.

Хелен Роузвер XX кылымдагы эң улуу миссионерлердин бири болгон. Ал Кембридж университетинде билим алган. Заирде дарыгер-миссионер катары кызмат кылып жүрүп, ал оорукана салгысы келген. Имарат салууга материал жок болгондуктан, биринчи кадам кыш жасоо болгон.  Доктор Роузвер кышты меште күйгүзгөн африкалык жумушчулар менен бирге иштеген.

---

[237]Бул бөлүм Dennis F. Kinlaw, *The Mind of Christ* деген чыгармадан алынган (Anderson, Indiana: Warner Press, 1988), 101-107.

Анын жумшак колдору жарылып канаган. Ал: «Оо, Кудай, мен Африкага кыш жасоо үчүн эмес, хирург болуп иштейин деп келгем! Бул жөнөкөй жумушту кыла алган башка деле адамдар бар да», – деп наалый баштаган.

Бир нече жумадан кийин африкалык жумушчулардын бири: «Роузвер эже, сиз хирургия бөлмөсүндө жүргөндө биз коркобуз, бирок кыш жасап иштегенде жана манжаларыңыз биздикиндей болуп канаганда, сиз биздин бир тууганыбызсыз, биз сизди жакшы көрөбүз» деген. Ошондо дарыгер Роузвер күтүлбөгөн жерден: «Кудай мени Африкага хирург болуу үчүн жиберген эмес, мен бул жерде Машайактын сүйүүсүн көргөзүү үчүн жүрөм», – деген түшүнүккө келген.

(4) Бардыгын шектенбестен кылгыла (Фил. 2:14).

Шектенүү: «Ооба Теңир, бирок… Мен баш ийүүгө даярмын, бирок…» деген сөздөрдү айтат. Мындан мурунку сыяктуу суроону кайра берсек, Ыйса: «Ата мен бул жерге Сага кызмат кылуу үчүн келдим; эмнеге сен аны ушунчалык кыйын кылып жатасың?» – деп сураганын элестете аласызбы? Биз Ыйса Атасы менен талашып-тартышканын элестете албайбыз.

Пабыл мындай дейт: эгер бизде Машайактын ой жүгүртүүсү болсо (биз Ал сыяктуу ойлонсок), талашып-тартышып, жеңил жолду издебейбиз. Биз ачык асман астында саякаттоо үчүн соодалашып Кудайдын эркине шек келтирбейбиз.  Биз Кудайга: «Макул, Теңир!» – деп жооп беребиз. Биз Машайактын ой жүгүртүүсүнө ээ болобуз.

Пабыл филипиликтерди Машайктын ой жүгүртүүсүнө ээ болууга чакыргандыктан, мындай болуусу мүмкүн экенине толук ишенген; ал филипиликтер Ыйсанын жашоосун коштогон момун жана тил алчаак рухка ээ боло аларын билген. Биз Машайактын ой жүгүртүүсүнө кантип ээ боло алабыз?

- Биздин ой жүгүртүүбүз Жазуу аркылуу толугу менен өзгөрөт.

Мындан мурунку сабакта биз Жазуу бизди кантип Кудайдын эркин таанып билүүгө үйрөтөрүн көргөнбүз. Ыйса Кудайдын Сөзүн билген. Элчилер Кудайдын Сөзүн билген. Жыйындын тарыхындагы ар бир  олуттуу жаңылануу кыймылы Кудайдын Сөзүн изилдөөдөн башталган.

Пабыл ишенүүчү филипиликтерди «өмүр сөзүн бекем тутууга» чакырат.[238] Алардын жакшы кабарга толук ишенүүсү жана ага берилүүсү аларды айланадагы дүйнөгө жарык кылат.

Дал ушул Кудайдын Сөзүн терең изилдөө аркылуу биз Ыйсадай ойлонуп, Машайактын ой жүгүртүүсүнө ээ болобуз. «Терең изилдөө» дегенде, Жазууну түшүнүү үчүн грек жана иврит тилин билишиңиз керектигин айтканым жок; сиз Ыйык Китепти чечмелөө боюнча чоң китепканага ээ болушуңуз керек дегеним жок; сиз Кудайдын Сөзүнө

---

[238] Фил. 2:16.

убакыт бөлүшүңүз керектигин айтып жатам. Бул сиздин күнүмдүк жашоодогу азыктын бир бөлүгү болушу керек.

Машайакчылар катары биз күн сайын Кудайдын Сөзү менен азыктанышыбыз керек. Бул жөн эле милдет эмес, кубаныч болушу керек. Курсагы ачкан өспүрүмгө эч ким: «Сен бүгүн тамак жешиң керек! Тамак жебей калсаң ооруп каласың», – дебейт. Сиз болгону даамдуу тамак даярдашыңыз керек, ошондо өспүрүм аны жегиси келет! Кудайдын Сөзү ар бир суусаган машайакчы үчүн азык болушу керек.

Биз Кудайдын Сөзү менен азыктанганда, биздин акылдарыбыз Машайактын ой жүгүртүүсүнө ээ болуп өзгөрөт. Көбүнчө машайакчылар жогорудан төрөлүшкөн, бирок алар ишенбеген адамдар сыяктуу ойлонушат; алардын акылдары Машайактыкындай ой жүгүртүүгө ээ болгон эмес. Эмне үчүн?

Дарыгер Пол Бранд Индияды хирург-миссионер болгон. Ал көптөгөн пес оорулууларды дарылаган, алардын оорудан жабыркаган  дене мүчөлөрүн алмаштырган операцияларды жасаган. Дарыгер Бранд бейтаптар мындай операциядан кийин денесин башкаруу үчүн жаңы ой жүгүртүүнүн түрүнө ээ болушу керектигин айткан.

Мисалы, ал бармактын жабыркаган тарамышын алмаштыруу үчүн бүтүн аты жоктун тарамышын алган, бирок ал бейтапка: «Бармагыңды кыймылдат дегенде», – эч нерсе болгон эмес. Ошондо ал: «Аты жокту кыймылдат» дегенде, бейтап бат-баттан бармагын кыймылдата баштаган. Алар мээсиндеги «программаны алмаштырып» бармагын башкарууну жаңыдан үйрөнүшү керек болгон.[239]

Жаңы адам катары Машайак сыяктуу ойлонуу үчүн биз акылыбыздагы «прогамманы алмаштырышыбыз» керек. Машайакчы болуудан мурун сиз биринчи кезекте өзүңүздүн жеке муктаждыктарыңыз жөнүндө кам көргөнсүз. Сиз кедей адамды көргөндө: «Өзүмө акча керек болуп калсачы. Мен акчамды бул адамга бере албайм», – деп ойлочусуз. Машайакчы катары сиз Кудайдын Сөзүнөн мындай деп окуйсуз: «Жакырга берген адам жакырланып калбайт».[240] Сиз Ыйсанын: «Бергиле, ошондо силерге да берилет: жакшы ченем менен ченеп, ыкшап, бастырып, ашыра толтуруп, этегиңерге төгүшөт, анткени кандай ченем менен өлчөп берсеңер, силерге да ошондой ченем менен өлчөнүп берилет» деген сөздөрүн окуйсуз.[241] Сиз акча тууралуу Машайак ал жөнүндө кандай ойлонсо, ошондой ойлоно баштайсыз: сиз Кудайдын Сөзү аркылуу Машайактын ой жүгүртүүсүнө ээ болосуз.

Машайакка келгенге чейин, биз өзүбүздү жаралаган адамдардан өч алууга аракет кылганбыз. Кимдир бирөө бизге орой мамиле кылганда, биз ачууланып ага атырылчубуз, бирок машайакчылар катары биз: «Ошондуктан... боорукердикти, ак

[239] Paul Brand and Philip Yancey, *In His Image* (Grand Rapids: Zondervan, 1984), 146.
[240] Накыл 28:27.
[241] Лука  6:38.

көңүлдүктү, момундукту, жооштукту, чыдамдуулукту кийгиле»;[242] «Жамандыкка жамандык менен, жаман сөзгө жаман сөз менен жооп кайтарбагыла. Тескерисинче, батаңарды бергиле. Анткени ушуга – Кудайдын батасын мурастоого чакырылгансыңар»,[243]– дейбиз. Биз Ыйса Өзүн жаралагандарга кандай жооп кайтарса, башкаларга ошондой жооп бере баштайбыз. Биз Кудайдын Сөзү аркылуу Машайактын ой жүгүртүүсүнө ээ болобуз.

- Күнүмдүк баш ийүү биздин ой жүгүртүүбүздү өзгөртөт.

Пабыл филипиликтерге Машайактын ой жүгүртүүсүнө ээ болуу тууралуу жазат: «Анткени силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болушу керек» (Стронгдун номерлерине ылайык, «ой жүгүртүү» деген — «ойлонуу, талдоо» деген мааниге ээ). Ал бул акылды сүрөттөп берген, андан кийин Пабыл бул алардын жашоосунда кантип болушу мүмкүн экенин түшүндүргөн. Алар өздөрүнүн куткарылуусун ишенимдүү баш ийүү менен «жүзөгө ашырышы» керек, бул *куткарылууну эмгек сиңирип алуу* үчүн эмес, анткени Кудай «…силердеги тилекти да, аракетти да Өзүнүн жакшы ниети боюнча жаратат».[244] Алар момундук менен Кудайга баш ийгенде, Кудай аларга такыба өмүр сүрүү үчүн калоону (тилекти да) жана күчтү (аракетти да) берет.

Биз баш ийип жашаганда, Ыйык Рух биз Ыйсанын жашоосунан жана кызматынан көргөн сапаттарды бизде өстүрөт; биз Машайактын ой жүгүртүүсүнө өзүбүздүн аракетибиз менен эмес, баш ийүү аркылуу ээ болобуз.

Бул күнүмдүк баш ийүү болушу керек. Пабыл: «Кудайга денеңерди тирүү, ...курмандык катары бергиле»,[245] – деп чакырат. «Тирүү курмандык» өлүк эмес; ал жашоону улантат. Биз өзүбүздүн эркибизди Кудайдын эркине толугу менен баш ийдирген бир жолку баш ийүү бар, бирок ошол эле учурда биз күн сайын Анын эркине баш ийүүнү уланткан көптөгөн күнүмдүк чечимдерде Ага баш ийебиз.

Нэнси Ли ДеМосс баш ийүү жашоосун сүрөттөгөн.[246] Сиз аны окуганда өзүңүзгө мындай суроо бериңиз: «Мен бул тармакта күн сайын баш ийип жашап жатамбы? Мен жашоомдун ушул тармагында Машайактай ой жүгүртөмбү?»

- Сенин денең сындагысы келгенде, Рух: «Эч кимге жаман сөз айтпа»,[247]– дейт. Баш ийген адам: «Макул», – дейт.
- Сенин денең кыйынчылыктарга арыздангысы келгенде, Рух: «Бардыгы үчүн ыраазычылык билдиргиле»,[248]–дейт. Баш ийген жүрөк: «Макул», – дейт.

---

[242] Кол. 3:12.
[243] 1 Пет. 3:9.
[244] Фил. 2:12-13.
[245] Рим. 12:1.
[246] Из Nancy Leigh DeMoss*, Surrender* (Chicago: Moody Press, 2008), 223-224.
[247] Титу 3:2.

- Сенин денең акылсыз жетекчиликке карама-каршы чыкканда, Рух мындай дейт: «Ошентип, жогорку бийликте турган падышага болобу, күнөөкөрлөрдү жазалоо үчүн, жакшы иш кылгандарды сыйлоо үчүн, падыша тарабынан коюлган башкаруучуларга болобу, мамлекеттик бардык бийликке Теңир үчүн баш ийгиле».[249] Баш ийген жүрөк: «Макул», – дейт.

> *Ыйыктыктын сыры Ыйсадан үлгү алууда гана эмес, Ага менин жашоомдо Өзүн көрсөтүүгө жол берүүдө… Ыйыкталуу Машайактан ыйык болуу үчүн күч албайт; ал Машайакта көрүнгөн ыйыктыктан үйрөнөт*
> Освальд Чамберс

Биз баш ийгенде, Машайакта болгон ошол эле Рух бизде иш аракет кылат. Биз күнүмдүк жашообуздагы жана кызматыбыздагы көңүл калууларга жана шайтандын азгырыктарына Машайак сыяктуу туруштук берүү күчүнө жакшы ниетибиз аркылуу эмес, Рух аркылуу ээ болобуз.

► Жакынкы арада денелик каалоолор Кудайдын эркине каршы чыккан учурлар жөнүндө айтып бериңиз. Ушундай азгырыкка туш болгондо сиз күнүмдүк баш ийүүдө жашай алдыңызбы?  Азыркы учурда кайрадан Кудайдын эркине өзүңүздү тапшыруу керек болгондо, азгырыкка туш болосузбу? Бардык класс менен бирге бири-бириңер үчүн ушул нерселерге сыйынгыла.

## Жыйынтыктоо: Кудай Машайактыкындай сүйүү аркылуу иштейт

Мен бул сабактарды жазып баштаганда, кандайдыр бир тартынууну сездим. Теориялык жактан душмандарыбызды сүйүү керектигин билем, ошондой эле мен тынчсыз дүйнөдө жашап жатканыбызды билем. Бул сабактарды окуп жаткандардын арасында көп адамдар жыйынга бийлик, жалган окутуулар же коомдук кысым коркунуч туудурган абалда болушат. Мен душманыбызды сүйүү тууралуу жазып жатканда, өзүмө: «Биз душманыбызды сүйүү менен дүйнөнү өзгөртө алабыз деген акылга сыярлык нерсеби? Душмандар бизди жок кылууга умтулуп жатса, биз кантип аларды сүйө алабыз?» деген суроолорду бердим.

Бул сабактын үстүнөн иштеп жатканда, Багдадда жашаган машайакчы жөнүндө жаңылыктардын макаласын окудум.[250] Кабарчы аны менен сүйлөшүп жатканда ИГИЛдин аскерлери анын үйүнөн кырк мүнөттөй алыстыкта болчу. Кабарчы: «Силердин жыйын дагы деле табынуу үчүн чогулуп жатабы?» – деп сурады. Машайакчы: «Ооба! Мындан сырткары, биз эки жаңы сыйынуу тобун түздүк: бирөө түндүктө куугунтукталган бир туугандарыбыз үчүн, башкасы биздин душмандарыбызга сыйынуу үчүн», – деп жооп берди.

---

[248] 1 Фес. 5:18.
[249] 1 Пет. 2:13.
[250] Mindy Belz, "How Does the Church Move the World?" *World Magazine*, Май 27, 2017.

Багдаддагы жыйындын мүчөлөрү өзүнүн душмандары үчүн сыйынышат. Алар мусулман жесирлерине азык-түлүк таратышат. Алар душмандарын сүйүшөт, анткени Ыйсанын үлгүсүн жолдоого чакырылганын билет.

Бул макала мага жыйындын бүткүл тарыхында көрүнгөн чындыкты эстетти. Кудайдын жолу дайыма адамдыкына карама-каршы келет. Адам Айкаш жыгач жортуулдары аркылуу бир нерсеге жетүүгө аракет кылат; Кудай сексен эки жашында ислам дүйнөсүнө акыркы жолу миссионердик сапарында каза болгон Рэймонд Лал аркылуу иш аракет кылат. Адам аскердик күчкө таянат; Кудай кытайдын четиндеги айылдарга жакшы кабар айтуу үчүн өзүнүн өмүрүн арнаган Хадсон Тейлор аркылуу иштейт.

Кудайдын жолу адамдын жолуна эч качан окшобойт, бирок ал дайыма жеңиштүү. Биздин дүйнө биротоло өзгөрдү, анткени машайакчылар Ыйсадай сүйө алышат. Өзгөрүүлөр жай жана көп учурда жүрөктү оорутуучу болушу мүмкүн, бирок Кудай биздин күнөөгө жеңилген дүйнөдө Өзүнүн ишин ушундай жол менен кылат.

Ыйсадай кызмат кылуу, Ал сыяктуу сүйүшүбүздү талап кылат. Картайып калган жакшы кабарчыдан анын кызматынын сыры тууралуу сурашкан. Ал: «*Сен* адамдарды канчалык катуу сүйгөнүңдү көрүү аркылуу гана адамдар Кудай аларды аябай сүйөрүн биле алышат» деген. Бул адам Машайактын сүйүүсү биз аркылуу жаркыраганда, биз дүйнөнү Кудайга тартабыз деп түшүнгөн. Ыйсадай сүйүү деген мына ушул!

**7-Сабактын тапшырмасы**

Бул сабакта биз Ыйса кантип сүйүү көргөзгөнүн карап чыктык. Бул тапшырмада сиз жакыныңызга сүйүү көрсөтүүдө кандай ыкмаларды колдонуп, Анын үлгүсүн жолдой аларыңызды көрсөтүшүңүз керек. Бул тапшырманы аткаруу үчүн көп убакыт талап кылынбашы керек, бирок аны иш жүзүндө колдонуу – андан да көп убакытты алат! Аны аткарбай койбоңуз. Биз Машайак сүйгөндөй сүйүүгө чакырылганбыз.

1-колонкага Жакшы Кабарлардан Ыйсанын адамдарга карата сүйүүсүнүн так мисалын келтириңиз.

2-колонкага жашооңузда аны колдонуу тууралуу жазыңыз. Сиз Машайактын үлгүсүн кантип жолдойсуз? Бул сиз үчүн тапшырма; колдон келишинче так болуңуз.

| Ыйсанын үлгүсү | Менин жашоомдо колдонуу |
|---|---|
| 1. | |
| 2. | |
| 3. | |

# 8-сабак
# Айкаш жыгач жана тирилүү

### Сабактын максаттары

Бул сабактын акырында окуучулар төмөндөгүлөрдү кылышы керек:

1. Азаптуу жуманын убагында Ыйсанын кызматына карата кылынган ар түрдүү мамилени көрүү.

2. Анжыр дарагынын каргышын иш аракет кылып жаткан үлгү насаат аңгеме катары түшүнүү.

3. Петирди кулоого алып келген алсыздыкты көрүү.

4. Айкаш жыгачты жана тирилүүнү машайакчылык жашоонун жана кызматтын негизи катары баалоо.

*Кызматтын принциби*

*Таасирдүү кызмат айкаш жыгачка жана тирилүүгө негизделген.*

### Киришүү

Азаптуу жуманын окуясы Жакшы Кабарлардын кульминациясы болуп саналат. Жакшы Кабарлардагы сексен тогуз бөлүмдүн отузу Иерусалимге салтанаттуу кирүүсүнөн баштап, Машайактын тирилүүсү менен аяктаган жумага арналган. Жакандын Жакшы Кабарынын дээрлик жарымы ушул жумага арналган; бул Ыйсанын бүтүндөй жашоосунун жана кызматынын кульминациясы.  Бул сабакта биз жашообуз жана кызматыбыз үчүн пайда алуу максатында Ыйсанын жердеги кызматынын акыркы этабын изилдейбиз.

► Сабакты улантуудан мурун, эки суроону талкуулагыла:

1. Теологиялык көз караш менен караганда жана жеке мен үчүн айкаш жыгачка керүү кандай мааниге ээ?
2. Теологиялык көз караш менен караганда жана жеке мен үчүн тирилүү кандай мааниге ээ?

## Ыйсага карата реакция: Машайактын коомдук кызматынын акыркы жумасы

Жакшы кабарчылар негизинен Ыйса менен жоолуккандар Ага кандай реакция кылганына басым кылышкан. Мисалы, Машайактын төрөлүүсүн сүрөттөп жатып, Матай даанышмандардын табынуусун, анын ою боюнча өзүнүн бийлигине коркунуч туудурган падышаны өлтүрүүгө аракет кылган Ироддун реакциясы менен салыштырган; Жакан ар түрдүү адамдардын: Никедим, жүйүт раббиси, кудуктун жанындагы шектенген жана билимсиз самариялык аялдын реакцияларын карама-каршы келтирген.

► Матай 10:32-39ду окугула.

Ыйсанын кабарына карата эч ким бейтарап болуп кала албайт; биз Анын билдирүүлөрүн же кабыл алабыз, же четке кагабыз. Машайак Өзүнүн кызматын ушул эки топтогу адамдардын ортосундагы кылыч катары сүрөттөгөн. Үй-бүлөдөгүлөр өздөрүнүн тандоосуна жараша бөлүнүшкөн; а түгүл Машайактын жердеги үй-бүлөсү да ушул сыноого туш болгон.[251] Эч ким кайдыгер кала алган эмес.

Машайакка карата талаштуу реакциялар Анын акыркы жумадагы коомдук кызматынын учурунда ого бетер курчуйт. Бул карама-каршылыкты айкаш жыгач өзү улантат, анда эки каракчы Ыйсага карата эки башка реакция көрсөтөт.

- Лазарды тирилтүүгө карата реакция.

► Жакан 11:1-57ни окугула.

Лазарды тирилтүүгө чейин эле диний жетекчилер Ыйсага каршы чыгышкан. Машайак Иерусалимге келгенде ыйыктоо майрамы болуп жаткан, Кыш мезгили эле. Ыйса ийбадатканага келгенде еврей жетекчилери Аны акарат келтирди деп, таш баранга алууга аракет кылышкан. Ыйсанын курмандык алып келүүчү убагы келе элек болгондуктан Ыйса ал жерден кетип калып Иордан аркылуу Иерусалимдин диний борборунан алысыраак тарапка жол тарткан.[252]

Лазардын өлүмү тууралуу кабар келгенде жана Жүйүт жерине кайтып баруу чечими чыгарылганда, шакирттер Ыйса үчүн бул коркунучтуу экенин жакшы түшүнүшкөн. Окурмандар көп учурда Томастын шектенүүсүн жана ишенбестигин шылдыңдаган, бирок мен анын Устатына берилгендигине аябай таң калдым. Ал Ыйса Жүйүт жеринде өлүмгө дуушар болорун болжолдойт (туура кылат), бирок ишенимдүү бойдон калат. Машайак кайтып барууну талап кылганда, Томас шериктерине: «Жүргүлө, биз да аны менен бирге өлөлү», – деп айтат. Томас Машайактын тирилүүсүнөн кийин шектенгени үчүн эле биз бул коркогураак шакирттин берилгендиги тууралуу унутпашыбыз керек. Томас Индияда жакшы кабар таратып жүрүп азап чегип өлгөнү тууралуу факт сизди

---

[251] Мат. 13:53-58.
[252] Жакан 10:22-42.

таң калтырабы?

Бетания сыяктуу кичинекей кыштакта Лазардын тирилүүсү тууралуу окуя жашыруун калмак эмес. Диний жетекчилердин мындай таасирдүү окуяны жашырууга мүмкүнчүлүгү жок болчу. Жакан бул кереметке карата ар түрдүү реакцияны сүрөттөйт.

- Калың элдин реакциясы.

Лазардын тирилүүсү тууралуу жаңылык тараары менен, эл Ыйса Рим бийлигин кулатып, Дөөттүн Иерусалимдеги тактысын калыбына келтирээрине ынанышкан. Алар Ыйса убадаланган Машайак экенине ишенишкен. «Мариямга келген жүйүттөрдүн көпчүлүгү Ыйсанын кылган ишин көрүшкөндө, Ага ишенип калышты».[253] Машайакка ушунчалык көп адамдар ишенип калгандыктан, фарисейлер: «…Бүт дүйнө анын артынан ээрчип кетти!» деген.[254] Бул окуя Ыйса Иерусалимге кодикти минип киргенде калың элди шыктандырган.

- Диний жетекчилердин реакциясы.

Лазардын тирилүүсү диний жетекчилердин Ыйсанын Машайакмын деген билдирүүлөрүн четке кагуу аракеттеринин баарын жок кылган. Ыйсанын артынан ээрчигендерди көрүп диний жетекчилер эки ыкманы гана колдоно алышкан:

1. Ыйса Өзүн Ким деп атаса Ошол экенин моюнга алуу; бирок бул алардын бийликке болгон дооматынан баш тартууну талап кылат. Машайак алардын эки жүздүү жүрүм-турумун айыптаган. Ыйсаны Машайак деп таануу менен алар жүйүт элинин жетекчилери катары өздөрүнүн ордун жоготмок.

2. Машайакты камакка алуу жана өлтүрүү. Алар Ыйсаны Машайак катары кабыл алуудан баш тартса, Аны өлтүрүшү керек болгон.

Диний жетекчилер Ыйсаны өлтүрүүнү эл үчүн эң жакшы чечим катары жакташкан. Бүткүл тарыхтагы алсыз жетекчилер сыяктуу эле алар өздөрүнүн чечимин актоого аракет кылышкан. «Эмне кылсак? Бул Адам көптөгөн кереметтерди көрсөтүп жатат. Эгерде Аны ушу бойдон тим койсок, баары Ага ишенип калат. Анан римдиктер келип, жерибизди да, элибизди да басып алышат».[255] Алар Ыйса Римге каршы төңкөрүш жасайт деп коркушкан. Алар Анын падышалыгы рухий экенин түшүнүшкөн эмес.

«Жерибизди» деген кыязы ийбадатканага тиешелүү, ал эми «элибизди» деген — Рим Жүйүт жерине калтырган эркиндикке тиешелүү.[256] Жүйүт жери Римдин көзөмөлүндө

---

[253] Жакан 11:45, 12:11.
[254] Жакан 12:19.
[255] Жакан 11:47-48.
[256] Элчилердин иштери 6:13 жана 21:28ди карагыла.

болсо да, жүйүттөргө ийбадатканада табынууга, диний мыйзамдарды сактоого жана синедрион аркылуу кандайдыр бир деңгээлде жарандык башкарууга уруксат берилген. Рим козголоңду басса алар ушунун баарынан айрылмак.

Кайапа синедрионду элдин баары азап чеккенге караганда бир адамдын өлгөнү жакшы экенине ынандырат.[257] Таң калыштуусу, Ыйса айкаш жыгачка керилгенден кийин синедрион чочулаган нерселер аткарылган.  Машайак өлгөндөн кырк жыл өткөндөн кийин римдиктер ийбадатмананы талкалап, еврей элинин укуктарын тартып алган жана Кайапа качып кутулууга умтулган бардык нерселерди кылып жүйүттөрдүн козголоңун басышкан.

Диний жетекчилер бардык күбөлүктөрдү жок кылбай туруп, бул кереметти жашыра алган эмес, ошондуктан элди коргоо үчүн синедрион Ыйсаны да, Лазарды да өлтүрүүнү чечишкен.[258] Кереметтер ишенбегендерди сөзсүз эле ынандырбайт. Биз көп учурда: «Кудай Өзүн керемет аркылуу «көрсөтүп» койсо эле, баары ишенип калат эле», — деп ойлойбуз, бирок керемет сынчыл адамдын ишенбестигин тескерисинче бекемдеп гана коюшу мүмкүн.

Бай адам жана Лазар тууралуу окуяда (бул Ыйса тирилткен Лазар эмес), бай адам Ыбрайымга кайрылып бир туугандарына эскертүү берүү үчүн Лазарды жиберүүнү жалынып суранат. Ыбрайым: «Эгерде Муса менен пайгамбарлардын айтканын угушпаса, анда алар өлгөндөрдөн бирөө тирилип барса да ишенишпейт»,[259]– деп жооп берген. Жазуу өзү чындыкка жетиштүү далил боло алат. Биз Кудайдын Сөзүн четке какканда, башка далилдер бизди ынандыра албайт.

➨ Ыйсага карата реакция: Мариям.

► Матай 26:6-13 жана Жакан 12:1-11ди окугула.

Ыйса жерде кызмат кылган кезде Лазар менен Мартанын бир тууганы Мариям Анын эң берилген жолдоочуларынын бири болгон. Мындан мурунку окуяда Марта кызмат кылып жүрсө, Мариям Ыйсаны угуп отурганына арызданган; анда Машайак: «…Мариям жакшысын тандап алды, муну андан эч ким тартып ала албайт»,[260] – деп Мариямды мактаган.

Айкаш жыгачта өлөрүнө бир жумадан аз убакыт калганда Ыйса Өзүнүн шакирттери менен пес оорулуу Шымондун үйүнө барган. Ал жакка Лазар жана анын бир туугандары да чогуу чакырылган. Тамактануу учурунда Мариям Ыйсанын башына жана бутуна кымбат мира майын төккөн. Ал май 300 динарий турган; бул болжол

---

[257] Жакан  11:49-50.
[258] Жакан  11:53, 12:10.
[259] Лука  16:31.
[260] Лука  10:42.

менен бир жылдык айлык акы болгон. Банктар жок болгон ал күндөрдө, бул анын болгон аманаты болсо керек.

Шакирттер ысырапкорчулукка ачууланышкан[261], бирок Мариямды жалгыз бир адамдын – Ыйсанын ою гана тынчсыздандырган. Ал өзүн сокур кылып койгон сүйүүнүн айынан ушундай кылган (башкалардын ою ушундай болгон). Ал майдын канча турганына жана башкалардын эмне деп ойлогонуна маани берген эмес; ал Устатына табынып жаткан, башка нерселер маанилүү эмес болчу.

Шакирттер Мариямдын кылганына каршы чыкканда, Ыйса аны коргоп: «Аны жайына койгула... Ал Мен үчүн жакшы иш кылды»[262]деген. Айкаш жыгачка бир нече күн гана калганын билип, Ыйса Мариямдын символун түшүнгөн. Мариям «Мени көргө коюуга даярдаш үчүн, алдын ала денемди майлады». Ыйса сүйүү менен жана жан аябастык менен табынып, колунда болгондун баарын бере алган бул аялга урмат көрсөткөн.

Биз Ыйсаны майлаган Мариям тууралуу окуганда: «Мен Машайакты канчалык сүйөм? Мени эмне көбүрөөк тынчсыздандырат: Анын оюбу же башкалардын пикириби?» деген суроолорду беришибиз керек. Мариям Ыйсаны чын жүрөктөн сүйгөн.

- Ыйсага карата реакция: салтанаттуу кирүү.

► Матай 21:1-11 жана Жакан 12:12-19ду окугула.

Жекшемби күнү Ыйса салтанаттуу түрдө Иерусалимге кодик минип кирген. Кадимки күнү бул окуяда адаттан тыш эч нерсе болмок эмес; галилеялык устат шакирттеринин чакан тобу менен Пасах майрамына карата Иерусалимге бараткан. Бирок бул өзгөчө убакыт болгон: Лазардын тирилүүсү бул пасахтык жүрүштү диний жана саясий кыймылга айланткан.

Матай Ыйсанын Иерусалимге кирүүсүнүн диний кесепеттерине жана Захариянын пайгамбарлыктарына басым кылат. Калың эл айткан сөздөр Иерусалимге салтанаттуу жүрүштү сүрөттөгөн Пасах забуру – Забур 117ден алынган.[263]

Бул жүрүш саясий саясий кесепеттер менен коштолгон:

- Көп эл чапандарын жолго салышкан, бул падышага баш ийүүнү билдирген.[264]
- Маккавейлердин мезгилинен баштап, пальма бутактары салгылашта душмандарды жеңүүнүн символу болгон.[265]

---

[261] Мат. 26:8; Марк 14:5.
[262] Марк 14:6.
[263] Мат. 21:4-11; Зах. 9:9; Заб.117:26.
[264] Мат. 21:8; 2 Пад. 9:13.
[265] Жакан 12:13; 1 Маккавей китеби 13:51.

- «Осанна!» деген сөз «бизди куткар» дегенди билдирет; бул боштондук тууралуу кыйкырык.
- «Дөөттүн уулу» — падышалык жана Машайактык наам болгон.

Адамдар Ыйса Иерусалимге Римди кулатып, Өзүнүн падышалыгын орнотуу үчүн киргенине ишенишкен.  Дөөт падышаны көпкө күтүү убактысы бүттү; пайгамбарлар аркылуу берилген убадалар жакында ишке ашат!

Бир нече күндөн кийин бул адамдардын көбү: «Аны айкаш жыгачка када!» – деп кыйкырышкан. Эмне үчүн? Анткени алар өздөрүнүн жеке себептери менен Ыйсаны кубанып тосуп алышкан. Алар Машайак Римди кулатарын күтүшкөн, бирок Машайак аскердик козголоң көтөрүүгө аракет кылган эмес; алар саясий орногон Падышалыкты күтүшкөн, бирок Ал руханий Падышалыкты алып келген. Көңүлү калган калың эл көп өтпөй каарын Ыйсага каршы бурган.

Саясий таасирдүү ишмерлер жана коомдук ак сөөк адамдар – синедриондун мүчөлөрү Ыйсаны өлтүрүүгө чечим чыгарып коюшкан; бийликке ээ болбогон жүйүттөр Андан кийинчерээк баш тартышат. Эмне боловун билген Ыйса Өзүн четке каккан шаардын тагдыры тууралуу ыйлаган.[266] Биз бул окуяны «салтанаттуу кирүү» деп атайбыз; Ыйса бул айкаш жыгачка жол экенин билген. Калың эл Забур 117:26нын: «Теңирдин атынан келе жаткан бактылуу! Силерге Теңирдин үйүнөн бата беребиз» деген сөздөрүн келтиришкен. — Ыйса забурдун: «…Курмандыкты курмандык чалынуучу жайдын мүйүзүнө байлагыла»[267]деген кийинки аятын билген. Ыйса көп өтпөй «курмандык чалынуучу жайга» – рим айкаш жыгачына байлана турган курмандык катары Иерусалимге кирген.

[266] Лука 19:41-44.
[267] Заб. 117:27.

***Тагыраак карайбыз…***

***Анжыр дарагынын каргышы***

► Марк 11:12-25ти окугула.

Синоптикалык Жакшы Кабардын ар бири Ыйсанын коомдук кызматынын акыркы жумасында Ыйса мөмөсү жок анжыр дарагын каргаган окуяны камтыйт. Машайак Бетанияда жүрүп Иерусалимге келгенден кийин анжыр дарагын дүйшөмбү күнү каргаган.  Шейшемби күнү шакирттер дарактын жыйырма төрт сааттын ичинде куурап калганын көрүштү.

Бирок «мөмө жыйнай турган убакыт келе элек» болчу (Марка 11:13), жалбырактар даракта жашыл анжыр мөмөлөрдүн болуусун билдирген. Анжыр дарагынын мөмөлөрү жалбырактардан көп өтпөй пайда болгон. Даракта жалбырактар болуп туруп, жашыл мөмөлөрдүн жок болгону бул жылы дарак мөмө байлабаарын билдирген.

Бул окуя Кудай элинин мөмө алып келүүгө жөндөмсүздүгү тууралуу «иштеги үлгү насаат аңгеме»[268] Кудай Ысрайыл аркылуу башка элдерге бата берүү үчүн аны тандап алган;[269] анын ордуна ал Яхвенин ысымын уятка калтырган.

Ийбадаткана «бардык элдер үчүн»[270] сыйынуу орду болушу керек эле, бирок ал бийликке ээ болгон ыйык кызмат кылуучулар жакырларды алдаган «каракчылардын уюгу» болуп калган.

Анжыр дарагы мөмөсүз болчу; Ысрайыл мөмө алып келүүгө жөндөмсүз болгон; анжыр дарагы четке кагылган; Ысрайыл да ошондой тагдырга туш болмок.

Анжыр дарагы — Ыйсанын коомдук кызматынын акыркы күндөрүндөгү сот кабарларынын топтому:

1. Мөмөсүз анжыр дарагы жөнүндө көрсөтмө үлгү насаат аңгеме (Марк 11:12-14, 20-25).

2. Ийбадатকананы тазалоо (Марк 11:15-19).

3. Ишенимсиз жумушчулар тууралуу үлгү насаат аңгеме (Марк 12:1-12).

4. Диний жетекчилер менен талкуулоолор (Марка 12:13-40).

5. Ийбадаткананын талкалануусу тууралуу алдын ала айтуу (Марка 13:1-37).

[268] Байыркы Келишимде анжыр дарагы көп учурда Ысрайылдын символу болгон (мисалы, Жер.  8:13; Ош. 9:10; Жоел 1:7).
[269] Башт.   12:3.
[270] Ыш. 56:7.

➡ Ыйсага карата реакция: диний жетекчилер.

► Матай 21:23-22:46ны окугула.

Лазар тирилгенден кийин диний жетекчилер Ыйсаны өлтүрүүгө чечим чыгарышкан, бирок карапайым элдин арасында Анын белгилүү болгону жагдайды татаалдаштырган. Алар калың элдин алдында Ыйсаны каралоонун жолдорун издеген. Ыйса Иерусалимге салтанаттуу түрдө киргенден кийин диний жетекчилер ийбадатканада башаламандык уюштурушкан. Алар Ыйсаны сөздөн кармоого аракет кылышкан, бирок кайра-кайра ийгиликке жете алышкан эмес: адамдар Машайак акылдмандуулугу жана курч акылы менен диний жетекчилерди дайыма жеңип чыкканын көрүшкөн.

Алгач «ыйык кызмат кылуучулар жана аксакалдар» анын ийбадаткананы тазалоо жана элди окутуу бийлигине шек келтиришкен; Ыйса аларга Жакан тууралуу суроо менен жооп берип, аларды тузакка түшүргөн.

Андан кийин Машайак диний жетекчилерди айыптаган үч үлгү насаат аңгеме айтып берген.  Эки уул жөнүндө үлгү насаат аңгеме Кудай Падышалыгында мамилелер сөз менен гана эмес, баш ийүү менен далилденерин көрсөткөн; абийирсиз жумушчулар жөнүндө үлгү насаат аңгеме Ыйсадан Машайак катары баш тартуу кандай кесепеттерге алып келерин көрсөтөт жана акыры той жөнүндө аңгеме үлгү насаат аңгеме майрамга чакырылган диний жетекчилер аларга караганда татыксыз сезилген, бирок келип берүүгө макул болгондор менен алмаштырылып четке кагылганын билдирген.

Ыйсаны каралоого чечим чыгарып, диний жетекчилер Аны тузакка түшүрүү үчүн бир нече суроо берген. Алардын максаты чындыкты тактоо эмес, Аны жок кылуу болгон, ошол себептен Машайак алардын ар бир суроосун четке каккан.

Ыйсаны сөздөн кармай албай жетекчилер жеңилип калышкан. Матай бул бөлүмдө алардын аракеттери кандай натыйжасыз жана ийгиликсиз болгонун көрсөтүп бүтүрөт: «Ошондо эч ким жооп бере алган жок. Ошол күндөн тартып, эч ким Ага суроо берүүгө даабай калды».[271] Марк бул кармашууга көз салып турган жөнөкөй адамдардын кубанычын белгилейт: «Ошондо көп эл Аны берилүү менен укту».[272]

► Койчуман же машайакчы жетекчи катары сиз көп учурда татаал суроолорго туш болосуз. Сиз чын ниети менен кызыккандарды жана сизди тузакка түшүрүүгө аракет кылгандарды кантип айырмалай аласыз? Бул суроолордун эки түрүнө жоопторуңуз кандайча айырмаланышы керек? (Мисал, 26:4-5теги үлгү насаат аңгеме)

---

[271] Мат. 22:46.
[272] Марк  12:37.

## Сот жана айкаш жыгачка керүү

► 1 Корунттуктарга 15:1-8ди окугула.

Ыйса көтөрүлүп кеткенден жыйырма жыл өткөндөн кийин Пабыл Корунтта жыйын негиздеген. Ал коомдун ар түрдүү катмарларындагы ишенүүчүлөрдөн турган. Жыйын жүйүт жазууларын билген жүйүттөрдөн жана чыныгы Кудай жөнүндө эч нерсе билбеген бутпарастардан турган.

Корунттагы жамаат карама-каршылыктардын айынан талкаланып жаткан; ошондой эле ага жалган окутуулар коркунуч туудурган. Бул көйгөйлөргө кайрылып, Пабыл кайсы бир убакта алгач жарыялаган кабарын  Корунттуктардын эсине салат. Бутпарас шаарда элчинин алгачкы каттары төрт тарыхый окуяга арналган:

- Машайак биздин күнөөлөр үчүн өлгөн.
- Ал көргө коюлган.
- Ал үчүнчү күнү тирилген.
- Ал эл алдында Кейфага, Он экиге, бир учурда беш жүз бир тууганга, Жакыпка, бардык элчилерге жана акыры Пабылга көрүнгөн.

Корунттагы Пабылдын кабарынын биринчи бөлүгү айкаш жыгач жөнүндө болгон: «Машайак биздин күнөөлөр үчүн өлдү». Айкаш жыгач жөнүндө кабар машайакчылык жашоонун негизги элементи болуп саналат.

Байыркы Келишимде курмандыкка козу алып келингенде, аны алып келген адам өзүн курмандык катары өлүмү менен бириктирүү үчүн козунун башына колун койгон.  Ошентип, ал: «Бул козу менин ордума өлүп жатат. Мен күнөөм үчүн өлүмгө татыктуумун», – деп айткан. Так эле ушундай түрдө биз да өлүмгө татыктуубуз,

*Ал жазаланды беле? Биз Анын жараттары аркылуу айыга алышыбыз үчүн ушундай болду.*

*Ал айыпсыз болсо да айыпталдыбы? Биз айыптуу болсок да, актала алышыбыз үчүн ушундай болду.*

*Ал тикенден таажы кийдиби? Биз даңктын таажысын кийе алышыбыз үчүн ушундай болду.*

*Анын кийимин чечип алыштыбы? Биз түбөлүктүү адилдикти кийе алышыбыз үчүн ушундай болду.*

*Аны шылдыңдап, Ага тил тийгизиштиби? Биз урматка жана батага ээ боло алышыбыз үчүн ушундай болду.*

*Аны кара ниет деп эсептешкенби жана Ал кылмышкерлердин арасында болгонбу? Биз айыпсыз эсептелип, бардык күнөөлөрдөн акталышыбыз үчүн ушундай болду.*

*Ал Өзүн куткара албайт деп жарыялашканбы?Ал башкаларды толук куткарып ала алыш үчүн ушундай болгон.*

*Ал эң азаптуу жана эң уяттуу өлүм менен өлгөнбү? Биз түбөлүк өмүр сүрүп, жогорку даңктын үлүштөшү болушубуз үчүн ушундай болгон.  - Жыйындардын башчысы Райл*

бирок Машайак биз үчүн өлгөн. Биз өлүмгө татыктуу элек, бирок биз өмүр сүрө алышыбыз үчүн Ал өлгөн.

- Камакка алуу.

► Матай 26:1-5, 14-56ны окугула.

Азаптуу жуманын үчүнчү күнү Ыйса «эки күндөн кийин» өлүмгө дуушар болорун айткан. Синедрион Пасах майрамына Иерусалимге келген калың эл шаардан чыгып кеткенден кийин Ыйсаны камакка алууну чечишкен, бул окуя Ыйсанын сөздөрүнөн кийин, жок эле дегенде, тогуз күндөн кийин ишке ашышы керек эле, бирок Жүйүт Устатына чыккынчылык кылууну сунуштаган, ошондо алар Ыйсанын жолдоочуларынын бири кызматташууга даяр болуп турганда, Аны камакка алууну чечишкен.

Ыйык кызмат кылуучуга Жүйүттүн эмне кереги бар эле? Алар Ыйсанын ким экенин, Аны кайдан тапса болорун билишкен; Ал күн сайын ийбадатканада окуткан. Жүйүттүн негизги ролу Ыйсаны камакка ала турган аскерлерге Аны көрсөтүп берүү болгон; ал Машайакка каршы сотто негизги күбө болушу керек эле. Римдик укук ар бир оор кылмыш үчүн күбөнүн катышуусун талап кылган. Ыйсага чыккынчылык кылуу менен Жүйүт күбө болууга макулдугун берген. Ыйса камакка алынгандан кийин ал кылганына өкүнгөн, ошентип еврей жетекчилери Машайакка каршы эң күчтүү күбөлүгүнөн айрылып калышкан.[273]

Пасах тамагын шакирттери менен бөлүшкөндөн кийин Ыйса Гетсемания багына сыйынуу үчүн барган. Айкаш жыгачтагы денелик азаптардын жана Атасынан айрылгандагы руханий азаптын алдында Ыйса: «Ата! Мүмкүн болсо, ушул чөйчөк Менин жанымдан кыя өтүп кетсинчи. Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун», – деп сыйынган. Ушундай оор сыноодо да Ыйса Атасынын эркине баш ийген.

> *Ыйса Өзүнүн кудайлыгында адамдык азаптардан жеңилдикти издеген эмес, Ал сыйынууга баш калкалаган.*
>
> Т.Б. Килпатриктин чыгармаларынан

Кийинчирээк кечинде Жүйүт Ыйсаны камакка алуу үчүн «аскер тобу» менен бирге келген.[274] Жүйүт Ыйсаны өбүү менен Аны көрсөткөндөн кийин, Машайак аскерлерге кайрылган. «Ыйса аларга: «Менмин», – деди. Чыккынчы Жүйүт да алар менен турган эле».[275] Аскерлердин бул чоң тобу өлүмдүн үстүнөн бийликке ээ болгон адамдан коркушкан. Жагдайды Ыйсанын душмандары эмес, Ыйса Өзү көзөмөлдөп турган. XIX кылымдын насаатчысы Октавий Уинслоу: «Ыйсаны өлүмгө ким салып берген? Жүйүт акчага салып берген эмес. Пилат корккондон салып берген эмес. Еврейлер ичи күйгөндөн салып берген эмес. Аны Атасы өлүмгө салып

[273] Мат. 27:3-4, Марк 14:55-56.
[274] Жакан 18:3 аскерлер тууралуу «топ аскер» деп жазылган. Римдик аскер тобу адатта 600 эркектен турган.
[275] Жакан 18:6.

берген, Ал сүйүүнүн айынан ушундай кылган!»[276]– деп жазат.

- Сот.

► Матай 26:57-27:26; Лука 22:54-23:25; Жакан 18:12-19:16ны окугула

Ыйсанын үстүнөн жүйүт жана рим соту жүргүзүлгөн. Байыркы укуктук системада жүйүт мыйзамы баарынан адамгерчиликтүү болгон; ал өмүрдү сактап калуу үчүн бардыгын кылган. Рим мыйзамы өзүнүн катаал эрежелери жана жашоонун бардык тармактарына комплекстүү мамилесин көрсөткөнү менен белгилүү болгон. Бул байыркы дүйнөдөгү эң жакшы эки укуктук система болгон, бирок алар күнөөкөр адамдарга Кудайдын Уулун өлтүрүүгө жолтоо боло алган эмес.

Ыйса камакка алынгандан бир нече саат өткөндөн кийин алты сот отурумуна же соттогон топко туш болгон. Бул жүйүт диний отурумдары да, римдик жарандык отурумдар да болгон. Тарыхчылар еврей соттук отуруму еврей мыйзамына ылайык мыйзамды бузганын далилдеп чыгышкан. Синедрион Ыйсаны айыптоого шашып:

- Сот отуруму түндө өткөрүлгөн (бул мыйзамсыз болгон).
- Ыйсаны камакка алуу үчүн расмий айыптоолорду жарыялаган эмес (бул мыйзамсыз болгон).
- Машайакка Өзүн коргоо үчүн күбөлөрдү чакырууга уруксат берген эмес (бул мыйзамсыз болгон).
- Шашылыш сот отуруму еврей мыйзамы жол бергенден эрте аяктаган (бул мыйзамсыз болгон).

Таң калыштуусу, алар Ыйсаны айкаш жыгачка керип жана Анын денесин Пасахка чейин алып салуу үчүн бардыгын ушундай кылган. Алар убакыт тартиби боюнча пасах козусун кечикпей жей алыш үчүн Кудайдын Козусун өлтүрүшкөн!

- Сот отурумдарынын ирееттүүлүгү.

1. *Аннаныкындагы жүйүт сот отуруму* (*Жакан 18:12-14, 19-23).*

Анна өмүр бою дин кызматчы болуп дайындалган. Римдиктер анын ордун күйөө баласы Кайапа менен алмаштыргандан кийин да, жүйүттөрдүн көпчүлүгү Аннаны «Ыйык кызмат кылуучу» деген наам менен аташкан. Аннанын алдында биринчи сот отуруму расмий эмес болгон; ага айыптоочулар же күбөлөр катышкан эмес.

2. *Синедрион алдында жүйүт сот отуруму (Мат. 26:57-68).*

Синедриондун толук чогулушунун алдында биринчи отурум түнкү саат экиде мүмкүн болгон. Алар мыйзамдуу сот отурумдарын таң аткыча өткөргөнгө болбосо да, еврей

[276] John Stott, *The Message of Romans* чыгармасынан алынган (Westmont, Illinois: InterVarsity Press, 1994), 255.

жетекчилери ишти тезирээк бүтүргүлөрү келген. Түнкү расмий сот мыйзамсыз болгон, бирок синедрион расмий эмес отурум өткөргөн, анда Ыйса Кудайга акарат келтиргени үчүн айыпталган жана өлүм жазасына татыктуу деген өкүм чыгарылган.

3. *Синедрион алдында расмий сот отуруму (Лука 22:66-71).*

«Эртең менен» синедрион расмий сот отурумун өткөргөн. Бул сот отурумунда синедрион Ыйсаны расмий түрдө Кудайга акарат келтирди деп айыптаган.

4. *Пилаттын алдынды биринчи римдик сот отуруму (Лука 23:1-5; Жакан 18:28-38).*

Рим синедрионго кылмышкерлерге өлүм жазасын чыгаруу укугун берген эмес;[277] Пилаттан өлүм жазасына уруксат алуу үчүн жүйүттөр акарат келтирүү боюнча диний айыптоолорду козголоң чыгарууга чакыруу боюнча саясий айыптоого алмаштырышкан. Алар Ыйсаны «Биз бул Адамдын элибизди бузуп жатканын көрдүк. Падышага салык төлөөгө тыюу салып, Өзүн "Машайак, Падышамын" деп жүрөт» деген сөздөр менен айыпташкан.

Пасахты майрамдоо убагында жүйүт эле булганып калуудан чочулап римдик имараттардын бирине да кирген эмес, анткени булганган адам пасах тамагынан даам татый албайт эле. Мындай болбошу үчүн Пилат сот отурумун сарайдын сыртындагы короодо өткөргөн.

5. *Ирод Антипанын алдында римдик соту отуруму (Лука 23:6-12).*

Пилат Ыйса айыпсыз экенин билген, бирок ал еврей жетекчилерин ачуулантксысы келген эмес. Ал Ыйса «Галилеядан баштап ушул жерге чейин, бүт Жүйүт аймагында Өзүнүн окутуусун таратып, элге дүрбөлөң түшүрүп жүрөт» дегенди укканда, өзү үчүн чечүүгө кыйын болуп турган маселенин жообун алган. Галилеяны башкарган Ирод Антипа Иерусалимде болчу.[278] Ыйса Галилеядан болгондуктан Пилат Ирод бул учур үчүн сот болуп берерине үмүттөнгөн. Пилат Ыйсаны Иродго жиберген, бирок Ирод киришүүдөн баш тарткан.

6. *Пилаттын алдында акыркы римдик сот отуруму (Мат. 27:15-26; Лука 23:13-25; Жакан 18:39-19:16).*

Ыйса Ироддун сотунан кийин кайтып келгенде, Пилат башка чечим издей баштаган; ал Ыйса айыпсыз экенин билген: «Силер бул Адамды мага элди бузуучу катары алып келгенсиңер. Бирок мен силердин алдыңарда тергөө жүргүзүп, Андан силер койгон айыптардын эч бирин тапкан жокмун».[279] Пилат Ыйсаны – айыпсыз адамды – айыптагысы келген эмес.

---

[277] Жакан 18:31.
[278] Пасах жумасында Палестинадагы ар бир римдик төрө козголоң чыкса жардам берүү үчүн Иерусалимге келчү.
[279] Лука 23:14.

Жетекчилер Пилаттын ишенимдүү эмес экенин Рим императоруна жеткиребиз дегенде, Пилат алардын талаптарына баш ийген. Мындан бир аз мурунку келишпестикте Пилат аскерлерге Иерусалимге императордун сүрөтүн көтөрүп кирүүгө уруксат берген. Калың эл Пилаттын сарайынын алдында беш күн бою наразычылыгын көрсөтүшкөн. Ал козголоң чыгаруучуларды өлтүрөбүз деп коркутканда, алар Ыйык шаарда Кесардын сүрөтүнө чыдагандан көрө өлгөнү артык экенин айтышкан. Пилат чегинүүгө аргасыз болгон.

Ушундай тажрыйбадан өткөндөн кийин ал жүйүт элинен коркуп калган. Мындан сырткары анын Римдеги аскер башчысы Сеян, прокуратордун Жүйүт жерин көзөмөлдөө жөндөмүнө ишенген эмес. Жетекчилер Пилат Ыйсаны бошотсо, Кесарга арызданарын айтканда Пилат «Ыйсаны айкаш жыгачка кадатуу үчүн» [280] алардын колуна салып берген. Римдин өкүлү Машайакты айыптуу деп эсептегени үчүн эмес, өзүнүн алсыздыгы үчүн өлүмгө айыптаган.

- Ыйса соттолгон убакта Петирдин Андан баш тартуусу.

Кечинде Пасах тамагынын убагында Ыйса Петирге: «…короз кыйкырганга чейин, сен Менден үч жолу баш тартасың»[281]деген; Ыйса соттолуп жатканда Петир Андан үч жолу баш тарткан.

Петирдин уят болуп жыгылганы жөнүндө окуганда, ошол түнү Ыйсаны ал гана жалгыз уят кылбаганын эске алуу маанилүү. Сотко Петир менен Жакан гана катышкан; калгандары корккону нан качып кетишкен.

Петир Ыйсаны сүйгөнү анык. Анда эмнеге ал жыгылды? Мындан мурун биз азгырыктарга туш болгондо кандай иш аракет кылуу керектигин билүү үчүн Ыйса азгырыктардан кантип өткөнүн изилдегенбиз. Петирдин жыгылганынан биз азгырыкка туш болгондо жардам берген эскертүүлөрдү көрөбүз. Петирдин жыгылуусуна анын мүнөзүнүн кеминде эки сапаты себеп болгон.

- **(1) Өзүнө ашыкча таянуу**.
- Ыйса шайтандын кол салуулары тууралуу эскерткенде, Петир: «Баары Сенден шектенишсе да, Мен эч качан шектенбейм» [282], – деп мактанган. Биз өзүбүзгө өтө ишенип алганда, жыгылууга жакын болобуз. Биз Рухтун күчү менен *гана* машайакчылык жеңиштүү өмүр сүрө алабыз. Өзүбүзгө ашыкча ишенүү — руханий ийгиликсиздикке биринчи кадам.
- **(2) Сыйынуунун жоктугу.**
- Гетсемания багында Ыйса шакирттерине: «…Азгырылып кетпеш үчүн

[280] Жакан 19:16.
[281] Жакан 13:38.
[282] Мат. 26:35.

сыйынгыла»[283]деген; алдыда боло турган сыноонун алдында сыйынуунун ордуна Петир уктап жаткан.

Сыйынуунун жоктугу сөзсүз руханий ийгиликсиздикке алып келет. Сыйынуу жашоосу болбосо, машайакчылык жеңиштүү өмүр сүрүү мүмкүн эмес. Шайтан машайакчы жумушчуларды сыйынууга убакыты жок болушу үчүн ар түрдүү иштерге тартканга аракет кылат. Ал сыйынуу үчүн өтө бош эмес болсок, жакында жыгыларыбызды билет.

► Машайакчылык жашооңузду жана кызматыңызды карап чыгыңыз. Жашооңуздун азгырыкка туш болгон же жыгылууга жакын болгон тармактары жөнүндө ойлонуп көрүңүз. Буга кандай факторлор себепкер болгон? Кызматыңызда сизди өзүңүзгө ашыкча ишенүүгө алып келген ийгиликтер болду беле? Сиз өтө бош эмес болгондуктан сыйынууда жетиштүү убакыт өткөрбөгөн учурлар болду беле? Келечекке эскертүү белгиси катары кызмат кылган дагы башка факторлор барбы?

- Сот отуруму болуп жаткан учурда Жүйүттүн өзүн-өзү өлтүрүүсү.

Матай Петирдин баш тартуусу тууралуу окуяны айтып бергенден кийин дароо Жүйүттүн өзүн-өзү өлтүргөнү тууралуу жазат.  Жү       йүт чыккынчылыгынын натыйжаларын көрүп оюн өзгөрткөн жана отуз күмүш тыйынды ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдарга алып келип: «Күнөөсүз кандын төгүлүшүнө себепкер болуп, күнөө кетирдим»[284] деген. Жүйүт чыккынчылык кылганы үчүн төлөнгөн күмүштү кайтарып берип, «ал жерден чыкты да, барып, асынып өлдү».[285] Ал айыпка толгон жашоого караганда, өзүн-өзү өлтүрүүнү тандаган.

Матай Петирдин тобо кылуусу жана Жүйүттүн өкүнүүсү тууралуу окуяны жакын жайгаштырган. Петир да, Жүйүт да, кылганына өкүнгөн, бирок Матай Жүйүт тууралуу айтканда чыныгы тобо кылуу үчүн колдонулган сөздү эмес, пикирин өзгөртүүнү билдирген сөздү колдонгон.[286] Бул айырма адамдардын күнөөсүн ашкерелөөгө реакциясын түшүнүүдө маанилүү.

Пабыл өкүнүү менен (күнөөнүн кесепеттери үчүн кайгыруу) менен тобо кылуунун (күнөөнүн өзү үчүн кайгыруу жана багытты өзгөртүү) ортосундагы айырма тууралуу жазат. Элчи мындай деп жазат: «Себеби Кудайга жаккан кайгы тобо кылып куткарылууга алып келет, ал эми бул дүйнөнүкүндөй кайгы өлүмгө дуушар кылат»[287].

«Кудайга жаккан кайгы» куткарылууга жана өмүргө алып келген чыныгы тобо кылууга жетектейт; «дүйнөнүкүндөй кайгы» айыпка жана өлүмгө алып келет. Петир да, Жүйүт да өкүнгөн, бирок Петир гана чын жүрөктөн тобо кылган.

---

[283] Лука  22:40.
[284] Мат. 27:3-4.
[285] Мат. 27:5.
[286] *metanoia деген сөздүн ордуна metamelomai* деген сөз.
[287] 2 Кор. 7:10.

Жүйүт өз чыккынчылыгынын натыйжасын көргөн жана уялып өзүн күнөөлөп жашоонун ордуна өлүмдү тандаган;  ал өкүнгөн, бирок тобо кылган эмес. Петир кылган ишинин натыйжасын көргөн жана чын жүрөктөн тобо кылууну тандаган. Жүйүттүн өкүнгөнүнүн натыйжасы өлүмгө алып келген; Петирдин тобо кылуусунун натыйжасы өмүр бою жемиштүү кызмат кылуу болгон.

► Күнөөсү үчүн өкүнгөн, бирок чын жүрөктөн тобо кылбаган адамдарды көрдүңүз беле? Анын натыйжасы кандай болгон? Адамдарды чыныгы тобо кылууга алып келүү үчүн насаатта эмнелерди айтыш керек?

- Айкаш жыгачка керүү.

► Матай 27:27-54тү окугула.

Жүйүт жери римдик аскерлер үчүн эң жаман жер болгон. Адамдар римдик аскерлерди жек көргөн, ошондуктан зилоттор римдик аскерлерди  өлтүрүү үчүн кутумдарды түзүшкөн. Пасахты майрамдоо маалында аскерлер мүмкүн болгон башаламандыктарга дайыма даяр турган. Аскер үчүн мындан өтөр жамандык жок эле. Камакка алынган еврей өлүм жазасына тартылганда, аскерлер өзүнүн жек көрүүсүн камактагы адамдан чыгарышкан.

Ыйсага кылган мамиле — сабоо, мазактоо, тикенден таажы кийгизүү — өзүнүн ишин жана айланадагы адамдарды жек көргөн каардуу жоокерлердин ырайымсыздыгын көрсөтөт, алар жооп кайтара албаган адамдарды жазалоодон кубаныч алышкан. Машайак булардын баарын көтөрүп жатканда бир да жолу ачуусун көрсөткөн эмес.

Көптөгөн авторлор Ыйсанын айкаш жыгачтагы жети ырастоосун карап чыгуу аркылуу айкаш жыгачка керүү окуясын изилдеп чыгышкан. Адамдын акыркы сөздөрү ал үчүн баарынан маанилүү болгон нерсени күбөлөндүрөт. Ыйса өлүм алдында эмне деген?

- Кечирим сөздөрү.
    - Машайакты айкаш жыгачка керишкенде, Ал: «Ата, буларды кечире көр! Анткени эмне кылып жатышканын билишпейт»,[288]– деп сыйынган. Машайак өлгөнгө чейин сүйүүсүн жана кечиримдүүлүгүн көрсөткөн.
    - Өлүмгө татыктуу каракчыга Ыйса: «Мен сага чындыкты айтып коёюн, бүгүн сен Мени менен бейиште болосуң»[289]деген.

[288] Лука  23:34.
[289] Лука  23:43.

- Боорукердик сөздөрү.

Ыйса Жаканга Өзүнүн энесине кам көрүүнү тапшырып, энесине: «Аял! Бул сенин уулуң!» деген — ал эми Жаканга: «Бул эми сенин энең болсун!»[290] деген. Мындан мурун Ыйса эң терең үй-бүлөлүк байланыштар – руханий байланыштар деп үйрөткөн. «Мына, Менин энем, Менин бир туугандарым. Ким Менин Асмандагы Атамдын эркин аткарса, ошол Менин иним, карындашым, энем», – деп жооп берди».[291]

Машайак өлгөн кезде анын энеси жагынан денелик бир туугандары Ага ишенишкен эмес; алар Анын руханий үй-бүлөсүнүн бир бөлүгү болгон эмес, ошол себептен ал Өзүнүн энесин Өзү сүйгөн руханий бир тууганына – Жаканга таштаган.

- Денелик азап сөздөрү
- Ал Кудайдын Уулу болгону, Машайакты айкаш жыгачтагы денелик азаптардан кутулткан эмес: Ал айыпталган кылмышкердин азабын тарткан. Катуу ысыкта бир нече саат суусуз калгандан кийин Ыйса: «Суусадым»[292]деген.
- Руханий азаптын сөздөрү.
    - Матай жана Марк Ыйса айткан сөз айкаштарынын бирин гана жазышат, бирок бул айкаш жыгачтан айтылган эң жүрөк оорутуучу сөздөр болсо керек: «Кудайым ай, Кудайым ай! Мени

*Оо, Кудайдын сүйүүсү сен эмне кылдың!*
*Өлбөс Кудай мен үчүн өлдү!*
*Атанын Уулу менин күнөөлөрүмдү жыгачка алып барды.*
*Өлбөс Кудай мен үчүн өлдү:*
*Менин Теңирим, Менин сүйүүм айкаш жыгачка керилди!*

*Мен үчүн жана сен үчүн керилди,*
*Козголоңчу — бизди — Кудайга кайтаруу үчүн.*
*Бул чындык экенине ишенгиле, ишенгиле.*
*Баарыңар Ыйсанын каны менен сатылып алындыңар.*
*Кечирим Андан агын суудай агып түшөт:*
*Менин Теңирим, Менин сүйүүм айкаш жыгачка керилди!*

*Анын жанынан өтүп бара жаткандардын баары Аны карагыла:*
*Мына кансырап турган өмүрдүн жана дүйнөнүн Төрөсү*
*Келгиле күнөөкөрлөр, Куткаруучуңар кантип өлөрүн көргүлө жана: «Силер кайсы бир убакта Ал сезген кайгыны сезип көрдүңөр беле?» – деп сурагыла.*
*Келип мени менен бирге Анын канын сезип көргүлө.*
*Менин Теңирим, Менин сүйүүм айкаш жыгачка керилди!*

-Чарльз Уэсли

[290] Жакан 19:26-27.
[291] Мат. 12:49-50.
[292] Жакан 19:28.

эмнеге жалгыз калтырдың?»[293]

Албетте, Ыйсанын эң ачуу азабы Атасынан бөлүнүү болгон. Ата менен Уул түбөлүктүүлүктө үзгүлтүксүз баарлашууда болушкан; эми Ыйса Атасынан бөлүнүп калган, анткени Ал биздин күнөөбүздү көтөргөн.

Айкаш жыгачта Кудай «Машайак аркылуу Өзүнүн алдында бизди адилеттүү кылыш үчүн, күнөөнү билбеген Машайакты биз үчүн күнөө кылды».[294] Ышайа 53-бөлүмдө пайгамбар  биздин күнөөнү көтөрө турган азап тарткан Кул тууралуу айткан;[295] Пабыл бул орун алмаштыруучу кун төлөп куткаруу айкаш жыгачта ишке ашырылганын көрсөтөт.

Биз Кудайдын адилдиги болушубуз үчүн Ыйса күнөө болгон. Биз эми күнөөнүн кулчулугунда жашабайбыз; Машайактын өлүмү аркылуу биз адил болуп калдык. Пабыл биз Анда адил деп *аталып* калганыбызды гана айтпайт; биз Анда Кудайдын адилдиги *болуп калабыз*. Айкаш жыгач аркылуу чыныгы толук өзгөрүү болот: биз адил боло алышыбыз үчүн Ал күнөө болгон.

- Момундук сөздөрү.
  - «Ата, жанымды Сенин колуңа тапшырамын!»[296] Ыйса өмүр бою Атасына баш ийип жашаган. Айкаш жыгачка керилүүнүн алдында, ал: «Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун»[297]деген. Бул Ыйсанын Атасынын эркине баш ийгенин билдирген акыркы жарыясы болгон.
- Жеңиштин сөздөрү.
  - «Аткарылды!»[298] Бул Жеңиш кыйкырыгы менен Ыйса Атасы тапшырган ишти аткарганын жарыялаган. Күнөөнүн баасы төлөндү, шайтан – жеңилди. Кун төлөп куткаруу тууралуу кабар берүүчү байыркы келишимдик козулар жана Ышайа 53-бөлүмдүн убадалары аткарылды.

[293] Мат. 27:46; Марк  15:34.
[294] 2 Кор. 5:21.
[295] Ыш. 53:4-12.
[296] Лука  23:46.
[297] Мат. 26:39.
[298] Жакан  19:30.

- Көргө коюу.

► Матай 27:57-61ди окугула.

Корунттуктарга  жазган катында Пабыл  Ыйса «биздин күнөөлөр үчүн өлдү» жана «көргө коюлду»,[299]– деп жазат. Пабыл жана алгачкы жыйын үчүн көргө коюу маанилүү болгон.

Бүгүнкү күндө Азаптуу жуманын окуяларын кароочулар Азаптуу бешинчи күндөн Пасахтын жекшембисине өтүп кетет, бирок жыйындын тарыхынын көп бөлүгү үчүн «Ыйык Ишемби» пасахты ойгоо тосуу түнүнүн маанилүү бөлүгү болгон.  Көргө коюу кандай мааниге ээ болгон? [300]

- *Тарыхый мааниси.*

Көргө коюу Ыйса чындап эле өлгөнүн көрсөтөт. Исламдын Машайак «эси учун жоготкон», андан кийин кайра эсине келген дегенине карама-каршы келип, көргө коюу Ал чындап өлгөнүн көрсөтөт. Римдиктер айыпталган адамды кантип өлтүрүүнү жакшы билишкен; алар адамды өлгөнгө чейин айкаш жыгачтан чечип алары таптакыр мүмкүн эмес болгон.

Мындан сырткары көрдүн оозундагы оор таш жана сакчылардын турганы көрдөн эч ким качып кетпээрине кепилдик берген. Рим аскерлери жаңылып Ыйса өлө электе көргө коюп алса, бир нече саат айкаш жыгачта азап тарткан адам кепинден бошонуп, оор ташты жылдырып жана адис аскерлердин тобун жеңгени акылга сыйбаган нерсе. Көргө коюу назареттик Ыйса өлгөнү тууралуу тарыхый чындыкты ырастайт.

- *Пайгамбарлык мааниси.*

Ышайа мууздоого алып бара жаткан козу жөнүндө пайгамбарлык кылган: «Ага кылмышкерлер менен бирге мүрзө даярдашты, бирок Ал байдын мүрзөсүнө коюлду, анткени Ал күнөө кылган эмес, Анын оозунан жалган сөз чыккан эмес»[301]. Ыйсанын көргө коюулуусу Машайак жөнүндө пайгамбарлыктын аткарылуусу болуп калган.

Машайак өлгөндөн кийин Ариматаялык Жусуп Анын сөөгүн алуу үчүн Пилатка барган. Ал синедрион мүчөсү, бирок Ыйсаны айыптоого макул болгон эмес. Жетекчилердин көбү Машайакка каршы чыкканда да алардын айрымдары Кудай Падышалыгын издөөнү улантышкан. Жусуп жашыруун шакирттердин бири болгон; ал Никедим менен бирге Ыйсанын денесин Жусуптун көрүнө коюшкан.[302]

---

[299] 1 Кор. 15:3-4.
[300] James Boice, “The Burial of Jesus.” чыгармасынан алынган http://www.alliancenet.org/tab/the-burial-of-jesus-christ-part-one.
[301] Ыш. 53:9.
[302] Мат. 27:57-60; Марк  15:42-46; Лука  23:50-54; Жакан  19:38-42.

Аларга кандай кайраттуулук керек болгондугу тууралуу ойлонуп көрүңүз. Жада калса шакирттер да Ыйсаны таштап кеткендиктен, Жусуп айыпталган кылмышкер менен өзүнүн байланышын көрсөтүү үчүн ачыкка чыккан. Бул коомдук көз караш анын синедриондогу жана коомдогу абалына коркунуч келтирген. Сыягы, Ыйса менен байланышын ачыкка чыгарганынын баасы катары ал өзүнүн кызматынан алынган.

Мындан сырткары Жусуп Пилаттын каарына калуу коркунучуна дуушар болгон. Римдик кызматкерлер айкаш жыгачка керилгендерди досторуна же тугандарына көргө коюуга сейрек уруксаат берген: аларды башка кылмышкерлерге эскертүү катары илинген бойдон калтырышкан. Пилат уруксаат бергени римдик башкаруучу Ыйса өлүмгө татыктуу эч нерсе кылбаганын билгенинин дагы бир далили.

- *Теологиялык мааниси.*

Пабыл  биздин чөмүлүүнү Ыйсанын көргө коюлуусу менен теңейт:

«Же силер Машайак Ыйсага чөмүлдүрүлгөн биз – баарыбыз Анын өлүмүнө чөмүлдүрүлгөнүбүздү билбейсиңерби? Машайак Атасынын даңкы менен өлгөндөрдүн арасынан кандай тирилтилсе, биз да жаңыча жашашыбыз үчүн, өлүмгө чөмүлдүрүлүүбүз аркылуу Аны менен бирге көмүлгөнбүз» [303].

> *Машайак менен бириккенден кийин күнөөгө кайтып бару, өлүк денени казып чыгуу менен барабар.*
>
> Джеймс Бойс

Көргө коюу Ыйсанын өлүмүн эл алдында ырастоо болгон; дал ушул сыяктуу эле чөмүлдүрүү биздин Анын өлүмүнө ортоктош болуубуздун эл алдындагы күбөлүгү. Чөмүлдүрүүдө биз эски жашообуз үчүн өлүк деп жарыяланабыз.

Көргө коюлуу адамдын өлүмүн моюнга алуунун акыркы кадамы. Батышта аза күткөндөр табыттын үстүнө акыркы «коштошуу» катары топурак ыргытышат.  Пабыл  биздин күнөө үчүн өлүмүбүз биротоло болгонун жана кайра кайтарылбастыгын баса белгилейт. Машайак өлгөндүктөн, биз да күнөө үчүн өлгөнбүз; биз Машайак менен бирге көргө коюлгандан кийин кайра ага кайтып баруу өлүктү казып чыгуу менен барабар; биз Машайак менен бирге өлгөнбүз, эми күнөө үчүн тирүү эмеспиз.

## Тирилүү

Пабыл Корунтта айкаш жыгач тууралуу айткан: Машайак биздин күнөөлөр үчүн өлгөн жана көргө коюлган, андан кийин тирилүү тууралуу айткан: Машайак үчүнчү күнү тирилген жана көп күбөлөргө көрүнгөн[304]. Тирилүү — машайакчылык ишенимдин негизги чындыгы.

---

[303] Рим. 6:3-4.
[304] 1 Кор. 15:3-8.

► Матай 27:62–28:15ти окугула.

Матай 27:62-66 — мен пасах окуясындагы эң жакшы көргөн окуялардын бири. Мындан мурун жетекчилер Пилаттан айкаш жыгачтагы жазууну өзгөртүүнү суранганда, ал макул болгон эмес, жазуу аларды шылдыңдагандай сезилген: Ыйса айкаш жыгачка керилген, анын айкаш жыгачынын үстүндө «Назареттик Ыйса – жүйүттөрдүн Падышасы» [305] деп жазылган.

Ыйса айкаш жыгачка керилгенден кийин диний жетекчилер, көрдү кайтартууга сакчыларды суроо үчүн кайра Пилатка келишкен.

> «Мырза! Жанагы алдамчынын тирүү кезинде: "Үч күндөн кийин тирилем", – дегени эсибизге түшүп жатат. Ошондуктан мүрзөнү үч күн кайтарууга буйрук бер. Шакирттери түн жамынып келип, сөөгүн уурдап кетип, элге: "Ал өлүп, кайра тирилди", – деп айтышпасын. Ошондо бул акыркы калп мурункудан да жаман болот».

Чарльз Сперджен, Пилат: «Сакчыларды алгыла да, барып, каалаганыңардай кайтарып алгыла (*Бирок Ал чындап Машайак болсо, Аны көрдө кармап калуу үчүн эч нерсе кыла албайсыңар!)*», – деп жооп бергенде еврей жетекчилерин дагы шылдыңдаган деп болжолдойт.

Башчылар чындап эле шакирттер сөөктү уурдап кетишет деп корkконбу?  Балким корkкон деле эмес. Алар шакирттер мыдай ишке барууга батына албаарын билишкен. Эгер алар бул тууралуу кооптонушса, синедрион шакирттерди камакка алууга буйрук бере алмак, бирок аларга эч кандай коркунуч туулбаганы белгилүү болгон.

Анда эмне үчүналар сакчыларды сурашкан? Алар Ыйса убада кылганын так аткарат деп коркушкан. Лазар тирилтилгенде алар Ыйсанын өлүмдүн үстүнөн бийлигин көрүшкөн. Машайак өлүмдөн тирилерин алдын ала айткан. Шакирттер дендароо болуп муну түшүнө албаса да, жүйүт жетекчилери Ал эмне тууралуу айтып жатканын билишкен – ошондуктан коркушкан!

Пилаттын уруксааты менен алар көрдүн оозун жаап мөөр басышкан жана Ыйсаны бакта камакка алган аскерлердин ичинен сакчыларды коюшкан. Андан кийин эмне болду?

> «Ошол учурда катуу жер титирөө болду, анткени Теңирдин бир периштеси асмандан түшүп келди. Ал мүрзөнүн оозундагы ташты жылдырып, таштын үстүнө отурду. Анын көрүнүшү чагылгандын жарыгындай, кийими кардай аппак эле. Күзөттө тургандардын үрөйү учуп, сенейип катып калышты».

Ыйса тирилген!

---

[305] Жакан  19:19.

► Жакан 20:1-29ду окугула.

Жакшы Кабарлар Машайак тирилгенден кийин көп жолу көрүнгөнүн күбөлөндүрөт: Ал көптөгөн адамдардын алдында ар башка жагдайларда көрүнгөн.

Ишенбес адамдар кээде: «Көргө барган аялдардын көзүнө бир нерселер көрүнсө керек; алар көргүсү келгенди көрүшкөн», – дешет. Бирок бул күбөлөр *Ыйсаны тирүү көрүүгө үмүттөнгөн эмес*; алар Анын өлгөнүн билишкен, алар Анын тирилүү тууралуу пайгамбарлыктарын али түшүнө элек болчу.[306] Биринчи күбөлөр Машайакты көргөнүн айтканда калган шакирттер шектенишкен.[307] Алар Ыйса өлүп кайра тирилерин күткөн эмес!

Акырындап Ал магдалалык Мариямга,[308] Эммауска бара жаткан жолдогу эки шакиртке[309], Он экиге[310] а түгүл беш жүз адамдан турган топко[311] көрүнгөндөн кийин алар Ыйса чындап тирилгенин түшүнүшкөн. Алгачкы жыйын табынуусун: «Ал тирилди. Ал чынында тирилди!» деген сөздөр менен баштаган.

Пилат: «Аны мүмкүн болушунча коопсуз кылгыла», - деп көрсөтмө берген. Көп өтпөй Пилат жердеги эч бир башкаруучу Ыйсанын тирилүү күчүн жеңе албастыгын түшүнгөн. Ал тирилди. Ал чынында тирилди!

**Колдонуу: айкаш жыгачтын жана тирилүүнүн күчү менен кызмат кылуу.**

Көптөгөн либерал теологдор тирилүүнү миф катары көрсөтүүгө аракет кылган, бирок элчилердин ишеними «Ыйсанын жашоосунун уланган таасири жөнүндө окуяга» эмес, Анын өлүмү жана тирилүүсүнүн ишенимдүү фактыларына негизделген. Элчилер Ыйса өлүп кайра тирилгенин билген: бул аларга куугунтуукка, а түгүл өлүмгө туш болгондо да толук ишенимге ээ болууга жардам берген. Ыйсанын өлүмү жана тирилүүсү бүгүнкү күндө биздин кызматка кандай таасир тийгизе алат?

- ➡ Айкаш жыгачтын күчү менен кызмат кылуу.

► 1 Корунттуктарга 1:17–2:5ти окугула.

Экинчи миссионердик саякатынын убагында Пабыл Афинден Корунтка барган, ал жерде Пабыл Ареопагда жакшы кабар тараткан. Сыягы, Пабыл ал жерден кызматынын чектелген натыйжаларын гана көрө алган.[312] Ал Афинде жыйын негиздеген эмес, философиялык көз караштарды карманган афиндиктер анын Машайактын тирилүүсү тууралуу кабарын шылдыңдашкан. Афинден Пабыл батышты

[306] Жакан 20:9.
[307] Марк 16:13.
[308] Жакан 20:11-18.
[309] Лука 24:13-32.
[310] Жакан 20:19-31.
[311] 1 Кор. 15:6.
[312] Элчилердин иштери 17:16-34.

көздөй Корунтка – Ахайа аймагындагы эң таасирдүү шаарга чейин жетимиш беш километр басып өткөн.

Пабыл Тесалоника, Бероя жана Афинде каршылыктан кийин Корунтка келген. Балким ошол себептен ал: «Мен силердин араңарда алсыз болуп, калтырап коркуп жүрдүм» деген. Грек угуучулары чечендикти жана интеллектуалдык мыктылыкты издесе да, Пабыл айкаш жыгач жөнүндө гана айтууну чечкен. Анын кабарынын күчү чечендиктен эмес, айкаш жыгачтын өзүнөн келген: «...болбосо Машайактын айкаш жыгачы өз күчүн жоготуп коёт».

Корунтта Пабыл «айкаш жыгачка кадалган Ыйса Машайактан башка эч нерсе айтпай эле коёюн деп чечкем», – дейт. Элчи айкаш жыгач жөнүндө кабар көп адамдарга кату тийерин билген.

> «…биз болсо айкаш жыгачка кадалган Машайак жөнүндө жарыялайбыз. Жүйүттөр үчүн бул – азгырык, ал эми эллиндер үчүн акылсыздык».

Еврейлер үчүн айкаш жыгач «мүдүрүлтүүчү таш» же «мазактоо» болгон. Алар Машайактын нукуралыгын ырастаган «жышаандарды» издешкен. Алардын оюу боюнча айкаш жыгачка керилген адам тандалган Машайак болушу мүмкүн деген ой акылга сыйбаган нерсе. Анткени мыйзамда мындай деп айтылган: «…айкаш [жыгачка] асылган [ар бир] адам Кудайдын алдында каргышка калган»[313]. Айкаш жыгачка керилген Ыйса Машайак деп ырастоо, еврей угуучулары үчүн таптакыр кабыл алууга мүмкүн эмес нерсе болгон.

Айкаш жыгач жөнүндө кабар — «эллиндер үчүн акылсыздык». Гректер азап чегүүчүнүн татыктуу өлүмүн сыйлаган. Эгер Ыйса римдиктерге каршы күрөштө курман болсо, грек ойчулдары аны эрдиги үчүн урматташмак; ал эми айкаш жыгачка керилүү курмандыкты мазактаган; бул татыктуу өлүм эмес болчу. Айкаш жыгачка керилген курмандыктар адатта кадимки жөрөлгөлөр менен көргө коюлган эмес. Алардын денесин канаттуулар жана келемиштер жеген, ал эми сөөктөрү жалпы чуңкурга ыргытылган. Айкаш жыгачка керилген карапайым жүйүт «Теңир» экени бутпарас угуучулар үчүн акылга сыйбас нерсе болгон.

Айкаш жыгач еврейлер үчүн «мазактоо», ал эми бутпарастар үчүн «акылсыздык» болгон, бирок Пабыл  ал жөнүндө кабарды эч шектенбестен тараткан: бул биз үчүн үлгү катары кызмат кылат. Бүгүн да I кылымдагыдай эле, айкаш жыгач айрымдарды таарынтат, башкаларына акылсыздыктай сезилет, бирок биз бул кабарды таратышыбыз керек.

Кызматчы жана жыйын жетекчиси катары биздин толук ишенимибиз жөндөмдөрүбүздөн келип чыкпайт; ал айкаш жыгачтын кабарына негизделген. Пабыл абдан билимдүү, эң мыкты акылга ээ болгон жана замандаштарынын эң акылмандары

[313] Мыйз. 21:23.

менен талкуу жүргүзө алган, бирок анын толук ишеними айкаш жыгачка гана негизделген. Биз адамдарды жүйөөлөр менен гана жеңгенде, алардын ишеними адамдык акылмандуулукка таянышы мүмкүн; биз айкаш жыгачты көрсөткөндө, ишеним Кудайдын күчүнө негизделет.

- Тирилүү күчү менен кызмат кылуу.

► Элч. 2:22-36ны окугула.

Элчилердин иштери тирилүү алгачкы жыйындагы насааттын негизги темасы болгонун көрсөтөт. Петир Элүүнчү күнү Ыйса пайгамбарлар берген убадалардын ишке ашуусунун күбөлүгү экенин тирилүү аркылуу биле аларыбызды көрсөткөн.

Агриппанын алдында өзүн коргоп жатып Пабыл: «Кудайдын ата-бабаларыбызга берген убадасына үмүттөнгөнүм үчүн, мен бүгүн соттун алдында турамын» деген. Бул кайсы убада эле? Бул тирилүү болчу. «Эмне үчүн силер Кудайдын өлгөндөрдү тирилтерин акылга сыйбаган нерсе деп эсептейсиңер?»[314]

► 1 Корунттуктарга 15:12-34тү окугула.

1 Корунттуктарга  жазган катында Пабыл анын кызматы айкаш жыгачтын күчүнө гана эмес, тирилүүнүн күчүнө да негизделгенин көрсөтөт. Элчи тирилүү болбосо, анын кызматы маанисиз болорун ырастаган. «Эгерде Машайак тирилген эмес болсо, анда биздин Жакшы Кабар таратканыбыздын да, силердин ишенимиңердин да пайдасы жок». Ыйса тирилген эмес болсо — Ал ийгиликсиз машайакмын дегендердин бири гана; анда Ал убадаланган Куткаруучу эмес, азап чегүүчү болмок.

Тирилүү — бул биздин машайакчылык ишенимдин негизи. «Эгерде Машайак тирилген эмес болсо, анда силердин ишенимиңердин пайдасы жок: күнөөлөрүңөр дагы деле өз мойнуңарда». Айкаш жыгачта Машайак биздин күнөөлөрдүн кун төлөнүп куткарылуусун камсыз кылган, бирок тирилүүнүн өзү өлүм менен күнөөнүн үстүнөн Анын бийлигин далилдеген. Пабылдын айтканы боюнча, тирилүү болбосо, ишенимдин мааниси жок, анда биз дагы деле күнөөлөрүбүздүн кулдарыбыз.

Тирилүү — биздин машайакчылык үмүттүн негизи. «Өлүм бир адам аркылуу келген сыяктуу эле, өлгөндөр бир Адам аркылуу тирилишет. Адам атанын айынан баары өлүштү, ал эми Машайак аркылуу баары тирилишет». Пабыл Машайак өлүп кайра *тирилгендиктен* корунттуктар да тирилүү үмүтүнө ээ деп ишендирген.

Экинчи грек жазуучусу Люциан машайакчыларды тирилүүгө ишенгени үчүн мазактаган. Ал мындай деген: «Жарыбаган байкуштарды түбөлүк жашайсыңар деп ишендирип жатышат. Ошол себептен алар өлүмдү тоотпойт жана ишеним үчүн өмүрүн берүүгө даяр». Анын сөздөрү машайакчыларды шылдыңдаган, бирок туура болгон.

---

[314] Элчилердин иштери  26:6-8.

Люциан айткандай, II кылымдын машайакчылары түбөлүк жашарына ишенишкен, ошол себептен ишеними үчүн өлүмгө даяр болушкан.

Бул аксиома биздин күндөрдө да болушу керек: эгер биз Машайак чындап өлүмдөн тирилгенине ишенсек, бул бизге куугунтукка, ал түгүл өлүмгө дуушар болгондо да толук ишеним бериши керек. Тирилүү — биздин машайакчылык үмүттүн булагы.

Тирилүү — биздин машайакчылык жашоонун негизи. Пабыл тирилүү окутуусунун таң калыштуу практикалык колдонулуусун көрсөтөт. Эгер Машайак тирилген эмес болсо, «Анда ичип-жейли, баары бир өлөбүз да! …Эсиңерге келгиле, күнөө кылганды токтоткула».[315] Пабыл эгер тирилүү болбосо: «Анда ичип-жейли, баары бир өлөбүз да!» деген эпикурейлер сыяктуу жашашыбыз керек дейт.  Тирилүү болбосо, түбөлүк өмүргө үмүт кылып кереги жок; бирок Пабыл сөзүн улантат: тирилүү реалдуу болгондуктан, эсибизге келип, күнөөдөн эркин жашашыбыз керек. Биздин тирилүүгө болгон толук ишенимге күнөөнүн үстүнөн жеңиш шыктандыруу берет.

Тирилүү окуясы биз кызматта кыйынчылыктарга туш болгондо, ишенимибиздин жетишсиздигин ашкерелеши керек. Биз канча жолу сыйынуубуз жоопсуз каларын күттүк эле? Эмне үчүн биз ушундай ойлонобуз? Анткени биз тирилүүнүн күчү жөнүндө унутуп калабыз! Биз канча жолу жеңишке жете албайбыз го деген азгырыкка туш болдук эле? Эмне үчүн? Анткени биз Пабылдын: «Эгерде Машайак Ыйсаны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудайдын Руху силердин ичиңерде жашап жатса, анда Машайак Ыйсаны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудай силердин ичиңерде жашаган Өз Руху менен силердин өлүк денеңерди да тирилтет»[316]деген убадасын унутуп калабыз.

Эгер Машайак биздин ичибизде жашаса, биз мындан ары денеде жашабайбыз; биз эми күнөөнүн кулдары эмеспиз: бул тирилүүнүн күчү менен сүргөн өмүр. Ыйса өлүмдөн тирилткен күч, бизге күнөөнүн үстүнөн күнүмдүк жеңишти берет: тирилүүнүн күчү менен жашоо жана кызмат кылуу деген ушул.

## Жыйынтыктоо: Машайактыкына окшош жашоонун жана кызматтын белгилери

Сидин жашооңуз Машайактын жашоосуна окшошпу?

Лука мындай деп жазган: «Ошентип, биринчи жолу Антийохеядагы шакирттер машайакчылар деп аталып калышты».[317] Адамдар аларга байкоо жүргүзгөндө: «Булар Машайактай иш аракет кылышат экен. Биз аларды машайакчылар деп аташыбыз керек», – дей башташкан. Мен бул аятты окуганда, көп учурда өзүмө «Кошуналарым менин жүрүм-турумума, сөздөрүмө жана мамилеме байкоо салганда, мени машайакчы

[315] 1 Кор. 15:32-34.
[316] Рим. 8:11.
[317] Элчилердин иштери  11:26.

деп аташабы? Мен Машайакка окшошмунбу?» деген суроолорду берем. Антиохеядагы ишенүүчүлөр Машайактын мүнөзүн чагылдырып жашашкан; алар машайакчы болушкан.

Көп жыл койчумандык кызмат кылгандан кийин доктор Х. Б. Лондон азыркы учурда жаш койчумандар үчүн насаатчы катары кызмат кылат. Ал кызматчылар туш болгон руханий коркунучтар тууралуу эскертет. «Биз ыйык болбой туруп, ыйык нерселердин жанында жүрүшүбүз мүмкүн. Кечирим тууралуу насаат айтып жатып, өзүбүз кечирбешибиз мүмкүн. Кызматчылар жанына кам көрүүнү унутуп, кызматтын өзүнө бүт күчүн жумшашы мүмкүн».[318] Бирөөгө насаат айтып жатып, өзүбүз татыксыз болушубуз мүмкүн.[319]

Доктор Лондон койчумандарга башкаларды жетектеп жүрүп руханий ийгиликсиздикке туш болбоого жардам берген бир нече тажрыйбалык кеңеш берет; алар бизге Машайак сыяктуу жашоону улантууга жардам берет.

- *Нассатты кандай айтсаңыз, ошондой жашаңыз.* Алгач өзүңүздүн жашооңузда колдонуп көрбөгөн нерселерди башкаларга насаат кылып айтпаңыз.
- *Жаныңыз жөнүндө кам көрүңүз*. Кээ бир дарыгерлердин ден соолугу начар. Алар башкаларга кам көрөт, бирок өздөрүнүн ден соолугуна кам көрүшпөйт; кээ бир койчумандардын руханий ден соолугу начар. Койчуман катары өзүңүздүн руханий бакубаттуулугуңузга кам көрүүгө убакыт бөлүңүз.
- *Өзүңүздү момун кылыңыз*. Койчуман банктын директору эмес, койчу экенин унутпаңыз.  Кызматчы болуңуз.
- *Көңүл калуулар аркылуу өсүңүз.* Сиз кызмат кылганда көп жолу көңүлүңүз калат. Сиз үйрөтүп жаткан бирөө жыгылышы мүмкүн. Жакын досуңуз сизге каршы чыгат. Жыйындын мүчөлөрү сизди четке кагышат. Көңүлүңүз калса да, үмүтүңүздү үзүүгө жол бербеңиз.  Жүйүт Ыйсага чыккынчылык кылган. Димас Пабылды таштап кеткен.Көз жашыңыз менен өсүүнү жана кой корону багууну улантыңыз.

<u>Сиздин кызматыңыз Машайактын кызматына окшошпу</u>?

Ыйсанын жашоосуна жана кызматына арналган бул сабактарда биз ага тиешелүү көп мүнөздөмөлөрдү көрдүк. Алар сиздин кызматыңызга мүнөздүүбү?

---

[318] H.B. London, *They Call Me Pastor* (Grand Rapids: Baker Books, 2000), 145.
[319] 1 Кор. 9:27.

Төмөндө сиздин кызматыңызды анализдөөгө жардам берген бир нече суроо бар.

- Күнөөкөрлөр куткарылабы? Ыйса насаат айтканда, адамдар жаңы өмүргө ээ болгон. Сиз адамдарды жаңыдан төрөлүүгө алып келесизби?
- Ишенүүчүлөр Рухка толуп жатабы? Ыйса Өзүнүн балдарына «Рухту жиберүүнү» убада кылган. Сиз кызмат кылгандардын арасында бул убада аткарылып жатабы?
- Ишенүүчүлөр шайтандын үстүнөн жеңишке ээ болуп жатабы? Шайтандын катуулуктары талкаланып жатабы? Ыйсанын кызматы руханий бийликке ээ болгон.

  Жаракат алгандар айыгып жатабы? Талкаланган үй-бүлөлөр элдешүү жолун тандап, калыбына келип жатабы? Сынган жашоолор ордуна келип жатабы? Ыйса денелик, эмоционалдык жана руханий жараттарга ээ болгондорду айыктырган.
- Адамдар ырайым мене чындыкты көрүп жатышабы? Мен аларды Ыйсага жакындатып жатамбы же алыстатып жатамбы? Машайак чындыкты ынанымдуу түрдө жана ырайым менен жарыялаган.

► Бул суроолорду талкуулаганда, кызматыңыз Машайакта өсө алган тармактарды издеңиз. Ар бир кызматчынын өсүүгө мүмкүнчүлүгү бар экенин унутпаңыз, ошондуктан бул тизмени өзүңүздү айыптоо үчүн курал катары эмес, өсүүгө чакырык катары кабыл алыңыз.

**8-Сабактын тапшырмасы**

(1) Ыйсанын айкаш жыгачта айткан жети сөзү боюнча библиялык сабак же насаат даярдаңыз. Бүгүнкү күндө ишенүүчүлөр үчүн Машайактын кабарынын маанилүүлүгүнө басым кылыңыз.

Машайакчылык күнүмдүк жашоодо тирилүүнүн мааниси тууралуу библиялык сабак же насаат даярдаңыз; Жакшы Кабарлардагы тирилүү окуясын жана Пабылдын 1 Корунттуктарга  15:15-17деги сөздөрүн колдонуңуз.

# 9-сабак
# Мурас калтыруу

### Сабактын максаттары

Бул сабактын акырында окуучулар төмөнкүлөрдү кылышы керек:

1. Ыйса шакирттерине жана жыйынга кандай мурас калтырганын түшүнүү.

2. Машайак биз үчүн кылгандын, ошондой эле Анын мурасынын маанилүүлүгүн түшүнүү.

3. Элчилердин иштеринен Ыйсанын кызматынын таасири Анын шакирттери аркылуу уланганын көрүү.

4. Кызматта жеке мурас калтыруу үчүн практикалык кадамдарды иштеп чыгуу.

> *Кызматтын принциби*
>
> *Биздин кызматты, өзүбүздөн кийин таштаган мурастын негизинде бааласа болот.*

### Киришүү

Тим кадыр-барктуу койчуман катары көп жыл кызмат кылгандан кийин эс алуу курагына жакындап калган. Мен андан: «Жыйынды сиз эс алууга кеткенден кийинки убакытка кандай даярдап жатасыз? Жыйындын кийинки он жылга кандай көрүнүшү бар?» – деп сурадым. Анын: «Мен бул жерде жок болом, ошондуктан мен кеткенден кийин бул жер эмне болору мага баары бир» деген жообу мени аябай таң калтырды. Бул койчуман кызматтын маанилүү принцибин түшүнгөн эмес: биздин кызматыбыз бизден кийин эмне калганына карап бааланат.

Бул түшүнүктү Пит койчумандын кылганы менен салыштырыңыз. Пит жыйырма беш жыл кызмат кылгандан кийин күтүлбөгөн жерден каза болуп калган. Ошол мезгилде ал жергиликтүү жыйында бир нече кызматты жетектеген. Ал үй-жайсыздар үчүн кызматты өрчүтүп, баңги затка көз карандыларды калыбына келтирүү прогаммасын иштеп чыккан жана ишкер жетекчилер менен жумуштарды жөнгө салган. Питти көргө коюу аземинде баңгиге берилгендерди калыбына келтирүү кызматынын жетекчиси: «Өткөн айда биз Пит менен кийинки жылдын бюджетин талкуулоо үчүн жолуктук эле», – деди. Үй-жайсыздарга кызматтын жетекчиси үй-бүлөлөр үчүн убактылуу жай боло турган жаңы имараттын чиймелерин көрсөткөн. Пит кызматтын келечегин кылдаттык менен пландаган: ал мурас калтырган.

Бул сабакта биз Ыйсанын шакирттерге берген акыркы көрсөтмөлөрүн, Анын акыркы тапшырмасын жана Ал көтөрүлүп кеткенден кийин элчилердин кызматын, ошондой эле алар мурас калтыра алган себептерди изилдейбиз.

► Бүгүн өлүп калсаңыз, сизден кандай мурас калат эле?

— үй-бүлөңүз үчүн?

— сиз жашаган аймак үчүн?

— сиздин кызмат үчүн?

## Ыйсанын акыркы көрсөтмөлөрү

Жакан 13-16-бөлүмдөрдү Байыркы Келишимде Жакыптын, Мусанын, Нундун уулу Жашыянын жана Дөөттүн «коштошуулары» менен салыштырса болот.[320] Машайактын акыркы көрсөтмөлөрү Анын эң терең жана  сырдуу окутууларын камтыган.

Жакан 13:1 бул акыркы көрсөтмөлөр кандай абалда берилгенин баяндайт: «Пасах майрамынын алды эле. Ыйса Өзүнүн бул дүйнөдөн кетип, Атасына бара турган убагы келип калганын билчү. Ал бул дүйнөдөгү Өзүнүн адамдарын сүйдү, аларды акырына чейин сүйдү». Кырк сегиз сааттын ичинде дүйнө саларыңызды билсеңиз, сиздин кызматыңызды уланта тургандарга эмне деп айтат элеңиз? Бул сөздөр сиз жолдоочуларыңыз үчүн эң маанилүү деп эсептеген сөздөр болот.

Кечки тамак убагында Ыйса шакирттерине толук сүйүүсүн өзүнүн иш-аракети (буттарын жууганы) менен да, сөздөрү менен да көрсөткөн. Ыйса «Өзүнүн адамдарын сүйдү, аларды акырына чейин сүйдү»[321] деген сөздөрүндө эки ой бар:

- Бул Ыйса аларды жерде жүргөндө, акыркы учурга чейин, «акырына чейин сүйдү» дегенди билдирет.
- Бул Машайак аларды эң жогорку сүйүү менен сүйгөнүн билдирген: Ыйса аларды бүт жан-дүйнөсү менен сүйгөн.

► Жакан 13:31-14:31ди окугула.

- Ыйсанын коштошуу сөздөрүндөгү буйруктар жана убадалар.
    - *Буйрук: бири-бириңерди сүйгүлө (Жакан 13:34.)*

«Силерге жаңы осуят берем: бири-бириңерди сүйгүлө! Мен силерди сүйгөндөй, силер да бири-бириңерди сүйгүлө!» Бири-бирин сүйүүгө караганда, талаш-тартышы менен белгилүү болгон шакирттер үчүн бул өтө татаал маселе эле.

---

[320] Башталыш 49, Мыйзам Кайталоо 32-33, Нундун уулу Жашыя 23-24, 1 Жылнаама 28-29.
[321] Жакан 13:1

Бул кантип «жаңы осуят» боло алмак? А түгүл Байыркы Келишимде да «жакыныңды сүй» деген осуят болгон. Ыйсанын сүйүү тууралуу окутуусунда эки «жаңы» аспект бар.[322]

Биринчиден, Ыйса Өзү осуят кылган сүйүүнүн үлгүсүн көрсөткөн: шакирттер Ал сүйгөндөй сүйүшү керек болчу. Алардын буттарын момундук менен жуугандан кийин, Ыйса: «Мен силерди сүйгөндөй, силер да бири-бириңерди сүйгүлө!» деген. Ал сүйүүнү момундук менен иш жүзүндө көрсөткөн. Шакирттер ошондо да, азыр да, Ыйсадай сүйүшү керек эле: бул сүйүү кызмат кылуу үчүн сүлгү алат; ал чыккынчыга да кызмат кылат жана өлүм алдында да өчпөйт.

Экинчиден, машайакчылардын ортосундагы сүйүү Ыйсанын кабарынын чындык экенинин уникалдуу күбөлүгү болуп калышы керек эле. «Эгерде бири-бириңерди сүйсөңөр, башкалар силердин Менин шакирттерим экениңерди билишет». Кийинчерээк Ыйса мындай деп сыйынат: «…Алардын ортосунда толук биримдик болушу үчүн... Мени Сен жибергендигиңди, Мени кандай сүйсөң, аларды да ошондой сүйөрүңдү дүйнө билсин».[323] Жыйындагы сүйүү жана биримдик Ыйсанын кабарынын чындык экенин далилдеген күбөлүк болушу керек.

Көптөгөн машайакчылар жеке кемчиликтери толтура машайакчы бир тууганды сүйүүгө караганда, ишенбеген кошунаңды сүйгөн жеңил деген түшүнүккө келишти, бирок Машайакка ишенген адамдар катары бизге «бири-бирибизди» сүйүү тууралуу осуят берилген. Элүү жылдан кийин Жакан бул кабарды жыйындын эсине салган:

> «Ким: «Мен Кудайды сүйөм», – десе, бирок бир тууганын жек көрсө, ал – жалганчы. Анткени өзү көрүп турган бир тууганын сүйбөсө, көрүнбөгөн Кудайды кантип сүймөк эле? Биз Андан «Ким Кудайды сүйсө, ал бир тууганын да сүйсүн» деген осуятты алганбыз».[324]

Ыйса Өзүнүн коштошуусун бири-бирин сүйүү тууралуу осуяттан баштады. Бул буйрук Ал ушул осуятта жарыялаган бардык нерсенин негизи.

- *Буйрук: «Кайгырбагыла. Кудайга жана Мага ишенгиле» (Жакан 14:1).*

Петир адатынча: «Теңир, Сен кайда баратасың?» – деп суроо үчүн Ыйсанын сөзүн бөлдү. Петирге жооп берип жатып Машайак анын баш тартарын алдын ала айткан, андан кийин калган шакирттерге жана бүгүнкү күндө бизге: «Кайгырбагыла» деген.

Жакан 13:38 менен бөлүм бүтүп, жаңы бөлүм башталгандыктан биз Жакан 14:1ди Ыйса жаңы кабар айтып жаткандай окуйбуз; Жакан 14:1 Петирге берген жооптун бир бөлүгү. Аны мындай деп окуңуз:

---

[322] Darrell L. Bock, *Jesus According to Scripture* (Grand Rapids: Baker Book House, 2002), 498.
[323] Жакан 17:23.
[324] 1 Жакан 4:20-21.

> «Петир, сен менден үч жолу баш тартасың. Силер өзүңөр ойлогонго караганда, алсызсыңар. Бирок көңүлүңөр чөкпөсүн; Петир менин сага жана мен камакка алынганда корккондунан качып кете турган баарына үмүт берген кабарым бар. «Кайгырбагыла. Кудайга жана Мага ишенгиле».

Петир жаңылганына карабай, Ыйсада үмүт берген кабар бар экенин билиши керек болчу. Шакирттер коркушса да, Машайакта үмүт берген кабар бар экенин билиши керек эле. «Кайгырбагыла» деген учур чакта. Ыйсанын эскертүүлөрүн жана диний жетекчилердин каршылыгын эске алганда, шакирттер коркуп кетишкен.  Ыйса болсо: «Кайгырбагыла. Кудайга жана Мага ишенгиле», – дейт.

Кызматта кайгырбоонун жалгыз жолу – «ишенүү». Мен бул сабакты дүйшөмбү күнү эртең менен жазып жатам. Ар бир дүйшөмбүдө эмне кыларын билбей калган койчумандарды бүт дүйнө жүзүнөн тапса болот. Кечээ сиз бир чындыкты жарыяладыңыз эле – жыйыныңыздагы мүчөлөрдүн бири ачууланды; сиз тобо кылуу чындыгын жарыяласаңыз – эч ким ага жооп бербей койду; сиз ишенбегендерди чакырдыңыз – эч ким келбей койду.

Кээ бир өлкөлөрдө жыйындарга бийлик тараптан коркунуч туулат, башкаларында – ислам согушчаандары, дагы бирөөлөрүндө – коомдук кайдыгерлик: адамдар бардык нерсеге көңүл кош. Ыйса мындай дейт: «Кайгырбагыла. Кудайга жана Мага ишенгиле».

- *Убада: «Жол… Менмин» (Жакан 14:6).*

Ыйса шакирттерин шыктандырып, аларга орун даярдай турганын айткан. Мунусунда Анын сөзүн Томас бөлүп: «Теңир, Сенин кайда бара жатканыңды билбесек, ал жакка алып баруучу жолду кайдан билмек элек?» деген.

Машайактын жообу машайакчылык жашоонун маанилүү принцибине үйрөтөт: Ал кайда бара жатканын түшүндүргөн эмес, анын ордуна Ал: «Жол… Менмин деген». Ыйса жол кандай экенин же кайда барарын түшүндүргөн эмес; Ал Өзүн көрсөткөн. Жазууда Атага жалгыз жол – Машайак экенин көрсөткөн мындан так сөздөр жок. Либерал теологдордун ырастоолоруна карама-каршы, Машайак Ал Кудайга алып баруучу жалгыз жол экенин ачык айткан.

- *Убада: силер чоң иштерди кыла аласыңар (Жакан 14:12-14).*

Ыйса мындай убада берген: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Мен кылып жаткан иштерди Мага ишенген адам да кыла алат, атүгүл, алардан да чоң иштерди кыла алат. Анткени Мен Атама кетип жатам». Бул иштер таң калыштуу болгону үчүн эмес, кеңирирээк аймакка тараганы үчүн чоңураак болот. Ыйса жерде кызмат кылып жүргөндө Анын иштери бир географиялык аймак менен чектелген; эми Ыйса Рухту жибергендиктен, жыйын кылган иштер бүт дүйнөгө жетет.

Машайак мындай деп улантат: «Атасы Уулу аркылуу даңкталышы үчүн, Атамдан Менин ысымым урматына эмнени сурасаңар да, Мен аны аткарам». Бул убадага тиешелүү эки шарт бар.

1) «Менин ысымым урматына эмнени сурасаңар да...» деген, сыйынуунун акырында «Ыйсанын атынан» деп айтып коюдан алда канча чоң. Ал Машайакты биздин суранычтарыбызды аткарта турган сыйкырдуу дуба эмес. Ыйык Китепте баштан-аяк Кудайдын ысымы Анын мүнөзүн билдирет. «Ыйсанын ысымынан сыйынуу» — Теңирдин мүнөзүнө жана Анын эркине ылайык сыйынууну билдирет.

Анын ысымынан сыйынуу ошондой эле «Уулдун бийлиги аркылуу Атага келүүнү» билдириши мүмкүн. Муса «Кудайдын атынан» фараонго кайрылуу үчүн барганда, Өзүн жиберген Кудайдын бийлиги менен барган[325]. Ыйсанын атынан сыйынуу — Анын уруксаты жана бийлиги менен сыйынууну билдирет. Биз «түбөлүк тирүү болгондуктан, алар үчүн арачылык кылат» деген Уулдун арачылыгы аркылуу Атага кайрылабыз.[326]

2) «Атасы Уулу аркылуу даңкталышы үчүн...»

Биздин сыйынуулар Кудайдын даңкы үчүн болушу керек. Жакып мындай деп эскертет: «Сурасаңар да, ала албай жатасыңар, анткени жакшы нерсе үчүн эмес, өзүңөрдүн кумарларыңарды канааттандыруу үчүн сурап жатасыңар».[327] Биз Ыйсанын убадаларын жарыялаганда, өзүбүздүн жеке максаттарыбыз үчүн эмес, Кудайдын даңкы үчүн сыйынып жатканыбызды ырасташыбыз керек.

- *Буйрук: Менин осуяттарымды сактагыла (Жакан 14:15).*

Ыйса биздин Ага карата сүйүүбүздү өлчөөгө мүмкүнчүлүк берген чен-өлчөмдү берген. «Эгерде Мени сүйсөңөр, осуяттарымды аткаргыла». Жакан биринчи катын жазып жатканда бул ырастоону эстеген: «Ал эми ким Анын сөздөрүн аткарып жатса, ал адамда Кудайдын жеткилең сүйүүсү бар. Машайактын ичинде экенибизди ушундан билебиз».[328] Кээ бир заманбап насаатчылардын окутууларына карама-каршы, Ыйса Анын шакирттери атайылап Анын осуяттарына багынбай жашай алат деп эч качан окуткан эмес; сүйүү ыктыярдуу баш ийүүдөн көрүнөт.

- *Убада: Ал силерге башка Сооротуучуну берет (Жакан 14:16).*

---

[325] Чыгуу 5:23.
[326] Эв.7:25.
[327] Жакып 4:3.
[328] 1 Жакан 2:5.

Жакан 14:16да «Сооротуучу» деп которулган сөз — *Paraclete*[329] деген сөз; ал «коргогон жактоочуга» жана «жардамчыга» же оор учурларда сооронууну сунуш кылган «сооротуучуга» тиешелүү.

Ыйса: «Атам силерге башка Сооротуучуну, чындык Рухун берет. Ал түбөлүк силер менен болот» деген. Бул Ыйык Рухтун кызматы Ыйсанын кызматына окшош болорун көрсөтөт; Рух инсандыгы жок «күч» катары эмес, Ыйса инсан болгон сыяктуу, инсан катары келген.

*Paraclete* — бул Ыйык «чындык Руху» « силер менен болгон жана силердин ичиңерде жашаган Рух». Ал: «Ыйык Рух, силерге баарын үйрөтөт жана Мен айткан сөздөрдүн баарын эсиңерге салат» деген. Анын кызматы ушунчалык кудуреттүү болгондуктан, Ыйса: «…Менин кеткеним силер үчүн жакшы! Эгерде кетпесем, силерге Сооротуучу келбейт. Эгерде кетсем, Аны силерге жиберем»[330]– деп ырастаган.

Ыйсанын кеткени шакирттерди кандай артыкчылыкка ээ кылат? Роберт Коулман мындай деп түшүндүрөт:

> «Ыйса денесинде алар менен болгондо [шакирттер] Рухка таянуунун зарылчылыгын өтө деле сезишкен эмес, ошол себептен алар Машайактын жашоосунун тереңирээк реалдуулугун билишкен эмес, бирок Ыйса жокто алардын көзгө көрүнгөн колдоосу жок болгон. Аман калуу үчүн алар Ыйсанын Атасы менен тыгыз мамилесинин сырын билиши керек болчу. Алардын муктаждыгынан улам, алар Машайак менен мурда эч качан билбегенден да көбүрөөк мамиледе болушкан».[331]

➧ Жүзүм сабагында жашоо.

► Жакан 15:1–16:37ни окугула.

Ыйса эң күчтүү образдардын бирин колдонуп, сөзүн улантат. «Мен чыныгы жүзүм Сабагымын, Атам болсо – Жүзүмчү». Байыркы Келишим Ысрайылды кайра-кайра жүзүм сабагы деп атайт,[332] бирок күнөөсүнүн айынан ал Кудай отургузган Кудайдын кооз жүзүм сабагы жөнүндөгү ой-ниетин ишке ашыра алган жок; Ысрайыл эли байыган, эл жалган кудайларга курмандык чалуучу жайларды курган.[333] Элдерди баталай турган жемиштерди алып келүүнүн ордуна, Ысрайыл «жапайы мөмө»

[329] «Жардамчы», *English Standard Version;* «Сооротуучу», *King James Version*; «Жактоочу» *New International Version.*
[330] Жакан 16:7.
[331] Robert E. Coleman, *The Mind of the Master* (Colorado Springs: WaterBrook Press, 2000), 29.
[332] Забур 79:8-9; Ис. 5:1-7; 27:2-6; Осии 10:1-2.
[333] Ошуя 10:2.

берди.[334] Ал ушунчалык күнөөкөр болгондуктан, Кудайдын бул жүзүм сабагын отун катары колдонуп өрттөп салгандан башка аргасы жок болгон.[335]

Ыйса «чыныгы жүзүм сабагы» катары Ысрайыл эли кыла албаганды кылуу үчүн келген; Ал Ысрайылдын элдерге бата болуу чакырыгын ишке ашыруу үчүн келген.

Ыйса шакирттерине Ал жүзүм сабагы, ал эми алар бутактар экенин айткан. Машайактын кабары түшүнүктүү болгон: жемиштүүлүк *толугу менен* биздин «Анын ичинде болууга» даярдыгыбыздан көз каранды.

> «Мен Сабакмын, силер болсо бутактарсыңар. Ким Менин ичимде болсо, Мен анын ичинде болсом, ал көп жемиш берет. Анткени силер Менсиз эч нерсе кыла албайсыңар».

Жүзүм сабагында болбосо шакирттер эч нерсе кыла алган эмес; биз да эч нерсе кыла албайбыз. Биз өз күчүбүз менен кызмат кылууга аракет кылганда, көңүл калуу менен алсыздыкка туш болобуз. Эмне үчүн? Анткени Кудай эч качан биздин өз алдынча жемиш алып келүүбүздү пландаган эмес.

Биздин руханий жашообуз да жүзүм сабагы менен туруктуу өз-ара мамилелерден келип чыгат. Жүзүм сабагында болбогондор «ал бутак сыяктуу сыртка ыргытылат да куурап калат. Андай бутактарды чогултуп, отко ыргытышат, алар күйүп кетет». Бул аят эскертүү болгону менен, ошол эле учурда чоң шыктандыруу да. Жүзүм сабагында болбосок, биз пайдасызбыз жана эч кандай баага ээ эмеспиз, бирок анда болууну улантсак, өмүргө толуп жемиштүү боло алабыз. Биздин руханий жашоо биздин жеке аракеттерибизден көз каранды эмес; биз «жүзүм сабагында» жашайбыз.

Бул тема кайрадан Эврейлерге жазылган катта көтөрүлөт. Биздин улуу ыйык кызмат кылуучубуз Ыйса «Өзү аркылуу Кудайга» келгендер үчүн «түбөлүк тирүү болгондуктан... арачылык кылат».[336] Говард Хендрикс өзүн жалгыз сезип кыйналган койчумандарды мындай деп шыктандырган: «Сиз үчүн сыйынган эч ким болбосо да, Машайак сыйынып жатканын эч качан унутпаңыз». Ал биздин Арачыбыз; Ал биздин руханий жашоонун булагы.

Ыйса Өзүнүн шакирттерине алар жүзүм сабагында болушу керектигин эскерткен. Бул бүгүнкү күндө да чындык. Койчумандар жана жыйын жетекчилери катары силер өзүңөрдүн күчүңөр менен кызмат кылган жоксуңар; силер жүзүм сабагынын күчү менен жана өзүңүз үчүн арачылык кылганга алыңыз калбай калганда, силер үчүн арачылык кылган Улуу Ыйык кызмат кылуучунун күчү менен жашап жатасыңар.

Акыркы сөзүндө Ыйса кайра шакирттерин үйрөтүп жатып, алар бири-бирин сүйүшү керектигин айткан. Ал шакирттерин бул дүйнөнүн жек көрүүсүнө турuштук берүүгө

---

[334] Ыш. 5:2. «Жапайы» деген кыркылган ширин жүзүмдөн айырмаланып, «кычкыл» дегенди билдирет.
[335] Жезек. 15:1-6.
[336] Эв.7:25.

даярдаган. Дүйнө Машайакты жек көргөн; ал Анын чыныгы жолдоочуларын да жек көрөт.

Андан кийин Машайак Ыйык Рухтун иши жөнүндө көбүрөөк түшүндүргөн. Андан мурун ал сүйлөшүүдө Рухту жиберүүнү убада кылган, эми Ал Ыйык Рухтун эмгеги тууралуу көбүрөөк окуткан: Ал дүйнөнү ашкерелейт, шакирттерди бардык чындыкка жетектейт, Уулду даңктайт.

Ыйса кайрадан Өзүнүн «жакында» кетерин айтат. Ошондо Ал кыйынчылыкта ички дүйнөнү сактоо зарылчылыгын кайталап алардын эсине салат. Бул сүйлөшүүнүн башында Ыйса: «Кайгырбагыла, Кудайга жана Мага ишенгиле», [337] – деп буйрук берген». Анан Өзүнүн сөзүн: «Бул дүйнөдө азап тартасыңар, бирок кайраттуу болгула, анткени Мен бул дүйнөнү жеңдим»,[338] деген шыктандаруу менен бүтүргөн.

Эки учурда тең биз Машайакка гана таянганыбызга көңүл бургула. Эгер биз Ага ишенсек, кайгырбашыбыз керек. Биз «кайраттуу» болушубуз зарыл, *анткени* Ал «бул дүйнөнү жеңген». Жүзүм сабагындагы жашоо — ички тынчтыкка толгон жашоо. Биздин толук ишенимибиз жердеги жагдайларга эмес, Машайакка жана Анын дүйнөнүн үстүнөн жеңишине негизделген.

***Тагыраак карайбыз…***

***Акыркы Кечки Тамак [339]***

Мишна — байыркы еврей салттарынын жазуулары. Мишнанын бөлүктөрүнүн бири еврейлер пасах тамагын кандай жешкенин көрсөтөт. Жашыруун Кечки тамак убагында Ыйса жана шакирттер 2000 жылдан кийин азыр да сакталып келген үлгүнү карманышкан.

Суу менен аралашкан шараптын биринчи чөйчөгү берилет; чөйчөккө тиешелүү айтылган бата чыгуунун «Мен силерди чыгарам» деген убадасына негизделген.

Шараптын экинчи чөйчөгү аралаштырылган, бирок тартыла элек. Уулдардын кичүүсү: «Эмнеге бул түн башка түндөрдөн айырмаланат», – деп сурайт. Атасы Ысрайылдын Мисирден боштондукка чыгуусу тууралуу окуяны айтып берүү менен жооп берет.

Окуядан кийин үй-бүлө Пасахтын биринчисин «аллилинди» — Забур 112—113тү ырдашат. Алар «Силерди алардын кулчулугунан куткарам» деген убада менен коштолгон экинчи чөйчөктү ичишет.

[337] Жакан 14:1.
[338] Жакан 16:33.
[339] Машайакчылык еврей пасах кечки тамагынан даам татуунун видеосун кийинки дарек боюнча көрө аласыз https://www.youtube.com/watch?v=bVolBDlWloQ. Кийинки дарекке кирип, көбүрөөк маалымат алсаңыз болот: http://www.crivoice.org/haggadah.html.

Ыраазычылык келтирилгенден кийин тамак тартылат. Тамак ачуу чөптөрдөн, ачыткысыз каламалардан, кой этинен жана татымалдар менен уксус кошулган жемиштерден жасалган суусундуктан турат. Атасы колун жууп, каламаларды сындырат жана батасын берип, бир кесим каламаны алып ага ачуу чөптөрдү ороп, аны суусундукка малып жейт. Андан кийин ал ыраазычылык келтирип, козудан бир кесим эт жейт; ошондон кийин үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү тамактана баштайт.

Үчүнчү чөйчөккө тиешелүү бата: «Мен силерди куткарам».

Төртүнчү чөйчөккө тиешелүү пасахтын батасы: «Мени силерди Өзүмдүн элим кылам».

Үй-бүлө акыркы Пасах гимнин — Забур 114 — 116ны ырдашат. [340]

Пасах тамагынан даам таткан убакытта еврей эли Кудай Ысрайылды кулчулуктан кантип бошотконун эстешкен. Андан да маанилүүсү алар Машайак аларды кулчулуктан биротоло кутулта турган Кудайдын убадаларынын толук аткарылуусун чыдамсыздык менен күтүшкөн.

Жашыруун Кечки Тамактын кийинки күнү Ыйса жеткилең пасах козусу катары өлөт; айкаш жыгачта боштондукка чыгаруу убадасы аткарылган.

## Ыйык кызмат кылуучулук сыйынуу

► Жакан 17-бөлүмдү окугула.

Ыйсанын жазылып калган акыркы сыйынуусу Анын шакирттери жана бүгүнкү күндө жыйын үчүн Машайактын мурасын түшүнүү үчүн маанилүү; ал «Ыйсанын ыйык сыйынууларынын эң ыйыгы» деп аталган; бул Анын эң жеке кайрылуусу.

- Ыйса Өзү үчүн сыйынган (Жакан 17:1-5).

Ыйса Атасына кайрылып мындай деген: «Уулуңду даңкта, Уул да Сени даңктасын». Шакирттер бул сыйынууну түшүнгөн эмес, көп өтпөй алар анын жообу рим айкаш жыгачында бериле турганы тууралуу нес кылган чындыкты билишмек.

Азаптуу жуманын дүйшөмбү күнү Машайак: «Мен жерден көтөрүлүп кеткенден кийин, бардыгын Өзүмө тартам» деген. Жакан мындай деп түшүндүргөн: «Ыйса муну кандай өлүм менен өлөрүн билдирүү үчүн айтты»[341]. Машайак жеңиш аркылуу эмес, анык жеңилүү – айкаш жыгач – аркылуу даңкталган.

- Ыйса шакирттери үчүн сыйынган (Жакан 17:6-19)

Ыйса шакирттерине тиешелүү үч нерсе тууралуу сыйынат: «…ошолорду Өз ысымың үчүн сакта», — ошондой эле аларды шайтандан коргоп «чындыгың аркылуу ыйыкта».

[340] Бул Ыйса Гетсемания багына шакирттери менен барардын алдында ырдаган акыркы Забур (Мат. 26:30).
[341] Жакан 12:32-33.

- Ыйса бардыгы үчүн сыйынган (Жакан 17:20-26).

Ыйса: «…алардын сөзү аркылуу Мага ишенип калгандар үчүн да өтүнөм», – деп сыйынганда келечектеги бардык ишенүүчүлөр үчүн сыйынган; Ыйса алардын арасында «биримдик» болушу үчүн сыйынган. Бул биримдик бүт дүйнөгө күбөлүк болот: «Мени Сен жибергендигиңе дүйнө ишенсин».

Ыйса дүйнө үчүн сыйынган *эмес*: «…Мен алар үчүн өтүнөм: бүт дүйнө үчүн эмес, Мага бергендериң үчүн өтүнөм», — Ал дүйнө Ага ишенип калышы үчүн машайакчылар үчүн сыйынган. Жыйын үчүн акыркы сыйынуусунда Машайак биз биримдигибиз жана ишенимдүүлүгүбүз аркылуу дүйнөгө күбө болушубуз үчүн сыйынат.

Ыйсанын мурасы жерде Анын максатын аткарган ишенүүчүлөрдүн тобу болгон. Байыркы Келишимде Ысрайыл бардык элдерге бата болуу үчүн Кудайдын батасын алган;[342] Жаңы Келишимде жыйын бардык элдерге бата болуу үчүн Кудайдын батасын алган. Ыйса биз ушул тапшырмабызды аткара алышыбыз үчүн сыйынган.

**Ыйсанын шакирттерине акыркы тапшырмасы.**

► Матай 28:16-20; Марк 16:15; Лука 24:44-49; Элч. 1:6-11ди окугула.

Жетекчинин узак мөөнөттүү таасири көп жагынан анын башкаларга көрүнүшүн айтып берип бөлүшүү жөндөмү менен аныкталат. Бүгүнкү күндө биз муну «көрүнүштү тартуулоо» деп атайбыз. Ыйса көрүнүштү ишке ашыруунун үлгүсүн берилген жолдоочуларды шыктандыра турган түрдө көргөзгөн; анын негизинде шакирттер Кудай Падышалыгынын кабарын бүткүл Рим империясында таратууга өз өмүрүн арнашкан.

Жакшы Кабарлар Ыйсанын тапшырмасынын үч ырастоосун камтыйт, алардын ар бири ар башка аспектилерге көңүл бурат. Матай миссияны аткаруу үчүн зарыл болгон бийлик тууралуу айтат, Марк тапшырманын иш-аракет жүргүзүү аймагын белгилейт – «бардык адамдарга»; Лука элчилер тарата турган кабардын мазумунун корутундулайт.

Ыйсанын акыркы тапшырмасынын эң толук тексти — Матайдын Жакшы Кабары 28:18-20.

> «Ошондо Ыйса аларга жакын келип, мындай деди: «Асмандагы жана жер үстүндөгү бардык бийлик Мага берилди. Баргыла да, бардык элдерди Мага шакирт кылгыла. Аларды Ата, Уул жана Ыйык Рухтун атынан сууга чөмүлдүргүлө. Силерге буйругандарымдын бардыгын аткарууну аларга үйрөткүлө. Бул дүйнөнүн акырына чейин, бардык убакта Мен силер менен болом». Оомийин».

[342] Башталыш 12:1-3.

Бул тапшырмадагы негизги милдет – шакирттерди даярдоо. Аны аткаруу биз барып, жаңы ишенгендерди чөмүлдүрүп жана ишенип калгандарды окутушубузду талап кылат. Бул иш аракеттер негизги тапшырманы – шакирт даярдоону колдойт. Жакшы кабар таратуу, коомдук иштер, билим алуу жана кызматтын калган бардык аспкетилери ушул башкы тапшырмага негизделет: бизге шакирттерди жасоо тапшырмасы берилген.

***Койчумандыктын максаты**

Америкалык койчуман Эд Маркквварт, коммунисттердин түрмөсүндө көп жыл отурган румын койчуманы Ричардом Вурмбранд менен чогуу тамактанган. Тамактануу учурунда Вурмбранд Маркквварттын жыйынынын мүчөсүнө бурулуп: «Койчумаңыз жакшы койчуманбы?» – деп сурайт. Ал: «Ооба», – деп жооп берет.

Вурмбранд: «Эмне үчүн ал жакшы койчуман?» – деп сурайт. Ал адам: «Ал жакшы насааттарды айтат», – деп жооп берет.

Андан кийин Вурмбранд: «Ал шакирттерди жасайбы?» – деп сурайт. Маркквварт койчуман Вурмбранд мырзанын суроосу анын кызматынын багытын толугу менен өзгөрткөнүн айтат.

> «Кудайдын бардык машайакчылар үчүн максаты — Ыйса Машайактын шакирттерин – Ыйса Машайакты сүйгөн, Анын жолун жолдогон жана Аны Теңирим деп атаган адамдарды жасоо.  Биз ушуга – Ыйса Машайактын шакирттерин жасоого чакырылганбыз. Жыйындын мүчөлөрүн көбөйтүүгө аракет кылбаңыз. Имараттарды салбаңыз. Биз Ыйса Машайактын шакирттерин жасашыбыз керек. Кептин баары мына ушунда».

***Тагыраак карайбыз:***

***Ыйсанын миссиясы***

Ыйсанын кызматынын акыркы жумасындагы окуялар Анын бардык улуттардан, расалардан жана элдерден турган Падышалыкты куруу боюнча миссиясын көрсөтөт. Ыйсанын кызматынын акыркы жумасындагы сахналар Анын бардык элдер үчүн миссиясын көрсөтөт.

*Ыйса шаарга кодик минип кирген. Матай жана Жакан Захариянын пайгамбарлыгын келтирген: «...Сион кызы, салтанат кур, Иерусалим кызы, сага өзүңдүн адилеттүү, куткара турган, момун Падышаң келет. Ал ургаачы эшекке, кодикке, минип келет». Захария ошол падышанын башкаруусун сүрөттөгөн. «Ал элдерге тынчтыкты кабарлайт, Ал деңизден деңизге чейин, дарыядан жер кыйырына чейин үстөмдүк кылат».[343]

*Ийбадаткананын короосун тазалагандан кийин, Ыйса Ышаянын сөздөрүн келтирген: «Ыйык Жазууда: "Менин үйүм бүт элдердин сыйынуу үйү деп аталат", – деп жазылган эмес беле?»[344] Жүйүт жетекчилери сыйынууга арналган бутпарастардын короосун акча алмаштыруучулар үчүн жана көгүчкөндөрү саткандар үчүн базарга айланткан.

*Шакирттер Мариямды кымбат жыпар жыттуу майды ысырап кылганы үчүн жемелегенде Ыйса аларга: «Силерге чындыкты айтып коёюн, бул Жакшы Кабар дүйнөнүн кайсы гана жеринде таратылбасын, бул аял эске алынып, анын кылганы жөнүндө да айтылат»,[345]– деп жооп берген.

*Зайтун тоосундагы насаатта Ыйса: «Асман Падышачылыгы жөнүндөгү бул Жакшы Кабар бүт ааламга, бардык элдерге күбөлөндүрүү катары" таратыла турган күндү алдын ала айткан.[346] Падышалык тандалган элге гана арналган деген ойдо болгон жүйүт шакирттерине Машайак Жакшы Кабар бүт дүйнө жүзүнө тараарын айткан.

Байыркы Келишимдеги пайгамбарлар Машайак бардык элдер үчүн келерин көрсөткөн. Ыйса коомдук кызматынын акыркы жумасында шакирттерин Кудайдын Падышалыгына бардык элдерден адамдар кирет деп окуткан; пайгамбарлардын убадасы жыйын аркылуу ишке ашышы керек болчу.

## Ыйсанын мурасы: Элчилердин иштериндеги жыйын

Машайактын жашоосу жөнүндө көп китептер Анын көтөрүлүүсү менен аяктайт, бирок ал Машайактын жердеги кызматынын кульминациясы эмес болчу; ал айкаш жыгач, ал түгүл бош калган көр менен да бүткөн эмес; Анын кызматы Элүүнчү күнгө алып

343 Мат. 21:5; Зах. 9:9-10.
344 Марк 11:17, Ыш. 56:7ни келтирет.
345 Марк 14:9.
346 Мат. 24:14.

барган. Ыйса алар менен дайыма болуу үчүн башка Соороотуучуну жиберүүгө убада кылган.[347] Бул убада Элчилердин иштеринде сүрөттөлгөн окуяларда аткарылган: Ыйсанын мурасы ишке ашканын эки сахна көрсөтөт.

- Элүүнчү күндөгү жыйын.

► Элчилердин иштери 1:4-11 жана 2:1-41ди окугула.

Көтөрүлүп кетүүдөн бир аз мурун шакирттер Машайактан: «Теңир, Сен Ысрайыл элинин падышачылыгын ушул убакытта калыбына келтиресиңби?» – деп сураган. Алар Ыйса жердеги саясий падышалыкты орноторун күтүшкөн; алардын оюнда тирилүү бул мүмкүнчүлүктү бекемдеген. Алар Ыйса болгону римдиктерди кулатуу үчүн күч колдонгону жетиштүү болмок деген ойдо болушкан, бирок Теңир мындай деп жооп берген:

> «Атанын Өз бийлиги менен белгилеген убакыттарын, мөөнөттөрүн билүүнүн силерге кереги жок. Бирок үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин, күч аласыңар да, Иерусалимде, бүт Жүйүт аймагында, Самарияда, атүгүл, бүт дүйнө жүзүндө Менин күбөлөрүм болосуңар».

Ыйса: «…убакыттарын, мөөнөттөрүн билүүнүн силерге кереги жок…» дегенде, шакирттер жана алардан кийинки жолдоочулар Ыйса аларга тапшырган миссияны – бүт дүйнө жүзүндө Анын күбөлөрү болуу миссиясын – аткарышы керектигин айткысы келген. Бирок жолго чыгуудан мурун, күтө туруу керек болгон. Лукада Ыйса: «Силер болсо жогорудан келе турган күчтү алганыңарча, Иерусалим шаарында калгыла»,[348]– деген.

Пасахтан элүү күн өткөндөн кийин 120 шакирт үстүңкү бөлмөдө чогулганда, Ыйык Рух тууралуу убада аткарылган. Алар еврей майрамы Элүүнчү күндө чогулган  башка элдердин тилинде сүйлөй башташкан: бул Машайактын Өзүнүн жыйынын бардык элдерден түзүү планынын аткарылуусунун символу болгон.

Элчилердин иштери 2-бөлүмдөгү элдердин тизмеси Башталыш 10-бөлүмдү эске салат. Башталыш 11-бөлүмдө Кудай Бабылондо тилдерди аралаштыруу менен адамдын универсалдуу падышалык куруу аракетин айыптаган; Элчилердин иштери 2-бөлүмдө Кудай тилдер менен болгон башаламандыкты артка кайрып Өзүнүн Падышалыгын кура баштаган.

Элүүнчү күн Ыйса убада кылган чоң иштердин башталышы болгон.[349] Ошол күнү Ыйык Рухтун иши аркылуу Машайактын жердеги кызматынын убагында кайрылган адамдардын санына салыштырмалуу алда канча көп адамдар Кудайга кайрылган. Ыйсанын мурасы ишке аша баштаган. Убадаланган Ыйык Рух мындан ары элчилердин

[347] Жакан 14:16.
[348] Лука 24:49.
[349] Жакан 14:12.

кызматында жигердүү болгон. Ушул убакыттан баштап, жыйын Кудайдын Падышалыгын түзүү боюнча Анын улуу максатын ишке ашыра баштайт. Петирдин насааты так көрсөткөндөй, Байыркы Келишимдин убадалары мындан ары жыйын аркылуу аткарылган.

Джон Стотт Элүүнчү күндүн төрт аспектисин түшүндүргөн.[350]

- Элүүнчү күн  Ыйсанын жердеги куткаруу ишинин акыркы иш-аракети болгон.
- Элүүнчү күн  элчилерди Улуу тапшырмага даярдаган.
- Элүүнчү күн Рухтун жаңы доорун баштаган. Байыркы Келишим доорунда Ыйык Рух Кудайдын кызматчыларына кызматтын өзгөчө мезгилдеринде күч берген; Элүүнчү күндөн кийин машайакчылар дайыма жана бардык жерде кызматта Анын күчүнө таянышкан. Биринчи машайакчылык ойгонуу Элүүнчү күнү башталган.

Элчилердин иштеринде баштан-аяк Элүүнчү күндүн жемиштери көрүнөт; ал күндөгү жышаандар «өзгөчө» болгон. Кубаныч, ишенүүчүлөрдүн баарлашуусу, табынуудагы эркиндик, күбөлөндүрүүдөгү кайраттуулук, жана кызматтагы күч Ыйык Рухтун күчүндөгү «кадимки» күбөлүктөр болуп калышы керек эле.

➡ Алгачкы жыйындагы күнүмдүк жашоо.

► Элчилердин иштери 2:42-47ни окугула.

Ыйсанын мурасы иштеп жатканын көрсөткөн экинчи сахна Элчилердин иштери 2-бөлүмдө сүрөттөлгөн: ал алгачкы жыйындын күнүмдүк жашоосун көрсөтөт.

Ыйык кызмат кылуучу катары сыйынуусунда Ыйса Өзүнүн жолдоочуларынын биримдиги үчүн сыйынган:  «Алар да биз сыяктуу бир болушу үчүн…»[351] Бул сыйынууга биринчи жоопторду биз Элчилердин иштери 2-бөлүмдө көрө алабыз: алардын баары «Күн сайын ийбадатканада чогуу болушчу, үйлөрдө нан сындырып, кубаныч менен, таза жүрөк менен тамактанышчу...»; «Теңир болсо Жыйынга куткарылгандарды күн сайын кошуп жатты».

Элчилердин иштеринде «чогуу болушчу» деген фраза алгачкы жыйындын биримдигинин символу болгон. Жүйүттөрдөн жана бутпарастардан турган жыйынды түзүүнүн кыйынчылыктарына, еврей жетекчилеринин куугунтуктарына жана элчилердин жеке келишпестиктерине карабай, жыйын биримдиктүү бойдон кала берген. Кандай гана болбосун, Ыйсанын «бир болушсун» деген сыйынуусуна жооп берилген.

---

[350] John W. Stott, *The Message of Acts* (Westmont, Illinois: InterVarsity Press, 1990), 60-61.
[351] Жакан  17:22.

� Сиздин жыйын Элчилердин иштери 2:42-47деги жыйындын  сүрөттөлүшүнө окшошпу? Сиз Рухтун күчүндө кызмат кыласызбы? Эгер андай болбосо, сиздин кызматыңызда Рухтун иштешине  эмнелер тоскоолдук кылып жатат? Бул баш ийбестик болуп жүрбөсүн?  Же сыйынуунун жоктугубу?  А балким ишенимдин жетишсиздиги? Биримдиктин жоктугу? Сиз кызматыңызда Рухтун жаңы төгүлүүсүн кантип көрө аласыз?

## Колдонуу: мурас калтыруу

Бул бөлүктү даярдоодо мен картайып калгандыктан кызмат кылбай калган жетекчилер менен маектештим.[352] Мен алардан алардын мурасы, жетекчиликтен кетүүгө даярдыгы жана кызматын өткөрүп берүү сабактары тууралуу сурадым. Бул бөлүк алардын жоопторуна негизделген.

- Келечекке планын мураска калтырган жетекчилер.

Сиз куруучудан: «Эмне куруп жатасыз?» – деп сурасаңыз, – ал: «Азырынча билбейм. Кийин көрөбүз да», – деп жооп берсе, абдан тан калсаңыз керек.

Куруучу курулушту баштаардан мурун эмнени кураарын так пландайт. Мурас тууралуу тынчсызданган жетекчилер өзүнөн кийин эмнени калтыргысы келгенин билишет.

Өзүнүн кызматын жигердүү абалда калтыра турган жетекчилер, кандай мурасты калтырып кеткиси келгенин билишет. Алар өз кызматын божомолдоп кылышпайт, алар: «Кудай мени кызматымды кылган жерде ушуга чакырып алган», – деп бекем ишенишет.

Ыйсанын мурасы жыйынды жетектөөгө даяр шакирттер болгон. Кызматын баштаганда эле Ал бул адамдарды Өзүнүн мурасы катары даярдоо үчүн жетиштүү убакыт жана күч жумшаган.

> *Сиз мурасыңызды жашооңуздун акырында эмес, күн сайын курасыз.*
>
> -Алан Вайс

Эгер мурас калтыргыңыз келсе, эмнеге жете турганыңызды пландашыңыз керек. Тилекке каршы көптөгөн адамдар максатына көңүл топтобой жашашат.  Алардан  30, 50, ал түгүл 70 жашында: «Жашооңузда эмне куруп жатасыз?» — деп сурасаңыз, – алар: «Билбейм. Эмне болорун көрөбүз да», – деп жооп беришет.

---

[352] Бул бөлүк үчүн кийинки жетекчилердин маектери колдонулган:
Dr. Michael Avery, God’s Bible School and College, Cincinnati, OH мурунку президенти.
Rev. Paul Pierpoint, Hobe Sound Bible Church мурунку президенти жана FEA Missions, Hobe Sound, FL. президенти.
Rev. Leonard Sankey, эс алуудагы койчуман, көптөгөн миссионерлик уюмдардын жетекчиси.
Dr. Sidney Grant, FEA Missions, Hobe Sound, FL мурунку президенти.

- Мурасты өткөрүп берүүнү көздөгөн жетекчилер, өтмөк мезгилге кылдаттык менен даярданышат.

Ири курулушту бүтүрүүгө аз калган куруучу менен жолукканыңызды элестетиңиз. Дубалдар тургузулган; чатыр жабылган; имаратка жакында жашоочулар кириши керек. Сиз: «Курулушту бүтүрүү үчүн кандай акыркы кадамдарды кылып жатасыз?» – деп сурайсыз.

Эгер ал: «Билбейм! Мен ал жөнүндө ойлонууга убакыт короткон жокмун», – десе нес болуп калмаксыз. Мындай болушу мүмкүн эмес! Куруучу өзүнөн кийин кала турган имаратты куруп жатат; ал ар бир кадамды кылдаттык менен  пландайт. Ал: «Баланча күнү курулушту бүтүрөбүз, анан баланча күнү кожоюндар кире баштаса болот», – деп айтса керек. Бардыгы алдын ала пландалат.

Мурас калтырган жетекчилер кылдаттык менен өтмөк мезгилге даярданышат. Алар мүмкүн болушунча кете турган күнүн алдын ала пландашат; мындай кылуу уюмга орун басарды даярдоого жана ага жаңы милдеттерин аткарууга даярданууга жардам берет. Кээ бир учурларда жаңы жетекчи чечимдерди кабыл алып баштаган, ал эми мурунку жетекчи кеңеш берип туура жол көрсөтүп турган, кете турган жана келе турган жетекчилердин «катмары» пайда болот.

Мурас калтырган жетекчилер өздөрү көз салып турган кызматты даярдап, ага өтмөк мезгилде багыт көрсөтөт. Таасирдүү кетип жаткан жетекчилер Кудай алардын келечегине кам көрөрүнө толук ишенет.  Алар кийинки жетекчи келген мезгилде адамдар ишин жакшы аткара алышы үчүн  аларды даярдашат; өтмөк мезгилде уюмдагы адамдар өздөрүн коопсуз сезгенин ырасташат. Жетекчилердин бири: «Менин максатым, кеткенимди кызматчыларым да байкабай калгыдай кылып өткөл мезгилди байкатпай өткөрүү деген».

- Мурас калтырган жетекчилер качан кетүү керектигин билет.

Жетекчилер жоопкерчиликти орун басарына өткөрүп берип «өкүнбөстөн» кетүүгө даяр болушу керек.  Мурунку жетекчилер кеңеш алууга жеткиликтүү болушу зарыл, бирок алар орун басары каалаганда гана кеңеш бериши керек.

Бул курста биз Ыйса шакирттерин жыйынды жетектөөгө кантип даярдаганын көрдүк. Башында Ал шакирттерди дыкаттык менен үйрөткөн: кийинчерээк кызматка жиберген, андан кийин байланышты камсыз кылуу үчүн кайрылып келүүнү буйруган. Жашыруун кечки тамактын убагында Ал шакирттерине кызмат кылуу үчүн акыркы көрсөтмөлөрдү берген. Көтөрүлүп кетүүсүнө аз калганда Теңир аларга алардын улуу тапшырмасы жөнүндө эстеткен: Машайак өткөөл мезгилге кылдаттык менен даярданган.

Тилекке каршы көптөгөн жетекчилер өткөөл мезгилге аз көңүл бурушат. Алар: «Мени бирөө келип алмаштырганга чейин иштеп турам. Андан ары эмне болору менин маселем эмес», – деп ойлонушат. Албетте, күтүлбөгөн оору, өлүм же кызматтагы

олуттуу өзгөрүүлөр өткөөл мезгилге тийиштүү даярдык көрүүгө мүмкүнчүлүк бербеши мүмкүн, биз бул этапты жакшылап пландаштырышыбыз керек: мурасты сактап калууда бул эң маанилүү кадамдардын бири.

## 9-Сабактын тапшырмасы

Үч суроого жооп берүү менен 3-5 бет эссе жазыңыз:

1) Сиздин машайакчылык жашоого жана кызматка таасирин тийгизген мурас калтырган кызматтын жетекчиси же үй-бүлө мүчөсү жөнүндө ойлонуп көрүңүз. Бул тууралуу баяндап ой жүгүртүүлөрүңүздү жазыңыз.  Эки суроого жооп бериңиз.

1. Алар сиздин жашооңузга кандай таасирин тийгизген?
2. Алар ушундай маанилүү болгон кандай иш аракет кылышкан же сөздөрдү айтышкан?

2) Сиз көз жумгандан кийин кандай мурас калтыргыңыз келет? Жообуңузду тактап жазыңыз (көлөмү — 1-2 бет).

1. Сиз үй-бүлөңүзгө кандай мурас калтыргыңыз келет?
2. Сиз коомуңузга кандай мурас калтыргыңыз келет?
3. Сиз кызматыңызга кандай мурас калтыргыңыз келет?

3) Үч жобонун ар бири үчүн 2-жоопто сиз каалаган мурасты калтыруу үчүн азыртан кандай тажрыйбалык иштерди кылышыңыз керектигин көрсөтүңүз.  Жоопту 1-2 бетке жазыңыз.

Бул документти сактап коюп, аны кийинки алты айдын ичинде күндө карап туруңуз. Аны кийинки муун үчүн мурасыңызды түзүүнү пландап баштоо максатында колдонуңуз.

# Колдонулган адабияттардын тизмеси

Бул курста биз Ыйсанын жашоосу жана кызматы менен замандаштар үчүн үлгү катары таанышабыз. Бул Жакшы Кабарларды бардык тарабынан изилдөө эмес, анткени андан азыркы күндө кызмат кылуу үчүн сабак алуу максатында Машайактын кызматынын ар түрдүү тараптары каралат. Кийинки адабияттар бул курсту түзүүдө колдонулган негизги булактар, автор түз келтирилген цитаталардан сырткары сабактардын тексттеринде аларга кайрылбайт.

Эгер Куткаруучунун жашоосун көбүрөөк изилдегиңиз келсе; Даррелла Боканын «Жазуудагы Ыйса» (Дарелла Бока «Иисус по Писанию») жана Машайактын өмүрүн толук изилдеген Дж. Дуайт Пентекосттун «Ыйса Машайактын сөздөрү жана иштери» (Дж. Дуайт Пентекост «Слова и дела Иисуса Христа») деген китептерин сунуштайм.


Blomberg, Craig. *Jesus and the Gospels.* Nashville: Broadman & Holman, 1997.

Bock, Darrell L. *Jesus According to Scripture.* Grand Rapids: Baker Academic, 2002.

Coleman, Robert E. *The Mind of the Master*. Colorado Springs: Waterbrook Press, 1977.

Coleman, Robert E. *The Master Plan of Evangelism*. Grand Rapids: Baker Books, 1993.

Fernando, Ajith. Jesus Driven Ministry. Wheaton, Illinois: Crossway, 2002.

Pentecost, J. Dwight. The Words and Works of Jesus Christ. Grand Rapids: Zondervan, 1981.

Robertson, A. T. Harmony of the Gospels. New York: Harper & Row Publishers, 1922.

# Ыйсанын жашоосу жана кызматы

# Тапшырмаларды аткаруу баяндамасынын түзүлүшү

| | 1-тапшырма | 2-тапшырма |
|---|---|---|
| 1-сабак | ______ | ______ |
| 2-сабак | ______ | ______ |
| 3-сабак | ______ | ______ |
| 4-сабак | X | X |
| 5-сабак | ______ | ______ |
| 6-сабак | ______ | X |
| 7-сабак | ______ | X |
| 8-сабак | ______ | ______ |
| Акыркы тапшырма | ______ | |

**Шеппердс Глобал Мектебитин сабактардын тизмеси**

Доктриналык негиздер курстары

***Машайакчылык ишенимдер***

Бул сабак бара-бара теологияны жана машайакчылык окуутулар менен тааныштырат. Анын ичинде Ыйык Китеп, Кудай, адам, күнөө, Машайак, куткарылуу,Ыйык Рух, жыйын жана акыр заман жөнүндө темаларды тапсаңар болот.

***Римдиктерге жазылган кат***

Бул сабак Римдиктер китебинде айтылгандай, куткарылуу жана Жакшы Кабар таратуу теологиясын үйрөтөт жана жыйында карама-каршы келген бир нече маселелер жөнүндө талкуулоо жүргүзөт.

***Эсхатология***

Бул сабак Даниел, Аян жана пайгамбарчылык аяттардын үзүндүсүн изилдейт жана Машаяктын кайтып келиши, акыркы сот жана Кудайдын түбөлүктүү Падышачылыгы сыяктуу маанилүү окуутуларды баса белгилейт.

***Ыйык жашоонун доктринасы жана практикасы***

Бул сабак ыйык жашоо жөнүндө сүрөттөлгөн, ошондой жашоого болгон мамилени Кудай жолдоочуларынан күткөндүгүн жана ал үчүн кандай күч менен камсыздаганы жөнүндө айтылат.

***Жыйындын негиздери***

Бул сабак Кудайдын жыйынга арнаган долбоордун жана жыйынга болгон планы жөнүндө түшүндүрөт. Мүчөлүк, чөмүлдүрүү, ондук, нан сындыруу, руханий жетектөө сыяктуу Ыйык Китептеги, маанилүү болгон маселелер каралат.

Ыйык Китепти изилдөө сабактары

***Байыркы Келишим дүйнөсү***

Бул сабак Байыркы Келишимдеги 39 китептин негизги мазмунун жана ошол убакта болгон окутуулар жөнүндө изилдейт.

***Жаңы Келишим дүйнөсү***

Бул сабак Жаңы Келишимдеги 27 китептин негизги окутууларын жана мазмунун карайт.

***Машаякчылык кеңеш берүүнүн принциптери***

Бул сабак биздин жашообузга жана Кудай менен болгон мамилебизге багыт берет. Ыйык Китеп аркылуу туура чечмелөө принциптерин жана ыкмаларын үйрөтөт.

Жакшы Кабар жана шакиртчилик сабактары

***Апологетикага киришүү***

Бул сабак илимий, тарыхый, философиялык негиздери менен, Машайакчылардын көз карашы менен тааныштырат. Ошондой эле ишенимдин логика менен чындыкка дал келишин көрсөтөт.

***Дүйнөлүк диндер жана культтар***

Бул сабак аркылуу Жакшы Кабарга ишенген адамдар,он сегиз диний топтун окутуулары жөнүндө түшүнүк алышат жана алар менен кылдат диалог жүргүзүүнү үйрөнүшөт.

***Ыйык Китептеги Жакшы Кабар жана Шакиртчилик***

Бул сабак Ыйык Китеп принциптери боюнча тандалып, Жакшы Кабар ыкмалары жана Жакшы Кабар айтуу формалары жөнүндө баяндалат. Ошондой эле жаңы кабыл алгандарга шакирт сабактарын үйрөтөт.

***Руханий калыптануу***

Бул сабак студенттер Ыйсанын көз карашына ээ болууга, Асмандагы Ата менен болгон мамилеге, Ыйсага окшоп момун болууга, Ыйсанын рухий жана жеке тарбияларын колдонууга, Ыйсага окшоп азап чегүүгө жана Ыйса түзгөн Машайакчылардын коомчулугуна (жыйынына) катышууга үйрөтөт.

***Машайакчылардын практикалык жашоосу***

Бул сабак Ыйык Китеп принциптерди карата акчаны кандай пайдалануу, айлана-чөйрөнө менен кандай мамиледе болууну, өкмөт менен болгон мамилелерди, адам укуктарын жана башка практикалык жашоодо болгон жагдайлар жөнүндө айтылат.

Машайакта лидер болуу сабактары

***Кызмат кылган лидерлик***

Бул сабак лидерлердин машайактык мүнөзүнүн маанилүүлүгүн айкын көрсөтүп турат, ошол эле учурда уюмдун жетекилерин баалуулуктарды ачуу процесси аркылуу жетектөөгө үйрөтөт, максатты түшүнүү жана коюу, көз-карашты бөлүшүү, стратегияны пландаштыруу, иш-аракеттерди көрүү жана жетишкендиктерди сезүү процесси аркылуу жетектөөгө үйрөтүү жөнүндө айтылат.

***Ыйсанын жашоосу жана кызматы***

Бул сабак XXI кылымда кызмат кылуу жана лидер болуу, Ыйсанын жашоосун үлгү катары кароо жөнүндө айтылат.

### ***Мамиле түзүү принциптери***

Бул сабак коммуникация теологиясын, эффективдүү сүйлөө ыкмаларын жана Ыйык Китеп боюнча насааттарды даярдоо жана сунуштоо ыкмаларына үйрөтөт.

### ***Машаякчылар сыйынуусуна киришүү***

Бул сабак Кудайга баш-йиүү адамдын жашоосунун бардык аспектилерине кандайча таасир этерин түшүндүрөт жана бир негизги принциптерди сунуш кылат. Ал негиздер менен жеке же жыйын менен болгон сыйынууну багытаса болот.

Жыйын тарыхы сабактары

### ***Жыйындын тарыхын карап чыгуу 1***

Бул сабак жыйын өз миссиясын кандайча аткаргандыгы жана алгачкы окуудан Реформацияга чейинки мезгилде маанилүү доктринаны коргогондугу жөнүндө баяндалат.

### ***Жыйындын тарыхын карап чыгуу 2***

Бул сабак жыйын кандайча чоңоюп, Реформациядан баштап азыркы учурга чейинки мезгилде кандай кыйынчылыктарга туш болгонун сүрөттөйт.